ТАКИЙЮДДИН НАБАХОНИЙ

# ИСЛАМИЙ ШАХСИЯ

## Экинчи китеп
## Биринчи бөлүм

ХИЗБУТ-ТАХРИР
БАСЫЛМАЛАРЫНАН

1432х – 2011м

Такийюддин Набахоний. Исламий шахсия
Экинчи китеп, биринчи бөлүм, кыргыз тилиндеги биринчи басылышы
1432х - 2011м

# Мазмуну

## Биринчи бөлүм

**Фикхти үйрөнүү** ........ 6
**Фикхтен үлгүлөр** ........ 9
**Халифалык** ........ 11
Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилүүчү мөөнөт ........ 21
Халифаны тикелөө ........ 23
Байъат ........ 29
Халифа болуу шарттары ........ 33
Халифалыкка талапкер болуу ........ 39
Халифанын бирөө болушу ........ 40
Өз ордуна халифа калтыруу же валиахддык ........ 43
Халифаны тикелөө тарыйкаты ........ 45
Шарият халифалыкка белгилүү бир адамды дайындабаган . 60
**Жалпы жоопкерчиликтер** ........ 122
**Исламий мамлекет илахий мамлекет эмес, башарий мамлекет** ........ 134
Халифаны бошотуу ........ 162
**Амирлик** ........ 165
**Итаат** ........ 172
**Халифанын өкүмдөр жана услубдарды табанний кылышы т.а. мыйзамдар чыгаруу** ........ 177
**Жихад** ........ 193
Халифа жана жихад ........ 202
Халифанын кошуун командачылыгын өз колуна алышынын мааниси ........ 205
Шейит ........ 217
Рибат ........ 230
Исламий кошуун ........ 233
Согушта кафирлерден жардам суроо ........ 235
Исламий кошуунду куралдандыруу ........ 243
Ливалар жана роялар ........ 244
Туткундар ........ 247

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

بِسْــــمِ اللهِ الرَّحْمٰــــنِ الرَّحِيــــم

# Фикхти үйрөнүү

Турмушунда зарыл боло турган шаръий өкүмдөрдү билүү ар бир мусулманга фарзи айн болот. Себеби, ал өз иштерин шарият өкүмдөрүнө ылайык аткарууга буйрулган. Себеби, Шариънин адамдарга жана момундарга кылган таклиф хитабы (сунуш кайрылуусу) жазм хитаб болуп, бул жаатта эч кимдин өз ыктыяры боюнча иш кылууга акысы жок. Алла Тааланын төмөнкү сөзү буга далил болот:

﴿وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥٓ أَمْرًا أَن يَكُونَ لَهُمُ ٱلْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ﴾

«***Алла жана Анын пайгамбары бир ишти буйруган убакта бирер момун жана мумина үчүн*** *(Алланын өкүмүн коюп)* ***өз иштеринен ыктыяр кылууга уруксат эмес***» [33:36]

Хитаб ыйман тууралуу болобу же инсандын амалдары тууралуу болобу, мунун айырмасы жок. Себеби, Алла Тааланын:

﴿ءَامِنُوا۟ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ﴾

«***Аллага жана Анын Расулуна ыйман келтиргиле***» [4:136] деген аяты менен

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلْبَيْعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰا۟﴾

«***Алла сооданы адал, сүткордукту арам кылды***» [2:275] - деген аяттарынын экөө тең сунуш хитабы болуп эсептелет. Ал өзүндөгү мавзу жагынан эмес, хитаб экендиги жагынан жазм хитаб болуп саналат. Ар бир амал тууралуу эсеп берилиши буга далил болот. Алла Таала айтат:

﴿فَمَن يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ خَيْرًا يَرَهُۥ ۝ وَمَن يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ شَرًّا يَرَهُۥ﴾

«***Демек, ким*** *(дүйнө-тирүүлүгү убагында)* ***кыпынчалык жакшылык кылса*** *(кыямат күнүндө)* ***ошону көрөт. Ким кыпынчалык жамандык кылса аны да көрөт!***» [99:7-8]

﴿يَوۡمَ تَجِدُ كُلُّ نَفۡسٖ مَّا عَمِلَتۡ مِنۡ خَيۡرٖ مُّحۡضَرٗا وَمَا عَمِلَتۡ مِن سُوٓءٖ تَوَدُّ لَوۡ أَنَّ بَيۡنَهَا وَبَيۡنَهُۥٓ أَمَدَۢا بَعِيدٗاۗ وَيُحَذِّرُكُمُ ٱللَّهُ نَفۡسَهُۥ﴾

«***Ар бир жан өзү кылган жакшы иштерин даяр абалда көрө турган, жаман иштеринин болсо алыс-алыстарда калып кетишин эңсей турган күндү*** *(эстегиле)**!** **Алла силерди Өзүнүн*** *(азабынан)* ***эскертет*** » [3:30]

﴿وَتُوَفَّىٰ كُلُّ نَفۡسٖ مَّا عَمِلَتۡ﴾

«***Ар бир жан кылган амалынын*** *(сыйлыгын)* ***толук алат***» [16:111]

Демек, сунуш жазм көрүнүштө келди. Мукаллаф мусулман ар кандай ишти кылып жатканда шарият өкүмдөрүнүн алкагынан чыкпастыкка жазм-катъий буюрулду. Таклиф темасына т.а. Алла аткарууну же таштоону талап кылып, же ыктыяр берип сунуш кылган нерсеге келсек, ал фарз, мандуб, мубах, харам же макрух болушу мүмкүн. Ал эми сунуштун өзү жазм бойдон кала берет, ал жаатта ыктыяр болбойт. Ага тиешелүү бир гана абал т.а. анын алкагынан чыкпоо важиб болуп калат. Ушуга ылайык, дүйнө турмушунда зарыл боло турган шаръий өкүмдөрдү билүү ар бир мусулманга фарз болду. Мындан ашыкча өкүмдөрдү билиши болсо фарзи айн эмес, фарзи кифая болот. Аны айрымдар аткарса, ал калгандардан сакыт болот. Муну Анас ибн Маликтен кылынган төмөнкү риваят кубаттайт, Расулулла с.а.в:

«طَلَبُ الْعِلْمِ فَرِيضَةٌ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ»

**«Илим издөө ар бир мусулманга фарз»,** - деген**.** Бул жерде, мейли, мусулманга турмушунда зарыл боло турган ар бир илим назарда тутулуп жаткан болсо да, буга мусулманга турмушунда зарыл боло турган ибадаттар, мамилелер жана башкалардын өкүмдөрү жагынан болгон фикх да киришин баса белгилеп кетишибиз керек. Ошондуктан да фикхти үйрөнүү мусулмандар үчүн зарыл иштердин бири болушу менен бир катарда, Алла фарз кылган өкүмдөрдүн да бири болуп эсептелет. Бул өкүм фарзи айн болобу же фарзи кифаябы, мунун айырмасы жок. Расулулла с.а.в фикхти үйрөнүүгө чакырды. Фикхти үйрөнүүгө үндөгөн бир катар хадистер келди.

Мисалы, Бухарий Муавия ибн Абу Суфяндан риваят кылат, Расулулла с.а.в:

«مَنْ يُرِدِ اللَّهُ بِهِ خَيْرًا يُفَقِّهْهُ فِي الدِّينِ»

**«Алла кимге жакшылыкты ыраа көрсө, аны динде факих кылып коёт»**, - деген. Саид ибн Мусайяб Абу Хурайрадан риваят кылышынча, Расулулла с.а.в:

«مَنْ يُرِدِ اللَّهُ بِهِ خَيْرًا يُفَقِّهْهُ فِي الدِّينِ»

**«Алла кимге жакшылыкты ыраа көрсө, аны динде факих кылып коёт»**, - деген. Ибн Маажа риваяты. Бул хадистерде фикхтин фазилаты жана аны үйрөнүүгө болгон чакырык ачык-айкын көрүнүп турат. Умар ибн Хаттаб р.адан риваят кылынышынча, ал: «Түнү коим (ибадат кылып уйкусуз өткөрүүчү), күндүзү соим (орозо тутуучу) миң абиддин өлүмү – Алла адал жана арам кылган нерселерди билүүчү бир аклдын өлүмүнөн жеңилирээк», - деген. Ибн Ханбал риваяты.

# Фикхтен үлгүлөр

Сахабалар – Алла алардан ыраазы болсун – араб болгон. Араб тили алардын эне тили болгон. Алар араб тилин назик, ар тараптуу түшүнө ала турган аалымдар эле. Куран түшүрүлүп жатканда алар Расулулла с.а.в менен бирге болушкан, ал кишиден ажырабай жүрүшкөн. Пайгамбарыбыз с.а.в окуя-адиселер жаатындагы Алланын өкүмүн алардын көз алдында баян кылат эле. Алар шариятты кеңири билүүчү уламалар болушкан. Ошондуктан, качан бир адисеге дуушар болушуп, ал жөнүндөгү Алланын өкүмүн баян кылуу керек болсо, насстан, же болбосо насс маъкулунан[1] өздөрү истинбат кылышкан райларын баян кылуу менен ал окуя туурасындагы шаръий өкүмдү баян кылышат эле. Сахабалар көбүнчө далилди баян кылбастан, өкүмдү берүүгө гана чектелишкен. Ошондуктан, сахабалардын өкүмдөрү алардын райлары көрүнүшүндө накл кылынган. Бул болсо, кээ бир адамдарды «сахабалар казийя жаатында өз райларын билдиришкен» деген түшүнүккө алып барды. Түпкүлүгүндө болсо, сахабалар шаръий нусустан өздөрү түшүнгөндөрү боюнча истинбат кылышкан шаръий өкүмдү сунуш кылышкан. Бирок, анын далилин кошо келтиришпеген, же өкүмдүн иллетин же болбосо иллеттин далилин баян кылышпаган. Бул нерсе «бул сахабанын райы, ошондуктан, ырас, адам акылы Ислам менен сугарылган соң жана ал араб тилин билген соң, бирер казийя туурасында өз райын сунуш кылышы жайиз» деген түшүнүккө алып келди.

Кийинки кылымдарда араб тилинде бузулуу жүз берип, араб тили системалуу тил коидалары менен үйрөнүлө турган болуп калды. Ровийлерге жалган жылжып киргендиги жана Расулулла с.а.вдын атынан ал киши айтпаган хадистер риваят кылынганы себептүү, хадис усул менен үйрөнүлө турган илимге айланды. Ошол себептен улам, өкүмдөрдү истинбат кылуу үчүн араб тилин жана шаръий нусусту билүүгө муктаждык сезиле турган болуп калды. Ошондон кийин шаръий өкүм далил менен, кээде болсо далил келтирүүнүн негизи менен бирге келтириле турган болду. Натыйжада, фикх талкуусу жаңыча калыптана баштады жана баптарга бөлүүдө өзгөчө тартип пайда болду. Фикхти

[1] Насс маъкулу – шаръий иллет т.а. шаръий өкүмдүн себеби.

баптарга бөлүүдө жана тартиптештирүүдө түрдүү услубдар колдонулган болсо да, өкүмдү баян кылуу менен бирге шаръий өкүмдүн далилин баян кылуу о.э. өкүм ихтилафтуу болуп калган кезде далил келтирүү негизин да баян кылуу зарылдыгы пайда болду. Исламий китепканалар түрдүү услубдарда баптарга бөлүнгөн жана баян кылынган жүз миңдеген фикхий кол жазмаларга толуп кетти, өсүп-өнүктү. Бирок, кафирлер миладий XVIII кылымдын ортолорунан кийин мусулмандар өлкөлөрүн басып алышкан соң, мусулмандарды исламий илимдер жаатында алдап, адаштырууга киришишти. Мусулмандарга фикхти – кудум бир жалганчы балды «бул аарынын чыгындысы» деп адамдарга жаман көрсөткөнү сыяктуу – жаман көрсөтө башташты. Кафирлер исламий фикхти «кара тизмеге» киргизишти. Максаты, андан мусулмандарды жүз үйрүтүү эле. Себеби, мусулмандар фикхтен жүз үйрүшсө, Ислам өкүмдөрүн билүүдөн жүз үйрүгөн болушат эле, натыйжада, Алланын динин билбей турган наадандарга айланышып, динсиздик тузагына түшүшөт эле. Ошондой да болду. Ошондуктан, мусулмандарды фикхти жан үрөп үйрөнүүгө үгүттөө, аны үйрөнүүгө кызыгуу ойготуу үчүн исламий фикхтен мисалдарды сунуштоо зарыл болуп калды. Жалпы мамилелерге тиешелүү – алар бүгүнкү күндө саясий өкүмдөр же дастурий фикх деп аталууда – шаръий өкүмдөрдөн мисалдарды келтирүү адамдар үчүн өтө пайдалуу болуп калды. Жеке адамдардын бири-бири менен болгон мамилелерине тиешелүү – бул мамилелер жарандык мыйзам деп аталууда – шаръий өкүмдөрдөн мисалдарды келтирүү, жаза-чараларга тиешелүү шаръий өкүмдөрдөн мисалдарды келтирүү, баййинатка тиешелүү шаръий өкүмдөрдөн мисалдарды келтирүү да пайдалуу болот. Мына ошондо фикх жөнүндө бүтүндөй ачык-айкын элестетүү пайда болот. Ошондо бул элестетүү исламий фикхти этибарлуу эсептелген (муътабар) фикх китептери боюнча окуп-үйрөнүүгө кызыгуу ойготсо ажеп эмес.

# Халифалык

Халифалык – бул исламий шарият өкүмдөрүн тикелөөчү жана исламий даъватты дүйнө жүзүнө жаюучу дүйнө жүзүндөгү бардык мусулмандардын жалпы жетекчилиги. Имамат да халифалыктын дал өзү. Себеби, имамат жана халифат бирдей мааниде. Бул эки сөздүн бир мааниде экендиги тууралуу бир нече сахих хадистер келген. Бул эки сөздүн биринин мааниси экинчисинин маанисине тескери экендиги тууралуу эч бир насста т.а. Китепте да, Сүннөттө да келбеген, өзү Китеп жана Сүннөт гана шаръий нусус болуп эсептелет. Бул сөзгө т.а. имамат же халифат деген сөзгө эмес, тескерисинче, анын мадлулуна[1] амал кылуу важиб.

Бир халифаны тикелөө дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндөгү бардык мусулмандарга фарз. Бул фарзды аткаруу – Алла мусулмандарга фарз кылган ар кандай фарзды аткаруу сыяктуу – катъий буйрук болуп, бул жаатта ыктыяр жок. Аны аткаруу жаатында кайдыгерлик кылуу эң чоң күнөөлөрдүн бири болуп, бул үчүн Алла катуу азаптайт.

Бир халифаны тикелөө бардык мусулмандарга важиб экендигине Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасы далил болот.

Китепке келсек, Алла Таала Расулулла с.а.вды мусулмандардын арасында өзү түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүүгө жазм буйруду. Алла Таала Расулулла ﷺга хитаб кылып мындай дейт:

﴿فَٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُۖ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡحَقِّ﴾

«***Демек, адамдар ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл-кушу каалаган нерселерине ээрчибе!***» [5:48]

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл-кушу каалаган***

[1] мадлул – сөздүн далалат кыла турган мааниси.

***нерселерине ээрчибе жана Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюушунан этият бол!*»  [5:49]

Пайгамбарга кылынган хитаб болсо – эгерде аны пайгамбардын өзүнө гана хостоп коё турган бирер далил келбесе – үммөтүнө кылынган хитаб болот. Бул жерде болсо андай далил келген эмес. Демек, ал өкүмдү орнотуу жөнүндө мусулмандарга кылынган хитаб болот. Себеби, халифаны тикелөө – бул өкүм жана салтанатты орнотуу дегени. Алла Таала акимге итаат кылууну мусулмандарга фарз кылды. Бул болсо, мусулмандар үстүндө бир амир болушу важиб экендигине далалат кылат. Алла Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِي ٱلۡأَمۡرِ مِنكُمۡۖ﴾

«***Эй момундар, Аллага жана пайгамбарга моюн сунгула о.э. өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***амирлерге моюн сунгула!***»  [4:59]

Алла Таала жок адамга моюн сунууга буйрубайт. Демек, бул нерсе бир амирди вужудга келтирүү керектигине далалат кылат. Бул вужудга келтирүү мандуб же мубах эмес, важиб амал. Себеби, Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүү важиб. Алла Таала бир акимге моюн сунууга буйруп жаткандан кийин, демек, аны пайда кылууга буйруган болот. Себеби, аким бар болсо шаръий өкүм орнотулат, андай кылынбаса шаръий өкүм сая кетет. Демек, аны вужудга келтирүү важиб. Себеби, вужудга келтирилбесе, азыр айтып өткөнүбүздөй, арам иш т.а. шаръий өкүмдүн сая кетиши жүзөгө келет.

Сүннөткө келсек, Муслим Нафиъдин мындай дегенин риваят кылат, Ибн Умар мага мындай деди: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

**«مَنْ خَلَعَ يَداً مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ، وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»**

**«Кимде-ким итаат кылуудан баш тартса, кыямат күнү Аллага хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** Демек, Набий с.а.в ар бир мусулманга мойнунда байъат болушун фарз кылды, мойнунда байъатсыз абалда өлгөн адамды жахилият өлүмү менен өлүптүр деп сыпаттады. Байъат

болсо халифага гана берилет, башка эч кимге берилбейт. Расулулла с.а.в ар бир мусулманга мойнунда бир халифага берилген байъат болушун важиб кылган болсо да, бирок, ар бир мусулмандын халифа менен жеке өзү көрүшүп байъат беришин важиб кылбады. Себеби, важиб иш – бул ар бир мусулмандын мойнунда байъаттын болушу. Т.а. ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушуна акылуу боло турган бир халифанын вужудга келиши. Демек, халифанын вужудга келиши ар бир мусулмандын мойнунда байъатты пайда кылат. Мусулман жеке өзү көрүшүп байъат бердиби же андай эмеспи, мунун айырмасы жок. Ошондуктан, жогорудагы хадис ар бир адамдын өзү халифа менен кол алышып байъатташуусунун важибдигине эмес, халифаны тикелөө важиб экендигине далил болот. Себеби, Расулулла с.а.в каралаган нерсе, мусулмандын мойну тээ өлгөнгө чейин байъатсыз болуп калышы. Пайгамбарыбыз с.а.в адамдын жеке өзүнүн байъат бербешин каралабады. Муслим Аъраждан, ал Абу Хурайрадан Набий с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»

**«Имам – калкан. Анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат».** Муслим Абу Хозимдин мындай дегенин да риваят кылды: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум. Андан Набий с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ، قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ، وَأَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»

**«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөт эле. Бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келет эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетишет**, - деди. Ошондо: Бизди эмнеге буюрасыз? - деп сурашты эле: **Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле, себеби, Алла алардан раъиятты** (жарандарды) **кандай башкарагандыгы жөнүндө сурайт,** - деп жооп **берди».** Ибн Аббастан Расулулла с.а.вдын мындай дегени риваят кылынды:

«مَنْ كَرِهَ مِنْ أَمِيرِهِ شَيْئًا فَلْيَصْبِرْ عَلَيْهِ، فَإِنَّهُ لَيْسَ أَحَدٌ مِنَ النَّاسِ خَرَجَ مِنَ السُّلْطَانِ شِبْرًا فَمَاتَ عَلَيْهِ إِلاَّ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Ким амириндеги бирер нерсени жактырбаса, ага сабыр кылсын. Себеби, кимде-ким султандан бир карыш четке чыгып өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** Муслим риваяты. Бул хадистерде Расулулла с.а.в мусулмандарды башчылар башкарышынын кабарын берип жатат, халифаны болсо «калкан» т.а. коргоочу деп атап жатат. Расулулла с.а.вдын имамды «калкан» деп аташы имамдын бар болушунун пайдаларынан кабар берет. Демек, бул кабар талап болуп эсептелет. Себеби, Алла тараптан жана Расулулла тараптан берилген кабар мазаммат, каралоо мазмунунда болсо, ал таштоону талап кылуу т.а. нахий болот. Эгерде мактоо мазмунунда болсо аткарууну талап кылуу болот. Эгерде талап кылынган ишти аткаруу шаръий өкүмдүн тикеленишине алып келсе, же болбосо талап кылынган ишти таштоо шаръий өкүмдүн сая кетишине алып келсе, бул талап жазм талап болот. Дагы бул хадистерде мусулмандарга халифалардын гана саясат жүргүзүшү да айтылууда. Бул болсо, халифаны тикелөө талап кылынат дегени. Бул хадистерде мусулмандын султандан четке чыгышынын арамдыгы кабар берилүүдө. Бул болсо, мусулмандын султанды т.а. акимди тикелөөсү важиб иш экендигин түшүндүрөт. Кала берсе, Расулулла с.а.в халифаларга итаат кылууга жана халифалыкты талашып алар менен жаңжалдаша турган кимсени өлтүрүүгө буйруду. Бул болсо, бир халифаны тикелөөгө жана андан халифалыкты талаша турган ар кандай адамды өлтүрүп, анын халифалыгын сактап калууга буюруу болуп эсептелет. Муслимдин риваят кылышынча, Набий с.а.в:

«وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

**«Кимде-ким бир имам менен байъатташып ага колун жана жүрөгүн берсе, колунан келишинче ага итаат кылсын. Эгерде башка бирөө келип имамдыкты талашса, анын мойнуна ургула»**, - деген. Имамга итаат кылууга буюруу аны тикелөөгө буюруу болуп эсептелет. Аны менен чатакташа

турган адамды өлтүрүүгө буюруу болсо ар дайым бир гана халифа болушу катъий буюрулгандыгына карина болот.

Эми сахабалар ижмасына келсек, сахабалар – алардан Алла ыраазы болсун – Расулулла с.а.в көз жумгандан кийин ал кишинин халифасын тикелөөгө ижма кылышты. Абу Бакр, Умар, Усман көз жумгандан кийин алардын ордуна халифаны тикелөө важибдигине да ижма кылышты. Сахабалардын халифаны тикелөө важиб экендигине катъий ижма кылгандыктары Расулулла с.а.в көз жумгандан кийин Пайгамбарыбыз с.а.вды жайына узатууну кечиктирип, ал кишинин халифасын тикелөө менен алектенишинде даана көрүнүп турат. Акыйкатта болсо, көз жумгандан кийин майитти тезирээк дафн кылуу фарз болуп, майитти даярдоо жана жайына узатуу менен алектениши керек болгон адамдардын аны дафн кылмайынча башка нерсе менен алектениши арам болот. Расулулла с.а.вды даярдоо жана дафн кылуу менен алектениши керек болгон сахабалардын бир бөлүгү дафн менен алектенбестен, халифаны тикелөө менен алектеништи. Сахабалардын калган бөлүгү болсо буга сүкүт сакташты жана алар да дафн кылууну эки түнгө кечиктирүүгө шерик болушту. Акыйкатта болсо, буга каршы чыгышы жана дафн менен алек болушу мүмкүн эле, буга кудуреттери жетет болчу. Демек, бул майитти дафн кылууну токтото туруп, халифаны тикелөө менен алектенүүгө ижма болду. Бул болсо, халифаны тикелөө майитти дафн кылуудан да важибирээк экендигин билдирет. Сахабалардын бардыгы бир халифаны тикелөө важибдигине ижма кылгандыктарын да баса белгилеп кетүү жайиз. Сахабалар халифа болуп шайлана турган адам тууралуу талашып-тартышса да, бирок, бир халифаны тикелөө важибдиги жөнүндө эч качан ихтилаф кылышкан эмес. Расулулла с.а.в көз жумган кезде да, хулафаи рошидиндер көз жумган кезде да, бул жаатта ихтилаф кылышпаган. Демек, сахабалар ижмасы бир халифаны тикелөө важиб экендигине ачык жана күчтүү далил болот.

Динди тикелөө жана шарият өкүмдөрүн бардык турмуштук жана акыреттик иштерде аткаруу мусулмандарга субуту да, далалаты да катъий болгон далил менен фарз. Бул болсо, салтанат ээси болгон аким аркылуу гана ишке ашат. Демек, «важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб» деген

коидага ылайык, халифаны тикелөө мына ушул тараптан да фарз.

Бул далилдер мусулмандар үстүнөн өздөрүнөн болгон өкүм (хукм) жана салтанатты орнотуу фарз экендигин ачык көрсөтүп турат. Өкүм жана салтанатты башкара турган бир халифаны тикелөө мусулмандарга фарз экендигин ачык көрсөтүп турат. Өкүм жана салтанат болушу үчүн эле эмес, тескерисинче, шарият өкүмдөрүн ишке ашыруу үчүн халифаны тикелөө фарз. Муслим Ауф ибн Маликтен риваят кылат, Набий с.а.в:

**«خِيَارُ أَئِمَّتِكُمُ الَّذِينَ تُحِبُّونَهُمْ وَيُحِبُّونَكُمْ، وَيُصَلُّونَ عَلَيْكُمْ وَتُصَلُّونَ عَلَيْهِمْ، وَشِرَارُ أَئِمَّتِكُمُ الَّذِينَ تَبْغَضُونَهُمْ وَيَبْغَضُونَكُمْ، وَتَلْعَنُونَهُمْ وَيَلْعَنُونَكُمْ، قِيلَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَفَلاَ نُنَابِذُهُمْ بِالسَّيْفِ؟ قَالَ: لاَ، مَا أَقَامُوا فِيكُمُ الصَّلاَةَ، وَإِذَا رَأَيْتُمْ مِنْ وَلاَتِكُمْ شَيْئًا تَكْرَهُونَهُ، فَاكْرَهُوا عَمَلَهُ، وَلا تَنْزِعُوا يَدًا مِنْ طَاعَةٍ»**

**«Имамдарыңардын жакшылары – силер аларды жакшы көрө турган, алар да силерди жакшы көрө турган о.э. силер алардын акысына дуба кыла турган, алар да силердин акыңарга дуба кыла тургандары. Имамдарыңардын жамандары болсо – силер аларды жаман көрө турган, алар да силерди жаман көрө турган о.э. силер аларды наалаттай турган, алар да силерди наалаттай тургандары, - деди. Ошондо: Я Расулулла, аларга каршы кылыч көтөрүп чыкпайбызбы? - деп сурашты. Пайгамбарыбыз с.а.в: Жок, эгерде араңарда намазды коим кылып (өтөп) жатышса. Эгерде акимиңерде силер жактырбай турган бирер нерсени көрсөңөр, анын амалын жаман көргүлө жана итааттан баш тартпагыла, - деп жооп берди».** Бул хадисте жакшы имамдар жана жаман имамдар жөнүндө ачык кабар берилип жатат, эгерде динди коим кылар экен, аларга каршы чыгуу арам экендиги да ачык көрсөтүлүүдө. Себеби, намазды коим кылуу динди коим кылуудан жана аны менен өкүм жүргүзүүдөн киная. Демек, ислам өкүмдөрүн тикелөө жана ага болгон даъватты көтөрүп чыгуу үчүн бир халифаны тикелөөнүн мусулмандарга фарз экендиги ушундай бир иш болуп, бул иш шарияттын сахих насстарында катъий көрсөтүлгөндүгүнө эч бир күмөн жок. Мунун үстүнө, ал Алла мусулмандардын мойнуна жүктөгөн фарз талап кыла турган Ислам өкүмүн орнотуу жана мусулмандар кол тийгистигин коргоо жагынан да фарз. Бирок,

бул фарз фарзи кифая болуп, кимдир бирөөлөр аны аткарышса бул фарз жүзөгө чыгат да, калгандардан сакыт болот. Эгерде мусулмандардан кимдир бирөөлөр аны өтөй алышпаса – мейли аны тикелей турган иштерди аткарышкан болсо да – андай абалда бардык мусулмандардын мойнуна фарз болуп кала берет жана ырасында мусулмандар халифасыз болгон соң, эч бир мусулмандан бул фарз сакыт болбойт.

Мусулмандар халифасын тикелебей тек тура берүү эң чоң күнөөлөрдүн бири. Себеби, ал Исламдагы эң маанилүү фарздардын бирин өтөбөй тим тура берүү болуп эсептелет. Дин өкүмдөрүн тикелөө эле эмес, Исламдын турмуш майданында бар болушу да ушул фарздын аткарылышына байланыштуу. Ошондуктан, мусулмандар бир халифаны тикелебей тек тура беришсе, бардыгы өтө чоң күнөөгө батышат. Баары тек отура беришсе, жер жүзүнүн бардык өлкөлөрүндөгү ар бир мусулман күнөөкөр болот. Эгерде айрым бир мусулмандар халифаны тикелөөгө аракет кылышып, калгандары аракет кылбаса, мында күнөө ошол аракет кылып жаткандардан сакыт болот жана халифа тикеленмейинче фарз алардын мойнунда тура берет. Себеби, бул фарзды аткаруу менен алектенүү халифаны өз убагында тикелөөнү кечиктирүү күнөөсүн жана аны тикелебестик күнөөсүн сакыт кылат. Аны тикелөөгө киришкени жана күчү жетпей турган бирер нерсе аны тикелөөнүн кечигишине мажбур кылганы үчүн күнөө мойнунан сакыт болот. Ал эми бул фарзды аткарууга киришпеген адамдар халифа жок болгондон үч күн өткөндөн баштап качан гана халифа тикеленгенге чейин күнөөкөр болуп кала беришет. Себеби, Алла алардын мойнуна бир фарзды жүктөсө, алар аны аткарышпады жана аны аткарууга алып бара турган иштерди да кылышпады. Ошондуктан, күнөөгө о.э. дүйнө-акыретте Алланын азабына жана шерменделикке татыктуу болуп калышты. Халифаны тикелебей же тикелөөгө алып бара турган иштерди аткарбай тек тура бергендери үчүн күнөөгө татыктуу болуулары мусулмандын Алла фарз кылган кандайдыр фарзды таштап койгону үчүн азапка татыктуу болушунда ачык-айкын көрүнүп турат. Айрыкча, бул фарз башка фарздардын аткарылышына, дин өкүмдөрүнүн тикеленишине, Ислам ишиаалий болушуна жана Алланын сөзү

Ислам өлкөлөрүндө да, дүйнөнүн башка тараптарында да бийик болушуна алып бара турган фарз болсо.

Эми, адамдардан узлатка (үзүлүүгө) чегинүү жана диний абалдарга бекем жабышууга чектелүү туурасындагы хадистерге келсек, бул хадистер халифаны тикелебей тек тура берүү жайиз экендигине да, тек отура берүү күнөөсүн сакыт кылууга да далил боло албайт. Бул хадистерди көңүл коюп үйрөнгөн адам, алар халифаны тикелебей тим отура берүүгө уруксат берүү жөнүндө эмес, динди бекем кармоо жөнүндө экендигин көрөт. Мисалы, Бухарий Буср ибн Убайдулла Хазрамийден риваят кылышынча, ал Абу Идрис Хавланийден, ал болсо Хузайфа ибн Ямандан мындай дегенин уккан:

«كَانَ النَّاسُ يَسْأَلُونَ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَنِ الْخَيْرِ وَكُنْتُ أَسْأَلُهُ عَنِ الشَّرِّ مَخَافَةً أَنْ يُدْرِكَنِي، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنَّا كُنَّا فِي جَاهِلِيَّةٍ وَشَرٍّ فَجَاءَنَا اللَّهُ بِهَذَا الْخَيْرِ، فَهَلْ بَعْدَ هَذَا الْخَيْرِ مِنْ شَرٍّ؟ قَالَ: نَعَمْ، قُلْتُ: فَهَلْ بَعْدَ ذَلِكَ الشَّرِّ مِنْ خَيْرٍ؟ قَالَ: نَعَمْ، وَفِيهِ دَخَنٌ. قُلْتُ: وَمَا دَخَنُهُ؟ قَالَ :قَوْمٌ يَهْدُونَ بِغَيْرِ هَدْيِي تَعْرِفُ مِنْهُمْ وَتُنْكِرُ، قُلْتُ : هَلْ بَعْدَ ذَلِكَ الْخَيْرِ مِنْ شَرٍّ؟ قَالَ: نَعَمْ، دُعَاةٌ عَلَى أَبْوَابِ جَهَنَّمَ مَنْ أَجَابَهُمْ إِلَيْهَا قَذَفُوهُ فِيهَا. قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ صِفْهُمْ لَنَا. قَالَ: هُمْ مِنْ جِلْدَتِنَا وَيَتَكَلَّمُونَ بِأَلْسِنَتِنَا. قُلْتُ: فَمَا تَأْمُرُنِي إِنْ أَدْرَكَنِي ذَلِكَ؟ قَالَ: تَلْزَمُ جَمَاعَةَ الْمُسْلِمِينَ وَإِمَامَهُمْ، قُلْتُ: فَإِنْ لَمْ يَكُنْ لَهُمْ جَمَاعَةٌ وَلاَ إِمَامٌ؟ قَالَ: فَاعْتَزِلْ تِلْكَ الْفِرَقَ كُلَّهَا، وَلَوْ أَنْ تَعَضَّ بِأَصْلِ شَجَرَةٍ حَتَّى يُدْرِكَكَ الْمَوْتُ وَأَنْتَ عَلَى ذَلِكَ»

**«Адамдар Расулулла с.а.вдан жакшылык жөнүндө сурашат эле. Мен болсо жамандык жөнүндө сурайт элем. Мага бирер жамандык жетип калышынан коркот элем. Мен: Я Расулулла, биз жахилият жана жамандыкта элек. Алла бизге мына бул жакшылыкты алып келди. Ушул жакшылыктан кийин жамандык болобу? - деп сурадым. Пайгамбарыбыз «Ооба» деп жооп берди. Мен: Мына ошол жамандыктан кийин жакшылык болобу? - деп сурадым. Пайгамбарыбыз: Ооба болот, анда «дахан» болот, - деп жооп берди. Мен: Андагы «дахан» эмне өзү? - деп сурадым. Пайгамбарыбыз: Менин жолумдан башка жолду кармана турган адамдар, алардын маъруф иштерин да, мункар иштерин да көрөсүңөр, - деди. Мен: Мына ошол**

**жакшылыктан кийин жамандык болобу? - деп сурадым. Пайгамбарыбыз: Ооба, тозок эшиктерине чакыра турган кимселер болот, ким алардын чакырыгына жооп берсе, аны тозокко ыргытышат, - деди. Мен: Я Расулулла, аларды бизге сыпаттап бериңиз, - дедим. Пайгамбарыбыз: Алардын денеси да, тили да биздикиндей болот, - деди. Мен: Эгер мага ошол жамандык жетсе эмнеге буюрасыз? - дедим. Пайгамбарыбыз: Мусулмандар жамаатын жана имамын бекем кармап, алардан ажырабагын, - деди. Мен: Мусулмандардын жамааты да, имамы да болбосочу? – деп сурадым. Пайгамбарыбыз: Андайда мына ошол фиркалардын баарынан узлатка чегин (үзүл). Дарактын тамырына тиштериң менен жабышып болсо да ушундай кылгын. Сага өлүм жеткенге чейин мына ушундай абалда болгун, - деди».** Бул хадисте ачык көрүнүп тургандай, Расулулла с.а.в мусулманга мусулмандар жамаатын жана имамын бекем кармануусун, тозок эшиктерине чакыруучуларды таштап кетүүнү буюруп жатат. Ошол сураган адам Пайгамбарыбыздан мусулмандардын имамы да, жамааты да болбогон кезде тозок эшиктерине чакыруучуларга кандай мамиледе болуу керектиги жөнүндө сураганда, Расулулла с.а.в аны мусулмандардан үзүлүүгө же бир имамды тикелебей тек отура берүүгө эмес, балким, мына ошол фиркалардан үзүлүүгө буйруду. Пайгамбарыбыз: «**Андай болгон күндө мына ошол фиркалардын бардыгынан узлатка чегин», -** деп буйруду. Мейли, дарактын тамырына тиши менен жабышып болсо да мына ошол фиркалардан үзүлүүгө, тозок эшиктерине чакыруучу бул фиркалардан өлүм келген кезде да үзүлгөн абалда болууга буюруп, бул үзүлүүнү ушунчалык даражада күчөтүп сыпаттады. Мунун мааниси «диниңди бекем карма жана тозок эшиктерине чакыруучулардан алыс бол» дегени. Бул хадисте халифаны тикелөөгө аракет кылууну таштап коюуга тиешелүү эч кандай шылтоо да, эч кандай уруксат да жок. Тескерисинче, анда динди бекем кармоого жана тозок эшиктерине чакыруучулардан ыраак болууга буйрулууда. Ошондуктан, мусулман эгер халифаны тикелөөгө аракет кылбаса, күнөөкөр болуп кала берет. Демек, ал мусулмандар жамаатынан алыстоо, дин өкүмдөрүн орнотпой жана имамды тикелебей тим отура берүүгө эмес, тескерисинче, динин –

дарактын тамырына тиши менен жабышып болсо да – залалатка чакыруучулардан саламат сактоо үчүн мына ушул адашкан фиркалардан алыс болууга буйрулду.

Дагы Бухарий Абу Саид Худрий р.адан риваят кылышынча, Расулулла с.а.в:

«يُوشِكُ أَنْ يَكُونَ خَيْرُ مَالِ الْمُسْلِمِ غَنَمٌ يَتْبَعُ بِهَا شَعَفَ الْجِبَالِ وَمَوَاقِعَ الْقَطْرِ يَفِرُّ بِدِينِهِ مِنَ الْفِتَنِ»

**«Жакында мусулмандын эң жакшы малы кой болуп калат. Динин фитналардан алып качып, койлорун тоолордун башында жана жамгырлуу жерлерде багып жүрөт»,** - деген. Бул хадис – мусулмандар жамаатынан ажыралып алып, жер жүзү халифасыз калган кезде дин өкүмдөрүн орнотпостон жана бир халифаны тикелебестен тим тура берүү керек – деген маанини түшүндүрбөйт. Анда бар болгону фитна күндөрүндө мусулмандын эң жакшы малы жана фитналардан качуу үчүн аткара турган эң жакшы иши баян кылынууда. Анда мусулмандардан ыраак болууга жана адамдардан үзүлүп узлатта болууга үндөө жок.

Демек, жер жүзүндөгү бир да мусулманга Алла динди тикелөө үчүн мойнуна жүктөгөн фарзды өтөбөстөн тим тура бериши жаатында эч бир шылтоо жок. Бул фарз – жер жүзүндө Халифалык жок болуп калган кезде мусулмандар халифасын тикелөөгө аракет кылуу. Жер жүзүндө Алланын урматтарын сактоо үчүн Алланын хаддарын аткара турган, дин өкүмдөрүн тикелей турган жана мусулмандарды «Ла илаха иллалах Мухаммадур Расулуллах» байрагы астына бириктире турган киши жок болуп калган убакта, аны тикелөөгө аракет кылуу фарз болот. Ошондуктан, Исламда бул фарзды – качан гана ал аткарылганга чейин – өтөбөй тим тура берүүгө эч кандай уруксат жок.

## Халифаны тикелөө үчүн мусулмандарга берилүүчү мөөнөт

Халифаны тикелөө үчүн мусулмандарга үч күн жана үч түн мөөнөт берилет. Мусулмандын мойнунда байъат болбогон абалда үч түндү өткөрүшү адал болбойт. Үч түн белгиленгендигинин себеби, халифаны тикелөө мурдагы халифа өлгөн же бошотулган ирмемден баштап фарз. Бирок, аны тикелөө менен алек болуу себептүү анын үч күн жана үч түнгө кечигиши жайиз. Үч түндөн ашып кетсе да, бирок, халифаны тикелешпесе анда каралат. Эгер мусулмандар халифаны тикелөө менен алек болушуп, жеңип өтүү кыйын болгон жана бир тарап кылууга күчү жетпеген кандайдыр бир иштер себептүү аны үч түндүн ичинде тикелөөгө жетишпесе, андай абалда алардан күнөө сакыт болот. Фарзды аткаруу менен алектенгендиктери жана жогоруда айтылган иштер себептүү кечиктирүүгө мажбур болгондуктары үчүн күнөө алардан сакыт болот. Себеби, Пайгамбарыбыз с.а.в:

«رُفِعَ عَنْ أُمَّتِي الْخَطَأُ وَالنِّسْيَانُ وَمَا اُسْتُكْرِهُوا عَلَيْهِ»

**«Үммөтүмдөн ката, унутуу жана мажбур кылынган нерсе** (күнөөсү) **көтөрүлдү»**, - деген**.** Бул хадисти Табароний «ал-Кабир»де риваят кылган. Эгер бул фарз менен алектенишпесе, анда качан халифа тикеленмейинче бардыгы тең күнөөкөр болушат. Халифа тикеленсе гана бул фарз алардан сакыт болот. А бирок, халифаны тикелебей тим отура берип кылышкан күнөөлөрү алардан сакыт болбойт. Тескерисинче, бул күнөө алардын мойнунда кала берет. Алла бул күнөө үчүн – мусулманды фарзды өтөөнү таштап коюп кылган ар кандай күнөө үчүн кандай эсеп-китеп кылса, дал ошондой – эсеп-китеп кылат.

Халифалык мансабы бошоп калышы менен эле халифага байъат берүү менен алек болуу важиб экендигинин далилине келсек, сахабалар Расулулла с.а.в көз жумгандан кийин, мына ошол күндүн өзүндө, Расулулла с.а.в жайына узатыла элегинде эле ушул ишке киришишти. Ошол күндүн өзүндө Абу Бакрга инъикод байъаты берилди. Эртеси күнү Абу Бакрга итаат байъатын берүү үчүн адамдар мечитке чогулушту.

Эми мусулмандар халифаны тикелөөсү үчүн үч күн жана үч түн мөөнөт берилгенине келсек, Умар өзүнө сайылган канжар жараатынан өлүшү анык болуп калган соң, ахли шурого тапшырма берип, аларга үч күндү белгилеп берди. Андан соң, эгер үч күндүн ичинде халифаны тандоого келише алышпаса, каршы чыккан адамды өлтүрүүгө буйруду. Умар бул ишти аткарууну т.а. каршы чыкканды өлтүрүүнү мусулмандардан элүү адамга тапшырды. Акыйкатта болсо, алар шуро ахлинен жана улуу сахабалардан эле. Бул иш сахабалардын көз алдында болду. Алардын биринин да Умардын бул чечимине каршы чыкканы же инкар кылганы накл кылынган эмес. Демек, бул мусулмандардын үч күн жана үч түндөн ашык халифасыз калышы жайиз эместигине сахабалар тарабынан кылынган ижма болду. Сахабалар ижмасы болсо кудум Китеп жана Сүннөт сыяктуу шаръий далил болуп эсептелет. Бухарий Мисвар ибн Махраманын мындай дегенин риваят кылды: **«Абдуррахман түн жарымында эшигимди такылдатты. Ал эшикти ушундай бир катуу такылдатты дейсиң, ойгонуп кеттим. Ал: уктаганыңды көрүп турамын, Аллага ант болсун, мен ушул үч түндүн ичинде көп уктабадым, - деди. Багымдат намазы окулгандан кийин Усманга байъат берилди».**

## Халифаны тикелөө

## (Инъикод)

Халифалык – бул өз ара ыраазылык жана ыктыяр келишими (акд). Ал итаат кылынуугa акылуу болгон башчыга итаат байъатын берүү. Мында байъат бериле турган адамдын да, байъат бере тургандардын да ыраазылыгы зарыл болот. Ошондуктан, бирер киши халифа болууну четке какса жана халифалыктан баш тартса, аны буга мажбурлоо жайиз болбойт. Тескерисинче, башкасына кайрылуу керек. О.э. адамдардан да мажбурлап жана зордук менен байъат алуу жайиз болбойт. Себеби, андай абалда келишимди сахих деп айтууга болбойт. Мажбурлоо халифалыкка тескери келет. Себеби, ал жогоруда айтып өткөнүбүздөй, өз ара ыраазылык жана ыктыяр менен түзүлө турган келишим болуп эсептелет. Мында да ар кандай келишим сыяктуу эле зордук жана мажбурлоо жарабайт. Бирок, байъаттары таасирдүү болуп эсептеле турган адамдар тараптан байъат берилген болсо, инъикод байъаты келишими байланган болот жана байъат берилген киши халифага айланат. Ага итаат кылуу важиб болот. Андан кийин ага бериле турган байъат халифалык келишимин түзүү үчүн бериле турган байъат эмес, итаат байъаты болуп калат. Мындай абалда халифанын калган адамдарды өзүнө байъат берүүгө мажбурлашы жайиз болуп калат. Себеби, бул итаат кылууга мажбурлоо болуп эсептелет. Бул болсо, шаръан важиб. Себеби, ал мындай абалда халифалык келишимин түзүү эмес, «мындай мажбурлоо дурус болбойт», дегидей. Демек, байъат алгач өз ара ыраазылык жана ыктыяр менен гана дурус боло турган келишим болот. Ал эми халифага байъат берилип келишим түзүлгөндөн кийин итаат байъаты т.а. халифанын буйругуна моюн сунуу байъаты бериле турган болот. Мында Алла Тааланын буйругун аткаруу үчүн мажбурлоо жайиз болот. Халифалык келишим болгону үчүн, ал келишимди байлоочу болсо гана ишке ашат. Адам бирөө аны казылыкка дайындаса гана казы болгону сыяктуу жана амир да бирөө аны амирликке дайындаса гана амир болгону сыяктуу эле, халифа болууда да адам бирөө аны халифа кылып шайласа гана халифа боло алат. Мындан башкача болбойт. Ушундан белгилүү болгондой, бирер адам

мусулмандар аны өздөрүнө башчы кылып тандашса гана халифа боло алат. Анын атына келишим түзүлсө гана ал халифалык салахияттарына (полномочиелерине) ээ болот. Бул келишим болсо албетте эки тараптан түзүлөт. Биринчи тарап, халифалыкка талапкер болгон адам. Экинчи тарап болсо, анын халифа болушуна ыраазы болгон мусулмандар. Демек, халифалык келишими түзүлүшү үчүн мусулмандардын байъаты зарыл. Ушуга ылайык, бирер зордукчул адам бийликти күч менен ээлеп алса, ал муну менен халифа болуп калбайт, мейли, ал өзүн-өзү мусулмандардын халифасымын деп жарыя кылса да. Себеби, мындай абалда мусулмандар тараптан анын атына халифалык келишими түзүлбөгөн болот. Адамдарды мажбурлап, зомбулук менен байъат алган болсо да, ал халифа боло албайт. Себеби, мажбурлоо жана зомбулук менен алынган байъат этибарга алынбайт жана аны менен халифалык келишими байланбайт. Себеби, халифалык өз ара ыраазылык жана ыктыяр менен байлана турган келишим болуп, анда мажбурлоого жана зомбулукка орун жок. Демек, халифалык келишими ыраазылык жана ыктыяр менен берилген байъат аркылуу гана байланат. Бирок, ошол зордукчул өзүнө байъат берүү мусулмандар үчүн пайдалуу экендигине жана шарият өкүмдөрүн орнотуу үчүн өзүнө байъат берилиши керектигине адамдарды ишендире алса, адамдар буга ишенишип жана ыраазы болушуп ага байъат беришсе, андай абалда ыраазылык жана ыктыяр менен байъат берилген ирмемден баштап ал халифага айланат. Мейли, ал башында бийликти зомбулук жана күч менен тартып алган болсо да. Себеби, шарт байъаттын берилиши о.э. анын ыраазылык жана ыктыяр менен берилиши. Байъат берилген киши аким жана султан болобу же болбойбу, айырмасы жок.

Кимдердин берген байъаты менен халифалык келишими байланат? - деген суроо пайда болот. Муну хулафаи рошидиндерге байъат берүүдө болуп өткөн нерсени жана сахабалар ижмасын күзөтүү менен түшүнүп алабыз. Мисалы, Абу Бакрга байъат берүүдө мусулмандар арасындагы ахли хал вал акд (таасирдүү чечим ээлери) менен гана чектелинди. Андагы таасирдүү адамдар Мединадагы гана адамдар эле. Меккедеги жана араб жарым аралынын башка жерлериндеги мусулмандардын райы алынбады. Т.а. алардан суралган да

жок. Умарга байъат берүүдө да ушундай болду. Ал эми Усманга байъат берүүдө Абдуррахман ибн Авф Мединадагы мусулмандардын райын алды жана ахли хал вал акддан суроого гана чектелип калбады. Алинин доорунда болсо Медина калкынын көпчүлүгү жана Куфа калкы менен гана чектелинди. Алинин бир өзүнө байъат берилди. Ал тургай, Алиге каршы чыгып, ага каршы согушкандар да ага берилген байъатты этибардуу деп эсептешти. Себеби, алар да андан башкага байъат беришпеди жана ага байъат берилишине каршы чыгышпады. Алар болгону Усмандын каны үчүн өч алууну гана талап кылышты. Ошондуктан, аларга халифаны бирер иште айыптап каршы чыккан багийлер өкүмү берилет. Ошондуктан, халифанын аларга ошол ишти түшүндүрүп бериши жана аларга каршы согушуусу лазым болду. Алар башка өз алдынча халифалык түзүшпөгөн.

Булардын бардыгы сахабалардын көз алдында болуп өттү. Т.а. халифага борбордун калкынын көпчүлүгү тарабынан байъат берилип, башка аймактардын этибарга алынбаганы жана имам Алиге байъат берилгенде гана Куфа калкынын да катышуусу – булардын баары сахабалардын көз алдында болуп өттү. Алардын эч кимиси буга каршы чыкпады. Мейли, сахабалар кимдин халифа болушу жөнүндө ихтилаф кылышкан жана анын иштерин четке кагышкан болсо да, бирок, халифага Медина калкынын көпчүлүгү берген байъат менен гана чектелүүгө каршы чыгышпады. Демек, бул халифалык келишими мусулмандардын акимият (бийлик, башкаруу) жөнүндөгү райларын чагылдыра турган адамдар тарабынан байлануусу туурасында сахабалар тараптан кылынган ижма болду. Себеби, ахли хал вал акд менен Медина калкынын көпчүлүгү ошол убакта Исламий мамлекеттин бардык жерлериндеги үммөттүн акимият жөнүндөгү райын чагылдыруучу көпчүлүк болуп эсептелет болчу.

Демек, исламий үммөттүн көпчүлүгүн чагылдыруучу көпчүлүк тарабынан байъат берилсе, халифалык келишими байланат. Үммөттүн бул көпчүлүгү халифанын бошогон ордуна шайланмакчы болгон халифага итаат кылуунун астына кире турган адамдар түркүмүнөн болот. Мындай абал хулафаи рошидиндер заманында күзөтүлгөн. Бул көпчүлүктүн берген байъаты мына ошол кезде инъикод (халифалык келишими)

байъаты болуп калат. Ал эми башкалардын байъаты – халифанын атына халифалык келишими байлангандан кийин – инъикод байъаты эмес, тескерисинче, итаат байъаты т.а. халифага моюн сунуу байъаты болот.

Бул иш халифа дүйнөдөн кайтып же бошотулуп, анын ордуна халифа коюлмакчы болгон кезде болот. Ал эми халифа таптакыр жок болсо жана шарият өкүмдөрүн аткаруу үчүн жана исламий даъватты дүйнөгө көтөрүп чыгуу үчүн бир халифаны тикелөө мусулмандарга фарз болуп калган болсо – мындай абал хижрий 1343, миладий 1924-жылы Истанбулдагы Исламий Халифалык жок кылынгандан баштап бүгүнкү күнгө чейин уланып келе жатат – андай абалда исламий дүйнөдөгү ар кандай исламий өлкө бир халифага байъат берүүгө ылайыктуу болуп калат жана анда халифалык келишими байланат. Ошондуктан, эгерде исламий өлкөлөрдүн бирөө-жарымы халифага байъат берсе жана халифалык келишими байланса, ошол халифага итаат байъатын берүү бардык мусулмандарга фарз болуп калат. Бул өлкө Мисир же Түркия, же болбосо Индонезия сыяктуу чоң болобу, же Иордания, Албания же Ливан сыяктуу кичине болобу, айырмасы жок. Болгону, төмөнкү төрт иштин толук табылышы шарт:

1. Бул өлкөнүн башкаруусу бирер кафир мамлекеттин же бирер кафирдин таасирине эмес, мусулмандардын өзүнө гана таяна турган эгемендүү башкаруу болушу керек.

2. Бул өлкөдөгү мусулмандардын амандыгы куфр амандыгы менен эмес, Ислам амандыгы менен болушу керек. Т.а. анын ички жана тышкы коргонуусу нукура исламий кубат деген этибарда мусулмандардын кубатынан турган Ислам коргоосу болушу керек.

3. Исламды толук, бардык тармакты камтып ала турган ынкылаптык көрүнүштө колдонуу дароо башталышы керек. Аны менен бир катарда исламий даъватты көтөрүп чыгууну да баштоо керек.

4. Байъат бериле турган халифа – мейли, анда абзелдик шарттары толук табылбаса да – халифалык келишими байлануусунун шарттарына толук туура келиши керек. Себеби, маанилүүсү келишим байланышынын шарттары.

Эгерде бул өлкөдө ушул төрт иш толук табылса, бул өлкөнүн байъат бериши менен эле Халифалык вужудга келип, келишим

байланган болот. Мейли, бул өлкө исламий үммөттүн көпчүлүгү үчүн ахли хал вал акддын көпчүлүгүн чагылдырбаса да. Себеби, халифалыкты тикелөө фарзи кифая. Бул фарзды туура көрүнүштө аткарган өлкө фарз кылынган нерсени өтөгөн болот. Ахли хал вал акддын көпчүлүк болушу Халифалык бар болуп, көз жумган же бошотулган халифанын ордуна башка халифаны коймокчу болгон кезде шарт кылынат. Ал эми Халифалык таптакыр жок болуп, Халифалык пайда кылынмакчы болсо, андайда шаръий түрдө вужудга келиши менен эле инъикод (келишим байлоо) шарттары толук табыла турган ар кандай халифа менен халифалык келишими байланат. Ага байъат берүүчүлөрдүн саны канча болушунун мааниси жок. Себеби, бул кезде маселе мусулмандар үч күндөн ашык мөөнөттүн ичинде аткарууга кайдыгерлик кылып келген фарзды аткаруу маселеси болуп калат. Мусулмандардын бул кайдыгерлиги өздөрү каалаган кишини тандап шайлоодогу акы-укуктарын таштоо болуп эсептелет. Ошондуктан, ким бул фарзды өтөсө, халифалык келишими байланышы үчүн жетиштүү болот. Качан ошол өлкөдө Халифалык орнотулуп, халифанын атына келишим байланса, бардык мусулмандарга Халифалык байрагы астына кирүүсү жана халифага байъат берүүсү фарз болуп калат. Болбосо бардыгы Алланын алдында күнөөкөр болушат жана бул халифанын мусулмандарды өзүнө байъат берүүгө даъват кылышы важиб болуп калат. Эгер баш тартышса, аларга багийлик өкүмү берилет жана халифанын аларга каршы качан итаат кылышмайынча согушуусу важиб болот. Эгерде халифага байъат берилип, анын атына жогоруда айтылган төрт ишти толук өз ичине алган халифалык келишими байлангандан кийин, ошол өлкөдө же башка өлкөдө дагы бир халифага байъат бериле турган болсо, мусулмандардын бул экинчи халифага каршы – качан ал биринчи халифага байъат бермейинче – согушуусу важиб болуп калат. Муслим Абдулла ибн Амр ибн Асстан кылган төмөнкү риваят буга далил болот. Расулулла с.а.в:

**«وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»**

**«Кимде-ким бир имам менен байъатташып, ага колун жана жүрөгүн берсе, колунан келишинче ага итаат кылсын. Эгер башка бирөө келип андан имамдыкты талашса, анын мойнуна ургула»,** - деген**.** Себеби, мусулмандарды Ислам байрагы астында бириктирүүчү жетекчи – бул халифа. Халифа пайда болсо мусулмандар коому пайда болот. Аларга кошулуу фарз болуп калат жана алардан бөлүнүп чыгуу арам болот. Муслим Ибн Аббас р.адан, ал болсо Расулулла с.а.вдан мындай дегенин риваят кылды:

«مَنْ رَأَى مِنْ أَمِيرِهِ شَيْئًا فَلْيَصْبِرْ عَلَيْهِ، فَإِنَّهُ مَنْ فَارَقَ الْجَمَاعَةَ شِبْرًا فَمَاتَ إِلاَّ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Ким амиринен бир нерсени көрсө, ага сабыр кылсын. Себеби, ким жамааттан бир карыш четке чыгып өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** Муслим Ибн Аббастан Набий с.а.вдын мындай дегенин да риваят кылды:

«مَنْ كَرِهَ مِنْ أَمِيرِهِ شَيْئًا فَلْيَصْبِرْ عَلَيْهِ، فَإِنَّهُ لَيْسَ أَحَدٌ مِنَ النَّاسِ خَرَجَ مِنَ السُّلْطَانِ شِبْرًا فَمَاتَ عَلَيْهِ إِلاَّ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Ким амириндеги бирер нерсени жактырбаса, ага сабыр кылсын. Себеби, кимде-ким султандан бир карыш четке чыгып ошондой абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** Бул эки хадистен жамааттан жана султандан ажырабастык керектиги түшүнүлүп жатат.

Мусулмандардан башкалардын байъат берүүгө акылары жок жана аларга важиб болбойт. Себеби, ал Ислам негизинде, Алланын Китеби жана Расулулла с.а.вдын сүннөтү негизинде бериле турган байъат. Бул болсо, Исламга, Китепке жана Сүннөткө ыйман келтирүүнү талап кылат. Ошондуктан, кайры мусулмандардын бийликте болушу да, акимди шайлоосу да жайиз болбойт. Себеби, алар үчүн мусулмандар үстүнө жол да жок жана байъатта орун да жок.

# Байъат

Байъат бардык мусулмандарга фарз. Ал ар бир эркек жана аял мусулмандын акы-укугу. Анын фарз экендигине көптөгөн хадистер далил болот. Ошолордун бири Ибн Умар риваят кылган Расулулла с.а.вдын:

«... وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«... Кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр»,** - деген сөздөрү. Байъат мусулмандардын укугу экендигине келсек, буга байъаттын өзү далалат кылып турат. Себеби, байъат халифа тараптан мусулмандарга эмес, тескерисинче, мусулмандар тараптан халифага берилет. Мусулмандардын Расулулла с.а.вга байъат бергендиктери сахих хадистерде сабит болгон. Мисалы, Бухарий Убада ибн Сомиттен мындай дегенин риваят кылды:

«بَايَعْنَا رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي الْمَنْشَطِ وَالْمَكْرَهِ وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ وَأَنْ نَقُومَ أَوْ نَقُولَ بِالْحَقِّ حَيْثُمَا كُنَّا لاَ نَخَافُ فِي اللَّهِ لَوْمَةَ لاَئِمٍ»

**«Биз Расулулла с.а.вга курсантчылыкта да, капачылыкта да кулак салып, итаат кылууга, башчылыкты ээсинен талашпоого, кайсы жерде болсок да акыйкат ишти кылууга жана акыйкат сөздү айтууга, Алланын жолунда эч бир жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпоого байъат бердик».** Бухарий Айюбдан, ал Хафсадан, ал Умму Атийядан риваят кылат:

«بَايَعْنَا النَّبِيَّ ﷺ فَقَرَأَ عَلَيْنَا أَنْ لاَ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا، وَنَهَانَا عَنِ النِّيَاحَةِ، فَقَبَضَتِ امْرَأَةٌ مِنَّا يَدَهَا فَقَالَتْ: فُلاَنَةٌ أَسْعَدَتْنِي، وَأَنَا أُرِيدُ أَنْ أَجْزِيَهَا، فَلَمْ يَقُلْ شَيْئًا فَذَهَبَتْ ثُمَّ رَجَعَتْ»

**«Биз Набий с.а.вга байъат бердик. Бизге *«муминалар Аллага бирер нерсени шерик кылышпасын»* аятын окуп берди жана бизди нияхадан** (өлүк үстүндө ызы-чуу салып ыйлоодон) **кайтарды. Ошондо арабыздан бир аял колун тартып алып: Баланча аял мага ыйлашып берген эле, мен да ага кайтарышым керек, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в эч нерсе дебеди. Ал аял кетип калды, кийин кайра кайтып келди».** Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулулла с.а.в:

«ثَلاَثَةٌ لاَ يُكَلِّمُهُمُ اللَّهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، وَلاَ يُزَكِّيهِمْ وَلَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ: رَجُلٌ عَلَى فَضْلِ مَاءٍ بِالطَّرِيقِ يَمْنَعُ مِنْهُ ابْنَ السَّبِيلِ، وَرَجُلٌ بَايَعَ إِمَامًا لاَ يُبَايِعُهُ إِلاَّ لِدُنْيَاهُ إِنْ أَعْطَاهُ مَا يُرِيدُ وَفَى لَهُ، وَإِلاَّ لَمْ يَفِ لَهُ، وَرَجُلٌ بَايَعَ رَجُلاً بِسِلْعَةٍ بَعْدَ الْعَصْرِ فَحَلَفَ بِاللَّهِ لَقَدْ أُعْطِيَ بِهَا كَذَا وَكَذَا فَصَدَّقَهُ فَأَخَذَهَا وَلَمْ يُعْطَ بِهَا»

**«Үч түрдүү адам бар болуп, Алла кыямат күнү аларга сүйлөбөйт, аларды тазалабайт жана аларга ачуу-аламдуу азап болот. Бири, жолдогу ашыкча суунун үстүндө туруп алып андан жолоочуга бербеген адам; экинчиси, имамга дүйнөсү үчүн гана байъат берген, каалаганын берсе ага бапаа кылган, бербесе бапаа кылбаган адам; үчүнчүсү, бир кишиге асрдан кийин бир малды сатып, ага баланча жашка кирди деп Алланын атына ант ичкен адам. Сатып алуучу анын сөзүнө ишенип малды алып кетет. Акыйкатта болсо, мал ал айткан жашка кирбеген эле»**, - деген. Бухарий Абдулла ибн Умардан – экөөнөн тең Алла ыраазы болсун – риваят кылды:

«كُنَّا إِذَا بَايَعْنَا رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ يَقُولُ لَنَا فِيمَا اسْتَطَعْتَ»

**«Биз Расулулла с.а.вга кулак салып, итаат кылууга байъат бергенибизде «өзүңөр кудуреттүү болгон нерседе» деген эле»**. Бухарий Жарир ибн Абдулладан риваят кылды:

«بَايَعْتُ النَّبِيَّ ﷺ عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فَلَقَّنَنِي فِيمَا اسْتَطَعْتُ، وَالنُّصْحِ لِكُلِّ مُسْلِمٍ»

**«Мен Набий с.а.вга кулак салып, итаат кылууга байъат бердим. Пайгамбарыбыз мага колумдан келишинче** (итаат кылууну) **жана ар бир мусулманга насаат кылууну уктурду»**. Бухарий Жунада ибн Абу Умайядан риваят кылды:

«دَخَلْنَا عَلَى عُبَادَةَ بْنِ الصَّامِتِ وَهُوَ مَرِيضٌ قُلْنَا أَصْلَحَكَ اللَّهُ حَدِّثْ بِحَدِيثٍ يَنْفَعُكَ اللَّهُ بِهِ سَمِعْتَهُ مِنَ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: دَعَانَا النَّبِيُّ ﷺ فَبَايَعْنَاهُ. فَقَالَ فِيمَا أَخَذَ عَلَيْنَا أَنْ بَايَعْنَا عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي مَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا وَعُسْرِنَا وَيُسْرِنَا وَأَثَرَةً عَلَيْنَا وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ قَالَ: إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللَّهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

**«Биз Убада ибн Сомиттин алдына кирдик. Ал ооруп жаткан эле. Биз: Алла сага шыпаа берсин, Набий с.а.вдан уккан бирер хадис айтып бергин, Алла ал себептүү сага пайда жеткирсин, - дедик. Ал мындай деди: Набий с.а.в**

**бизди даъват кылды. Биз ал кишиге байъат бердик. Бизден байъат алып жатканда, курсантчылыкта да, капачылыкта да, оор күндөрүбүздө да, жеңил күндөрүбүздө да кулак салып, итаат кылууга, өзүбүздөн абзел көрүшүбүзгө, ишти ээсинен талашпастыгыбызга байъат беришибизди айтып: "Болгону, эгер ачык куфрду көрсөңөр жана силерде бул жөнүндө Алладан анык хужжат болсо,** (ошондо гана талашышыңар мүмкүн) **деди».**

Демек, халифага байъат мусулмандардын колу менен берилет о.э. алардын укугу болуп эсептелет. Байъат бере турган алар. Алар бере турган байъат халифанын атына халифалык келишиминин түзүлүшүнө алып келет. Байъат кол алышуу аркылуу болот, же болбосо жазуу түрүндө болот. Мисалы, Абдулла ибн Динардын мындай дегени риваят кылынган: «Мен адамдар Абдулмаликке байъат бергени чогулушканда, Ибн Умардын «мен Абдулла Абдулмаликти Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтү негизиндеги момундар амири деп билип, ага колумдан келишинче кулак салып, итаат кылууга ыраазымын» деп жазганын көрдүм». Байъаттын ар кандай жол (васийла) менен болушу жайиз.

Бирок, байъат берүү үчүн адамдын балагатка жеткен болушу шарт. Жашы жете электерден байъат алуу туура болбойт. Абу Укойл Захра ибн Маъбад чоң атасы Абдулла ибн Хишамдан – ал Набий с.а.вды көргөн – риваят кылышынча, энеси Зайнаб бинт Хамид аны Расулулла с.а.вдын алдына алып барып: Я Расулулла, мындан байъат алыңыз, - дегенде, Набий с.а.в: **«Бул али кичине (согийр) экен», -** деп, башынан сылап, анын акысына дуба кылган экен. Бухарий риваят кылган.

Байъатта айтыла турган сөздөргө (лафз) келсек, алар белгилүү бир сөздөргө чектеп коюлган эмес. Бирок, байъатта халифанын Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтүнө амал кылышы керектиги о.э. байъат берүүчүнүн оор, жеңил күндөрдө да, курсантчылыкта да, капачылыкта да итаат кылышы важиб экендиги айтылышы керек. Качан гана адам халифага байъат берсе же башка мусулмандар берген байъат менен халифанын атына халифалык келишими түзүлсө, бул байъат аны бергендин мойнундагы аманатка айланып, андан кайтышы адал болбойт. Себеби, байъат халифалык келишими деген этибарда, качан аны бергенге чейин акы-укук болуп

эсептелет. Ошондуктан, байъат берген соң, демек, ага амал кылууга мажбур болот. Андан кайтуу жайиз болбойт. Бухарий Жабир ибн Абдулла р.адан риваят кылат:

«أَنَّ أَعْرَابِيًّا بَايَعَ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَلَى الإِسْلاَمِ فَأَصَابَهُ وَعْكٌ فقَالَ: أَقِلْني بَيْعَتِي، فَأَبَى. ثُمَّ جَاءَ فَقَالَ: أَقِلْني بَيْعَتِي، فَأَبَى، فَخَرَجَ. فقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: **الْمَدِينَةُ كَالْكِيرِ تَنْفِي خَبَثَهَا وَيَنْصَعُ طِيبُهَا**»

«Бир аъробий Расулулла с.а.вга Ислам негизинде байъат берди. Кийин ага кеселдик тийип: Мени байъатымдан азат кылыңыз, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в макул болбоду. Андан кийин ал дагы кайтып келип: Мени байъатымдан азат кылыңыз, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в дагы макул болбоду. Ошондон кийин ал чыгып кетти. Расулулла с.а.в: «**Медина темирчинин барсканына окшойт. Таза эмести кетирет, тазасын ого бетер жаркыратат», -** деди». Нафиъден мындай дегени риваят кылынган: Мага Ибн Умар Расулулла с.а.вдын:

**«مَنْ خَلَعَ يَداً مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ»**

**«Ким итаат кылуудан баш тартса, кыямат күнү Аллага хужжаты жок абалда жолугат», -** дегенин уктум. Муслим риваяты. Халифага берилген байъатты бузуу болсо Аллага итаат кылуудан баш тартуу болуп эсептелет. Бирок, бул халифага берген байъаты инъикод байъаты болгондо, же болбосо мусулмандар ыраазы болуп байъат беришкен халифага итаат байъаты болгондо болот. Ал эми, эгер башында халифага байъат берген болсо, бирок, ал халифага мусулмандар тарабынан толук байъат берилбеген болсо, андайда мусулмандардын бардыгы тең анын халифа болушуна ыраазы болбоду деген этибарда, мына ушул байъаттан баш тартышы мүмкүн. Себеби, хадисте халифалык келишими толук байланбаган адамга берилген байъаттан эмес, халифага берилген байъаттан кайтууга уруксат берилбеген.

# Халифа болуу шарттары

Халифада халифалыкка татыктуу болушу жана ага инъикод байъаты берилиши үчүн жети шарт толук табылышы зарыл. Бул жети шарт инъикод шарттары. Алардын бирөөсү жетишпесе, халифалык келишими байланбайт. Бул шарттар төмөнкүлөр:

Биринчиси: Мусулман болушу. Себеби, кафирдин халифа болушу эч качан жайиз болбойт жана ага итаат кылуу важиб болбойт. Себеби, Алла Таала мындай дейт:

﴿وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلاً﴾

«***Жана Алла эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт***» [4:141]

Бийлик болсо аким жарандын үстүндө турушу үчүн эң күчтүү жол болуп эсептелет. Бул аяттын «эч качан» маанисин билдирүүчү «لَنْ» харфы менен келиши кафирдин – мейли халифалык болсун, мейли төмөнүрөөк мансап болсун – башкарышы катъий кайтарылганына карина болот.

Экинчиси: Эркек болушу. Себеби, аялдын халифа болушу жайиз эмес. Буга далил Абу Бакрадан кылынган төмөнкү риваят: «Жамал» күндөрү «жамал» асхабына кошулуп, алар менен чогуу согушка чыгышыма аз калды. Бирок, Алла мени Расулулла с.а.вдан уккан бир сөз менен пайдаландырды. Расулулла с.а.вга фарстар өздөрүнө Кисронун кызын падыша кылып алгандыктары жөнүндөгү кабар жетип келгенде, Пайгамбарыбыз с.а.в:

«لَنْ يُفْلِحَ قَوْمٌ وَلَّوْا أَمْرَهُمُ امْرَأَةً»

«**Өз иштерине аялды башчы кылган коум эч качан ийгилик таппайт**», - деген. Бухарий риваяты. Расулулла с.а.вдын аял кишини өздөрүнүн иштерине башчы кылган адамдардын ийгилик таппастыгын кабар бериши аял кишини жетекчи кылып алуудан кайтаруу болуп эсептелет. Себеби, ал талап сийгаларынын бири. Бул кабардын каралоо мазмунунда келгендиги мындан катъий кайтарылгандыгына карина болот. Демек, мында аял кишини башчы кылуудан кайтаруу мындай кылбастыкты катъий талап кылууга далалат кылуучу карина менен келген. Ошондуктан, аялды жетекчи кылуу арам болду.

Аялды жетекчи кылуу дегенде халифалык жана андан төмөнүрөөк бийликтен болуп эсептеле турган мансаптар назарда тутулат. Себеби, жогорудагы хадистин темасы Кисронун кызын падыша кылып көтөрүшкөндүгү жөнүндө. Демек, ал Кисронун кызын падыша кылуу окуясына эле эмес, башкаруу темасына да тийиштүү болот. О.э. ар бир нерсе жаатында умумий эмес. Ошондуктан, өкүм темасынан башкасын эч бир тараптан өз ичине албайт.

Үчүнчүсү: Балагатка жеткен (баалиг) болушу.

Жаш бала болушу жайиз эмес. Буга далил Али ибн Абу Талиб р.а риваят кылган Расулулла с.а.вдын төмөнкү сөздөрү:

«رُفِعَ الْقَلَمُ عَنْ ثَلاَثَةٍ عَنِ النَّائِمِ حَتَّى يَسْتَيْقِظَ، وَعَنِ الصَّبِيِّ حَتَّى يَكْبَرَ، وَعَنِ الْمُبْتَلَى حَتَّى يَعْقِلَ»

**«Калем үч кишиден көтөрүлдү: Уктап калган адамдан ойгонгонго чейин, жаш баладан чоңойгонго чейин, эс-акылы кеткенден акылы кайтканга чейин».** Абу Давуд риваяты. Кимден калем көтөрүлгөн болсо анын өз ишин тасарруф кылышы жакшы эмес. Себеби, ал шаръан мукаллаф эмес. Демек, халифа болушу же андан төмөнүрөөк бийлик орундарын ээлеши жайиз эмес. Себеби, ал тасарруф кыла албайт. Жаш баланын халифа болушу жайиз эместигине дагы бир далил Расулулла с.а.вдын Абдулла ибн Хишамдан байъат алууну четке каккандыгы жана муну **«бул али жаш экен»** деп иллеттегендиги. Жаш баладан байъат алуу жайиз эмес болгон соң, демек, анын халифа болушу да таптакыр жайиз эмес.

Төртүнчүсү: Акылга ээ болгон (акл) болушу. Жиндинин халифа болушу жайиз эмес. Буга Расулулла с.а.вдын:

«رُفِعَ الْقَلَمُ عَنْ ثَلاَثَةٍ ... وَعَنِ الْمُبْتَلَى حَتَّى يَعْقِلَ»

**«Калем үч кишиден көтөрүлдү... эс-акылы кеткенден акылы кайтканга чейин»**, - деген сөзү далил болот. Калем көтөрүлгөн киши мукаллаф болбойт. Себеби, акыл – сунуштун орду жана тасарруфтардын жайиз болушунун шарты. Халифа болсо акимият тасарруфтарын жүргүзөт жана шаръий сунуштарды ишке ашырат. Ошондуктан, анын акылсыз болушу жайиз эмес.

Бешинчиси: Адилеттүү (адл) болушу. Фасык болушу жайиз болбойт. Себеби, адилеттүүлүк халифалык келишими

байланышы жана уланышы үчүн зарыл болгон шарт. Себеби, Алла Таала күбөнүн адилеттүү болушун шарт кылып мындай деген.

﴿وَأَشۡهِدُواْ ذَوَيۡ عَدۡلٖ مِّنكُمۡ﴾

«***Жана*** *(жарашып алып калып жаткан же ажырашып кетип жаткан кезиңерде)* ***өзүңөрдөн*** *(т.а. мусулмандардан)* ***болгон эки адилеттүү адамды күбө кылгыла***» [65:2]

Демек, күбөгө караганда улуураак болгон халифанын адилеттүү болушу табигый түрдө зарыл болот. Себеби, күбөнүн адилеттүү болушу шарт кылынган соң, демек, халифанын да ушундай болушу, албетте шарт болот.

Алтынчысы: Эркин (хур) болушу. Себеби, кул кожоюнунун мүлкү болуп, өз алдынча иш жүргүзө албайт. Ошондой болгон соң, башкаларды да тасарруф кыла албайт. Демек, адамдарды башкара албайт.

Жетинчиси: Халифалык машакаттарын көтөрүүгө кудуреттүү (кодир) болушу керек. Себеби, байъат ошону талап кылат. Ошондуктан, бул машакатты көтөрүүгө алсыз болгон кимсенин халифа болушу туура болбойт.

Мына ушулар халифанын атына халифалык келишими түзүлүшүнүн шарттары болуп эсептелет. Бул жети шарттан башка эч кайсы шарт – мейли сахих нусуста келип, абзелдик шарты болушу мүмкүн болсо да, же болбосо сахих насс менен сабит болгон өкүм астына кирген болсо да – инъикод шарты болууга жарабайт. Себеби, инъикод шарты болушу үчүн мындай шарт экендигине катъий талап мазмунундагы далил келген болушу зарыл. Ошондо бул далил лазымдыкка карина болот. Катъий талап мазмунундагы далил келбеген болсо, шарт инъикод шарты эмес, абзелдик шарты болуп калат. Инъикод шарты үчүн катъий талап мазмунундагы мына ушул жети шарт гана келген. Ошондуктан, ушул жети шарттын өзү гана инъикод шарттары болду. Сахих далил келген калган шарттар болсо, абзелдик шарты болуп эсептелет. Ушундан келип чыгып, мисалы, халифанын мужтахид болушу шарт эмес. Себеби, бул жаатта бирер сахих насс келбеген. Себеби, халифанын кыла турган иши башкаруу. Ал башкаруу жөнүндө сурап билиши жана бирер мужтахидге таклид кылып, ошол таклиди боюнча өкүмдөрдү табанний кылышы мүмкүн

болгондуктан, ижтихад кылууга муктаждык сезбейт. Ошондуктан, мужтахид болушу зарыл эмес. Бирок, мужтахид болушу абзел. Эгер мужтахид болбосо да анын атына халифалык келишими байлана берет. О.э. халифанын кайраттуу болушу, же болбосо жаранга саясат жүргүзүүгө жана кызыкчылыктарды колдонууга алып келүүчү рай ээлеринен болушу да шарт эмес. Себеби, бул тууралуу бирер сахих хадис келген эмес жана муну инъикод шарты кылып коё турган бирер шаръий өкүмдүн астына да кирбейт. Мейли, кайраттуу, рай жана курч пикир ээси болушу абзел болсо да, бирок шарт эмес. О.э. халифанын Курайштан болушу да шарт эмес. Ал эми Муавиядан Расулулла с.а.вдын:

«إِنَّ هَذَا الأَمْرَ فِي قُرَيْشٍ لاَ يُعَادِيهِمْ أَحَدٌ إِلاَّ كَبَّهُ اللَّهُ عَلَى وَجْهِهِ مَا أَقَامُوا الدِّينَ»

**«Бул иш Курайшта болот. Ырас, алар динди койим кылар экен, бирер кимсе аларга душмандык кыла турган болсо, Алла аны жүзтөмөн кулатат», -** дегенин уккандыгы жөнүндө Бухарий кылган риваятка келсек о.э. Бухарий жана Муслим Ибн Умардан Расулулла с.а.вдын:

«لاَ يَزَالُ هَذَا الأَمْرُ فِي قُرَيْشٍ مَا بَقِيَ مِنْهُمُ اثْنَانِ»

**«Бул иш Курайшта – алардан эки киши калса да – уланат»,** - дегени жөнүндө кылган риваятка келсек, халифалыкты Курайшка хос кылып койгон бул жана булардан башка иснады сахих хадистер кабар берүү сийгасында келген болуп, алардын бири да амр сийгасында келген эмес. Кабар берүү сийгасы болсо – мейли талапты түшүндүрсө да, бирок – таъкидге далалат кылуучу бирер карина менен бирге келбеген болсо, катъий талап болуп эсептелбейт. Бул сахих риваяттардын бири да таъкидге далалат кылуучу карина менен бирге келген эмес. Демек, ал важибдикке эмес, мандубдукка далалат кылат. Демек, Курайштан болушу инъикод шарты эмес, абзелдик шарты болот. Ал эми Пайгамбарыбыз с.а.вдын ушул хадистеги **«Бирер кимсе аларга душмандык кыла турган болсо, Алла аны жүзтөмөн кулатат»** деген сөздөрүнө келсек, бул Пайгамбарыбыз с.а.вдын **«Бул иш Курайшта болот»** деген сөзүнүн таъкиди эмес, аларга душмандык кылуудан кайтаруу жөнүндөгү башка бир маани. Демек, хадисте иш аларда болушу көрсөтүлдү жана аларга душмандык кылуудан кайтарылды.

Кала берсе, «Курайш» сөзү сифат эмес исм. Усул илими терминінде ал лакап деп аталат. Лакаптын мафхумуна таптакыр амал кылынбайт. Себеби, лакаптын мафхуму болбойт. Ошондуктан, насста Курайштын көрсөтүлгөнү «халифалык Курайштан башкада болбойт» деген маанини түшүндүрбөйт. Себеби, Пайгамбар ﷺдын: **«Бул иш Курайшта болот», «Бул иш Курайшта уланат», -** деген сөздөрү «бул иштин Курайштан башкада болушу жайиз эмес» деген маанини түшүндүрбөйт. Тескерисинче, аларда да, башкаларда да болушу жайиз боло берет. Демек, насста Курайш көрсөтүлгөндүгү халифалыктын башкаларда болушуна тоскоолдук кылбайт. Демек, Курайштан болушу инъикод шарты эмес, абзелдик шарты болуп эсептелет.

Кала берсе, Расулулла с.а.в Абдулла ибн Раваханы, Зайд ибн Хорисаны жана Усама ибн Зайдды амир кылып дайындаган. Акыйкатта болсо, алардын бардыгы Курайштан эмес, башка уруулардан эле. Демек, Расулулла с.а.в Курайштан башканы амир кылып дайындаган. «Бул иш» сөзү акимиятты түшүндүрөт. Ал бир гана халифалыкка карата колдонула турган сөз эмес. Демек, Расулулла с.а.вдын башкарууга Курайштан башкасын дайындагандыгы башкаруу Курайштын өзүнө гана чектелбегендигине жана башкалар мындан кайтарылбагандыгына далил болот. Бухарий риваят кылышынча, Расулулла с.а.в:

«اِسْمَعُوا وَأَطِيعُوا وَإِنِ اسْتُعْمِلَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ حَبَشِيٌّ كَأَنَّ رَأْسَهُ زَبِيبَةٌ»

**«Үстүңөргө башы мейиздей болгон бир хабаш кул амир кылып дайындалса да, ага кулак салып итаат кылгыла», -** деген. Муслим Абу Зардан мындай дегенин риваят кылды:

«أَوْصَانِي خَلِيلِي ﷺ أَنْ أَسْمَعَ وَأُطِيعَ وَإِنْ كَانَ عَبْدًا مُجَدَّعَ الأَطْرَافِ»

**«Халилим с.а.в мага мейли (амир) майып кул болсо да кулак салып, итаат кылышымды буйруду».** Башка бир риваятта:

«إِنْ أُمِّرَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ مُجَدَّعٌ أَسْوَدُ يَقُودُكُمْ بِكِتَابِ اللَّهِ فَاسْمَعُوا لَهُ وَأَطِيعُوا»

**«Үстүңөргө бир кара майып кул амир кылып дайындалса да – ырасында ал силерди Алланын Китеби менен башкарып жатса – ага кулак салып итаат кылгыла», -** деп келген. Бул хадистерде мусулмандарды бир кара кул

башкарышы да жайиз экендиги айтылууда. Бул болсо, халифалыкты же амирликти Курайштан башка т.а. арабдардан башка адамдар да башкарышы жайиз экендигине ачык далалат кылат. Демек, жогорудагы хадистерде халифалыкты кээ бир адамдарга гана чектеп коюу жана алардан башкаларга халифалык келишими байланбастыгы эмес, тескерисинче, кээ бирөөлөрдүн абзелдигин көрсөтүү үчүн алардын халифалыкка ылайыктуу экендиги айтылган болот.

О.э. халифанын хошимий же алавий болушу да шарт эмес. Буга Набий с.а.вдын  башкарууга Бани Хошим жана Бани Алиден башкаларды дайындагандыгы далил болот. Пайгамбарыбыз с.а.в Табукка чыкканда Мединага Мухаммад ибн Масламаны башчы кылып калтырган. Акыйкатта болсо, ал хошимий да, алавий да эмес эле. Пайгамбарыбыз с.а.в Яманга Муаз ибн Жабал жана Амр ибн Ассты башчы кылган. Акыйкатта болсо, экөө тең хошимий да, алавий да эмес эле. Мусулмандардын Абу Бакр, Умар, Усманга байъат бергендиктери жана Али р.анун алардын ар бирине байъат бергендиги катъий далил менен сабит болгон. Акыйкатта болсо, алар Бани Хошимден эмес эле. Сахабалардын бардыгы аларга байъат берилишине сүкүт сакташкан. Алардын биринин да – алар хошимий же алавий болбогону үчүн – буга каршы чыккандыгы риваят кылынбаган. Демек, бул сахабалар тараптан т.а. Али, Ибн Аббас жана башка хошимийлер тараптан халифа хошимий жана алавийден башка болушу жайиз экендигине кылынган ижма болду. Ал эми саййидибиз Али р.анун фазли жана аали байттын фазли жөнүндө келген хадистерге келсек, алар халифалык келишими байланышы үчүн халифа алардан болушу шарт экендигине эмес, алардын фазлине далалат кылат.

Ушундан белгилүү болгондой, халифалык келишими байланышы үчүн жогорудагы жети шарттан башка дагы кандайдыр бир шарт бар экендиги жөнүндө эч кандай далил жок. Бул жети шарттан башкасы – ал жөнүндө келген насстардын бардыгын сахих деп алганыбызда да, же сахих нусус келген өкүмдүн астына кирген болсо да – инъикод шарты эмес, абзелдик шарты болушу мүмкүн. Шаръан талап кылынган шарт болсо инъикод шарты. Андан башкасы бирер кишинин халифалыкка талапкерлиги көрсөтүлгөн кезде абзелирээгин тандашы үчүн айтылат. Бирок, мусулмандар тандаган ар кандай адамда инъикод шарттары гана толук табылса – мындан башкасы табылбаса да – анын атына халифалык келишими байлана берет.

# Халифалыкка талапкер болуу

Халифалыкка талапкер болуу жана бул жаатта өз ара атаандашуу бардык мусулмандарга жайиз болуп, макрух эмес. Халифа болуу үчүн өз ара атаандашуудан кайтаруучу эч кандай насс келген эмес. Мусулмандардын Бани Саида бастырмасында халифалыкка талапкер болуп өз ара атаандашкандыктары сабит болгон. Акыйкатта болсо, ошондо Расулулла с.а.вдын денеси төшөгүнө ороп коюлган болуп, дафн кылына элек болчу. О.э. шуро ахли болгон алты улуу сахабанын – Алла алардан ыраазы болсун – халифа болуу үчүн өз ара атаандашкандыктары да сабит болгон. Бул иш бардык сахабалардын көз алдында жүз берген. Алар буга каршы чыгышпаган жана бул өз ара атаандашууну макулдашкан. Бул болсо, халифа болуу үчүн өз ара атаандашуу жайиз экендигине, ага талапкер болуп, аракет кылуу, ага жетишүү үчүн райга рай менен, хужжатка хужжат менен каршы туруп өз ара күрөшүү жайиз экендигине сахабалар ижма кылгандыгына далалат кылат. Ал эми хадистерде амирликке талапкер болуудан кайтарылгандыгына келсек, ал Абу Зарр сыяктуу амирликке жөндөмү болбогон алсыз адамдарды кайтаруу болуп эсептелет. Ал эми амирликке жарай турган адамдардын ага талапкер болушу жайиз. Бани Саида бастырмасы окуясы жана шуро ахли болгон алты сахаба окуясындагы ижма буга далил болот. Демек, варид болгон хадистердеги кайтаруу амирликке же халифалыкка жарабай турган адамдарга тийиштүү болот. Ал эми жарактуу адамдардын ага талапкер болушу жайиз болот. Расулулла с.а.вдын амирликке талапкер болуудан кайтарганын, андан соң ага талапкер болуу, ал үчүн өз ара атаандашуу ижма менен жайиз болгонун мындай түшүнүшүбүз керек, бул кайтаруу мутлак кайтаруу эмес, тескерисинче, амирликке жарабай турган, ага жөндөмү болбогон адамдарды талапкер болуудан кайтаруу болуп эсептелет.

# Халифанын бирөө болушу

Дүйнө жүзүндө бир гана халифа болушу керек. Буга далил төмөнкүлөр. Абдулла ибн Амр ибн Асстан Расулулла с.а.вдын мындай дегени риваят кылынган:

**«وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»**

**«Кимде-ким бир имам менен байъатташып, ага колун жана жүрөгүн берсе, колунан келишинче ага итаат кылсын. Эгер башка бирөө келип, андан имамдыкты талашса, анын мойнуна ургула».** Муслим риваяты. Муслим дагы Абу Саид Худрийден Расулулла с.а.вдын мындай дегенин да риваят кылган:

**«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»**

**«Эгерде эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө».** Муслим Арфажадан риваят кылды: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

**«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ، أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ فَاقْتُلُوهُ»**

**«Кимде-ким ишиңер бир адамда жамдалып турган кезде келип, биримдигиңерди бузмакчы же жамаатыңарды бөлүп таштамакчы болсо, аны өлтүргүлө».** Муслим Абу Хозимден риваят кылды: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум. Андан Набий с.а.вдын мындай дегенин уктум, Расулулла с.а.в:

**«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ،** قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: **فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ، وَأَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»**

**«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөт эле. Бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келет эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетишет,** - деди. Ошондо: Бизди эмнеге буюрасыз? - деп сурашкан эле, Расулулла с.а.в: **Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле, себеби, Алла алардан жаранды кандай башкараганы жөнүндө сурайт»,** -

деп жооп берди. Ошондуктан, эгер бир эле убакта эки өлкөдө эки халифага халифалык келишими түзүлгөн болсо, экөөсүнө тең келишим байланбаган болот. Себеби, мусулмандар үчүн эки халифанын болушу таптакыр жайиз эмес. Мында «экөөсүнүн кимиси мурдараак болгон болсо ошого байъат берилет» деп айтылбайт. Себеби, маселе кимдин мурдараак халифа болушу эмес, халифаны тикелөө. Халифалык халифанын акысы эмес, бардык мусулмандардын акысы. Демек, мусулмандар эки халифаны тикелеп коё турган болушса, анда иш экинчи жолу дагы мусулмандарга сунушталат. «Эки халифанын ортосунда чүчү кулак кармалат» деп айтылбайт. Себеби, халифалык – бул келишим. Чүчү кулак болсо келишимдер түркүмүнө кирбейт. Расулулла с.а.в: «**Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла**», - деген деп далил келтирүү да туура болбойт. Себеби, бул иш бир халифа бар болуп туруп, бир нече халифаларга байъат берилгенде ушундай болот. Мында байъат биринчисине болот, андан кийин келгенине болсо байъат берилбейт. Бул жерде иш мындай, ахли хал вал акддын көпчүлүгү бир мезгилдин өзүндө эки халифага байъат бергендиктери жана экөөнүн ар бирине берилген байъат шаръан болгондугу себептүү халифалык келишими эки халифага түзүлүп калган болсо, мындай абалда эки келишим тең бекер кылынат жана дагы кайрадан мусулмандарга кайрылууга туура келет. Мусулмандар экөөнүн бирине байъат беришсе, анын атына келишим түзүлгөн болот. Анын биринчи абалын бекемдөө үчүн эмес, тескерисинче, ага жаңыдан байъат берүү үчүн келишим түзүлгөн болот. Эгерде мусулмандар бул экөөнөн башка адамдын атына халифалык келишимин түзүшсө, мында да келишим түзүлгөн болот. Демек, иш халифалык үчүн өз ара атаандаша турган адамдарга эмес, тескерисинче, бардык мусулмандардын ыктыярына сунушталат. Эгер эки халифага байъат берилген кезде башкаруу жана халифалык иштери жаатында таасири бар адамдар болгон ахли хал вал акддын көпчүлүгү бирине тарапкер болуп, ага байъат беришсе, азчылык болсо экинчисине тарапкер болсо, мындайда байъат ахли хал вал акддын көпчүлүгү байъат берген кишиге болот. Бул кишинин биринчи болуп, же экинчи, же үчүнчү болуп байъат берилген киши болушунун айырмасы жок. Себеби, ал

ахли хал вал акддын көпчүлүгү берген байъат менен шаръан халифа деп этибар кылынат. Андан башкасы Халифалыктын бир бүтүндүгүн сактап калуу үчүн ага байъат бериши важиб. Болбосо мусулмандар аны өлтүрүшөт. Себеби, халифалык келишими көпчүлүк мусулмандар берген байъат менен түзүлөт. Ошондуктан, эгер мусулмандардан бир кишинин атына келишим түзүлсө ал халифа болуп калат, андан башкага байъат берүү арам болуп, ага итаат кылуу бардыгына важиб болот.

Бирок, башкаруу вакиълиги мындай, башкаруу иштери колунда болгон ахли хал вал акддын көпчүлүгү адатта борбордо болушат. Себеби, акимияттын жогорку деңгээлдеги иштерин жүргүзүү адатта борбордо болот. Ошондуктан, эгер борбордун калкы т.а. ал жердеги ахли хал вал акд бир халифага байъат берген болсо, бир регион же бир нече региондун калкы болсо башка бир халифага байъат берсе, мындай абалда эгер борбордо байъат мурдараак берилген болсо, халифалык ошол кишинин акысы болот. Себеби, борбордогу кишиге берилген байъат ахли хал вал акддын көпчүлүгү ал тарапта экендигине далалат кылуучу карина болуп эсептелет. Мындайда байъат борбордогу кишиге берилет. Эгерде андан мурда региондордогу кишиге байъат берилген болсо, андайда ахли хал вал акддын көбүрөөк ким тарапта экендиги аныкталат. Себеби, региондордогулардын байъатты мурдараак беришкендиги борбордун көпчүлүк анда экенине карина экендигин алсыратып коёт. Кандай болбосун бир гана халифа калышы керек. Мейли бул нерсе халифалык келишими түзүлбөгөн кишиге каршы согушууга алып барса да.

## Өз ордуна халифа кылып калтыруу же валиахддык

Халифалык келишими өз ордуна халифа кылып калтыруу менен же валиахддык менен түзүлбөйт. Себеби, ал мусулмандар менен халифанын ортосундагы келишим болуп эсептелет. Ал түзүлүшү үчүн мусулмандар тараптан байъат берилиши жана алар байъат берген адамдын муну кабыл алышы шарт. Өз ордуна халифа кылып калтырууда же валиахддыкта болсо бул нерсе жүзөгө чыкпайт. Демек, аны менен халифалык келишими түзүлгөн болбойт. Демек, бир халифанын өз ордуна башка бирөөнү халифа кылып калтырышында халифалык келишими жүзөгө чыкпайт. Себеби, халифа бул келишимди түзүү укугуна ээ эмес. Себеби, халифалык халифанын эмес, мусулмандардын акысы болуп эсептелет. Демек, мусулмандар өздөрү каалаган кишинин атына бул келишимди түзүшөт. Демек, халифанын өз ордуна башканы халифа кылып калтырышы же валиахд кылышы жайиз эмес. Себеби, бул өзү ээ болбогон нерсени берүү болуп эсептелет. Өзү ээ болбогон нерсени берүү болсо шаръий жактан жайиз эмес. Демек, халифанын башканы халифа кылып калтырышы – ал өзүнүн уулу болобу, же болбосо, жакын же алыскы тууганы болобу, айырмасыз – жайиз болбойт жана халифалык келишими анын атына таптакыр түзүлгөн болбойт. Себеби, бул келишим аны түзүү укугуна ээ болгон адамдар тараптан түзүлгөн болбойт. Демек, ал жайиз болбой турган, керексиз келишим болуп эсептелет.

Ал эми «Абу Бакрдын Умарды өз ордуна халифа кылып калтырганы, Умардын болсо алты кишини калтырганы, сахабалардын болсо буга сүкүт кылып каршы чыгышпаганы риваят кылынган, демек, сахабалардын буга сүкүт кылгандары ижмаъ болду» деген сөзгө келсек, бул халифа кылып калтыруунун т.а. валиахд кылуунун жайиз экендигине далалат кылбайт. Себеби, Абу Бакр эч кимди халифа кылып калтырбады, тескерисинче, кимдин халифа болушу жөнүндө ахли хал вал акд менен кеңешти, андан соң Али менен Умардын талапкерлигин көрсөттү. Ошондон кийин ахли хал вал акд Абу Бакрдын көзү барында үч айдын ичинде көпчүлүк добуш менен Умардын талапкерлигин тандады. Абу Бакр көз

жумгандан кийин адамдар келип Умарга байъат беришти. Ошондо халифалык келишими Умардын атына түзүлдү. Ал эми байъат берилишинен мурда Умар Абу Бакрдын көрсөтүшү менен да жана мусулмандардын аны тандашы менен да халифа болгон жок о.э. анын атына халифалык келишими түзүлгөн жок. Тескерисинче, мусулмандар ага байъат беришкенден кийин гана келишим түзүлдү жана Умар халифалыкты кабыл кылып алды. Эми «Умар алты кишини валиахд кылган» деген сөзгө келсек, Умар аларды мусулмандардын талабы боюнча талапкер кылып көрсөткөн. Ошондон кийин Абдуррахман ибн Авф ким халифа болушу жөнүндө мусулмандар менен кеңешкенден кийин көпчүлүк мусулмандар эгер Али Абу Бакр жана Умардай иш жүргүзүү алкагынан чыкпаса, аны, болбосо Усманды шайлай турган болушту. Али Абу Бакр менен Умардын иш жүргүзүшү алкагынан чыкпастыкты четке каккандан кийин Абдуррахман Усманга байъат берди жана адамдар да ага байъат беришти. Демек, халифалык келишими Усмандын атына Умардын көрсөтүшү менен да жана адамдардын тандашы менен да эмес, адамдардын ага байъат бериши менен түзүлдү. Ошондуктан, эгер адамдар Усманга байъат беришпегенде жана Усман муну кабыл албаганда, анда халифалык келишими түзүлбөгөн болот эле. Демек, мусулмандардын халифага байъат бериши шарт. Ошондуктан, халифалыктын валиахддык же халифа кылып калтыруу аркылуу болушу жайиз болбойт. Себеби, халифалык вилаят акды (келишими) болуп, келишимдерге туура келген нерсе ага да туура келет.

# Халифаны тикелөө тарыйкаты

Шарият үммөткө өзүнө бир халифаны тикелөөнү важиб кылуу менен бирге халифаны тикелөө тарыйкатын да анык көрсөтүп берди. Бул тарыйкат Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасы менен сабит болгон. Бул тарыйкат – байъат. Демек, халифа мусулмандардын ага Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтү негизинде байъат берүүлөрү менен тикеленет. Бул тарыйкат байъат экендигине келсек, ал мусулмандардын Расулулла с.а.вга байъат бериши аркылуу жана Пайгамбарыбыз с.а.вдын имамга байъат берүүнү бизге буйругандыгы аркылуу сабит болгон. Мусулмандардын Расулулла с.а.вга берген байъаты пайгамбарлык жаатында берилген байъат болгон эмес, ал башкаруу жаатында берилген байъат болгон. Себеби, ал тастыктоо жаатындагы байъат эмес, тескерисинче, амал жаатындагы байъат эле. Пайгамбарыбыз с.а.вга ал кишини набий жана расул деген этибарда эмес, аким деген этибарда байъат берилген. Себеби, набийлик жана расулдукту тастыктап тан алуу байъат эмес, ыйман келтирүү болот. Демек, Пайгамбарыбыз с.а.вга байъат ал кишини мамлекет башчысы деген этибарда берилген болуп, мындан башка этибарга орун калбады. Байъат Куран жана хадисте варид болгон. Алла Таала айтат:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِىُّ إِذَا جَآءَكَ ٱلْمُؤْمِنَـٰتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَىٰٓ أَن لَّا يُشْرِكْنَ بِٱللَّهِ شَيْـًٔا وَلَا يَسْرِقْنَ وَلَا يَزْنِينَ وَلَا يَقْتُلْنَ أَوْلَـٰدَهُنَّ وَلَا يَأْتِينَ بِبُهْتَـٰنٍ يَفْتَرِينَهُۥ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلَا يَعْصِينَكَ فِى مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ﴾

«***Эй набий, качан сенин алдыңа муминалар келишип, сага өздөрүнүн Аллага бирер нерсени шерик кылбастыктарына, уурулук кылбастыктарына, зина кылбастыктарына, өз балдарын өлтүрбөстүктөрүнө, жана кол-буттары ортосунда токуп ала турган жалааны кылбастыктарына*** *(т.а. перзенсиздик себептүү өз эрлеринен айрылып калбастык үчүн бирер таштанды баланы таап, кудум ал кол-буттары ортосунан чыккандай т.а. өздөрү төрөгөндөй эрлерине*

*«Мына ушул бала сенден болду» деп жалаа кылбастыкка)* ***о.э. бирер жакшы иште сага итаатсыздык кылбастыктарына байъат беришсе, сен алардын байъаттарын кабыл алгын*»** [60:12]

Алла Таала дагы айтат:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ يُبَايِعُونَكَ إِنَّمَا يُبَايِعُونَ ٱللَّهَ يَدُ ٱللَّهِ فَوۡقَ أَيۡدِيهِمۡ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***чындыгында сага байъат кыла турган заттар эч бир шек-күмөнсүз Аллага байъат кылышат, Алланын колу алардын колдору үстүндө болот*»** [48:10]

Бухарий Убада ибн Сомиттен мындай дегенин риваят кылды:

**«بَايَعْنَا رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي الْمَنْشَطِ وَالْمَكْرَهِ وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ وَأَنْ نَقُومَ أَوْ نَقُولَ بِالْحَقِّ حَيْثُمَا كُنَّا لاَ نَخَافُ فِي اللَّهِ لَوْمَةَ لاَئِمٍ»**

**«Биз Расулулла с.а.вга курсантчылыкта да, капачылыкта да кулак салып, итаат кылууга, башчылыкты ээсинен талашпастыкка, кайсы жерде болсок да акыйкат ишти кылууга жана акыйкат сөздү айтууга, Алланын жолунда эч бир жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпостукка байъат бердик».** Бухарий дагы риваят кылып мындай деди: Бизге Али ибн Абдулла, бизге Абдулла ибн Язид, бизге Саид ибн Абу Айюб хадис риваят кылып мындай деди: Мага Абу Укойл Захра ибн Маъбад чоң атасы Абдулла ибн Хишамдан хадис риваят кылды. Анын чоң атасы Набий с.а.вды көргөн эле. Аны (чоң атасын) энеси Зайнаб бинт Хамид Расулулла с.а.вдын алдына алып барып: Я Расулулла мындан байъат алыңыз - дегенде, Набий с.а.в: «**Бул али жаш экен**», - деп башынан сылап, анын акысына дуба кылган эле. Бухарий дагы риваят кылып айтат: Бизге Абдан Абу Хамзадан, ал Аъмаштан, ал Абу Солихтен, ал Абу Хурайрадан хадис риваят кылып айтат, Расулулла с.а.в:

**«ثَلاَثَةٌ لاَ يُكَلِّمُهُمُ اللَّهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، وَلاَ يُزَكِّيهِمْ وَلَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ: رَجُلٌ عَلَى فَضْلِ مَاءٍ بِالطَّرِيقِ يَمْنَعُ مِنْهُ ابْنَ السَّبِيلِ، وَرَجُلٌ بَايَعَ إِمَامًا لاَ يُبَايِعُهُ إِلاَّ لِدُنْيَاهُ إِنْ أَعْطَاهُ مَا يُرِيدُ وَفَى لَهُ، وَإِلاَّ لَمْ يَفِ لَهُ، وَرَجُلٌ يُبَايِعُ رَجُلاً بِسِلْعَةٍ بَعْدَ الْعَصْرِ فَحَلَفَ بِاللَّهِ لَقَدْ أُعْطِيَ بِهَا كَذَا وَكَذَا فَصَدَّقَهُ فَأَخَذَهَا وَلَمْ يُعْطَ بِهَا»**

**«Үч түрдүү адамдар бар болуп, Алла кыямат күнү аларга сүйлөбөйт, аларды тазалабайт жана аларга ачуу-аламдуу азап болот. Бири жолдогу ашыкча суунун үстүндө туруп алып андан жолоочуга бербеген адам; экинчиси бир имамга дүйнөсү үчүн гана байъат берген, каалаганын берсе ага бапаа кылган, бербесе бапаа кылбаган адам; үчүнчүсү бир кишиге асрдан кийин бир малды сатып, ага баланчага кирди деп Алланын атына ант ичкен адам. Сатып алуучу анын сөзүнө ишенип малды алып кетет. Акыйкатта болсо, мал анчага кирбеген эле»**, - деген. Бул үч хадисте халифаны тикелөө тарыйкаты байъат экендиги ачык көрүнүп турат. Себеби, Убада риваят кылган хадисте анын Расулулла с.а.вга кулак салып итаат кылууга байъат бергендиги айтылды. Бул байъат болсо акимге берилет. Абдулла ибн Хишам риваят кылган хадисте ал балагатка жетпегени үчүн Пайгамбарыбыз с.а.в андан байъат алуудан баш тарткандыгы айтылды. Бул болсо, байъаттын башкаруу байъаты экендигине далалат кылат. Абу Хурайранын хадисинде болсо имамга байъат берилиши ачык айтылды. Анда имам сөзү накра келди. Т.а. ар кайсы имам дегени. Бул жерде имамга байъат берилиши көрсөтүлгөн башка хадистер да бар. Мисалы, сахихи Муслимде Набий с.а.вдын Абдулла ибн Амр аркылуу риваят кылынган төмөнкү сөздөрү бар:

«وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

**«Кимде-ким бир имам менен байъатташып, ага колун жана жүрөгүн берсе, колунан келишинче ага итаат кылсын. Эгерде башка бирөө келип, андан имамдыкты талашса, анын мойнуна ургула».** Муслим Абу Саид Худрийдин мындай дегенин риваят кылды, Расулулла с.а.в:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө»**, - деген. Муслим Абу Хозимдин мындай дегенин да риваят кылды: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум. Андан Набий с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ، قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ»

**«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөт эле. Бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келет эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетишет**, - деди. Ошондо: Бизди эмнеге буюрасыз? - деп сурашкан эле, Расулулла: **биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла»**, - деп жооп берди. Демек, Китеп жана Сүннөттөн алынган бул нусустарда халифаны тикелөө тарыйкаты байъат экендиги ачык көрүнүп турат. Муну бардык сахабалар түшүнүшкөн жана ушундай жол тутушкан. Ошондуктан, Абу Бакрга Бани Саида бастырмасында хос байъат, мечитте болсо умумий байъат берилди. Ошондон кийин мечитте байъат бербеген адамдар жана Али ибн Абу Талиб р.а сыяктуу байъаты маанилүү болгон адамдар да ага байъат беришти. Умарга да, Усманга да, Алиге да мусулмандар тараптан байъат берилди. Демек, байъат мусулмандар халифасын тикелөөнүн бирден-бир тарыйкаты болуп эсептелет.

Эми бул байъатты берүүнүн амалий тафсилаттарына токтоло турган болсок, бул тафсилаттар Расулулла с.а.в көз жумгандан кийин халифа болгон төрт халифа: Абу Бакр, Умар, Усман жана Алинин – алардан Алла ыраазы болсун – халифа болуп тикеленишинде даана көрүнүп турат. Бардык сахабалар бул тафсилаттарды унчукпай макулдашкан. Эгер бул тафсилаттар шариятка тескери болгондо, сахабалар аларды четке кагышат болчу. Себеби, бул тафсилаттар мусулмандардын вужудуна жана Исламдагы башкаруунун сакталып калышына байланыштуу болгон эң маанилүү нерсеге тиешелүү. Мына ушул халифалардын тикеленишинде жүз берген иштерди күзөткөн киши айрым мусулмандардын Бани Саида бастырмасында талашып-тартышкандарына күбө болот. Ошондо талапкерлер Саъд, Абу Убайда, Умар жана Абу Бакр эле. Алардан башка талапкер жок болчу. Талаш-тартыштардын натыйжасында Абу Бакрга инъикод байъаты берилип, ал мусулмандар халифасына айланды. Эртеси күнү мусулмандар мечитке чакырылып, алар итаат байъатын беришти. Абу Бакр ооруп өлүмү жакындашып калганын сезгенден кийин, ахли хал

вал акдды чакырып, алар менен мусулмандарга ким халифа болушу жөнүндө кеңешти. Бул кеңештерде Али жана Умар жөнүндө пикирлешүү болду. Бул кеңешүү үч айга созулду. Абу Бакр кеңешүүнү аяктап, ахли хал вал акддын райын билген соң, аларга өзүнөн кийин Умар халифа экендигин жарыя кылды. Абу Бакр дүйнөдөн кайтышы менен мусулмандар мечитке чогулушуп, Умарга халифалык байъатын беришти. Демек, Умар кеңешүүлөр аркылуу жана Абу Бакрдын жарыя кылуусу менен эмес, тескерисинче, мына ушул байъат менен мусулмандардын халифасына айланды. Умарга канжар сайылып жараат алган соң, мусулмандар андан өз ордуна халифа калтырууну талап кылышты. Умар мындан баш тартты. Мусулмандар андан катуу туруп талап кылышты. Ошондон кийин Умар бул ишти алты кишиге тапшырды. Умар көз жумгандан кийин талапкерлер өздөрүнөн бирин т.а. Абдуррахман ибн Ауфту өкүл кылышты. Абдуррахман ибн Ауф мусулмандардын райын билүү үчүн аларга кайрылды жана алар менен кеңешти. Ошондон кийин Усманга байъат берилишин жарыя кылды. Андан соң мусулмандар туруп Усманга байъат беришти. Демек, Усман Умардын халифа кылып калтырышы менен да жана Абдуррахмандын жарыя кылышы менен да эмес, тескерисинче, мусулмандар берген байъат менен халифа болду. Усман өлтүрүлгөндөн кийин Медина жана Куфадагы мусулмандардын көпчүлүгү Али ибн Абу Талибге байъат беришти. Демек, Али да мусулмандардын байъаты менен халифа болду.

Мына ушундан белгилүү болгондой, халифага байъат берүүнүн амалий тафсилаттары мусулмандардын халифалыкка ким жарактуу экендиги жөнүндө тартышуулары болуп эсептелет. Эгер рай бир нече адамдарга келип токтоло турган болсо, алардын талапкерлиги мусулмандарга көрсөтүлөт. Мусулмандар алардан кимди ыктыяр кылышса, алардан ага байъат берүүсү талап кылынат. Калган талапкерлерден да ага байъат берүү талап кылынат. Мисалы, Бани Саида айбанында талкуу Саъд, Абу Убайда, Умар жана Абу Бакр жөнүндө болду. Ошондон кийин Абу Бакрга байъат берилди. Ага алгач инъикод байъаты берилип, андан кийин мусулмандар аммасы тарабынан итаат байъаты берилди. Абу Бакр мусулмандар менен Али жөнүндө кеңешти, андан соң Умардын атын жарялады.

Ошондон кийин Умарга байъат берилди. Умар болсо ишти алты кишиге тапшырды. Мусулмандарга кайрылгандан кийин Абдуррахман ибн Ауф Усмандын атын жарыя кылды. Ошондон кийин Усманга байъат берилди. Алиге болсо түздөн-түз байъат берилди. Себеби, ал кезде кырдаал кооптуу болуп, фитна башталган эле. Усман өлтүрүлгөндөн кийин халифалыкка талапкерликте эч кимдин Алиге жакындай албастыгы мусулмандарга белгилүү болчу. Демек, жыйынтык чыгаруу мүмкүн болгон нерсе, байъат иши халифалыкка кимдин жарактуу экендиги талкуу кылынгандан кийин халифалыкка талапкерлерди аныктоо негизинде болот. Ошондон кийин алардын бири халифа болуп шайланып, ага адамдардан байъат алынат. Бул нерсе Абу Бакрдын кеңешүүсүндө анык көрүнгөн болсо, Усманга байъат берилишинде дагы да аныгыраак көрүндү. Бухарий Зухрийден риваят кылышынча, Хумайд ибн Абдуррахман ага Мисвар ибн Махрама өзүнө төмөнкүлөрдү кабар кылганын айткан: «Умар милдет тапшырган топ чогулуп өз ара кеңешти. Абдуррахман аларга: Мен силер менен бул иш тууралуу атаандаша турган адам эмесмин, бирок, каалаcаңар силерге өзүңөрдөн бир кишини тандап беремин, - деди. Алар бул ишти Абдуррахманга тапшырышты. Ошондон кийин адамдар Абдуррахманга кайрыла турган болушту. Ал тургай, адамдардын кээ бирлери мына ушул топту ээрчип алып, Абдуррахмандын артынан калбады. Адамдар ошол түндөрдө Абдуррахманга кайрылып, аны менен кеңешти. Биз түндү өткөрүп Усманга байъат бердик – Мисвар сөзүн улантып – Абдуррахман түн жарымынан кийин эшигимди такылдатып, мени ойготуп: Уктап жаткан экенсиң да, мен болсо, Аллага ант болсун, мына ушул үч түн ичинде дээрлик уктабадым. Барып Зубайр жана Саъдды чакырып кел, - деди. Мен экөөнү чакырып келдим. Абдуррахман ал экөө менен кеңешкен соң, мени дагы чакырып: Алини чакырып кел, - деди. Мен Алини чакырып келдим. Абдуррахман аны менен тээ таң атканга чейин сүйлөштү. Ошондон кийин Али анын алдынан турду. Ал үмүт кылган абалда эле. Абдуррахман Али тараптан бирер нерсе болушунан корккон эле. Ошондон кийин ал мага: Усманды чакырып кел, - деди. Аны да чакырып келдим. Абдуррахман тээ муаззин багымдатка азан айтканга чейин Усман менен сүйлөштү. Адамдар менен кеңешкенден кийин Абдуррахман

ибн Ауфка адамдардын көпчүлүгү Алини каалап жатышкандыгы, эгер ал Абу Бакр жана Умар туткан иш алкагынан чыкпаса, анын болушун, эгер андай болбосо, Усмандын болушун каалап жатышкандыгы белгилүү болду. Багымдат намазы окулгандан кийин мына ошол топ минбар алдында чогулган мухажир жана ансарларга, аскерлердин амирлерине адам жөнөттү. Алар бул хужжатты Умар менен келишип алышкан эле. Алар чогулушкандан кийин, Абдуррахман ташаххудду айтты жана халифалыкты Алиге сунуштады. Али Абу Бакр жана Умар туткан иш алкагынан чыкпастыкты четке каккандан кийин, Абдуррахман Усмандын колун кармап: Мен сага Алла жана Расулу о.э. андан кийинки эки халифа сүннөтү негизинде байъат беремин, - деп ага байъат берди, адамдар, мухажирлер жана ансарлар, аскерлердин амирлери жана калган мусулмандар ага байъат беришти».

Демек, халифалыкка талапкерлер мына ушул топтогу адамдардан гана турган болуп, Умар аларды мусулмандардын талабынан кийин бир-бирден атаган эле. Абдуррахман ибн Ауф өз талапкерлигин алып таштагандан кийин ким халифа болушу жөнүндө мусулмандардын пикирин алды. Адамдар менен кеңешкенден кийин мусулмандар каалап жаткан кишинин атын жарыя кылды. Андан кийин ошол кишиге байъат берилип, ал ушул байъат аркылуу халифага айланды. Демек, халифаны тикелөөдөгү шаръий өкүм мындай, алгач мусулмандардын көпчүлүгүнүн пикирин чагылдыра турган адамдар тарабынан халифалыкка талапкерлер аныкталат. Ошондон кийин алардын аты-жөнү мусулмандарга жарыя кылынып, алардан талапкерлердин бирин өздөрүнө халифа болушу үчүн тандоосу талап кылынат. Ошондон кийин, мусулмандардын көпчүлүгү ким тарапта экенине каралып, ага бардык мусулмандардан байъат алынат. Мында ким аны ыктыяр кылды же ким аны ыктыяр кылбады, мунун этибары жок. Себеби, Умардын халифалыкка талапкерлерди алты адамга гана чектеп койгонуна мусулмандардын сүкүт ижмалары (унчукпай бир добуштан макулдашы) о.э. Абдуррахмандын ким халифа болушу жөнүндө бардык мусулмандардын райын алышына да мусулмандардын ижма кылуулары, кала берсе Абдуррахмандын: «Мен адамдардын ишин көрүп, алардын

Усманга бирөөнү теңештиргенин көрбөдүм» - деп, Усмандын атын жарыя кылышы, мусулмандар аны өздөрүнө халифа болушун ыктыяр кылышты деп айтышы жана мусулмандардын Усманга байъат берүүгө ижма кылуулары – булардын баары халифаны тикелөө жөнүндөгү шаръий өкүмдө ачык көрүнүп турат.

Эми эки маселе калды: Биринчиси, халифаны тикелей турган мусулмандар кимдер өзү? Алар ахли хал вал акдбы, же белгилүү бир сандагы мусулмандарбы, же бардык мусулмандарбы? Экинчиси, жашыруун добуш берүү, добуш берүү кутулары жана добуштарды эсептөө сыяктуу азыркы доордогу шайлоолордо болуп жаткан иштерге Ислам буюрабы же жокпу?

Биринчи маселеге токтоло турган болсок, Шариъ султандыкты үммөткө берип, халифаны тикелөөнү мусулмандар аммасынын акы-укугу кылып койду. Бул укукту бир топко гана, же бир жамаатка гана берип койбоду. Демек, байъат бардык мусулмандардын мойнундагы фарз болот:

«مَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** Бул бардык мусулмандар үчүн умумий. Ошондуктан, халифаны тикелөө укугу ахли хал вал акддыкы эле эмес. О.э. ал белгилүү бир адамдардын гана укугу да эмес. Тескерисинче, ал эч истиснасыз бардык мусулмандардын укугу. Ал тургай, ал фажир жана мунафыктардын да укугу, эгер алар балагатка жеткен мусулмандар болушса. Себеби, насстар умумий келген. Балагатка жетпеген баланын байъатын четке кагуудан башка бул насстарды хостоп коё турган эч бир далил келбеген. Демек, бул насстар умумий болуп кала берет.

Бирок, бардык мусулмандардын бул укукту өз акылары болгону үчүн түздөн-түз ишке ашыруулары шарт эмес. Себеби, ал мейли аларга фарз болсо да – анткени байъат фарз – бирок, ал фарзи айн эмес, фарзи кифая болуп эсептелет. Ошондуктан, аны айрымдары ишке ашырса, калгандарынан сакыт болот. Бирок, ошондой болсо да, бардык мусулмандарга халифаны тикелөөдөгү өз акы-укуктарынан түздөн-түз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жаратып берүү керек. Алар бул укуктан

пайдаланышабы же жокпу, буга карабастан, аларга ушундай мүмкүнчүлүк берилиши важиб. Т.а. ар бир мусулман халифаны тикелөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Аларга толук мүмкүнчүлүк берилиши керек. Демек, маселе бардык мусулмандардын бул фарзды иш жүзүндө аткарышы эмес, балким, мусулмандарга Алла мойнуна жүктөгөн халифаны тикелөө фарзын толук аткаруу мүмкүнчүлүгүн берүү. Бул фарзды моюндарынан сакыт кыла турган деңгээлде аткаруу мүмкүнчүлүгүн берүү. Себеби, Алла жүктөгөн фарз бардык мусулмандардын халифаны тикелөөсү эмес, мусулмандардын ыраазылыгы менен халифанын тикелениши. Мындан эки иш келип чыгат. Биринчиси: Бардык мусулмандардын бул тикеленүүгө ыраазы болушу. Экинчиси: Мусулмандарга мүмкүнчүлүк берилсе да, бирок, бардык мусулмандардын бул тикелөөгө ыраазы болбошу.

Биринчи ишке токтоло турган болсок, халифаны тикелей турган адамдардын белгилүү бир санда болушу шарт эмес, ар кандай сандагы адамдар халифага байъат берсе жана бул байъатта мусулмандардын сүкүт кылуулары менен же халифага ага берилген байъат негизинде итаат кылууга киришүүлөрү менен алардын ыраазылыгы алынса, же алардын ыраазылыгына далалат кыла турган ар кандай нерсе менен алардын ыраазылыгы билинсе, тикеленген халифа бардык мусулмандардын халифасы болуп калат. Мейли, аны беш эле адам тикелеген болсо да, ал шаръий халифа болот. Себеби, ушул беш адам менен халифаны тикелөөнү ишке ашыруудагы көпчүлүк пайда болот жана мусулмандардын сүкүт кылышы менен, итаатка шашылуусу менен же ушул сыяктуу нерселер аркылуу алардын ыраазылыктары алынган болот. Болгону, бул нерсе толук ыктыяр жана өз райын билдирүүгө толук мүмкүнчүлүк берүү аркылуу ишке ашуусу шарт. Эгерде бардык мусулмандардын ыраазылыгын алууга жетишилбесе, андайда халифа тикеленбейт. Качан гана бир жамаат халифаны тикелеп, мында мусулмандар аммасынын т.а. алардын көпчүлүгүнүн ыраазылыгын алууга жетишишсе гана халифа тикеленет. Бул жамааттагы адамдардын саны канча болушунун мааниси жок. Ушундан келип чыгып, айрым факихтер: «Халифаны тикелөө ахли хал вал акддын ага байъат бериши менен ишке ашат», - деп пикир билдиришкен. Себеби, алар

ахли хал вал акдды жамаат деп эсептешет. Бул жамааттын халифалык келишими түзүлүшү шарттарына жооп бере турган ар кандай кишиге байъат бериши менен мусулмандардын ыраазылыгы пайда болот. Ушуга ылайык, демек, ахли хал вал акддын байъаты халифаны тикелөө жараяны ишке аша турган байъат болуп, халифанын шаръий тикелениши үчүн мусулмандар байъатынын бар болушу шарт эмес, балким, ахли хал вал акддын байъаты мусулмандардын мына ушул байъатка ыраазылыгы алынганына далалат кылуучу бир белги болуп эсептелет. Себеби, ахли хал вал акд мусулмандардын өкүлдөрү болуп эсептелишет. Ошондуктан, мусулмандардын халифага берилген байъатка ыраазылыгы алынганына далалат кыла турган ар кандай белги аркылуу халифаны тикелөө ишке ашат жана анын ушул белги аркылуу тикелениши шаръий тикеленүү болот.

Ушуга ылайык, демек, шаръий өкүм: бир нече киши чогулуп халифаны тикелеши жана аны тикелөөдө мусулмандардын буга ыраазылыгы кандайдыр бир белги менен көрүнүшү. Бул иш ахли хал вал акддын көпчүлүгү байъат бериши менен ишке ашабы, же мусулмандар өкүлдөрүнүн көпчүлүгүн ахли хал вал акд уюштуруусу менен болобу, же алардын берген байъатына мусулмандардын сүкүт сакташы менен болобу, же мына ушул байъатка ылайык мусулмандардын итаат кылууга шашылуулары менен болобу, же васиталардан кандайдыр бир васита менен болобу, мунун айырмасы жок. Ырасында, мусулмандарга өз рай-пикирлерин билдирүүгө толук мүмкүнчүлүк берилген соң, мунун айырмасы жок. Алардын ахли хал вал акд экендиктери да, төрт же төрт жүз, же андан да көп же аз болушу да, борбордун калкы же региондордун калкы болушу да шаръий өкүмдөн эмес. Шаръий өкүм: алар берген байъатта мусулмандар аммасынын ыраазылыгы кандайдыр бир белги менен көрүнүп турушу, мусулмандарга өз рай-пикирлерин билдирүүгө толук мүмкүнчүлүк берип, алардын ыраазылыгы алынганы кандайдыр бир белги менен көрүнүп турушу.

Бардык мусулмандар деп айтылганда Исламий Мамлекетке моюн сунган өлкөлөрдө жашаган мусулмандар назарда тутулат. Т.а. Халифалык бар болуп келе жаткан болсо, халифанын мурдагы жарандары болгон мусулмандар назарда тутулат. Же

эгер Исламий мамлекетти тикелей элек болушса жана аны тикелеп исламий турмушту кайрадан башташса, ушул мамлекетти тикелеп халифалык келишимин түзгөн мусулмандар назарда тутулат. Ал эми мусулмандардан башкалардын байъат бериши да жана ыраазы болушу да шарт эмес. Себеби, алар же Ислам бийлигине каршы чыгышат же куфр диярында жашап Ислам диярына кошулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушпайт. Бул эки тайпанын да инъикод байъатын берүүгө акысы жок, болгону итаат байъатын бериши керек. Себеби, Ислам салтанатына каршы чыгуучуларга багийлик өкүмү берилет. Куфр диярында жашай тургандарга келсек, алар менен Ислам салтанатынын тикелениши ишке ашпайт, анткени, алар аны иш жүзүндө тикелей алышпайт же анын курамына Кире алышпайт. Ушуга ылайык, демек, инъикод байъатын берүү укугуна ээ болгон жана халифанын тикелениши шаръий болушу үчүн ыраазылыгы алынышы шарт болгон мусулмандар Ислам салтанатын иш жүзүндө тикелей турган адамдар болуп эсептелишет. «Бул сөз аклий талкуу болуп эсептелет, бул жерде ага эч кандай шаръий далил жок», - деп айтылбайт. Мындай деп айтылбайт. Себеби, ал өкүмдүн өзү жөнүндө эмес, өкүмдүн манаты жөнүндөгү талкуу болуп эсептелет. Ошондуктан, ага эч бир шаръий далил келтирилбейт. Тескерисинче, ал өз акыйкатынын баяны менен келет. Мисалы, өлүмтүктү жеш арам. Бул шаръий өкүм. Өлүмтүк эмне экендигин үйрөнүп аныктоо болсо өкүмдүн манаты болот т.а. өкүм тиешелүү  боло турган тема. Дагы мисал, мусулмандардын халифаны тикелөөсү шаръий өкүм. Бул тикелөөнүн ыраазылык жана ыктыяр менен болушу да шаръий өкүм. Далил мына ушуга келтирилет. Ал эми бул тикелөөнү ишке ашыра турган мусулмандар ким экендигине жана ыраазылык менен ыктыяр көрүнө турган иш эмне экендигине келсек, бул өкүмдүн манаты болот т.а. муалажасы (чечүү-дабалоо) үчүн өкүм келген тема. Ага шаръий өкүмдүн туура келиши болсо, ал жөнүндөгү шаръий өкүмдү жүзөгө чыга турган кылып коюучу нерсе. Ушуга ылайык, мына ушул нерсе т.а. акыйкатын шаръий өкүм баян кылып келген мына ушул нерсе талкуу кылынат.

«Өкүмдүн манаты өкүмдүн иллети болуп эсептелет, ошондуктан, анын бирер шаръий далили болушу керек», - деп

айтылбайт. Себеби, өкүмдүн манаты өкүмдүн иллетинен башка нерсе. Бул жерде иллет менен манаттын ортосунда өтө чоң айырма бар. Себеби, иллет өкүмгө баис (б.а. себеп) болгон нерсе жана анын албетте бир шаръий далили болушу керек. Ал эми, өкүмдүн манаты – бул өкүм алып келген тема т.а. өкүм туура келе турган маселе, өкүмдүн далили да, анын иллети да эмес. Анын өкүм манаты болушунун мааниси, анын өкүм тиешелүү болгон нерсе экендиги. Т.а. анын муалажасы үчүн өкүм келтирилген. Бирок, ал өкүмдү келтирүүгө баис болгон эмес. Ошондуктан, аны өкүм иллети деп айтууга негиз жок. Себеби, өкүм манаты шаръий өкүмдөгү наклийликтен башка болгон тарап жана аны үйрөнүп акыйкатын аныктоо иллеттин акыйкатын үйрөнүп аныктоодон башка нерсе. Себеби, иллеттин акыйкатын үйрөнүп аныктоо иллеттеп келген нассты түшүнүүгө тиешелүү болот. Бул болсо, наклиятты (накл кылынган нерселерди) түшүнүү болуп, ал манат эмес. Манат наклияттардан башка нерсе. Манат дегенде шаръий өкүм колдонула турган вакиълик назарда тутулат. Мисалы, хамр (мас кылуучу ичимдик) арам десеңиз, мында шаръий өкүм хамрдын арамдыгы. Белгилүү бир ичимдикке арам же арам эмес деген өкүм берилиши үчүн ошол ичимдиктин хамр экендигин же хамр эместигин текшерип аныктоо манаттын акыйкатын текшерип аныктоо болуп эсептелет. Демек, ичимдикти арам деп айтуу үчүн анын хамр экендигин же андай эместигин текшерип көрүү зарыл болот. Хамрдын акыйкатын мына ушундай текшерип үйрөнүү манаттын акыйкатын үйрөнүү болот. Дагы мисал, даарат кылуу жайиз боло турган суу мутлак суу деп айтсаңыз, мында шаръий өкүм мутлак суунун даарат алуу жайиз боло турган суу экендиги. Сууга андан даарат алуу жайиз болот деп өкүм берүү үчүн анын мутлак суу экендигин же мындай эместигин аныктоо манаттын акыйкатын үйрөнүп аныктоо болот. Демек, суунун мутлак экендигин же андай эместигин текшерип көрүүгө туура келет. Мына ошондо андан даарат алуу жайиз деп айтууга негиз болот. Суунун акыйкатын үйрөнүү үчүн болгон бул текшерип көрүү манаттын акыйкатын текшерип үйрөнүү болуп эсептелет. Дагы бир мисал, даараты бузулган адам намазга даарат алышы важиб деп айтсаңыз, ошол адамдын даараты бар же жок экендигин аныктоо манаттын акыйкатын аныктоо болот ж.б.у.с. Шатибий

«Мувафакат»та мындай деген: «Бул жана буга окшогон мавзулар (тема) манатты дайын кылууну талап кыла турган нерселерден болуп, алар тууралуу ар бир назил боло турган нерсеге карата вакиънин ылайык келишине далил алуу зарыл». Ал дагы мындай дейт: «Кээде ижтихад манаттын акыйкатын аныктоого тиешелүү болот. Мында Шариъ максаттары жөнүндөгү илимге муктаж болунбайт. О.э. арабий илимди билүүгө да муктаж болбойбуз. Себеби, бул ижтихаддан максат, маселени кандай болсо ошондой билүү. Анда ушул маселени билүүгө жардам бере турган илимге муктаж болунат. Демек, мужтахид маселени билүү жагынан билимдүү жана мужтахид болушу керек. Себеби, ал шаръий өкүм мына ушул вакиъге ылайык келиши үчүн вакиъни үйрөнүп чыгышы керек».

Демек, иллеттин акыйкатын үйрөнүп аныктоо иллеттеп келген насссты түшүнүүгө тиешелүү болот. Бул болсо, наклиятты түшүнүү болуп, ал манат эмес. Манат наклияттардан башка нерсе. Манат дегенде шаръий өкүм колдонула турган вакиълик назарда тутулат. Мисалы, хамр арам десеңиз, мында нерсенин (ичимдиктин) хамр экендигин же хамр эместигин текшерип аныктоо манат акыйкатын аныктоо болот. Дагы бир мисал, даарат алуу жайиз боло турган суу мутлак суу деп айтсаңыз, мында суунун мутлак экендигин же андай эместигин аныктоо да манат акыйкатын аныктоо болот. Дагы бир мисал, даараты бузулган адам намазга даарат алышы важиб деп айтылса, ошол адамдын даараты бар же жок экендигин аныктоо да манат акыйкатын аныктоо болот. Демек, манат акыйкатын аныктоо өкүмдүн мавзусу болгон нерсенин акыйкатын аныктоо болот. Ошондуктан, манат акыйкатын текшерип үйрөнгөн кишинин мужтахид же мусулман болушу шарт эмес, балким, нерсени билүүчү аалым болушу жетиштүү. Ошондон келип чыгып, байъаттары ыраазылыкка далалат кылуучу боло турган мусулмандар ким экендиги жөнүндөгү талкуу манат акыйкатын аныктоо жөнүндөгү талкуу болду.

Бул биринчи маселе жагынан. Эми экинчи маселеге т.а. бүгүнкү күндө шайлоолордо болуп жаткан жашыруун добуш берүүгө, добуш берүү кутуларын орнотууга, добуштарды эсептөөгө жана ушуга окшогон иштерге токтоло турган болсок – булардын баары ыраазылык менен шайлоону ишке ашыруу услубдары болуп эсептелет. Ошондуктан, бул услубдар шаръий

өкүм астына да, муалажасы үчүн өкүм келген маселе болгон шаръий өкүмдүн манаты түркүмүнө да кирбейт. Себеби, бул услубдар шаръий өкүм дал келишине далалат кыла турган далили болушу керек болгон пенделердин иштери түркүмүнө кирбейт, алар пенделердин иштерине тиешелүү услубдар болуп эсептелет. Пенденин феъли (иш-аракети) рай-пикир билдирүүгө толук мүмкүнчүлүк берилген шартта ыраазылык менен халифаны тикелөө болуп, ага тиешелүү шаръий өкүм т.а. ага тиешелүү Шариънин хитабы келген. Демек, бул услубдарды же башкасын тандоо мусулмандардын өз ыктыярында. Халифаны өз ыраазылыктары жана ыктыярлары менен тикелөөгө мүмкүнчүлүк жарата турган ар кандай услубдан пайдалануу жайиз. Эгерде бул услубдун арам экендигине далалат кылуучу бирер шаръий далил келбеген болсо, аны колдонуу жайиз болот. «Бул услуб пенденин феъли, демек, ал шаръий өкүмгө ылайык аткарылышы керек, ошондуктан, анын өкүмүнө далалат кыла турган бир далил болушу зарыл», - деп айтылбайт. Себеби, шаръий өкүмгө ылайык аткарылышы важиб болгон жана өкүмүнө далалат кыла турган бир далил болушу албетте зарыл болгон пенденин феъли асл деп этибар кылына турган же феълдин фаръы (экинчи даражалуу бөлүгү) деп этибар кылына турган феъл болуп, анын аслине тиешелүү умумий далил келбестен, балким, аслинин далили хос болуп келген болот. Буга намазды мисал кылып келтирүүгө болот. Себеби, намаздын далили аны өтөөгө хос болуп, андагы бардык феълдерди өз ичине албайт. Ал эми феълдин фаръы болгон феълге келсек, анын аслин аткарууга тиешелүү умумий далил келген болот. Мына ошол умумий далил феъл аслин аткарууга алып бара турган бардык фаръий феълдерди мубах кылып коёт. Фаръий феълди арам деп айтуу үчүн далил керек. Ошондой далил болсо гана ал мубахтык өкүмүнөн чыгат. Бардык услубдар тең дал ушундай. Мына бул шайлоолор маселесиндеги асл феъл – халифаны ыраазылык жана ыктыяр менен тикелөө. Мындан келип чыга турган добуш берүү, добуш берүү кутуларын орнотуу, добуштарды эсептөө жана ушул сыяктуу фаръий иштер болсо асл өкүмдүн астына кирет жана башка далилге муктаж болбойт. Аларды арам деп айтуу үчүн бир далил керек. Бардык услубдар ушундай болот. Ал эми васителарга келсек, алар

куралдар болуп эсептелет. Мисалы, бюллетендер салына турган шайлоо кутулары сыяктуу. Васиталар феълдер өкүмүн эмес, нерселер өкүмүн алат жана аларга «нерселердеги асл – эгерде арам экендигине далил келбесе – мубахтык болот» деген коида туура келет. Тарыйкат менен услуб ортосундагы айырма мындай, тарыйкат асл болот же аслдин фаръы деп этибар кылына турган, аслине тиешелүү умумий далил келбестен, аслинин далили хос болуп келген феъл. Услуб болсо бир феълдин фаръы боло турган феъл болуп, аслине тиешелүү умумий далил келген болот. Ушундан келип чыгып, тарыйкат бир шаръий далилге таянган болушу керек. Себеби, тарыйкат – бул шаръий өкүм. Ошондуктан, тарыйкатка катуу амал кылынышы керек жана анда мусулман ыктыярдуу болбойт. Ырасында, тарыйкаттын өкүмү мубахтык болбогон соң, ага катуу амал кылуу керек жана анда мусулман ыктыярдуу болбойт. Услуб болсо мунун тескериси. Себеби, услуб бир шаръий далилге таянбайт, ага анын аслинин өкүмү колдонулат. Ошондуктан, белгилүү бир услубга катуу амал кылуу зарыл эмес, мейли, аны Расулулла с.а.в кылган болсо да. Мусулман адам бардык услубду колдонушу мүмкүн. Ырас, услуб ишти аткарууга алып барган соң жана анын бир фаръы болгон соң, мусулман аны колдонушу мүмкүн. Ошондуктан да «услубду иштин түрү белгилейт» деп айтылган.

## Шарият халифалыкка белгилүү бир адамды дайындаган эмес

Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифа боло турган белгилүү бир адамды дайындаган, - деген сөз шарият насстарына тескери келет. Расулулла с.а.в өзүнөн кийин кыяматка чейин халифа боло турган адамдарды дайындап кеткен, - деген сөз да Ислам насстарына бүтүндөй тескери.

Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифалыкка бир адамды дайындаган, - деген сөз төмөнкү бир нече жакка ылайык батыл болот:

Биринчиден: Бул сөз байъатка тескери келет. Себеби, адамды дайындап коюу «мусулмандарга өздөрүнө ким халифа болушун билдирип коюу» дегени. Бул аркылуу халифанын ким экендиги белгилүү болуп калат. Демек, байъаттын шаръий өкүм болуп колдонулушуна муктаждык калбайт. Себеби, байъат – бул халифаны тикелөө тарыйкаты. Эми эгер халифанын ким экендиги алдын ала дайындап коюлган болсо, аны тикелөө тарыйкатын баян кылууга муктаждык калбайт. Себеби, халифа иш жүзүндө тикеленип бүткөн болот. Байъат мына ушул халифага итаат ахдын берүү деп айтылбайт. Себеби, шариятта халифага жана башчыларга итаат кылуу жөнүндө келген насстар байъат нассынан башка. Себеби, итаат мусулмандардан ачык талап кылынган болсо, байъат итаат деген этибарда эмес, башкача көрүнүштө талап кылынган. Мейли, байъаттын мазмуну итаат маанисин өз ичине алса да, бирок, ал халифалык келишими деген этибарда талап кылынган. Байъат жөнүндө варид болгон бардык хадистерде анын мааниси байъат бериле турган кишиге жетекчиликти берүү о.э. мына ушул жетекчиликке моюн сунууга даярдык болуп эсептелет. Анын мааниси итааттын өзү эле эмес. Демек, халифа тикелениши үчүн байъаттын шарт экендиги «Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифа боло турган адамды дайындаган» деген сөзгө тескери келет. Сахих хадистерде келген байъат лафздары умумий келген болуп, белгилүү бир адамдарга хостолбогон жана мутлак келип, эч кандай кайд менен мукайяд болбогон. Эгер бул лафздар белгилүү бир адамга бериле турган байъат маанисин түшүндүргөндө, умумий жана мутлак болуп келбейт эле. Хадистердин лафздары төмөнкүлөр:

«مَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ»

**«Кимде-ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө...»**,

«وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا»

**«Ким бир имамга байъат берсе...»**,

«وَرَجُلٌ بَايَعَ إِمَامًا»

**«Бир имамга байъат берген киши...»**. Демек, «Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифа боло турган белгилүү бир адамды көрсөтүп кеткен» деген сөздү байъаттын умумий жана мутлак лафздарда келгендиги бекер кылып, батылга чыгарат. Бул нерсе байъат халифа тикелөөнүн дал өзү экендигин түшүндүрөт. Акыйкатта болсо, халифаны тикелөө башка, байъат башка. Себеби, алгач халифа тикелениши керек, ошондон кийин байъат берилет, - деп айтылбайт. Себеби, байъаттын халифаны тикелөө тарыйкаты экендиги анын аны тикелөөнүн дал өзү экендигин түшүндүрбөйт. Алгач халифа тикелениши керек, анын тикеленгени билингенден кийин байъат берилет, - деп айтылбайт. Мындай деп айтуу туура эмес. Себеби, мындай деп айтуу «бул жерде халифа тикелөөнүн башка тарыйкаты бар, байъат болсо итаат ахдын берүү болуп эсептелет» деген маанини түшүндүрөт. Акыйкатта болсо, байъат жөнүндөгү бардык хадистер халифаны тикелөө тарыйкаты байъат экендигине далалат кылат. Ошондуктан, бул жерде байъаттан башка тарыйкат жок. Пайгамбарыбыз с.а.вдын:

«مَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ»

**«Ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө...»**, - деген сөздөрүнө көңүл буруңуз. Бул хадисте «бирөө өлсө, анын үстүнө бир имам байъат менен тикеленбеген болсо» деген маани ачык-айкын түшүнүлүп турат. Бул хадис «кимде-ким бир имамга итаат кылбаган абалда өлсө» деген маанини билдирген жок. Бул болсо, хадистеги халифаны тикелөө тарыйкаты байъат экенине далалат кылат жана итааттын өзүн гана түшүндүрбөйт. Дагы бир мисал, Пайгамбарыбыз с.а.вдын:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгерде эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө»**, - деген хадисин алып көрөлү. Бул

хадистен «эгер эки халифа тикеленсе, алардын экинчисин өлтүргүлө» деген маани ачык түшүнүлүп турат. Байъат жөнүндөгү бардык хадистерде халифаны тикелөө тарыйкаты байъат экендиги так ушундай көрүнүштө ачык түшүнүлөт. Себеби, байъат жөнүндөгү хадистер байъаттын итаат маанисин гана түшүндүрбөшүнө, анын мааниси халифаны тикелөө тарыйкаты экендигине, ошону менен бирге, тикеленген халифага моюн сунуу маанисин да түшүндүрүшүнө далалат кылат. Мунун үстүнө Расулулла с.а.вдан халифаны тикелөөнүн байъаттан башка тарыйкаты бар экендигин баян кыла турган эч кандай сахих хадис риваят кылынган эмес жана мындай хадис бар экендиги эч качан билинген эмес.

Экинчиден: Расулулла с.а.вдан варид болгон бир нече хадистер халифалыкты талашып адамдар ортосунда чатак болушуна, ал үчүн атаандаша тургандыктарына далалат кылат. Демек, эгер белгилүү бир адамдын халифа болушу жөнүндө Расулулла с.а.вдан бирер насс варид болгондо, бул жерде эч бир чатак болбойт эле. Же Пайгамбарыбыз с.а.в «бир нече адамдар мына ушул адамдан талашат» деп албетте көрсөтүп кеткен болот эле. Бирок, насстар адамдардын бири-бири менен чатакташа тургандыктарын баян кылып келди жана халифалык темасындагы бул чатакты бир жаңсыл кылуунун тарыйкатын көрсөтүп берди. Мисалы, Муслим сахихинде риваят кылып мындай деди: Мага Вахб ибн Бакийя ал-Васитий хадис риваят кылды, бизге Холид ибн Абдулла ал-Жаририй Абу Назрадан, ал Абу Саид Худрийден мындай дегенин риваят кылды, Расулулла с.а.в:

«إِذَا بُوِيعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгерде эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө»**, - деген. Муслим сахихинде Зухайр ибн Харб жана Исхак ибн Иброхим аркылуу Жарирдин Аъмаштан, ал Зайд ибн Вахбдан, ал Абдуррахман ибн Абдуроббил Каъбадан мындай дегенин риваят кылды: Мечитке кирсем Абдулла ибн Амр ибн Асс Каъбанын көлөкөсүндө отурган экен. Анын айланасына адамдар чогулуптур. Мен да келип отурдум. Ал мындай деди: Биз Расулулла с.а.в менен бирге сапарда элек. Бир жерге түштүк. Ошондо кокустан Расулулла с.а.вдын жарчысы «ас-Солату жамиъа» (намаз жамдоочу) деп чакырды.

Биз Расулулла с.а.вдын айланасына чогулдук. Пайгамбарыбыз с.а.в:

«إِنَّهُ لَمْ يَكُنْ نَبِيٌّ قَبْلِي إِلاَّ كَانَ حَقًّا عَلَيْهِ أَنْ يَدُلَّ أُمَّتَهُ عَلَى خَيْرِ مَا يَعْلَمُهُ لَهُمْ وَيُنْذِرَهُمْ شَرَّ مَا يَعْلَمُهُ لَهُمْ إِلَى أَنْ قَالَ: وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

**«Менден мурда кайсы пайгамбар өткөн болсо, үммөтүнө өзү билген жакшылыкты көрсөтүшү жана өзү билген жамандыктан эскертиши мойнундагы хак эле»**, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в көп нерселер жөнүндө сүйлөп, андан кийин: **«Кимде-ким бир имам менен байъатташып, ага колун жана жүрөгүн берсе, колунан келишинче ага итаат кылсын. Эгер башка бирөөсү келип, андан имамдыкты талашса, анын мойнуна ургула»**,- деди. Муслим сахихинде риваят кылып мындай деди: Бизге Мухаммад ибн Башшар, бизге Мухаммад ибн Жаъфар, бизге Шуъба Фурот ал-Каззоздон, ал Абу Хозимден мындай дегенин риваят кылды: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум. Андан Набий с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ، قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ»

**«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөт эле. Качан бир пайгамбар өлсө артынан башка бир пайгамбар келет эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетишет. Ошондо**: Бизди эмнеге буюрасыз? – деп сурашкан эле: **биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла»**, - деп жооп берди. Муслим сахихинде риваят кылып дагы мындай деген: Мага Усман ибн Абу Шайба мындай деди: Бизге Юнус ибн Абу Яъфур атасынан, ал болсо Арфажадан мындай дегенин риваят кылды: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ فَاقْتُلُوهُ»

**«Кимде-ким ишиңер бир кишиде жамдалып турган кезде келип биримдигиңерди бузмакчы же жамаатыңарды бөлүп таштамакчы болсо, аны өлтүргүлө»**. Мунун мааниси мындай,

халифалык бардык мусулмандардын акысы жана ал үчүн өз ара атаандашуу ар бир мусулмандын укугу. Бул болсо, Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифа боло турган белгилүү бир адамды дайындап койгон деген сөзгө тескери келет.

Үчүнчүдөн: Халифа маанисиндеги «имам» сөзү келген хадистерде бул сөз накра[1] келген. Маърифа келген кезде болсо же алиф-лам жинс менен маърифа болуп келген же жамъ (көптүк) лафзына изофа болуп маърифа болуп келген. Бул сөз алиф-лам менен маърифа болуп келген орундарда бул алиф-ламдын жинс экендигин жумла (сүйлөм) агымы көрсөтөт. Мисалы, Расулулла с.а.в мындай деди: «قَامَ إِلَى إِمَامٍ جَائِرٍ», «وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا», «فَالإِمَامُ الَّذِي عَلَى النَّاسِ رَاعٍ وَهُوَ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ», дагы: «يَكُونُ بَعْدِي أَئِمَّةٌ», «إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ» деди, жана дагы: «لأَئِمَّةِ الْمُسْلِمِينَ», «خِيَارُ أَئِمَّتِكُمْ», «شِرَارُ أَئِمَّتِكُمْ» деди. Булардын баары кимдин халифа болушун Расулулла с.а.в белгисиз бойдон калтырганына жана аны дайындабаганына далалат кылат. Расулулла с.а.вдын халифалыкка белгилүү бир адамды дайындабагандыгы, тескерисинче, аны бардык мусулмандардын акысы кылып койгондугу мунун далалатынан ачык көрүнүп турат. Буга айрым насстарда ушул сөз жамъ сийгасында келгендигин кошумча кыла турган болсок, бул да белгилүү бир адамдын имам-халифа болушун четке кагуудагы дагы бир насс болот.

Төртүнчүдөн: Сахабалар – алардан Алла ыраазы болсун – өздөрүнөн кайсы адамдын халифа болушу тууралуу ихтилаф кылып талашып-тартышышкан. Бул болсо, Расулулла с.а.в халифалыкка белгилүү бир адамды дайындабаганына далалат кылат. Сахабалар кимдин халифа болушу жөнүндө талашып-тартышкан адамдардын аттары арасында Расулулла с.а.в халифа болушун көрсөтүп кеткен деп айтыла турган адамдар т.а. Абу Бакр жана Али да бар эле. Сахабалар талашып-

---

[1] Накра – анык эмес, мисалы, үй, маърифа – анык, белгилүү, мисалы, базардын жанындагы үй, изофа - нерсени же адамды бирер нерсе же адамга нисбат берүү, мисалы, Зайддын үйү же Зайддын уулу же үйдүн эшиги.

тартышып жатышып, алардын бири да Расулулла с.а.в баланчанын халифа болушун көрсөтүп кеткен деп хужжат келтирбеген. Сахабалардын эч бири кайсы бир адамдардын халифа болушу жөнүндө насс бар деп таптакыр хужжат келтирген эмес. Эгер бирер насс болгондо албетте аны хужжат кылып келтиришет болчу. Демек, алардын эч кандай нассты хужжат кылып келтирбегендиктери халифалыкка белгилүү бир адамдын дайындалгандыгы жөнүндө эч бир насс жок экендигин түшүндүрөт. «Ушундай насс бар болгон, бирок, сахабалардын андан кабары болбогон жана бар экендиги алардан кийин билинген», - деп айтылбайт. Мындай деп айтуу туура эмес. Себеби, биз динибизди сахабалардан алдык. Себеби, Куранды бизге алар накл кылышты, хадисти да бизге алар риваят кылышты. Ошондуктан, эгер насс – ар кандай насс – сахабалардан варид болбосо, эч бир тараптан анын этибары болбойт. Ошондуктан, биз сахабалардан эмне келген болсо аны алабыз, эмне алардан келбеген болсо аны четке кагабыз. Расулулла с.а.вдан кийин халифа болуу жөнүндөгү насс маселесинде бардык сахабалардын эч истиснасыз – алардын арасында Абу Бакр менен Али да бар – халифалыкка белгилүү бир адамды дайындоо туурасында эч кандай насс жоктугуна келишкендигин көрөбүз. Алар мындай насс бар экендигин айтышкан эмес. Эгер бар болгондо, албетте аны айтышат болчу. Демек, бул «Расулулла с.а.в бир адамды халифалыкка дайындаган» деген сөздүн батыл экендигине далалат кылат. «Мусулмандар биримдигин сактап калуу үчүн ошол насс айтылбаган» деп айтууга да болбойт. Себеби, бул Алланын өкүмдөрүнүн бирин жашырууну жана ага аябай муктаждык болуп турган кезде аны жеткирбей коюуну түшүндүрөт. Айрыкча, ал мусулмандардын эң чоң иштеринин бири болсо. Расулулла с.а.вдын сахабалары тараптан Алланын динин мындай жашыруу жүз бериши эч бир мүмкүн эмес.

Бешинчиден: Расулулла с.а.вдын эч кимди халифа кылып калтырбаганы жөнүндө ачык насстар варид болгон. Пайгамбарыбыз с.а.в өзүнөн кийин белгилүү бир адамдын халифа болушун көрсөткөн эмес. Бухарий Абдулла ибн Умардан – экөөсүнөн тең Алла ыраазы болсун – мындай дегенин риваят кылды: **Умарга «ордуңузга халифа кылып калтырбайсызбы?» деп айтылганда, ал: «Эгер халифа**

**кылып калтырсам, мага караганда жакшыраак болгон Абу Бакрды ээрчиген боломун. Эгер калтырбасам, мага караганда жакшыраак болгон зат Расулулла с.а.вды ээрчиген боломун», - деген**. Муслим Ибн Умардан Умар ибн Хаттаб р.анун: «Алла Азза ва Жалла өз динин сактайт. Мен эгер халифа кылып калтырбасам, Расулулла с.а.в калтырбаганы үчүн калтырбаймын. Эгер калтырсам, Абу Бакр калтырганы үчүн калтырамын», - дегенин риваят кылды. Бул Расулулла с.а.в халифа кылып калтырбаганын көрсөтүүчү насс. «Бул Умардын райы болчу», - деп айтууга болбойт. Себеби, сахаба эгер: «Расулулла с.а.в мындай кылды жана мындай кылбады десе, же биз Пайгамбарыбыз с.а.в заманында мындай элек же мындай болгон эле» деп айтса, бул сахабанын сөзү эмес, тескерисинче, хужжат кылына турган бир хадис болот. Умар бул сөздү сахабаларга уктуруп, алардын көз алдында айтты, Али р.ага да бул сөз жетти. Умардын бул сөзүнө эч ким каршы чыкпады. Бул болсо, сахабалардын Умар айткан сөзгө кошулгандыгына далалат кылат.

Булар халифалыкка белгилүү бир адамды дайындоо жөнүндө насс варид болбогондугу жагынан келтирилген далилдер. Ал эми бул жерде белгилүү бир адамдын дайындалганы жөнүндө келген насс бар деп айтуучу адамдар келтире турган насстарга токтоло турган болсок, бул насстардын арасында Расулулла с.а.в өзүнөн кийин Абу Бакрды халифа кылып калтырганына далил кылып келтире турган насстар да жана Алини халифа кылып калтырганына далил кылып келтире турган насстар да бар. Ошондуктан, мына ошол насстарды келтирип, алардагы нерселерди баян кылып өтүүгө туура келет:

Расулулла с.а.в Абу Бакрды халифа кылып калтырган деп айтуучу адамдар келтирген насстарга келсек, бул насстар эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктө Расулулла с.а.вдын Абу Бакрды мактагандыгы айтылган о.э. аларда Абу Бакрды халифа кылып калтырганына далалат кыла турган эч нерсе жок. Экинчи бөлүктөн болсо айрымдар «Расулулла с.а.в Абу Бакрды халифа кылып калтырган» деп тыянак чыгарышса, башкалары «Пайгамбарыбыз с.а.в Абу Бакрды халифалыкка талапкер кылып көрсөткөн» деген тыянак чыгарышкан. Расулулла с.а.в Абу Бакрды мактаган биринчи бөлүккө келсек, биз бул

насстардан мисалдарды келтирип, айрымдарын айтып өтөбүз. Алардын эч бири мактоодон башка нерсени түшүндүрбөйт.

Бухарий Абу Саид Худрийден риваят кылат: Набий с.а.в: «إِنَّ مِنْ أَمَنِّ النَّاسِ عَلَيَّ فِي صُحْبَتِهِ وَمَالِهِ أَبَا بَكْرٍ، وَلَوْ كُنْتُ مُتَّخِذًا خَلِيلاً غَيْرَ رَبِّي لاَتَّخَذْتُ أَبَا بَكْرٍ، وَلَكِنْ أُخُوَّةُ الإِسْلاَمِ وَمَوَدَّتُهُ، لاَ يَبْقَيَنَّ فِي الْمَسْجِدِ بَابٌ إِلاَّ سُدَّ، إِلاَّ بَابَ أَبِي بَكْرٍ»

**«Адамдардын арасында мага маегинде жана малында эң көп айкөлдүк көрсөткөн адам Абу Бакр. Эгер Роббимден башка дагы бирөөнү халил** (эң жакын дос) **тутканымда эле, албетте Абу Бакрды халил туткан болот элем. Бирок, Ислам боордоштугу жана достугу** (жетиштүү). **Мечитте Абу Бакрдын эшигинен башка бирер эшикти калтырбастан жаап койгула»**, - деген. Муслим да бул хадисти башкача, бирок, ушуга жакын лафздар менен риваят кылган. Бул хадисте Абу Бакрды халифа кылып калтырган деп айтууга негиз боло турган эч нерсе жок. Анда Пайгамбарыбыз с.а.в Абу Бакрды мактаган. Болгон сөз ушул. Расулулла с.а.в сахабалардын көбүнүн атын айтып мактаган. Мисалы, Умар, Усман, Али, Саъд ибн Абу Ваккос, Талха, Зубайр, Абу Убайда ибн Жаррох, Хасан, Хусайн, Зайд ибн Хориса, Усама ибн Зайд, Абдулла ибн Жаъфар, Хадижа, Аиша, Пайгамбар ﷺдын кызы Фатима, Умму Салама, Билал жана башка сахабалар – бардыгынан Алла ыраазы болсун – макталган хадистер варид болгон. Мактоонун өзү гана халифа кылып калтырууга эч бир тараптан далалат кылбайт.

Эми айрымдар «Абу Бакр халифа кылып калтырылган» деп тыянак чыгарган хадистерге токтоло турган болсок, алар төрт хадис болуп, биз аларды келтирип ар бириндеги нерсени баян кылып өтөбүз. Бул хадистер төмөнкүлөр:

Биринчи: Бухарий Косим ибн Мухаммаддан риваят кылды: «قَالَتْ عَائِشَةُ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهَا: وَارَأْسَاهْ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ، ذَاكِ لَوْ كَانَ وَأَنَا حَيٌّ فَأَسْتَغْفِرُ لَكِ وَأَدْعُو لَكِ، فَقَالَتْ عَائِشَةُ: وَاثُكْلِيَاهْ، وَاللَّهِ إِنِّي لأَظُنُّكَ تُحِبُّ مَوْتِي، وَلَوْ كَانَ ذَاكَ لَظَلَلْتَ آخِرَ يَوْمِكَ مُعَرِّسًا بِبَعْضِ أَزْوَاجِكَ؛ فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ: بَلْ أَنَا وَارَأْسَاهْ، لَقَدْ هَمَمْتُ

أَوْ أَرَدْتُ أَنْ أُرْسِلَ إِلَى أَبِي بَكْرٍ وَابْنِهِ فَأَعْهَدَ أَنْ يَقُولَ الْقَائِلُونَ أَوْ يَتَمَنَّى الْمُتَمَنُّونَ، ثُمَّ قُلْتُ يَأْبَى اللَّهُ وَيَدْفَعُ الْمُؤْمِنُونَ، أَوْ يَدْفَعُ اللَّهُ وَيَأْبَى الْمُؤْمِنُونَ»

**«Аиша: Ой башым, - деди. Расулулла с.а.в муну угуп: Эгер тирүү маалымда өтүп кетсең, сен үчүн истигфар айтамын жана акыңа дуба кыламын, - деди. Аиша: Ой шорум, Аллага ант болсун, өлүшүмдү каалап жатат окшойсуз. Өлүп кетсем өмүрүңүздүн акырына чейин кээ бир аялдарыңыз менен боло берет экенсиз да, - деди. Ошондо Набий с.а.в: Эми менин башым ооруп кетти, Абу Бакр менен анын уулуна адам жөнөтүп, осуят кылмакчымын. Себеби, кимдир бирөөлөр** (мен халифалыкка ылайыктуураакмын деп) **айтып жүрүшпөсүн же кимдир бирөөлөр арзуу кылышпасын, - деди. Андан соң: Алла** (Абу Бакрдан башкасы халифа болушуна) **көнбөйт, момундар да муну четке кагат же Алла муну четке кагат, момундар да буга көнүшпөйт, - деди».** Муслим бул хадисти Аишадан башка лафз менен риваят кылды. Аиша ﵂ айтат, Расулулла с.а.в ооруп жатканда мага:

«ادْعِي لِي أَبَا بَكْرٍ أَبَاكِ وَأَخَاكِ حَتَّى أَكْتُبَ كِتَابًا، فَإِنِّي أَخَافُ أَنْ يَتَمَنَّى مُتَمَنٍّ وَيَقُولُ قَائِلٌ أَنَا أَوْلَى، وَيَأْبَى اللَّهُ وَالْمُؤْمِنُونَ إِلاَّ أَبَا بَكْرٍ»

**«Атаң Абу Бакрды жана агаңды чакырып кел. Бир кат жазып бермекчимин. Себеби, мен бирер үмүттөнүүчүнүн үмүттөнүп калышынан жана бирер кимсе мен ылайыктуураакмын деп айтышынан коркуп жатам. Алла жана момундар болсо Абу Бакрдан башкасына көнбөйт», -** деген.

Экинчи: Бухарий Жубайр ибн Мутъимден риваят кылат:

«أَتَتِ النَّبِيَّ ﷺ امْرَأَةٌ فَكَلَّمَتْهُ فِي شَيْءٍ، فَأَمَرَهَا أَنْ تَرْجِعَ إِلَيْهِ، قَالَتْ يَا رَسُولَ اللَّهِ أَرَأَيْتَ إِنْ جِئْتُ وَلَمْ أَجِدْكَ ـ كَأَنَّهَا تُرِيدُ الْمَوْتَ ـ قَالَ: إِنْ لَمْ تَجِدِينِي فَأْتِي أَبَا بَكْرٍ»

**«Набий с.а.вдын алдына бир аял келип, ал киши менен бир нерсе жөнүндө сүйлөштү. Пайгамбарыбыз с.а.в аны** (башка убакта келип) **кайрылууга буйруду. Аял: Я Расулулла, келгенде сизди таппасамчы, - деди. Ал бул сөзү менен өлүмдү назарда туткандай болду. Пайгамбарыбыз с.а.в: Эгер мени таппасаң Абу Бакрга кайрыл, - деди».** Муслим бул хадисти төмөнкү лафз менен риваят кылды:

«إِنَّ امْرَأَةً سَأَلَتْ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ شَيْئًا، فَأَمَرَهَا أَنْ تَرْجِعَ إِلَيْهِ، فَقَالَتْ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَرَأَيْتَ إِنْ جِئْتُ فَلَمْ أَجِدْكَ ـ قَالَ أَبِي كَأَنَّهَا تَعْنِي الْمَوْتَ ـ قَالَ فَإِنْ لَمْ تَجِدِينِي فَأْتِي أَبَا بَكْرٍ»

**«Бир аял Расулулла с.а.вдан бир нерсе жөнүндө сурады. Пайгамбарыбыз с.а.в аны башка убакта кайрылууга буйруду. Ошондо ал аял: Я Расулулла, келгенде сизди таппасамчы, - деди** (атамдын айтышынча, ал өлүмдү назарда туткандай болду). **Пайгамбарыбыз с.а.в: Эгер мени таппасаң, Абу Бакрдын алдына кел, - деди».**

Үчүнчү: Бухарий момундар энеси Аишадан риваят кылат:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ فِي مَرَضِهِ مُرُوا أَبَا بَكْرٍ يُصَلِّي بِالنَّاسِ، قَالَتْ عَائِشَةُ: قُلْتُ إِنَّ أَبَا بَكْرٍ إِذَا قَامَ فِي مَقَامِكَ لَمْ يُسْمِعِ النَّاسَ مِنَ الْبُكَاءِ فَمُرْ عُمَرَ فَلْيُصَلِّ، فَقَالَ مُرُوا أَبَا بَكْرٍ فَلْيُصَلِّ بِالنَّاسِ. فَقَالَتْ عَائِشَةُ: فَقُلْتُ لِحَفْصَةَ قُولِي إِنَّ أَبَا بَكْرٍ إِذَا قَامَ فِي مَقَامِكَ لَمْ يُسْمِعِ النَّاسَ، فَفَعَلَتْ حَفْصَةُ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: إِنَّكُنَّ صَوَاحِبُ يُوسُفَ، مُرُوا أَبَا بَكْرٍ فَلْيُصَلِّ بِالنَّاسِ، فَقَالَتْ حَفْصَةُ لِعَائِشَةَ: مَا كُنْتُ لأُصِيبَ مِنْكِ خَيْرًا»

**«Расулулла с.а.в ооруп жатканда: Абу Бакрга буйругула, адамдарга намаз окуп берсин, - деди. Мен: Абу Бакр имамдык кылса, ыйлаганынан адамдар укпай калат. Ошондуктан, Умарга буйруңуз, ал намаз окуп берсин, - дедим. Пайгамбарыбыз с.а.в дагы: Абу Бакрга буйругула, адамдарга намаз окуп берсин, - деди. Ошондон кийин мен Хафсага: Эгер Абу Бакр имамдык кылса, адамдар укпай калат деп айтыңыз, - дедим. Хафса ошентти. Расулулла с.а.в: Силер Юсуфтун «айым достору»нун өзүсүңөр, Абу Бакрга буйругула адамдарга намаз окуп берсин, - деди. Хафса муну угуп Аишага: Сенден мага бирер жакшылык жеткен эмес эле өзү, - деди».**

Төртүнчү: Муслим Ибн Абу Мулайкадан мындай дегенин риваят кылат: **Аишадан «Расулулла с.а.в кимди халифа кылып калтырган болор эле?» деп суралганда, ал «Абу Бакрды» деди. «Абу Бакрдан кийинчи?» деп суралганда «Умарды» деди. «Умардан кийинчи?» деп суралганда «Абу Убайда ибн Жаррохту» деди жана ушул жерде сөз токтоду».**

Бул хадистердин баары Расулулла с.а.вдын Абу Бакрды халифа кылып калтырганына далил болууга жарабайт. Биринчи

хадисти ала турган болсок, ал эки себептен улам четке кагылат: Биринчи себеп, Расулулла с.а.в: **«Ниет кылдым же ушундай кылмакчы болдум»**, - деп жатат. Бирок, андай кылбады. Демек, ал далил болбойт. Себеби, далил Расулулла с.а.вдын айткан сөзү, кылган иши жана сүкүтү. Мындан башкасы шаръий далил деп этибар кылынбайт. Экинчи себеп, Аиша Абу Бакрдын кызы. Ошондуктан, эгер бул хадис бар болгондо эле, аны Абу Бакр албетте билген болот эле жана ансарлар өздөрүнөн бирин халифа кылып байъат берүү үчүн чогулушуп талашып-тартышып жатканда ас-Сакифага барып, бул хадисти албетте хужжат кылат болчу.

Экинчи хадиске келсек, ал Абу Бакрды халифа кылып калтырууга далалат кылбайт. Себеби, ошол аял: …сизди таппасамчы, - деди. Чындап эле ал Пайгамбарыбыз с.а.вды бирер казатка кеткени же кандайдыр бир иш менен кетип, жок болгону үчүн таппастыгы мүмкүн эле. Бул хадистеги аялдын: ...сизди таппасамчы, - деген сөзүнөн «өлгөн болсоңузчу» деген маанини назарда тутканына далалат кыла турган эч нерсе жок. Бул хадистеги: «Ал кудум өлүмдү назарда туткандай болду», - деген сөз Жубайрдын сөзү жана анын түшүнгөн нерсеси. Расулулла с.а.вдын бул аялга «мени таппасаң, Абу Бакрдын алдына бар» деп буйруганына келсек, мында Абу Бакрды өзүнөн кийин халифа кылып калтырууга эч кандай далалат жок. Ал аял өлүмдү назарда туткан эле деп алганыбызда да, бул «Пайгамбарыбыз с.а.в мына ушул сөзгө ылайык, Абу Бакрды өзүнөн кийин халифа кылып дайындаган» деген маанини түшүндүрбөйт. Үчүнчү хадиске келсек, анда Пайгамбарыбыз с.а.в намазда өзүнүн ордуна Абу Бакр өтүшүн буйруду, мындан башка сөз жок. Намазда орунбасар болуу башкарууда орунбасар болууга далалат кылбайт. Ал эми алардын: «Расулулла с.а.в Абу Бакрдын диний ишибизге баш болушуна ыраазы болгон экен, биз анын дүйнөбүз ишине баш болушуна ыраазы болбойбузбу?» - деген сөздөрүнө келсек, бул алардын түшүнүгү. Бул түшүнүк ката. Себеби, намаз менен башкаруунун ортосунда өтө чоң айырма бар. Себеби, намазда имам болууга жарай турган ар кандай киши өкүмдө имам болууга жарай бербейт. Кала берсе, бул насс намазга гана хос болуп башкасын өз ичине албайт. Аны намаздан башкасына колдонуу жакшы эмес.

Эми төртүнчү хадиске келсек, ал хадис эсепке алынбайт. Себеби, анын санады бирер нерседе Расулуллага жетип барган эмес. Ал болгону Аишанын гана райы. Сахабанын райы хужжат кылынбайт жана ал шаръий далил болуп эсептелбейт. Ошондуктан, ал четке кагылат. Себеби, ал хадис эмес. Ошол себептен шаръий өкүмдөрдө анын эч бир кыйматы жок.

Булар Абу Бакрды халифа кылып калтырган деп айтуучу адамдар келтире турган хадистер жөнүндө эле. Ал эми Расулулла с.а.в Алини халифа кылып калтырган деп айтуучу адамдар келтире турган хадистерге келсек, алар да үч бөлүктөн турат: Биринчи бөлүктө Расулулла с.а.в саййидибиз Али р.ану мактаган болсо, экинчи бөлүктөн айрымдар Расулулла с.а.в Алини халифа кылып калтырган деген тыянак чыгарышкан, үчүнчү бөлүктө болсо, хужжат келтирүүчүлөрдүн пикиринче, Расулулла с.а.в Алини халифа кылып калтырганы жөнүндө ачык насс келген.

Эми Расулулла с.а.в Алини мактаган биринчи бөлүккө келсек, мисал катары айрым хадистерди келтирип өтөбүз, калгандары да мактоо мааниси алкагынан чыкпайт.

Бухарий Сахл ибн Саъд р.адан төмөнкүнү риваят кылды:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: لأُعْطِيَنَّ الرَّايَةَ غَدًا رَجُلاً يَفْتَحُ اللَّهُ عَلَى يَدَيْهِ، قَالَ: فَبَاتَ النَّاسُ يَدُوكُونَ لَيْلَتَهُمْ أَيُّهُمْ يُعْطَاهَا. فَلَمَّا أَصْبَحَ النَّاسُ غَدَوْا عَلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ كُلُّهُمْ يَرْجُو أَنْ يُعْطَاهَا، فَقَالَ: أَيْنَ عَلِيُّ بْنُ أَبِي طَالِبٍ؟ فَقَالُوا يَشْتَكِي عَيْنَيْهِ يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ فَأَرْسِلُوا إِلَيْهِ فَأْتُونِي بِهِ، فَلَمَّا جَاءَ بَصَقَ فِي عَيْنَيْهِ وَدَعَا لَهُ فَبَرَأَ حَتَّى كَأَنْ لَمْ يَكُنْ بِهِ وَجَعٌ فَأَعْطَاهُ الرَّايَةَ»

**Расулулла с.а.в: «Эртең рояны ушундай бир адамга беремин, Алла анын колунда фатхка жеткирет», - деди. Ошол түндү адамдар роя өздөрүнүн кай бирине берилиши жөнүндө талашып-тартышып таң атырышты. Таң аткан соң адамдар Расулулла с.а.вдын алдына келишти. Бардыгы роя өзүнө берилишинен үмүттөнүп турушту. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в: «Али ибн Абу Талиб кайда?» - деп сурады. Адамдар «Я Расулулла, анын көзү ооруп калыптыр», - дешти. Пайгамбарыбыз с.а.в: «Ага адам жиберип чакырып келгиле», - деди. Али келгенде Пайгамбарыбыз с.а.в анын көзүнө суф-суф кылды жана**

**анын акысына дуба кылды. Ошондо Али айыгып, кудум оорубагандай болуп калды. Андан кийин Пайгамбарыбыз с.а.в ага рояны берди.** Муслим бул хадисти Абу Хурайрадан төмөнкүдөй лафз менен риваят кылды:

**«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ يَوْمَ خَيْبَرَ: لأُعْطِيَنَّ هَذِهِ الرَّايَةَ رَجُلاً يُحِبُّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ، يَفْتَحُ اللَّهُ عَلَى يَدَيْهِ. قَالَ عُمَرُ بْنُ الْخَطَّابِ: مَا أَحْبَبْتُ الإِمَارَةَ إِلاَّ يَوْمَئِذٍ. قَالَ فَتَسَاوَرْتُ لَهَا رَجَاءَ أَنْ أُدْعَى لَهَا، قَالَ: فَدَعَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَلِيَّ بْنَ أَبِي طَالِبٍ فَأَعْطَاهُ إِيَّاهَا»**

**Расулулла с.а.в Хайбар күнүндө: «Албетте, бул рояны Алла жана Расулун жакшы көрө турган бир адамга беремин, Алла анын колу аркылуу фатхка жеткирет», - деди. Умар ибн Хаттаб: «Мен амирликти ошол күнү гана каалаган элем», - дейт.** (Абу Хурайра айтат) **мага берип калар бекен деген үмүттө менде да ага өтө чоң каалоо пайда болду. Расулулла с.а.в Али ибн Абу Талибди чакырып, рояны ага берди».** Бухарий Али р.а манакиби (мактоого татыктуу сыпаттары) жөнүндөгү бөлүмдө риваят кылышынча, Набий с.а.в Алиге:

**«أَنْتَ مِنِّي وَأَنَا مِنْكَ»**

**«Сен мендерсиң жана мен сенденмин», -** деген. Муслим Саъд ибн Абу Ваккостон риваят кылат: «Муавия ибн Абу Суфян Саъдды амир кылып дайындап жатып, ага: Абу Туробду сөгүшүңө эмне тоскоолдук кылат? - деди. Ошондо Саъд: Расулулла с.а.в ага айткан үч нерсени эстегеним үчүн аны эч качан сөкпөймүн. Ошол үч нерсенин бири меники болушу мен үчүн дүйнө байлыктарына караганда жакшыраак. Расулулла с.а.в казаттардын биринде Алини өзүнүн ордуна калтырды. Ошондо Али: Я Расулулла, мени аялдар жана жаш балдар менен калтырасызбы? - деди. Расулулла с.а.в ага:

**«أَمَا تَرْضَى أَنْ تَكُونَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى، إِلاَّ أَنَّهُ لاَ نُبُوَّةَ بَعْدِي»**

**«Харун Мусадан кандай манзилатта** (даражада) **болгон болсо сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби. Болгону, менден кийин пайгамбарлык жок»**, - деди. Мен Пайгамбарыбыз с.а.вдын Хайбар күнүндө:

**«لأُعْطِيَنَّ الرَّايَةَ رَجُلاً يُحِبُّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ وَيُحِبُّهُ اللَّهُ وَرَسُولُهُ.** قَالَ: فَتَطَاوَلْنَا لَهَا فَقَالَ: **ادْعُوا لِي عَلِيًّا، فَأُتِيَ بِهِ أَرْمَدَ، فَبَصَقَ فِي عَيْنَيْهِ وَدَفَعَ الرَّايَةَ إِلَيْهِ، فَفَتَحَ اللَّهُ عَلَيْهِ»**

**«Мен албетте бул рояны Алла жана Расулун жакшы көрө турган, Алла жана Расулу да аны жакшы көрө турган бир кишиге беремин»**, - деп айтканын укканмын. Биз ошондо рояны алууга жан үрөп умтулган элек. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в: **«Мага Алини чакырып келгиле, - деди. Аны чакырып келдик. Анын көзү ооруган экен. Пайгамбарыбыз с.а.в анын көзүнө суф-суф кылды жана рояны ага берди. Алла анын колу менен фатхка жеткирди».** Төмөнкү:

﴿فَقُلۡ تَعَالَوۡاْ نَدۡعُ أَبۡنَآءَنَا وَأَبۡنَآءَكُمۡ﴾

«***Айткын: «Келгиле, уулдарыбызды жана уулдарыңарды чакырып-топтойлу***» [3:61]

- деген аят түшүрүлгөндө Расулулла с.а.в Али, Фатима, Хасан жана Хусайндын акысына дуба кылып:

**«اَللَّهُمَّ هَؤُلاَءِ أَهْلِي»**

**«Аллахым, булар менин ахлим»**, - деген. Муслим Сахл ибн Саъддан риваят кылат: Мединага Марван үй-бүлөсүнөн бир киши валий болуп дайындалды. Ал Сахл ибн Саъдды чакырып, Алини сөгүүгө буйруду. Сахл мындан баш тартты. Ошондо ал Сахлга, эгер буга көнбөсөң «Алла Абу Туробду наалаттасын деп айт» деди. Сахл ага: Али үчүн Абу Туробдон сүйүктүү ысым болгон эмес. Эгер ал тирүү болгондо ушул ысым менен чакырылса, албетте курсант болор эле, - деди. Муну угуп валий Сахлга: Эмне үчүн ал Абу Туроб деп аталды, ошол кыссаны бизге айтып бер, - деди. Сахл мындай деп айтып берди: Расулулла с.а.в Фатиманын үйүнө келип Алини таппай:

**«أَيْنَ ابْنُ عَمِّكِ؟»**

**«Абакеңдин уулу кайда?»**, - деп сурады. Фатима: Ортобузда бир нерсе болгон эле, ал мага ачууланып капа болуп чыгып кетти. Күндүзү менин алдымда дем алган жок, - деп жооп берди. Ошондо Расулулла бир кишиге:

**«اُنْظُرْ أَيْنَ هُوَ»**

**«Карачы, ал кайда болду экен»**, - деди эле, ал барып билип келип: Я Расулулла ал мечитте уктап жатыптыр, - деди. Расулулла с.а.в келгенде ал уктап жаткан экен, чапанынын бир тарабы жерге түшүп ага топурак тийген эле. Расулулла с.а.в андан топуракты аарчып:

«قُمْ أَبَا التُّرَابِ قُمْ أَبَا التُّرابِ»

**«Тур Абу Туроб, тур Абу Туроб»**, - деди. Муслим Адий ибн Сабиттен, ал болсо Зиррден мындай дегенин риваят кылды. Али: «**Данды жарган жана жанзатты жоктон бар кылган Затка ант болсун, Набий с.а.в мени момун гана жакшы көрүшүн, мени мунафык гана жаман көрүшүн мага ахд** (убада) **кылды»**, - деген. Бул хадистерде Расулулла с.а.в Алини өзүнөн кийин халифа кылып калтырган деп айтууга негиз боло турган эч нерсе жок. Мисалы, Хайбар күнүнө тиешелүү хадисте Расулулла Алини мактаган. Расулулланын Алиге: «**Сен менденсиң жана мен сенденмин»**, - деп айткан сөздөрү Пайгамбарыбыз с.а.в тараптан Алини мактоо болуп эсептелет. Саъддын Али жөнүндө: «**Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби»**, - деп риваят кылынган хадисине келсек, бул тууралуу ушул темага тиешелүү хадистерден экинчи бөлүктө сөз келет. Али жөнүндөгү Хайбар күнүнө тиешелүү хадис мактоо болуп эсептелет. Пайгамбарыбыз с.а.вдын «Али, Фатима, Хасан жана Хусайн менин ахлим» деген хадис да мактоо, Сахл ибн Саъддын хадиси да мактоо болуп эсептелет. Расулулла с.а.в саййидибиз Алини мактаган болсо, башка сахабаларды да мактаган. Расулулла с.а.вдын бир адамды мактагандыгы аны халифа кылып калтыргандыгына эч бир далалат кылбайт.

Хадистердин экинчи бөлүгүнө келсек, айрымдар алардан «Расулулла с.а.в өзүнөн кийин Алинин халифа болушун көрсөтүп кеткен» деген тыянак чыгарышкан. Бул хадистер кыскача төмөнкү төрт нусустан турат:

1. Бухарий Мусъаб ибн Саъддан, ал болсо атасынан риваят кылды: Расулулла с.а.в Табукка чыкты жана Алини калтырды. Али: Я Расулулла, мени жаш балдар менен аялдардын арасында калтырасызбы? - деди. Расулулла с.а.в ага:

«أَلاَ تَرْضَى أَنْ تَكُونَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى؟ إِلاَّ أَنَّهُ لَيْسَ نَبِيٌّ بَعْدِي»

**«Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби. Болгону, менден кийин пайгамбар болбойт»**, - деди. Муслим Аамир ибн Саъд ибн Абу Ваккостон, ал болсо атасынан мындай дегенин риваят кылды, Расулулла с.а.в Алиге:

«أَنْتَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى إِلاَّ أَنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي»

**«Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен да менден ошондой манзилаттасың. Болгону, менден кийин пайгамбар болбойт»**, - деген. Бухарий жана Муслим Иброхим ибн Саъддан, ал болсо атасынан мындай дегенин риваят кылды, Набий с.а.в Алиге:

«أَمَا تَرْضَى أَنْ تَكُونَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى»

**«Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби»**, - деген. Ибн Исхак риваят кылат, Расулулла с.а.в Али ибн Абу Талиб р.ану өз ахлине (үй-бүлөсүнө) карап туруу үчүн калтырды жана алардын арасында жашап турууга буйруду. Мунафыктар: Анын оордугу тийет деп андан кутулуу үчүн калтырып кетти, - деп ушак таркатышты. Ошондон кийин Али ибн Абу Талиб куралын алып чыгып кетти жана Расулулла с.а.вдын алдына келди. Пайгамбарыбыз с.а.в Журф деген жерге түшкөн болчу. Али: Я Расулуллах, мунафыктардын айтышынча, сиз оордугу тийет деп менден кутулуу үчүн калтырган имишсиз, - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в:

«كَذَبُوا، وَلَكِنَّنِي خَلَفْتُكَ لِمَا تَرَكْتُ وَرَائِي فَارْجِعْ فَاخْلُفْنِي فِي أَهْلِي وَأَهْلِكَ، أَفَلاَ تَرْضَى يَا عَلِيُّ أَنْ تَكُونَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى إِلاَّ أَنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي»

«**Алар жалган айтышыптыр. Бирок, мен сени артымда калтырган адамдарга карап турушуң үчүн калтырган элем. Артыңа кайт. Менин ордума ахлиме жана өзүңдүн ахлиңе карап тур. Эй Али: Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби. Болгону, менден кийин пайгамбар болбойт»**, - деди. Ошондон кийин Али Мединага кайтып кетти. Расулулла с.а.в болсо сапарын улантты. Саййид Абдул Хусайн Шарафуддин Мусавий «ал-Мурожаат» китебинде Жабир ибн Абдулладан риваят кылат, Расулулла с.а.в:

«يَا عَلِيُّ إِنَّهُ يَحِلُّ لَكَ فِي الْمَسْجِدِ مَا يَحِلُّ لِي وَإِنَّكَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى إِلاَّ أَنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي»

**«Эй Али, сага мечитте мага адал болгон нерселер адал болот жана Харун Мусадан кандай манзилатта болгон**

**болсо, сен да менден ошондой манзилаттасың. Болгону, менден кийин пайгамбар болбойт»**, - деген.

2. Муслим Язид ибн Хайяндан мындай дегенин риваят кылды: Мен, Хусайн ибн Сабра жана Умар ибн Маслам үчөөбүз Зайд ибн Аркамдын алдына бардык. Отурганыбыздан кийин Хусайн ага: Эй Зайд, сиз көп жакшылыкка жетишкенсиз. Сиз Расулулла с.а.вды көргөнсүз, ал кишинин хадистерин уккансыз, ал киши менен бирге казатка чыккансыз, ал кишинин артында туруп намаз окугансыз. Чындыгында, сиз көп жакшылыкка жетишкенсиз. Эй Зайд, Расулулла с.а.вдан уккан нерселерден бизге айтып берсеңиз, - деди. Ошондо Зайд: Эй боордошумдун уулу, Аллага ант болсун, мен картайып калдым, Расулулла с.а.вдан уккан кээ бир нерселерди унуттум. Ошондуктан, силерге эмнени айтсам кабыл алгыла, эмнени айтып бере албасам аны мага сунуштабагыла, - деди. Андан соң мындай деп айтып берди: Расулулла с.а.в бир күнү Мекке менен Медина ортосундагы «Хум» деп атала турган суунун жанында бизге хутба кылды. Аллага хамду сана айтты, ваъз жана зикр кылды. Андан кийин:

**«أَمَّا بَعْدُ أَلاَ أَيُّهَا النَّاسُ فَإِنَّمَا أَنَا بَشَرٌ يُوشِكُ أَنْ يَأْتِيَ رَسُولُ رَبِّي فَأُجِيبَ وَأَنَا تَارِكٌ فِيكُمْ ثَقَلَيْنِ، أَوَّلُهُمَا كِتَابُ اللَّهِ فِيهِ الْهُدَى وَالنُّورُ فَخُذُوا بِكِتَابِ اللَّهِ وَاسْتَمْسِكُوا بِهِ. فَحَثَّ عَلَى كِتَابِ اللَّهِ وَرَغَّبَ فِيهِ ثُمَّ قَالَ: وَأَهْلُ بَيْتِي أُذَكِّرُكُمُ اللَّهَ فِي أَهْلِ بَيْتِي، أُذَكِّرُكُمُ اللَّهَ فِي أَهْلِ بَيْتِي، أُذَكِّرُكُمُ اللَّهَ فِي أَهْلِ بَيْتِي»**

**«Амма баъд, эй адамдар, эсиңерде болсун, мен да бир инсанмын. Роббимдин элчиси келип, мени алып кетишине жакын калды. Мен силерге эки кымбат баалуу нерсени калтырып кетип жатамын, биринчиси Алланын Китеби болуп, анда хидаят жана нур бар. Алланын Китебин бекем кармагыла, ага бекем жабышкыла». Пайгамбарыбыз с.а.в Алланын Китебине үндөп, ага чакырды, андан соң мындай деди: «Ахли байтым, мен силерге ахли байтым туурасында Алланы эстетемин, ахли байтым туурасында силерге Алланы эстетемин, ахли байтым туурасында силерге Алланы эстетемин»**, - деди**.** Ошондо Хусайн ага: Эй Зайд, Пайгамбарыбыз с.а.вдын ахли байты кимдер, аялдары эмеспи? - деди. Зайд: Аялдары ахли байты, бирок, Пайгамбарыбыз с.а.вдан кийин садака арам кылынган адамдар да анын ахли

байты болуп эсептелет, - деди. Хусайн: Алар кимдер? - деди. Зайд: Алар аали Али (Алинин үй-бүлөсү), аали Укойл, аали Жаъфар, аали Аббас, - деди. Хусайн: Алардын бардыгына садака арам кылынганбы? - деди. Зайд: Ооба, - деди. Саййид Абдул Хусайн Шарафуддин «ал-Мурожаат» китебинде бул хадисти ушул риваят менен келтирди: Табароний сахихтигине ижма кылынган санад менен Зайд ибн Аркамдан риваят кылат, Расулулла с.а.в Хум көлмөгүнүн жанында, дарактардын көлөкөсү астында хутба кылып:

**«أَيُّهَا النَّاسُ يُوشِكُ أَنْ أُدْعَى فَأُجِيبَ وَإِنِّي مَسْؤُولٌ وَإِنَّكُمْ مَسْؤُولُونَ، فَمَاذَا أَنْتُمْ قَائِلُونَ؟ قَالُوا نَشْهَدُ أَنَّكَ قَدْ بَلَّغْتَ وَجَاهَدْتَ وَنَصَحْتَ، فَجَزَاكَ اللَّهُ خَيْرًا. فَقَالَ: أَلَيْسَ تَشْهَدُونَ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، وَأَنَّ جَنَّتَهُ حَقٌّ وَأَنَّ نَارَهُ حَقٌّ، وَأَنَّ الْمَوْتَ حَقٌّ وَأَنَّ الْبَعْثَ حَقٌّ بَعْدَ الْمَوْتِ، وَأَنَّ السَّاعَةَ آتِيَةٌ لاَ رَيْبَ فِيهَا وَأَنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ مَنْ فِي الْقُبُورِ؟ قَالُوا بَلَى نَشْهَدُ بِذَلِكَ. قَالَ اللَّهُمَّ أَشْهِدْ. ثُمَّ قَالَ: يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنَّ اللَّهَ مَوْلاَيَ، وَأَنَا مَوْلَى الْمُؤْمِنِينَ، وَأَنَا أَوْلَى بِهِمْ مِنْ أَنْفُسِهِمْ، مَنْ كُنْتُ مَوْلاَهُ فَهَذَا مَوْلاَهُ ـ يَعْنِي عَلِيًّا ـ اَللَّهُمَّ وَالِ مَنْ وَالاَهُ، وَعَادِ مَنْ عَادَاهُ. ثُمَّ قَالَ: يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي فَرَطُكُمْ وَإِنَّكُمْ وَارِدُونَ عَلَيَّ الْحَوْضَ، حَوْضٌ أَعْرَضُ مَا بَيْنَ بُصْرَى إِلَى صَنْعَاءَ، فِيهِ عَدَدُ النُّجُومِ، قِدَاحٌ مِنَ الْفِضَّةِ، وَإِنِّي سَائِلُكُمْ حِينَ تَرِدُونَ عَلَيَّ عَنِ الثَّقَلَيْنِ كَيْفَ تُخْلِفُونِي فِيهِمَا الثَّقَلُ الأَكْبَرُ كِتَابُ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ، سَبَبٌ طَرَفُهُ بِيَدِ اللَّهِ تَعَالَى وَطَرَفُهُ بِأَيْدِيكُمْ فَاسْتَمْسِكُوا بِهِ لاَ تَضِلُّوا وَلاَ تُبَدِّلُوا، وَعِتْرَتِي أَهْلُ بَيْتِي فَإِنَّهُ قَدْ نَبَّأَنِي اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ أَنَّهُمَا لَنْ يَنْقَضِيَا حَتَّى يَرِدَا عَلَيَّ الْحَوْضَ»**

**«Эй адамдар, жакында мен чакырыламын жана ал чакырыкты кабыл аламын. Албетте, мен масъулмун** (жоопкермин) **жана албетте силер да масъулсуңар** (жоопкерсиңер)**. Ко-ош, силер эмне дейсиңер? - деди. Адамдар: Биз «албетте, жеткирдиңиз, катуу аракет кылдыңыз жана насаат кылдыңыз» деп күбөлүк беребиз. Алла сизге жакшылыкты сыйлык кылсын, - деп айтышты. Пайгамбарыбыз с.а.в: Силер Алладан башка эч илах жок жана Мухаммад анын пендеси жана Расулу деп, бейиши да, тозогу да чындык, өлүм чындык, өлгөндөн кийин кайра тирилүү чындык, саат** (кыямат) **албетте келет, буга эч**

**кандай күмөн жок жана Алла кабырдагыларды кайрадан тирилтет деп күбөлүк бербейсиңерби? - деди. Адамдар: Биз албетте буга күбөлүк беребиз, - деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Аллахым, Өзүң күбө бол, - деп, андан соң: Эй адамдар, албетте, Алла менин мавлайим, мен болсо момундардын мавласымын. Мен аларга өздөрүнө караганда акылуураакмын. Мен кимдин мавласы болсом бул да – т.а. Али да – анын мавласы. Аллахым, аны дос тутканды дос тут жана аны душман тутканды душман тут, - деди. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз с.а.в дагы: Эй адамдар, мен силерден мурда кетемин жана силер менин хаузума келесиңер, ал ушундай бир хауз болуп, Бусро менен Санъа аралыгындагы жерлерден кененирээк, анда жылдыздардын санынча күмүштөн болгон чөйчөктөр болот. Менин алдыма келген убагыңарда силерден кымбат баалуу эки нерсе жөнүндө, менден кийин экөөнө кандай орунбасарлык кылганыңар жөнүндө сураймын. Эң чоң кымбат баалуу нерсе Алла Азза ва Жалланын Китеби болуп, бир тарабынын учу Алла Тааланын колунда, бир тарабы болсо силердин колуңарда. Демек, аны бекем кармасаңар, залалатка кетпейсиңер, аны башка нерселерге алмаштырбагыла. Экинчи кымбат баалуу нерсе менин муаттар ахли байтым. Латиф, Хобийр Зат бул эки кымбат баалуу нерсе тээ хаузума келгенге чейин түгөнбөшүн мага кабар берди, - деди».** Саййид Абдулхусайн Шарафуддин айтып берген нерсе ушул жерден аяктады. Шейх Абдулхусайн Ахмад ал-Аминий ан-Нажафий «ал-Годир» китебинде төмөнкүлөрдү айтат: «Набий с.а.в ажылык амалдарын өтөп бүткөн соң Мединага кайтты. Ал киши менен бирге чогулган адамдар бар эле. Пайгамбарыбыз с.а.в Жухфага жакын жердеги Хум көлмөгүнө жетип келди. Ал жерде мединалыктар, мисирликтер жана ирактыктардын жолдору айрылат эле. Бул окуя 18-зулхижжа, бейшемби күнү жүз берди. Ошондо Жабраил Амин Алланын:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلرَّسُولُ بَلِّغۡ مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَ﴾

«***Эй Расул, сага Роббиң тараптан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин!***» [5:67]

- деген аятын алып түштү жана Пайгамбарыбыз с.а.вга Алини адамдар үчүн таанымал адам кылып коюуну жана аларга ал жөнүндө түшүрүлгөн валийликти, итаат ар бир кишиге фарз болгонун жеткирип коюуну буйруду. Коумдун алдыңкы сабы Жухфага жакын келип калган эле. Расулулла с.а.в алардын алдыга илгерилеп кеткендерин кайтарууну, аркада калгандарын болсо ошол жерде кармап турууну буйруду жана бардыгын бири-бирине жакын жайгашкан беш түп бийик самра дарактары астына түшүүгө буйруду. Коум жай-жайларын ээлеп, дарактардын асты шыпырылды. Бешим намазына азан айтылган соң, Пайгамбарыбыз с.а.в келип адамдар менен дарактардын астында намаз окуду. Адамдар кайнаган ысыктан улам чапандарынын бир учун баштарына, бир учун болсо буттарынын астына коюп алышкан эле. Расулуллага самра дарагынын үстүнө бир кийимди таштап көлөкө кылып беришти. Расулулла с.а.в намаз окуп бүткөн соң, коумга жүздөнүп, алардын ортосунда төөнүн үстүндө отуруп бардыгына угузуп, бийик добуш менен хутба кылып, мындай деди:

«اَلْحَمْدُ لِلَّهِ وَنَسْتَعِينُهُ وَنُؤْمِنُ بِهِ وَنَتَوَكَّلُ عَلَيْهِ، وَنَعُوذُ بِاللَّهِ مِنْ شُرُورِ أَنْفُسِنَا، وَمِنْ سَيِّئَاتِ أَعْمَالِنَا، اَلَّذِي لاَ هَادِيَ لِمَنْ ضَلَّ، وَلاَ مُضِلَّ لِمَنْ هَدَى، وَأَشْهَدُ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، أَمَّا بَعْدُ: أَيُّهَا النَّاسُ قَدْ نَبَّأَنِيَ اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ أَنَّهُ لَمْ يُعَمَّرْ نَبِيٌّ إِلاَّ مِثْلَ نِصْفِ عُمْرِ الَّذِي قَبْلَهُ، وَإِنِّي أُوشِكُ أَنْ أُدْعَى فَأُجِيبَ، وَإِنِّي مَسْؤُولٌ وَأَنْتُمْ مَسْؤُولُونَ فَمَاذَا أَنْتُمْ قَائِلُونَ؟ قَالُوا: نَشْهَدُ أَنَّكَ قَدْ بَلَّغْتَ وَنَصَحْتَ وَجَهَدْتَ فَجَزَاكَ اللَّهُ خَيْرًا. قَالَ: أَلَسْتُمْ تَشْهَدُونَ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، وَأَنَّ جَنَّتَهُ حَقٌّ وَنَارَهُ حَقٌّ، وَأَنَّ الْمَوْتَ حَقٌّ، وَأَنَّ السَّاعَةَ آتِيَةٌ لاَ رَيْبَ فِيهَا، وَأَنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ مَنْ فِي الْقُبُورِ؟ قَالُوا: بَلَى نَشْهَدُ بِذَلِكَ. قَالَ: اَللَّهُمَّ اشْهَدْ. ثُمَّ قَالَ: أَيُّهَا النَّاسُ أَلاَ تَسْمَعُونَ؟ قَالُوا: نَعَمْ. قَالَ: فَإِنِّي فَرَطٌ عَلَى الْحَوْضِ وَأَنْتُمْ وَارِدُونَ عَلَيَّ الْحَوْضَ، وَإِنَّ عَرْضَهُ مَا بَيْنَ صَنْعَاءَ وَبُصْرَى فِيهِ أَقْدَاحٌ عَدَدَ النُّجُومِ مِنْ فِضَّةٍ فَانْظُرُوا كَيْفَ تُخْلِفُونِي فِي الثَّقَلَيْنِ، فَنَادَى مُنَادٍ، وَمَا الثَّقَلاَنِ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ: الثَّقَلُ الأَكْبَرُ كِتَابُ اللَّهِ، طَرَفٌ بِيَدِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ، وَطَرَفٌ بِأَيْدِيكُمْ فَتَمَسَّكُوا بِهِ لاَ تَضِلُّوا، وَالآخَرُ الأَصْغَرُ عِتْرَتِي، وَإِنَّ اللَّطِيفَ

الْخَبِيرَ نَبَّأَنِي أَنَّهُمَا لَنْ يَتَفَرَّقَا حَتَّى يَرِدَا عَلَيَّ الْحَوْضَ، فَسَأَلْتُ ذَلِكَ لَهُمَا رَبِّي، فَلاَ تَقْدُمُوهُمَا فَتَهْلَكُوا وَلاَ تَقْصُرُوا عَنْهُمَا فَتَهْلَكُوا، ثُمَّ أَخَذَ بِيَدِ عَلِيٍّ فَرَفَعَهَا حَتَّى رُؤِيَ بَيَاضُ آبَاطِهِمَا وَعَرَفَهُ الْقَوْمُ أَجْمَعُونَ فَقَالَ: أَيُّهَا النَّاسُ مَنْ أَوْلَى النَّاسِ بِالْمُؤْمِنِينَ مِنْ أَنْفُسِهِمْ؟ قَالُوا: اَللَّهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ، قَالَ: إِنَّ اللَّهَ مَوْلاَيَ، وَأَنَا مَوْلَى الْمُؤْمِنِينَ، وَأَنَا أَوْلَى بِهِمْ مِنْ أَنْفُسِهِمْ فَمَنْ كُنْتُ مَوْلاَهُ فَعَلِيٌّ مَوْلاَهُ، يَقُولُهَا ثَلاَثَ مَرَّاتٍ، وَفِي لَفْظِ أَحْمَدَ إِمَامِ الْحَنَابِلَةِ أَرْبَعَ مَرَّاتٍ، ثُمَّ قَالَ: اللَّهُمَّ وَالِ مَنْ وَالاَهُ وَعَادِ مَنْ عَادَاهُ، وَأَحِبَّ مَنْ أَحَبَّهُ، وَأَبْغِضْ مَنْ أَبْغَضَهُ وَانْصُرْ مَنْ نَصَرَهُ، وَاخْذُلْ مَنْ خَذَلَهُ، وَأَدِرِ الْحَقَّ مَعَهُ حَيْثُ دَارَ، أَلاَ فَلْيُبَلِّغِ الشَّاهِدُ الغَائِبَ»

**«Аллага хамд болсун, Андан гана жардам сурайбыз, Ага ыйман келтиребиз, Ага тобокел кылабыз. Алладан нафсибиздин жамандыгынан жана жаман амалдарыбыздан баанек беришин сурайбыз. Ал Зат кимди адаштырса, аны эч ким хидаят кыла албайт, кимди хидаят кылган болсо, аны эч ким адаштыра албайт. Алладан башка эч илах жок жана Мухаммад анын пендеси жана Расулу деп күбөлүк беремин. Амма баъд: Эй адамдар, Латиф, Хобийр Зат мага кабар берди, кайсы бир пайгамбар болбосун, өзүнөн мурунку пайгамбардын өмүрүнүн жарымынча өмүр көргөн. Менин да чакырылып, чакырыкты кабыл алышыма жакын калды. Албетте, мен масъулмун жана албетте силер да масъулсуңар. Ко-ош, силер эмне дейсиңер? – деди. Адамдар: Биз «албетте жеткирдиңиз, катуу аракет кылдыңыз жана насаат кылдыңыз» деп күбөлүк беребиз. Алла сизге жакшылыкты сыйлык кылсын, - дешти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Силер Алладан башка эч илах жок жана Мухаммад анын пендеси жана Расулу деп, бейиши да, тозогу да чындык, өлүм чындык, өлгөндөн кийин кайра тирилүү чындык, саат** (кыямат) **албетте келет, буга эч күмөн жок жана Алла кабырдагыларды кайра тирилтет деп күбөлүк бербейсиңерби? - деди. Адамдар: Биз албетте буга күбөлүк беребиз, - дешти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Аллахым, Өзүң күбө бол, - деп айтып, андан соң: Эй адамдар, кулак саласыңарбы? - деди. Адамдар: Ооба, кулак салабыз, - дешти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Албетте мен хаузга биринчи**

**болуп барамын жана силер менин алдыма, хаузга келесиңер. Анын кеңдиги Санъа менен Бусронун аралыгындай бар. Анда жылдыздардын эсебинче күмүш чөйчөктөр болот. Демек, силер менден кийин эки кымбат баалуу нерсеге кандай орунбасарлык кылышыңар жөнүндө ойлонуп көргүлө, - деди. Ошондо бир киши: Ал эки кымбат баалуу нерсе эмне, я Расулулла? - деп сурады. Пайгамбарыбыз с.а.в: Эң кымбат баалуу нерсе Алланын Китеби, бир тарабы Алла Азза ва Жалланын колунда, башка тарабы болсо силердин колуңарда. Аны бекем кармагыла, ошондо залалатка кетпейсиңер. Экинчи кичинерээги болсо менин муаттар үй-бүлөм. Латиф, Хобийр Зат мага кабар берди, экөө тээ хаузга келгенге чейин бири-биринен таптакыр айрылбайт. Мен муну Роббимден сурадым. Демек, силер экөөнөн өзүңөрдү алдыга койбогула, өлүмгө учурайсыңар, экөө жаатында кесирлик кылбагыла, мында да өлүмгө учурайсыңар, - деди. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз с.а.в Алинин колун кармап ушундай бир жогору көтөрдү дейсиң, ал тургай эки колтугунун агы көрүндү. Аны (Алини) баары тааныды. Андан соң Пайгамбарыбыз с.а.в: Эй адамдар, ким момундарга өздөрүнө караганда акылуураак? - деп сурады. Адамдар: Алла жана Расулу билүүчүрөөк, - деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Албетте, Алла менин мавлам, мен болсо момундардын мавласымын. Мен аларга өздөрүнө караганда акылуураакмын. Мен кимдин мавласы болсом Али да анын мавласы, - деди, муну үч жолу кайталады** (ханбалийлердин имамы Ахмаддын риваятында төрт жолу деп айтылган). **Ошондон кийин Пайгамбарыбыз с.а.в: Аллахым, аны (Алини) дос тутканды дос тут, душман тутканды душман тут, аны жакшы көргөндү жакшы көр, аны жаман көргөндү жаман көр, ага жардам бергенге жардам бер, аны жардамсыз таштап койгонду жардамсыз таштап кой, кайда барса акыйкатты аны менен бирге кыл. Эсиңерде болсун, бул жерде болгондор бул жерде жокторго жеткирсин, - деди**».

3. Расулулла с.а.в Алинин халифа болушун көрсөтүп кеткен деп айтуучу адамдар өздөрүнүн китептеринде бир нече хадистерди риваят кылышкан. Биз бул хадистерди риваят кылынышы жагынан талкуу кылбайбыз. Бул хадистерди эки

шейх: Бухарий жана Муслим риваят кылбаган жана ишенимдүү адамдар аркылуу да риваят кылынбаган. Алардын көпчүлүгү мавзуъ (токума) хадистерден турат. «Бул хадистерди силер ишеничтүү деп эсептей турган адамдар риваят кылбаган, аларды биз ишеничтүү деп эсептей турган адамдар риваят кылышкан, ким сахих хадис деп эсептесе, аны хужжат кылып келтирүүгө акысы бар», - деп айтпастыктары үчүн бул хадистерди риваят кылынышы жагынан талкуу кылбайбыз. Тескерисинче, биз бул нусустардын өзүн алардын риваяттарында кандай келген болсо ошондой бойдон талкуу кылабыз. Бул хадистерден алар «Расулулла с.а.в өзүнөн кийин Алини халифа кылып калтырган» деген өкүмдү чыгарышат. Алар бул хадистерди валаят хадистери деп аташат. Биз алардын бир бөлүгүн келтирип өтөбүз. Калгандары да кудум ушундай мааниде болуп, ал тургай дал ушул лафздардын өзү менен келет.

а – Абу Давуд Таялисий Ибн Аббастан риваят кылат, Расулулла с.а.в Али ибн Абу Талибге:

«أَنْتَ وَلِيُّ كُلِّ مُؤْمِنٍ بَعْدِي»

**«Сен менден кийин ар бир момундун валийисиң»,** - деди.

б – «Канзул уммал»да Имрон ибн Хусайндан риваят кылынышынча, ал мындай деген: Расулулла с.а.в бир сарийя жөнөтүп, ага Али ибн Абу Талибди амир кылып дайындады. Али хумстан (олжонун бештен бир бөлүгүнөн) өзүнө бир күңдү тандап алды. Башкалар буга каршы чыгышты. Алардан төрт киши Алинин үстүнөн Расулулла с.а.вга арызданмакчы болушту. Алар Пайгамбарыбыз с.а.вдын алдына келишкенде бирөөсү туруп: Я Расулулла, Алинин мындай кылганын көрбөйсүзбү, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в андан жүзүн үйрүдү. Экинчиси туруп ошол сөздү айтты. Пайгамбарыбыз с.а.в андан да жүзүн үйрүдү. Үчүнчүсү да туруп ошол сөздү айтты. Пайгамбарыбыз с.а.в андан да жүзүн үйрүдү. Төртүнчүсү да туруп алар айткан сөздү айтты. Ошондо Расулулла с.а.в аларга жүздөндү. Жүзүндө ачуу көрүнүп турган эле. Андан соң аларга:

«مَا تُرِيدُونَ مِنْ عَلِيٍّ؟ إِنَّ عَلِيًّا مِنِّي وَأَنَا مِنْهُ، وَهُوَ وَلِيُّ كُلِّ مُؤْمِنٍ بَعْدِي»

**«Алиден эмне каалайсыңар? Али менден, мен анданмын жана ал менден кийин ар бир момундун валийидир»**, - деди.

в – Амр ибн Маймун Ибн Аббастан риваят кылган узун хадисте мындай деп келген: Расулулла с.а.в баланчаны Тообо сүрөсү менен жиберди, анын артынан Алини жиберип, аны андан алдырды жана:

«لاَ يَذْهَبُ بِهَا إِلاَّ رَجُلٌ هُوَ مِنِّي وَأَنَا مِنْهُ»

**«Ал менден жана мен андан болгон киши гана аны алып барат»**, - деди.

г – «Канзул уммал»да Вахб ибн Хамзадан мындай дегени риваят кылынган: Мен Али менен бирге сапарга чыгып андан жамандык көрдүм. Кайтып келгенимде албетте анын үстүнөн арызданамын деп көңүлүмө түйүп койдум. Кайтып келип Расулулла с.а.вга Али жөнүндө сүйлөп, аны караладым. Пайгамбарыбыз с.а.в:

«لاَ تَقُولَنَّ هَذَا لِعَلِيٍّ فَإِنَّهُ وَلِيُّكُمْ بَعْدِي»

**«Алиге карата эч качан мындай дебе, Себеби, ал менден кийин силердин валийиңер»**, - деди.

д – «Канзул уммал»да Ибн Аббастан мындай дегени риваят кылынган, Расулулла с.а.в:

«مَنْ سَرَّهُ أَنْ يَحْيَا حَيَاتِي، وَيَمُوتَ مَمَاتِي وَيَسْكُنَ جَنَّةَ عَدْنٍ غَرَسَهَا رَبِّي، فَلْيُوَالِ عَلِيًّا بَعْدِي وَلْيُوَالِ وَلِيَّهُ»

**«Ким менин өмүрүмдөй өмүр сүрүүнү, менин өлүмүмдөй өлүүнү жана дарактарын Роббим эккен Адн бейишинен орун алууну кааласа, менден кийин Алини дос тутсун жана анын досун дос тутсун»**, - деген.

е – «Мунтахабул канз»да Зайяд ибн Мутрафдан мындай дегени риваят кылынган: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«مَنْ أَحَبَّ أَنْ يَحْيَا حَيَاتِي وَيَمُوتَ مِيتَتِي وَيَدْخُلَ الْجَنَّةَ الَّتِي وَعَدَنِي رَبِّي وَهِيَ جَنَّةُ الْخُلْدِ، فَلْيَتَوَلَّ عَلِيًّا وَذُرِّيَّتَهُ مِنْ بَعْدِي، فَإِنَّهُمْ لَنْ يُخْرِجُوكُمْ مِنْ بَابِ هُدًى، وَلَنْ يُدْخِلُوكُمْ بَابَ ضَلاَلَةٍ»

**«Кимде-ким менин өмүрүмдөй өмүр сүрүүнү, өлүмүмдөй өлүмдү жана Роббим убада кылган бейишке, Хулд бейишине кирүүнү кааласа, менден кийин Алини жана анын урпагын дос тутсун. Себеби, алар силерди хидаят**

**эшигинен таптакыр чыгарышпайт жана силерди залалат эшигине таптакыр киргизишпейт».**

ё – «Канзул уммал»да Аммар ибн Ясирден мындай дегени риваят кылынган: Расулулла с.а.в:

**«أُوصِي مَنْ آمَنَ بِي وَصَدَّقَنِي بِوَلاَيَةِ عَلِيِّ بْنِ أَبِي طَالِبٍ، فَمَنْ تَوَلاَّهُ فَقَدْ تَوَلاَّنِي وَمَنْ تَوَلاَّنِي فَقَدْ تَوَلَّى اللَّهَ، وَمَنْ أَحَبَّهُ فَقَدْ أَحَبَّنِي وَمَنْ أَحَبَّنِي فَقَدْ أَحَبَّ اللَّهَ، وَمَنْ أَبْغَضَهُ فَقَدْ أَبْغَضَنِي وَمَنْ أَبْغَضَنِي فَقَدْ أَبْغَضَ اللَّهَ»**

**«Мага ыйман келтирип мени тастыктаган кишиге Али ибн Абу Талибди дос тутууну насаат кыламын. Аны ким дос тутса мени дос тутуптур, ким мени дос тутса Алланы дос тутуптур. Ким аны жакшы көрсө мени жакшы көрүптүр, ким мени жакшы көрсө Алланы жакшы көрүптүр. Ким аны жаман көрсө мени жаман көрүптүр, ким мени жаман көрсө Алланы жаман көрүптүр»**, - деген.

ж – «Канзул уммал»да дагы Аммардан риваят кылынат:

**«اَللَّهُمَّ مَنْ آمَنَ بِي وَصَدَّقَنِي فَلْيَتَوَلَّ عَلِيَّ بْنَ أَبِي طَالِبٍ، فَإِنَّ وَلاَيَتَهُ وَلاَيَتِي وَوَلاَيَتِي وَلاَيَةُ اللَّهِ تَعَالَى»**

**«Аллахым, ким мага ыйман келтирсе жана мени тастыктаса Али ибн Абу Талибге жардам берсин. Себеби, ага жардам берүү мага жардам берүү болуп эсептелет, мага жардам берүү болсо Алла Таалага жардам берүү болуп эсептелет».**

4 – Бул жерде Расулулла с.а.в Алинин халифа болушун көрсөтүп кеткен деп айтуучу адамдар риваят кыла турган хадистер да бар. Бул хадистерди ишенимдүү ровийлердин эч бири риваят кылбаган жана алардын көбү мавзуъ хадистер. Биз бул хадистерди – аларды риваят кылган адамдардын назарында сахих деп дааба кылынбастыгы үчүн – алардын риваят кылынышы жагынан талкуу кылуу үчүн келтирбейбиз, тескерисинче, аларды ошол адамдардын риваяттарында матндары кандай келген болсо ошондой талкуу кылуу үчүн келтиребиз. Бул хадистер Расулулла с.а.вдын Али менен боордош болгону жана аны өзүнөн кийин мураскор кылып калтырганы мазмунунда. Биз алардын бир бөлүгүн келтирип өтөбүз. Калгандары да кудум ушундай мааниде жана дал ушул лафздар менен риваят кылынган:

а – Набий с.а.в хижраттан мурда мухажирлерди бири-бирине боордош (бир тууган) кылып койду жана өзүнө Алини боордош кылып тандады. Боордоштук жөнүндөгү биринчи хадисте мындай сөздөр келген: «Али: Я Расулулла, сиздин менден башка асхабдарыңызга карата кылган ишиңизди мага карата кылбай, мени ажыратып койгонуңузду көрүп көңүлүм чөктү жана белим бүгүлдү. Эгер бул мага карата ачуудан болсо, жемелегенге да, ырайым кылууга да акылуусуз, - деди. Ошондо Расулулла с.а.в:

«وَالَّذِي بَعَثَنِي بِالْحَقِّ مَا أَخَّرْتُكَ إِلاَّ لِنَفْسِي وَأَنْتَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى، غَيْرَ أَنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي وَأَنْتَ أَخِي وَوَارِثِي»

**«Мени акыйкат менен жиберген Затка ант болсун, мен сени өзүмө боордош кылып тандоо үчүн гана кечиктирдим. Себеби, Харун Мусадан кандай манзилатта болсо, сен менден ошондой манзилаттасың. Бирок, менден кийин пайгамбар болбойт. Сен менин боордошум жана мураскорумсуң»**, - деди. Али: Мен сизден эмнени мурас аламын? - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в:

«مَا وَرِثَ الأَنْبِيَاءُ مِنْ قَبْلِي، كِتَابَ رَبِّهِمْ وَسُنَّةَ نَبِيِّهِمْ»

**«Менден мурунку пайгамбарлар мурас кылып калтырган нерсени, Роббилеринин Китеби жана набийлеринин сүннөтүн»**, - деди».

б – Набий с.а.в хижраттан беш айдан кийин мухажирлер жана ансарларды бири-бирине боордош кылып койду. Бирок, Алини ансарлардын эч кимиси менен боордош кылып койбоду. Пайгамбарыбыз с.а.в өзү да ансарлардын эч кимиси менен боордош болбоду. Тескерисинче, Алини өзүнө боордош кылып тандады. Боордош кылып коюу жөнүндөгү экинчи хадисте төмөнкүдөй сөздөр келген, Расулулла с.а.в Алиге:

«أَغَضِبْتَ عَلَيَّ حِينَ آخَيْتُ بَيْنَ الْمُهَاجِرِينَ وَالأَنْصَارِ، وَلَمْ أُؤَاخِ بَيْنَكَ وَبَيْنَ أَحَدٍ مِنْهُمْ، أَمَا تَرْضَى أَنْ تَكُونَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى، إِلاَّ أَنَّهُ لَيْسَ بَعْدِي نَبِيٌّ»

**«Мен мухажирлер менен ансарларды бири-бирине боордош кылып, сени болсо алардын эч кимиси менен боордош кылып койбогонумда мага ачуулandыңбы, акыры Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы**

**болбойсуңбу. Болгону, менден кийин пайгамбар болбойт»**, - деди.

в – Риваят кылынышынча, Расулулла с.а.в бир күнү асхабдарынын алдына чыкты. Ал кишинин жүздөрү жайнап турду. Абдуррахман ибн Ауф мунун себеби жөнүндө сураганда, Пайгамбарыбыз с.а.в:

«بَشَارَةٌ أَتَتْنِي مِنْ رَبِّي فِي أَخِي وَابْنِ عَمِّي وَابْنَتِي بِأَنَّ اللَّهَ زَوَّجَ عَلِيًّا مِنْ فَاطِمَةَ»

**«Роббимден мага боордошум болгон абакемдин уулу менен кызым жөнүндө, Алла Алини Фатимага үйлөндүргөнү тууралсында башарат келди»**, - деп жооп берди. Аялдар саййидасы өзүнүн теңи болгон муаттар үй-бүлө саййидине турмушка чыгууга убадалашылгандан кийин Набий с.а.в:

«يَا أُمَّ أَيْمَنَ ادْعِي لِي أَخِي. فَقَالَتْ هُوَ أَخُوكَ وَتُنْكِحُهُ؟ قَالَ نَعَمْ يَا أُمَّ أَيْمَنَ. فَدَعَتْ عَلِيًّا فَجَاءَ»

**«Эй Умму Айман, мага боордошумду чакырып кел, - деди. Умму Айман: Ал боордошуңуз го, ага никелеп бересизби? - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в: Ооба, эй Умму Айман, - деди. Умму Айман Алини чакырып келди».** Пайгамбарыбыз с.а.в бир күнү Али, агасы Жаъфар жана Зайд ибн Хорисанын ортосунда болгон бир маселе тууралсында Алиге кайрылып мындай деди:

«وَأَمَّا أَنْتَ يَا عَلِيُّ فَأَخِي وَأَبُو وَلَدِي وَمِنِّي وَإِلَيَّ»

**«Эй Али, сен менин боордошумсуң, неберемдин атасысың, менденсиң жана магасың».**

г – Расулулла с.а.в бир күнү Алиге:

«أَنْتَ أَخِي وَوَزِيرِي تَقْضِي دَيْنِي وَتُنْجِزُ مَوْعِدِيَّ وَتُبْرِئُ ذِمَّتِي»

**«Сен менин боордошум жана вазиримсиң. Карызымды төлөйсүң, убадаларымды аткарасың жана мойнумдагы милдетимди актайсың»**, - деп тапшырма берди.

д – «Канзул уммал»да келишинче, Набий с.а.в мындай деген:

«مَكْتُوبٌ عَلَى بَابِ الْجَنَّةِ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ مُحَمَّدٌ رَسُولُ اللَّهِ، عَلِيٌّ أَخُو رَسُولِ اللَّهِ»

**«Бейиштин эшигине «Ла илаха илла Аллох, Мухаммадур Расулуллох, Али аху Расулуллох (**Али Расулулланын боордошу**), деп жазып коюлган».**

Бул төрт нусуска токтоло турган болсок, алар: Харун Мусадан кандай манзилатта болсо Али Расулулла тараптан ошондой манзилатка коюлгандыгы жөнүндөгү насс; Набий с.а.вдын Алланын Китебин жана өзүнүн муаттар ахли байтын калтыргандыгы жөнүндөгү насс; валаят (дос тутуу) жөнүндөгү насс; боордош болуу жөнүндөгү насс болду. Бул насстардан айрым мусулмандар Расулулла с.а.в өзүнөн кийин Алини халифа кылып калтырган т.а. көз жумгандан кийин анын халифа болушун дайындаган деген өкүмдү чыгарып алышкан. Келиңиз, ушул насстарды бир-бирден көрүп чыгалы:

Биринчи насска т.а. Расулулла с.а.в Алини Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, ошондой манзилатка койгондугу жөнүндөгү насска токтоло турган болсок, анын мааниси ушул насс айтылган макамды жана анын лафзын үйрөнүп чыгуу аркылуу белгилүү болот. Макам жөнүндө айта турган болсок, Расулулла с.а.в бул хадисти Табук казаты күнүндө айткан. Себеби, ошондо Расулулла с.а.в мусулмандардын иштерин башкаруу жана бийлик иштерин идара кылуу үчүн өзүнүн ордуна Мухаммад ибн Масламаны Мединага башчы кылып калтырган болсо, өз үй-бүлөсүнө карап туруу үчүн саййидибиз Али р.ану калтырып, алардын арасында жашап турууга буйруган эле. Ошондо мунафыктар «пайгамбар анын оордугу тийет деп, андан кутулуу үчүн калтырып кетти» деген имишти таркатышты. Ошондон кийин Али ибн Абу Талиб р.а куралын алып чыгып кетти. Жол жүрүп Расулулла с.а.вдын алдына келди. Пайгамбарыбыз с.а.в Журф деген жерге түшкөн эле. Али: Эй Алланын пайгамбары, мунафыктардын айтышынча, сиз оордугу тийет деп менден кутулуу үчүн калтырып кеткен имишсиз, - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в: «**Алар жалган айтышыптыр. Бирок, мен сени артымда калтырган адамдарга карап турушуң үчүн калтырган элем. Артыңа кайт. Менин ордума үй-бүлөмө жана өзүңдүн үй-бүлөңө карап тур. Эй Али: Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби. Болгону, менден кийин пайгамбар болбойт»**, - деди. Ошондон кийин Али

артына кайтып кетти, Расулулла с.а.в болсо сапарын улантты. Демек, бул хадис Алинин пайгамбар тараптан Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо ошондой манзилатка коюлушу жөнүндө, өз үй-бүлөсүнө карап турушу үчүн аны өзүнүн ордуна калтырганы жөнүндө варид болгон. Алинин: **«Мени жаш балдар жана аялдардын арасында калтырасызбы?»** - деп айткандыгы буга далил болот. Демек, бул окуянын вакиълиги мындай, Пайгамбарыбыз с.а.в Алини үй-бүлөсүнө карап турушу үчүн калтырган. Ошондуктан, бул хадистен Пайгамбарыбыз с.а.в аны халифалыкка калтырган деген өкүм алынбайт. Айрыкча, Пайгамбар ﷺ өз ордуна акимиятка Мухаммад ибн Масламаны калтырган соң жана үй-бүлөсүнө карап туруу үчүн Алини калтырып ага: **«Менин үй-бүлөм жана өзүңдүн үй-бүлөңө...»,** - деп айткан соң, демек, бул хадистен андай өкүмдү алуу мүмкүн эмес. Бирок, Расулулла с.а.в казатка чыккан кезде асхабдарынын бирин өзүнүн ордуна калтырганы да ошол адамдын Пайгамбарыбыз с.а.вдын ордуна халифа болушуна далалат кылбайт. Мунун далили, Расулулла с.а.в казаттарда ар түрдүү адамдарды өзүнүн ордуна калтырган. Мисалы, Ашира казатында Мединага Абу Салама ибн Абдуласадды, Сафван казатында Зайд ибн Хорисаны, Бани Лахян казатында Ибн Умму Мактумду башчы кылып калтырган ж.б.... Демек, Расулулла с.а.вдын бирер адамды Мединадагы акимиятка өзүнүн ордуна казаттан кайтып келгенге чейин калтыргандыгы ошол адамды халифа кылып калтырды деген мааниге далалат кылбайт. Демек, Пайгамбарыбыз с.а.в Алини өзүнүн үй-бүлөсүнө карап турушу үчүн калтырган соң жана андан башканы да өзү казаттан кайтып келгенге чейин акимиятка калтырган соң, бул хадистен кантип Алини халифа кылып калтырды деген өкүмдү алууга болсун? Эми Расулулла с.а.вдын: **«Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби»,** - деген сөздөрүнө келсек, бул лафздардын мааниси: «Харун Мусага орунбасар болгон нерсеге окшогон нерседе мага орунбасар болууга ыраазы эмессиңби», - дегени. Ал Алини Харунга окшотуу болот. Т.а. сени орунбасар кылышымдын мисалы, Мусанын Харунду орунбасар кылышынын мисалына окшойт дегени. Хадис лафздарынын мааниси мына ушундай. Анын мындан башка мааниси жок.

Алинин Расулулла с.а.вга: «**Мени жаш балдар жана аялдардын арасында калтырасызбы?**» - деп айткан сөзү жана Расулулла с.а.вдын: «**Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби**», - деп жооп бергени бул маанини колдоп-кубаттайт жана бир гана ушул маани көздөлгөнүн көрсөтөт. Бул хадистен көздөлгөн нерсени билүү үчүн Курангa кайрылабыз. Муса Харунду эмнеде орунбасар кылганын Курангa карап билип алабыз. Курангa кайрылсак, Куран бул кыссаны төмөнкү матн менен зикир кылганын көрөбүз:

وَوَاعَدْنَا مُوسَى ثَلاَثِينَ لَيْلَةً وَأَتْمَمْنَاهَا بِعَشْرٍ فَتَمَّ مِيقَاتُ رَبِّهِ أَرْبَعِينَ لَيْلَةً وَقَالَ مُوسَى لأَخِيهِ هَارُونَ اخْلُفْنِي فِي قَوْمِي وَأَصْلِحْ وَلاَ تَتَّبِعْ سَبِيلَ الْمُفْسِدِينَ

«***Муса менен отуз түнгө убадалашкан элек. Кийин аны дагы он*** *(түн)* ***менен толуктадык. Анан, Роббисинин*** *(ал үчүн белгилеген)* ***убактысы толук кырк түн болду.*** *(Алла Таалага ибадат кылуу үчүн кетип жатып)* ***Муса агасы Харунга айтты: «Коумум үстүндө менин орунбасарым болгун жана*** *(эгерде алар жаман амал кылышса)* ***оңдогун. Бузуку кишилердин жолуна ээрчибегин***» [7:142]

Демек, хадистин мааниси: Харун Мусага коумунда орунбасар болгону сыяктуу сен мага орунбасар болуп, орунбасарлыкта Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби? - деген болот. Бул хадистен саййидибиз Алинин көңүлүн көтөрүү көздөлгөн болот. Себеби, ал бул орунбасарлыкка ыраазы болбостон келген эле. Ошол эле убакта, бул хадис Алиге кудум Харун Муса жок маалда коумунда Мусанын даражасында турганы сыяктуу эле ал да Расулулла с.а.в жок маалда анын үй-бүлөсүндө анын даражасында турушун түшүндүрүп уктуруу болуп эсептелет. Ал эми Пайгамбарыбыз с.а.вдын: «**Бирок, менден кийин пайгамбар болбойт**», - деген сөзүнө келсек, бул Алини Харунга окшотуудан пайгамбарлыкты мустасна кылуу болуп эсептелет. Себеби, Харун пайгамбар эле. Ал пайгамбар бир жакка кетип жок болгон кезде ага орунбасар

болгон пайгамбар эле. Алинин манзилаты Харундун пайгамбарлык манзилатына окшойт экен деген күмөн пайда болбосун үчүн Расулулла с.а.в пайгамбарлыкты мустасна кылды. Пайгамбарыбыз с.а.вдын: **«Менден кийин пайгамбар болбойт», -** деген сөзү «мен көз жумгандан кийин дегени» деп айтылбайт. Себеби, сөз тирүү маалында орунбасар кылуу жөнүндө болуп жатат. Себеби, Харун Муса өлгөндөн кийин эмес, тескерисинче, ал тирүү маалында, жок болгон маалында пайгамбар эле жана ал Муса тирүү маалында жок болгон кезинде анын коумунун үстүнөн анын орунбасары болгон эле. Демек, Расулулла с.а.в Харун Муса тирүү маалында ал бир жакка кетип, жок болуп турган кезинде пайгамбар болгону үчүн о.э. Алинин пайгамбар эместигин билдирүү үчүн: **«Бирок, менден кийин пайгамбар болбойт», -** деди. Кала берсе, Расулулла с.а.в Хаким риваят кылган сахих хадисте Харун Муса тирүү маалында көз жумгандыгын бизге кабарлаган. Демек, көз жумгандан кийин халифа кылып калтыруу темасына орун калбайт. Себеби, Харун жана Муса окуясында мындай тема жок. Харун туурасында да жана Али туурасында да мындай тема жок.

Хадистин мааниси мына ушундай болуп, анда халифа кылып калтырууга эч кандай ишара жок. Бул хадистен Расулулла с.а.в өзү көз жумгандан кийин Алинин мусулмандарга халифа болушун көрсөткөн деген маани түшүнүлбөйт. Себеби, бул хадис Алинин Расулулла с.а.в Табук казатына кеткен кезинде пайгамбардын үй-бүлөсүнө карап туруу үчүн орунбасар кылып калтырылганы жөнүндө варид болгон. Ал эми Пайгамбарыбыз с.а.вдын бул хадистеги: **«Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби»,** - деген сөздөрү жөнүндөгү калган риваяттарга келсек, алардын арасында Бухарийдин риваяты сыяктуу жана Муслим Саъддын эки уулу: Аамир жана Иброхимден кылган риваят сыяктуу сахихтери да жана сахих эместери да бар. Бирок, алардын бардыгында ушул тексттин өзү келтирилет. Мындан болсо бул хадис Табукта жана Табуктан башка жерде айтылган деген маани чыгат. Буга жооп мындай, сахих риваяттар кыссанын бир жузъу (бөлүгү) жөнүндөгү риваят болуп эсептелет т.а. Расулулла с.а.вдын кыссадан өзүнчө ажыратылган бир сөзү жөнүндөгү риваят

болуп эсептелет. Мындан мына ушул окуя Табук окуясынан башка окуя болчу деген маани чыкпайт. Себеби, ровийлер жана мухаддистер көбүнчө хадистен бир жузъду же кыссадан бир жузъду гана риваят кылып, далилдин ордун риваят кылуу менен гана чектелишкен. Бул хадис Табук согушунда эле эмес, тескерисинче, Табукта да жана башка жерде да айтылган деп алганыбызда да, бул Расулулла с.а.в саййидибиз Али р.ану ар дайым, Табук согушунда да, башка согуштарда да өзүнүн үй-бүлөсүнө карап турушу үчүн орунбасар кылып калтырганын түшүндүрөт. Бул хадис Расулулла с.а.в көз жумгандан кийин Алини халифа кылып калтырууга далалат кылбайт. Бул хадистин лафздары жана маанисин шархтай турган болсок, ал болгону: Сен кудум Муса өзү жок кезинде Харунду орунбасар кылып калтырганы сыяктуу, мен да сени өзүм жок кезде үй-бүлөмдө орунбасар кылып калтырышыма ыраазы болбойсуңбу, бирок, Харун пайгамбар эле, сен болсо пайгамбар эмессиң, себеби, менден кийин пайгамбар болбойт, - деген мааниге далалат кылат. Ошондуктан, Муслим Саъд ибн Абу Ваккостон кылган риваятта:

«أَمَا تَرْضَى أَنْ تَكُونَ مِنِّي بِمَنْزِلَةِ هَارُونَ مِنْ مُوسَى إِلاَّ أَنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي»

**«Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо, сен да менден ошондой манзилатта болушуңа ыраазы эмессиңби. Болгону, менден кийин пайгамбар болбойт»**, - деген сөздөр келген. Расулулла с.а.в Харундун Мусага карата болгон манзилатын Алинин өзүнө карата болгон манзилатына окшотуусу мына ушундай. Т.а. болгону орунбасар кылып калтыруу болуп, мындан башка нерсе эмес. Хадистин нассынан көрүнүп тургандай, Пайгамбар с.а.в бир жакка кетип жок болуп турган кезинде анын үй-бүлөсүнө карап турушу үчүн орунбасар кылып калтыруу гана. Мындан башка нерсе эмес. Бир хадистин бир нече жолу айтылгандыгы анын маанисин өзгөртпөйт. Себеби, Табук казатында Расул с.а.в үй-бүлөсүнө карап туруу үчүн Алини орунбасар кылып калтырганы сабит болуп, мында эч күмөн жок болсо, Табук казатынан башка убакта риваят кылынган риваяттардын бардыгында Табукта айтылган кудум ушул тексттин өзү, кудум ушул лафздары жана мааниси менен накл кылынган. Аларда Табук окуясында айтылган кайд т.а. пайгамбардын үй-бүлөсү деген кайддан башка орунбасар

кылып калтырууга тиешелүү эч кандай кайд айтылбаган. Тескерисинче, аларда кайд таптакыр айтылбаган. Ошондуктан, бул риваяттарга Табук риваятында келген маани берилет. Табук риваяты пайгамбардын үй-бүлөсүнө мукайяд болгону (т.а. анда бир гана пайгамбардын үй-бүлөсүнө карап туруу үчүн орунбасар кылып калтырылганы айтылганы), калган риваяттар болсо орунбасар кылып калтыруу жөнүндөгү ар кандай кайддан мутлак алыс болгону үчүн мутлакка мукайяд мааниси берилет. Башка риваяттар умумий деп айтылбайт. Себеби, хадистин лафздары умумий лафздардан эмес. Себеби, бардык риваяттардагы насс бирдей. «**Ыраазы болбойсуңбу**», - деген риваятты алабызбы, «**албетте сен**» же болбосо «**сен**» деген риваятты же башка риваятты алабызбы, эч бир айырмасы жок, бардыгында Харундун Мусага карата манзилаты жөнүндө сөз болгон. Бул сөз умумий манзилатка эмес, тескерисинче, белгилүү бир манзилатка т.а. Харундун Мусага карата болгон манзилатына хос. Бирок, дагы бир айта кете турган нерсе, Харундун Мусага карата болгон манзилаты кээ бир риваяттарда мутлак келип, эч бир кайд менен мукайяд болбогон болсо, башка бир риваятта үй-бүлө менен мукайяд болуп келген. Бул абалда мутлакка мукайяд мааниси берилет. Ошондуктан, бардык риваяттар үй-бүлөгө мукайяд болот.

Эми Муса:

وَاجْعَل لِّي وَزِيراً مِّنْ أَهْلِي ۝ هَارُونَ أَخِي ۝ اشْدُدْ بِهِ أَزْرِي ۝ وَأَشْرِكْهُ فِي أَمْرِي

«***Мага өз ахли-бүлөмдөн болгон Харун агамды вазир кылгын. Аны менен белимди бекем кылгын. Дагы аны ишимде*** *(т.а. пайгамбарлык ишинде)* ***шерик кылгын***» [20:29-32]

- деп Алладан сураган башка иштерге келсек, Харундун Мусага карата болгон манзилатында да жана халифа кылып калтырууда да бул иштердин эч бир орду жок. Себеби, бул Мусанын агасын өзүнө жардамчы кылышын жана ага да пайгамбарлык беришин Алладан сурап кылган дубасы. Себеби, Муса Харунду шерик кылууну Алладан сураган иш пайгамбарлык жана рисалат эле. Харун акимиятта эмес, мына ушул иште гана Мусага шерик болот. Себеби, Муса аким эмес, пайгамбар гана болгон. Муса өзүнүн ордуна Харундун халифа болушун эмес, өзүнө жардамчы жана ишинде шерик болушун

сураган. Мунун үстүнө бул иштер Мусанын Харунга карата болгон манзилатын баян кылбайт, Муса өзү жок кезде Харунду коумунда орунбасар кылып калтырышы бул манзилатты баян кыла турган нерсе болот. Демек, Харундун Мусага карата манзилаты өзү жок кезде аны коумунда өзүнүн ордуна орунбасар кылып калтырышы болот. Демек, Расулулла с.а.вдын: **«Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо...», -** деген сөзүндө пайгамбарлыкта Алини жардамчы жана шерик кылуунун изи да жок, насстардагы маани коумда орунбасар кылып калтыруудан гана турат. Насстар мындан башка маанини түшүндүрбөйт.

«Муса аким болгон. Себеби, өкүм жүргүзүшү үчүн ага шарият түшүрүлгөн. Ошол шариятта чечимдер жана жаза-чаралар болгон. Муса Байтул Макдисти ээлемекчи болгон кошуунга жетекчилик кылган. Ага коуму: Сен жана Роббиң барып согуша бергиле, - деген. Демек, анын Харунду коумунда орунбасар кылып калтырышы пайгамбарлыкта да, акимиятта да орунбасар кылып калтыруу болот», - деп айтылышы мүмкүн. Буга жооп мындай, Муса аким болгон эмес. Анын күч жана салтанат жардамында бани Исраилге өкүмдөрдү колдонгондугу же алардын үстүнөн аким болгондугу Куранда да, башка китепте да риваят кылынган эмес. Тескерисинче, Мусанын шарияты менен бани Исраилге өкүм жүргүзгөндөр андан кийин келген Давуд жана Сулайман сыяктуу пайгамбарлар жана башка падышалар болгон. "Муса кошуунга жетекчилик кылган" деген сөзгө келсек, эч качан андай болгон эмес. Себеби, Маида сүрөсүндө 19-аяттан 26-аятка чейинки аяттарда Мусанын кошуунга башчылык кылганы жөнүндө эч нерсе жок. Тескерисинче, бул аяттарда Мусанын өз коумунан ыйык жерге кирүүнү талап кылгандыгы, алар муну четке кагышып, «ал жерде зордукчул коум бар экендигин, алар ал жерден чыгып кетишмейинче таптакыр киришпешин» айтышып, өзү жана Роббиси барып согушуусун талап кылгандары, ал болсо барбагандыгы, мунун натыйжасында алардын жер жүзүндө кырк жыл тентиреп жүргөндүктөрү айтылган. «Мусага шарият түшүрүлгөн, анда чечимдер жана жаза-чаралар болгон», - деген сөзгө келсек, бул нерсе анын ушул шарият менен өкүм жүргүзгөнүн түшүндүрбөйт. Өзү окуя мындай болгон, Муса ошол шариятты алып келген жана аны бани Исраилге

жеткирип, аларды Байтул Макдиске алып кетүүгө аракет кылган. Ошондон кийин алардын Синайда тентиреп жүрүүсү жүз берген. Мусанын доору бүткөнгө чейин алар бир жерде туруктуу турушпаган. Алардын чөлдө тентиреп жүрүүлөрү, азап чегүүлөрү аяктагандан кийин ыйык жерге көчүп өтүштү. Ошондон кийин аларга өздөрүнөн болгон пайгамбарлар жана падышалар Мусанын шарияты менен өкүм жүргүзүштү. Бул жөнүндө Курандагы көптөгөн аяттарда сөз кылынат. Харундун орунбасар кылып калтырылышы жөнүндөгү аяттарда Муса Алладан вахий алуу үчүн кеткенде аны пайгамбарлыкта орунбасар кылып кеткендиги ачык айтылган. Бул аяттар Аъраф сүрөсүндөгү:

﴿وَوَٰعَدۡنَا مُوسَىٰ ثَلَٰثِينَ لَيۡلَةٗ وَأَتۡمَمۡنَٰهَا بِعَشۡرٖ فَتَمَّ مِيقَٰتُ رَبِّهِۦٓ أَرۡبَعِينَ لَيۡلَةٗۚ وَقَالَ مُوسَىٰ لِأَخِيهِ هَٰرُونَ ٱخۡلُفۡنِي فِي قَوۡمِي وَأَصۡلِحۡ وَلَا تَتَّبِعۡ سَبِيلَ ٱلۡمُفۡسِدِينَ﴾

«***Муса менен отуз түнгө убадалашкан элек. Кийин аны дагы он*** *(түн)* ***менен толуктадык. Анан, Роббисинин*** *(ал үчүн белгилеген)* ***убактысы толук кырк түн болду.*** *(Алла Таалага ибадат кылуу үчүн кетип жатып)* ***Муса агасы Харунга айтты: «Коумум үстүндө менин орунбасарым болгун жана*** *(эгерде алар жаман амал кылышса)* ***оңдогун. Бузуку кишилердин жолуна ээрчибегин***» [7:142]
аятынан:

﴿وَٱخۡتَارَ مُوسَىٰ قَوۡمَهُۥ سَبۡعِينَ رَجُلٗا﴾

«***Муса өз коумунан*** *(музоого сыйынбаган)* ***жетимиш кишини тандап алды***» [7:155]
- аятына чейин. Бул аяттардын бардыгы пайгамбарлык жөнүндө, пайгамбарлыкта орунбасар калтыруу, лавхалар (т.а. Тооропттун барактарын) алуу, бани Исраилдин музоону «кудай» кылып алышы жана ушул сыяктуу нерселер жөнүндө болуп аларда акимият жана салтанатка тиешелүү эч нерсе жок. Ошондуктан, бирер адамдын бул аяттар акимият жана салтанатка тиешелүү деп күмөн кылышынын ыктымалы жок. Ушундан келип чыгып Мусанын аким болбогондугуна жана Харунду акимиятта орунбасар кылып калтырбаганына эч бир күмөн жок.

Манзилат жөнүндөгү бардык хадистердин мааниси мына ушундай. Табук окуясы сыяктуу бир себепке ылайык варид болгон хадис болобу, же мутлак варид болгон хадис болобу, эч айырмасыз, алардын бардыгы Расулулла с.а.в тирүү маалында, өзү жок болгон кезде Алини үй-бүлөсүнө карап туруу үчүн – кудум Муса тирүү маалында, өзү жок болгон кезде өзүнүн ордуна Харунду коуму үстүнөн коюп кеткени сыяктуу – орунбасар кылып коюп кеткенине далалат кылат. Ушул иш аркылуу т.а. Расулулла с.а.в тараптан Алинин орунбасар кылынышы аркылуу Али Расулулла с.а.вдан Харун Мусадан кандай манзилатта болгон болсо ошондой манзилатта болгон болот. Демек, бул хадистерде Расулулла с.а.в көз жумгандан кийин Алинин мусулмандарга халифа болушун көрсөткөнүнө эч кандай далалат жок.

Эми экинчи насска жана Хум көлмөгү жөнүндөгү хадиске келсек, Пайгамбар ﷺ сахих риваят деп эсептелген Муслим риваятында мусулмандарга Алланын Китебин бекем кармоону жана өзүнүн ахлин урматтоону, аларга азар жеткирбестикти насаат кылат. Бул хадисте Расулулла с.а.вдын өзүнүн ахлин халифа кылып калтыргандыгына эч кандай далалат жок. Мисалы, Пайгамбарыбыз с.а.в: **«ахли байтим, мен силерге ахли байтим туурасында Алланы эстетемин»**, - деп айткан хадисти алсак. Анда Пайгамбарыбыз с.а.вдын ахли байтин өзү өлгөндөн кийин адамдарга халифа болушун дайындап кеткенине далалат кыла турган эч нерсе жок. Андагы лафз ачык-айкын, анын мантуку жана мафхумунан[1] Пайгамбарыбыз өз ахли байтин же алардын бирин өзүнөн кийин мусулмандарга өкүм жүргүзүүчү халифа кылып калтыргандыгы түшүнүлбөйт. Эми экинчи жана үчүнчү риваятка о.э. аларга окшогон бардык риваяттарга келсек, бул риваяттарда эки иш бар: Биринчи иш Расулулла с.а.вдын: **«Албетте Алла менин мавлам, мен болсо момундардын мавласымын. Мен аларга өздөрүнө караганда акылуураакмын. Мен кимдин мавласы болсом, бул да – т.а. Али да – анын мавласы. Аллахым, аны дос тутканды дос тут жана аны душман тутканды душман тут»**, - деп Алини момундардын мавласы кылып коюшу. Экинчи иш

---

[1] Мантук – лафздан түшүнүлүүчү маани, мафхум – лафздын далалатынан түшүнүлүүчү маани.

болсо Набий с.а.вдын: «**Менин муаттар үй-бүлөм ахли байтим. Латиф, Хобийр Зат бул эки кымбат баалуу нерсе хаузума келгенге чейин түгөнбөшүн мага кабар берди»**, - деп өз муаттар үй-бүлөсү жөнүндө жакшылыкты насаат кылышы. Бул хадистер бир нече жана риваяттары ар түрдүү болушуна карабастан, алардын бардыгында мына ушул эки иштен башка нерсе жок. Биринчи иш т.а. мавлалык жөнүндө бир аздан кийин сөз кылабыз. Экинчи иш болсо Пайгамбарыбыз с.а.вдын мусулмандарга өз муаттар үй-бүлөсү болгон ахли байтине жакшылык кылууну, аларды урматтап, аларга азар жеткирбестикти насаат кылышы, алар жөнүндө сурашын, ахли байти менен Алланын Китеби кыямат күнүнө чейин бири-биринен ажырабастыгын айтышы алкагынан чыкпайт. Демек, Хум көлмөгүнүн жанында айтылган хадистерде мусулмандарга Пайгамбарыбыз с.а.вдын муаттар үй-бүлөсүнө жакшылык кылууну насаат кылуусунан башка нерсе жок. Аларда Расулулла с.а.в көз жумгандан кийин Алини же ахли байтин халифа кылып калтырууга далалат кыла турган эч нерсе жок. Ко-ош, Хум көлмөгүнүн жанында айтылган хадис риваят кылынган жогорудагы бардык риваяттарды көрүп чыга турган болсок, Расулулла с.а.вдын сөзүндөгү халифа кылып калтыруу кайда? Мисалы, Пайгамбарыбыз с.а.вдын: «**Менин алдыма келгениңерде, силерден эки кымбат баалуу нерсе жөнүндө: Алланын Китеби жана менин муаттар үй-бүлөм болгон ахли байтим жөнүндө сураймын»**, - деген сөзүн алсак, же болбосо: «**Мен силерге эки кымбат баалуу нерсени: Алланын Китеби жана муаттар үй-бүлөмдү калтырып бара жатам»**, - деген сөзүн, же: «**Силерге эки кымбат баалуу нерсени: Алланын Китеби жана муаттар үй-бүлөм болгон ахли байтимди калтырып жатам»**, - деген сөзүн, же: «**Демек, силер менден кийин эки кымбат баалуу нерсеге кандай орунбасарлык кылышыңар жөнүндө ойлонуп көргүлө»**, - деген сөзүн, же: «**Демек, силер экөөнөн өзүңөрдү алдыга койбогула, өлүмгө учурайсыңар, экөөсү жаатында кесирлик кылбагыла, мында да өлүмгө учурайсыңар»**, - деген сөзүн алсак. Бул насстарда Пайгамбарыбыз ﷺ мусулмандарга өзүнүн муаттар үй-бүлөсүн эстетип, аларга жакшылык кылууну насаат кылуудан башка эмне бар? Бирер киши мындан «ахли байт Расулулла с.а.в көз

жумгандан кийин мусулмандарга халифа болот» деген маанини түшүнөбү? Бул өкүм кайдан алынат? Каламдын мантукунанбы же анын мафхумунанбы? Ушуга караганда, жогоруда өткөн Хум көлмөгүнүн жанында айтылган хадисте Алинин халифа кылып калтырылганына да, ахли байттын халифа кылып калтырылганына да эч кандай далил жок. Демек, бул хадис менен далил келтирүү негизсиз болот.

Эми үчүнчү насска т.а. валаят (дос тутуу) жөнүндөгү хадистерге келсек, бул хадистерди ушул лафздар менен Бухарий жана Муслим риваят кылбаган. Бул хадистер аларды Алинин халифа кылып калтырылганына хужжат кылып келтирип жаткан адамдардын назарында сахих болгон күндө да, алар келтирген нусустардан халифа кылып калтырылгандык өкүмүн алуу мүмкүн эмес. Себеби, алардагы бардык лафздар төмөнкүдөй: **«Менден кийин бардык момундардын валийи болуп эсептелет»**, **«Менден кийин силердин валийиңер»**, **«Сен менден кийин бардык момундардын валийисиң»**, **«Менден кийин момундардын валийи»**, **«Анткени, ал менден кийин силердин валийиңер»**, **«Менден кийин Алини дос тутсун жана анын досун дос тутсун»**, **«Демек, менден кийин Алини жана анын урпагын дос тутсун»**, **«Ким аны дос тутса мени дос тутуптур»**, **«Анын валаяты менин валаятым»**, **«Аны дос тутканды дос тут»**. Бул лафздар жана башка риваяттардан алынган ушуларга окшогон лафздар валий, мавла жана мувалат (дос тутуу) деген лафздар алкагынан чыкпайт. Ошондуктан да, аларды валаят хадистери деп аташкан. Алардын Хум көлмөгү хадисиндеги: **«Аллахым, аны дос тутканды дос тут, душман тутканды душман тут»**, - деп кылган риваяттары бул лафздардын бардыгын шархтайт. Алардан көздөлгөн нерсе ахли байтка жардам берүүлөрү, алар менен бирге болуулары, аларга карата достук жана жакшы көрүү туйгуларын туюусу. Валий, валий жана таваллий (дос тутуу) сөзү Куранда келген. Алла Таала айтат:

﴿وَهُوَ يَتَوَلَّى ٱلصَّٰلِحِينَ﴾

«*Ал солихтерге валий-дос болот*» [7:196]

﴿وَمَن يَتَوَلَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فَإِنَّ حِزْبَ ٱللَّهِ هُمُ ٱلْغَٰلِبُونَ﴾

«***Кимде-ким Алланы, Анын пайгамбарын жана момундарды валий-дос тутса*** *(нажат табат),* ***Себеби, Алланын хизби гана жеңүүчү***» [5:56]

﴿إِنَّمَا وَلِيُّكُمُ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ﴾

«***Силердин валий-досуңар бир гана Алла, Анын пайгамбары жана момундар***» [5:55]

﴿إِنَّمَا سُلۡطَٰنُهُۥ عَلَى ٱلَّذِينَ يَتَوَلَّوۡنَهُۥ﴾

«***Анын*** *(шайтандын)* ***өкүмдарлыгы жалаң*** *(аны) валий*-***дос тутуп,*** *(Алла)*-***га шерик кылып ала турган кимселер үстүндө***» [16:100]

﴿ٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ﴾

«***Алла ыйман келтиргендердин валий-досу***» [2:257]

﴿وَٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

«***Алла момундардын валий-досу***» [3:68]

﴿لَيۡسَ لَهُم مِّن دُونِهِۦ وَلِيٌّ﴾

«***Алар үчүн Алладан башка бирер бир валий-дос жок***» [6:51]

﴿وَمَن يَتَّخِذِ ٱلشَّيۡطَٰنَ وَلِيًّا﴾

«***Кимде-ким шайтанды валий-дос тутса***» [4:119]

﴿لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَ﴾

«***Яхудийлер жана насронийлерди валий-дос тутпагыла!***» [5:51]

﴿فَقَدۡ جَعَلۡنَا لِوَلِيِّهِۦ سُلۡطَٰنًا﴾

«***Биз анын валийи үчүн*** *(өч алууга)* ***бийлик-укук бергенбиз***» [17:33]

﴿إِنَّ وَلِـِّۧيَ ٱللَّهُ﴾

«***Шексиз, менин валийим – Аллах***» [7:196]

﴿ذَٰلِكَ بِأَنَّ ٱللَّهَ مَوۡلَى ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَأَنَّ ٱلۡكَٰفِرِينَ لَا مَوۡلَىٰ لَهُمۡ﴾

«***Буга*** *(Алла момундарга жардам беришине, кафирлерди болсо кыйратышына)* ***себеп, Алла ыйман келтирген заттардын мавла-досу экендиги, кафирлер үчүн болсо эч кандай мавла жок экендиги***» [47:11]

Лугатта: валий – душмандын тескериси. Мавла: жардам берүүчү, кожо маанилерин түшүндүрөт. Валий: кичине жаштагынын ишин башкаруучу, мисалы, ата жана чоң ата, нике валийи, мал валийи, жетимдин ишин башкарып аны кепилдикке ала турган киши сыяктуу. «Лисанул араб»да мындай деп келген: «Валий Алла Тааланын ысымдарынан болуп Насир (нусрат, жардам берүүчү) маанисинде. Аалам жана андагы махлуктардын иштерин башкаруучу деп да айтылган». Анда дагы мындай деп келет: «Валий: дос, жардамчы, табиъ, махабат коюучу маанилерин билдирет». Абу Аббас Набий с.а.вдын: «**Мен кимдин мавласы болсом, Али да анын мавласы**», - деген сөзүнө: Ким мени жакшы көрсө жана мени дос тутса, аны да дос тутсун, - деп маани берген. Булардын бардыгы акимият жана салтанат маанисинен башка. Ал тургай, бул хадисти «Пайгамбарыбыз с.а.в Алинин халифа болушун көрсөтүп кеткен» деп шархтаган адамдар да лугаттан мавла сөзү акимият жана салтанат маанисин билдирет деген эч кандай ачык маани келтире алышкан эмес. Мисалы, шейх Абдулхусайн Ахмад ал-Аминий ан-Нажафий өзүнүн «ал-Годир» китебинде көлмөнүн жанында айтылган хадисти шархтап мындай дейт: «Бул жерде талкуу кылуучу үчүн мавла сөзү «бир нерсеге акылуураак» деген мааниде келишин моюнга алуудан башка айла жок. Мейли «бул сөздүн көп маанилери болуп, бул анын маанилеринин бири» деп айтсак да». Ал мавла сөзүнүн жыйырма жети маанисин келтирген. Бул маанилердин ичинде акимият жана салтанат мааниси жок. Ал мындай дейт: «Мавла сөзү лугатта жыйырма жети түрдүү мааниде келет. Бул хадисте болсо мавла сөзүнүн экөөнө (Пайгамбарыбыз жана Алиге) туура келе турган маани гана көздөлгөн. Мавла сөзүнүн маанилери төмөнкүлөр: 1. Робби. 2. Амаки (атанын бир тууганы). 3. Амакинин уулу. 4. Уул. 5. Эже (карындаш) уулу. 6. Азат кылынган кул. 7. Кулду азат кылуучу. 8. Пенде, кул. 9. Малик (падыша). 10. Табиъ. 11. Неъмат берилген киши. 12. Шерик. 13. Антташ. 14. Сохиб. 15. Кошуна. 16. Конок. 17. Күйөө бала. 18. Жакын. 19. Инъам кылуучу. 20. Жоголуп калган. 21.

Валий. 22. Бир нерсеге эң татыктуу. 23. Маликтен жана кул азат кылгандан башка саййид. 24. Жакшы көрүүчү. 25. Жардам берүүчү. 26. Ишти тасарруф кылуучу. 27. Иш башкаруучу». Шейх Абдулхусайн Ахмад келтирген маанилер мына ушулар болуп, алардын арасында акимият жана салтанат мааниси жок. Ошондуктан ал бул маанилерди хадиске карата шархтап, алардын арасынан өзү тандаган бир мааниге келип токтоп мындай дейт: «Лугат, адабий жыйнактар жана араб тили жыйнактары иримине шуңгугандан кийин маком туурасындагы пикирибиз мындай, мавла сөзүнүн маанилеринин арасындагы чыныгы маани "бир нерсеге татыктуураак" деген маани. Себеби, ал мына ушул маанилердин бардыгын өзүндө жамдайт жана алардын ар биринде кандайдыр бир түрдө этибарга алынган». Мына ушундан белгилүү болгондой, валий сөзү аким маанисинде келген эмес. «Мувалат» сөзү да акимият маанисинде келген эмес. Куранда да жана хадисте да о.э. лугатта да мындай мааниде келген эмес. Лафздар болсо же өзүнүн лугавий мааниси менен же шаръий мааниси менен тафсир кылынат. Ошондой болгон соң, бул хадистердеги валий жана мувалат сөздөрүн Алиге жана ахли байтка халифалыкты берүү маанисинде деп тафсир кылууга кантип болсун? Мындай маани кайдан алынат? Биз ушул хадистердеги валий жана мувалат сөздөрүнүн бардык маанилерин далил кылып келтире турган адамдардын пикирине кошулганыбызда да, бул сөздөрдүн акимиятты башкаруу деген мааниси таптакыр келген эмес. Бирер нусуста мындай маани келген эмес. Туура, валий сөзүн амр сөзүнө кошуп «валийюл амр» десек, ошондо ал аким маанисинде болот. Алар валаят хадистери деп атай турган хадистерде болсо амр сөзү валий менен кошулуп келген эмес. Алардын риваяттарында да жана башкалардын риваяттарында да мындай болуп келген эмес. Ошондуктан, бул хадистерден «Расулулладан кийин халифа болуу» деген маани келип чыкпайт т.а. мындай маани жок.

Туура, мавла же валий же мувалат сөзү эмес, валаят сөзү гана муштарак лафз болуп, анын бир нече маанилери бар. Бул маанилердин бири нусрат жана дагы бири салтанат т.а. акимият. Алар риваят кыла турган хадистердин ичинде «Канзул уммал»да айтылган бир хадис да келген. Анда валаят сөзү келген. Ошондуктан, "лугатка ылайык бул акимият маанисини

билдирет” деп айтылышы мүмкүн. Буга жооп мындай, бул сөз хадисте жардам берүү маанисинде келген. Хадистин нассы ушуга далалат кылат. Анын нассы аны хужжат кылуучулар риваят кылганы боюнча төмөнкүдөй:

«اَللَّهُمَّ مَنْ آمَنَ بِي وَصَدَّقَنِي فَلْيَتَوَلَّ عَلِيَّ بْنَ أَبِي طَالِبٍ، فَإِنَّ وَلاَيَتَهُ وَلاَيَتِي وَوَلاَيَتِي وَلاَيَةُ اللَّهِ تَعَالَى»

**«Аллахым, ким мага ыйман келтирсе жана мени тастыктаса, Али ибн Абу Талибге жардам берсин. Себеби, ага жардам берүү мага жардам берүү, мага жардам берүү болсо Алла Таалага жардам берүү болуп эсептелет».** Бул насс валаят сөзүнөн көздөлгөн маани жардам берүү экендигин анык көрсөтүп турат. Себеби, Расулулла с.а.в өзүнө ыйман келтирген кишини Али ибн Абу Талибге жардам берүүгө чакырып жатат. Себеби, ага жардам берген киши Расулга жардам берген болот. Расулга жардам берген киши болсо Аллага жардам берген болот. Валаят сөзүнүн мааниси мына ушундай. Ошондуктан, ибара «ف» харфы менен келди: **«Себеби, ага жардам берүү мага жардам берүү болуп эсептелет».** Мындан эч качан «анткени, анын акимиятты алышы менин алышым» деген маани түшүнүлбөйт. Тескерисинче, андан «ага жардам берүү мага жардам берүү болуп эсептелет» деген маани гана түшүнүлөт. Муну менен Алинин Расулулла с.а.вдан кийин момундардын валийи жана мавласы болушу, ошондуктан алар ага жардам бериши керектиги, себеби, ага жардам берүү Расулулла с.а.вга жардам берүү экендиги айтылган бардык хадистерди лугат жана Куран нусусу боюнча канчалык тафсир кылынса да акимиятты башкаруу деген маани берилиши эч бир мүмкүн эмес. Бул сөздүн мааниси боюнча да жана жогорудагы хадистерде келген сүйлөмдөрдөгү анын туткан ордуна караганда да мындай маани берип болбойт. Демек, бул хадистер Расулулла с.а.вдын өзүнөн кийин Алини халифа кылып калтырганына далил боло албайт. Демек, аларды хужжат кылып келтирүүгө болбойт.

Ушул орунда төмөнкү эки маселеге көңүл буруу зарыл: Биринчиси, сөздүн белгилүү бир өзөктөн алынгандыгы бул өзөктөн алынган бардык сөздөрдүн мааниси бир болушун жана алардын биринин мааниси башкасына да берилишин

түшүндүрбөйт. Тескерисинче, лугатта кээде бир нече сөздөр бир гана маанини түшүндүрүшү мүмкүн, омоним сөздөр сыңары. Кээде болсо бир сөздүн өзүнө хос бир мааниси болуп, бул маанини түшүндүрүүчү башка сөз болбошу да мүмкүн. Булардын бардыгы арабдардын кандай маани бергенине карап болот. Ошондуктан, сөздөрдүн бир өзөктөн алынганы алардын мааниси да бирөө болушун түшүндүрбөйт. Тескерисинче, сөзгө анын алынган өзөгүнө карабастан, арабдар берген маани берилет. Мисалы, «جَاءَ» жана «أَجَاءَ» сөздөрү бир өзөктөн алынган. Ошого карабастан «جَاءَ» сөзү «келди» деген маанини билдирсе, «أَجَاءَ» сөзү «келтирди» маанисин билдирет. «نِضْوٌ» сөзү «төө» маанисин билдирсе, анын «ن» харфы замма менен «نُضْوٌ» деп айтылса, анын мааниси «эски кийим» болот. Мавла сөзүнүн: «Ишти тасарруф кылуучу, ишти башкаруучу, адамдардын татыктуураагы», - деген маанилерди билдириши акимият жана салтанат маанисин түшүндүрбөйт. «Валий жана мавла сөзү бир өзөктөн алынган. Валиюл амр сөзү акимият жана салтанат маанисин билдирет. Демек, мавла да ушул маанини билдирет», - деп айтуу туура эмес. Себеби, мавла жана валиюл амр сөздөрүнүн мааниси эки башка. Ишти тасарруф кылуучу жана ишти башкаруучу сөздөрү менен валиюл амр сөзүнүн маанилери да эки башка. Себеби, валиюл амр дегенде аким гана назарда тутулат. Мавла сөзүнүн болсо бир нече маанилери бар болуп, алардын арасында акимият мааниси жок. Ишти тасарруф кылуучу сөзү болсо ар бир иште тасарруф жүргүзүүчү деген маанини түшүндүрөт, аким деген маанини түшүндүрбөйт жана андан акимият мааниси түшүнүлбөйт. Себеби, бул сөз лугатта мындай мааниде келген эмес. Демек, сөзгө маани берүүдө адамдын сөздөр топтомунан же түрдүү далалаттардан түшүнүп алган нерсесине эмес, тескерисинче, арабдар берген мааниге келип токтошубуз керек. Ушуга ылайык, мавла сөзү – ырас, арабдар ага акимият жана салтанат маанисин беришпеген соң – эч качан мындай мааниде тафсир кылынбайт. Бул биринчи маселе эле. Эми экинчи маселеге келсек, ал мындай, жумладагы карийналар кандай карийна болбосун, сөзгө арабдар берген мааниден башка маанини бере албайт. Себеби, карийналар сөздүн муштарак же карама-каршы маанилеринен бир маанини

дайындап берет жана аны башкасынан буруп жиберет. Бул карийналар сөзгө арабдар бербеген бирер жаңы маанини жаратып бербейт. Мисалы, мавла сөзүн алсак, ал муштарак лафз болуп эсептелет. Бул сөз келген жумлалар ага мына ушул маанилердин бирин дайындап коёт. Бирок, бул жумлалар ага жаңы маанини бербейт. Ошондуктан, мавла сөзүнүн эки кымбат баалуу нерсе жөнүндөгү хадис же көлмө хадиси деп айтыла турган хадисте келгендиги жана Расулулла с.а.вды муътабар санашкандай Алини да муътабар саноого мусулмандарды үндөөгө далалат кыла турган жумлалардан турган карийналардын келиши мавла сөзүнө жаңы маанини т.а. Али Расулулла с.а.вдан кийин аким болот деген маанини бербейт. Себеби, бул сөз лугатта мындай мааниде келген эмес. Ушуга негизделип, көлмө хадисинен да, мавла жана валий сөзү келген башка хадистерден да «Али Пайгамбарыбыз с.а.вдан кийин халифа болот» деген өкүм истинбат кылынбайт. Себеби, арабдар бул сөздөргө мындай маанини беришкен эмес.

Эми төртүнчү насска т.а. боордош болуу хадистерине келсек, аларды окуп чыгуу менен эле алар хужжат болуудан түшөт. Алардын жумлаларын жана лафздарын көрүп чыгуунун өзүнөн эле алардын хужжат болбошу белгилүү болот. Себеби, бул жөнүндө келген насстар төмөнкүлөр: **«Сен менин боордошум жана мураскорумсуң», «боордошум, абакемдин уулу», «боордошумсуң, неберемдин атасысың, менденсиң жана магасың», «сен менин боордошум жана вазиримсиң. Карызымды төлөйсүң, убадамды аткарасың жана зиммамды актайсың», «Али – Расулулланын боордошу».** Булардын бардыгы ушундай лафздар жана жумлалар болуп, «Али халифа кылып калтырылган» деген өкүмдү истинбат кылуу таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, бул лафздар эки киши ортосундагы хос иштер болуудан нарыга өтпөйт. Эки кишинин бири экинчисинин өзүнө өтө жакын экенин, боордош экенин ушул лафздар менен түшүндүрүп жатат. Себеби, Расулулла с.а.в өзүнө Алинин өтө жакын экендигин, боордошу экендигин, өзүнөн экендигин, жардамчысы экендигин жана карыздарын төлөй турган адамы экендигин ушул лафздар менен түшүндүрүп жатат. Мында эч кандай умумий иш жок о.э. анын акимият жана халифалыкка тиешеси жок. Али Расулулла с.а.вдын бир тууган иниси же уулу деп элестеткенибизде да,

бул нерсе «Али Пайгамбарыбыз с.а.вдан кийин халифа болот» деген мааниге далалат кылбайт. Пайгамбарыбыз с.а.вдын Алиге карата айтылган “сен боордошумсуң”, же “перзентимсиң”, же “вазиримсиң” сыяктуу сөздөрүнүн акимиятка тиешеси жок жана аларда халифа кылып калтырууга далалат кыла турган эч нерсе жок. Лугавий жактан алганда да, шаръий жактан алганда да буга далалат кыла турган эч нерсе жок. Бул сөздөр эч бир жактан буга далалат кылбайт. Демек, бул хадистер Расулулла с.а.в өзүнөн кийин Алинин халифа болушун убада кылганына хужжат боло албайт. Ошондуктан, алар хужжаттыкка жарабайт.

Эми Расулулла с.а.в Алини өзүнөн кийин халифа кылып калтырганы жөнүндө ачык насс келген үчүнчү бөлүккө келсек, ал төмөнкү эки хадис: Алардын бири «ал-Годир» китебинин автору келтирген көлмө хадиси риваяттарынын бири болсо, экинчиси алар «хадисуддар» деп атай турган хадис. «Ал-Годир» китебинин авторунун риваятына келсек, ал китебинин башында өз риваятын келтирип, анда: «Менин васиййим, халифам», - сөзүн айткан эмес. Ал башка бир риваятты келтирип, аны Табарийге нисбат берген. Анда «васиййим жана халифам» деген лафз ачык келген. «Ал-Годир» китебинин автору шейх Абдулхусайн Ахмад ал-Аминий ан-Нажафий өз китебинде «ал-Годир фи китабил азиз» деген теманын астында төмөнкүлөрдү айтат: «Хижрий 310-жылы көз жумган акын Абу Жаъфар Мухаммад ибн Жарир ат-Табарий «Китабул валая фи туруки хадисил годир» китебинде өз иснады менен Зайд ибн Аркамдан риваят кылды:

«لَمَّا نَزَلَ النَّبِيُّ ﷺ بِغَدِيرِ خُمٍّ فِي رُجُوعِهِ مِنْ حَجَّةِ الْوَدَاعِ وَكَانَ فِي وَقْتِ الضُّحَى وَحِرٌّ شَدِيدٌ أَمَرَ بِالدَّوْحَاتِ فَقُمَّتْ وَنَادَى الصَّلَاةُ جَامِعَةٌ فَاجْتَمَعْنَا فَخَطَبَ خُطْبَةً بَالِغَةً ثُمَّ قَالَ: إِنَّ اللَّهَ تَعَالَى أَنْزَلَ إِلَيَّ: ﴿بَلِّغْ مَآ أُنزِلَ إِلَيْكَ مِن رَّبِّكَ ۖ وَإِن لَّمْ تَفْعَلْ فَمَا بَلَّغْتَ رِسَالَتَهُۥ ۚ وَٱللَّهُ يَعْصِمُكَ مِنَ ٱلنَّاسِ﴾ وَقَدْ أَمَرَنِي جِبْرِيلُ عَنْ رَبِّي أَنْ أَقُومَ فِي هَذَا الْمَشْهَدِ وَأُعَلِّمَ كُلَّ أَبْيَضَ وَأَسْوَدَ أَنَّ عَلِيَّ بْنَ أَبِي طَالِبٍ أَخِي وَوَصِيِّي وَخَلِيفَتِي وَالإِمَامُ بَعْدِي»

**«Набий с.а.в хажжатул вадаъдан кайтышында Хум көлмөгүнүн жанына түштү. Шашке маалы болуп, күн катуу ысыган эле. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в бийик дарактардын астына чогулууга буйруду. Дарактардын асты шыпырылып тазаланды жана «ас-Солату жамиа» деп чакырылды. Биз чогулдук. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз с.а.в балагаттуу хутба кылып мындай деди: Алла Таала мага: «*Сага Роббиң тарабынан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин! Эгер*** *(бул буйрукка амал)* ***кылбасаң, Анын рисалатын*** *(пенделерине)* ***жеткирбеген болосуң, Алла сени адамдардан сактайт*»** [5:67] **аятын түшүрдү. Жабраил Роббимдин атынан мага мына ушул жыйында туруп ар бир ак жана кара түстүүгө Али ибн Абу Талиб менин боордошум, васиййим, халифам жана менден кийинки имам экендигин белгилүү кылышымды буйруду».** Бул Хум көлмөгү хадиси жөнүндөгү риваяттардын бири. Бул риваят дираят жагынан четке кагылат. Себеби, анын нассы анда айтылган васийлик, халифалык жана Пайгамбардан кийин имам болуу деген сөздөрдү негизи жок болгон батылга айландырып коёт. Бул төмөнкү бир нече жакка ылайык болот:

Биринчи: Бул аят хажжатул вадаъда эмес, тескерисинче, Худайбия жылында Фатх сүрөсүнөн кийин түшүрүлгөн. Бул аят "Маида" сүрөсүнөн. "Маида" сүрөсү болсо "Фатх" сүрөсүнөн кийин түшүрүлгөн. "Фатх" сүрөсү Пайгамбарыбыз с.а.в Худайбия сулхунан (келишим) кайтып жаткан кезде түшүрүлгөн. Мусхафка бир назар таштоо менен эле:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلرَّسُولُ بَلِّغۡ مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَۖ﴾

«***Эй пайгамбар, сага Роббиң тарабынан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин!***» [5:67]

- аятынын качан түшүрүлгөнүн көрүүгө болот. Ал "Фатх" сүрөсүнөн кийин түшүрүлгөн. Демек, бул аят хажжатул вадаъдан төрт жыл мурда түшүрүлгөн болот. Ошондуктан, бул аяттын Хум көлмөгү хадисине тиешеси жок. Себеби, Хум көлмөгү хадиси риваяттарынын бардыгында бул окуя хажжатул вадаъда жүз бергени айтылат. Бул хадисти четке кагуу үчүн о.э. анда дааба кылынган васийлик жана халифа кылып калтырууну батыл деп шаръий түрдө айтуу үчүн мына ушул нерсенин өзү жетиштүү болот.

Экинчи: Бул аяттын мааниси анын мантуку жана мафхумунда ачык көрүнүп турат. Анда Расулулла с.а.в Роббисинен өзүнө түшүрүлгөн нерсени жеткирүүгө буюрулганы айтылууда, андан ушул маани түшүнүлүүдө. Пайгамбарыбыз с.а.вга Роббисинен түшүрүлгөн нерсе болсо исламий рисалат. Муну колдоп-кубаттай турган жана ушул маани гана көздөлгөнүн көрсөтө турган нерсе Алла Тааланын ушул эле аяттагы төмөнкү сөзү:

﴿وَإِن لَّمۡ تَفۡعَلۡ فَمَا بَلَّغۡتَ رِسَالَتَهُۥ﴾

«***Эгер*** *(бул буйрукка амал)* ***кылбасаң, анын рисалатын*** *(пенделерине)* ***жеткирбеген болосуң***» [5:67]

Т.а. эгер өзүңө түшүрүлгөн нерсени жеткирбесең, анда анын рисалатын жеткирген болбойсуң дегени. Бул насс Алла Тааланын: «مَا أُنْزِلَ إِلَيْكَ» ***(сага түшүрүлгөн нерсе)*** деген сөзүнөн максат Алланын рисалаты экендигин, мындан башка нерсе эместигин көрсөтүп турат. Мунун үстүнө «بَلِّغْ» ***(жеткиргин)*** сөзү Куранда Алланын рисалатын жеткирүү маанисинде гана келет, мындан башка мааниде таптакыр келген эмес. Алла Таала айтат:

﴿يُبَلِّغُونَ رِسَـٰلَـٰتِ ٱللَّهِ﴾

«***Алар*** *(т.а. өткөн пайгамбарлар)* ***Алланын рисалатын*** *(пенделерге)* ***жеткиришет***» [33:39]

﴿أُبَلِّغُكُمۡ رِسَـٰلَـٰتِ رَبِّى﴾

«***Мен силерге Роббимдин рисалатын жеткиремин***» [7:62]

﴿وَأُبَلِّغُكُم مَّآ أُرۡسِلۡتُ بِهِۦ﴾

«***Мен силерге өзүм элчи кылып жиберилген рисалатты жеткиремин***» [46:23]

﴿أَبۡلَغُواْ رِسَـٰلَـٰتِ رَبِّهِمۡ﴾

«***Роббимдин рисалатын*** *(өз үммөттөрүнө)* ***толук жеткиришти***» [72:28]

﴿أَبۡلَغۡتُكُمۡ رِسَـٰلَـٰتِ رَبِّى﴾

«***Мен Роббимдин рисалатын силерге жеткирдим***» [7:93]

﴿أُبَلِّغُكُم مَّآ أُرۡسِلۡتُ بِهِۦ﴾

«***Мен силерге өзүм элчи кылып жиберилген рисалатты жеткирдим***» [11:57]

О.э.: «مَا أُنْزِلَ إِلَيْكَ» ***(сага түшүрүлгөн нерсе)*** сөзү да Куранда шарият маанисинде келет, мындан башка мааниде таптакыр келген эмес. Алла Таала айтат:

﴿وَٱلَّذِينَ يُؤۡمِنُونَ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبۡلِكَ﴾

«***Алар сага түшүрүлгөн жана сенден мурда түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтиришет***» [2:4]

﴿نُؤۡمِنُ بِمَآ أُنزِلَ عَلَيۡنَا﴾

«***Биз өзүбүзгө түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтиребиз***» [2:91]

﴿ءَامَنَّا بِٱللَّهِ وَمَآ أُنزِلَ إِلَيۡنَا وَمَآ أُنزِلَ إِلَىٰٓ إِبۡرَٰهِـۧمَ﴾

«***Аллага о.э. бизге түшүрүлгөн нерсеге жана Ияхимге түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирдик***» [2:136]

﴿ءَامَنَ ٱلرَّسُولُ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡهِ مِن رَّبِّهِۦ﴾

«***Пайгамбар өзүнө Роббисинен түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирди***» [2:285]

﴿قُلۡ ءَامَنَّا بِٱللَّهِ وَمَآ أُنزِلَ عَلَيۡنَا وَمَآ أُنزِلَ عَلَىٰٓ إِبۡرَٰهِيمَ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***“Аллага о.э. бизге түшүрүлгөн нерсеге жана Иброхимге түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирдик“ деп айткын***» [3:84]

﴿وَإِنَّ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ لَمَن يُؤۡمِنُ بِٱللَّهِ وَمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكُمۡ وَمَآ أُنزِلَ إِلَيۡهِمۡ﴾

«***Албетте, ахли китеп арасында Аллага о.э. силерге түшүрүлгөн жана өздөрүнө түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирүүчү заттар да бар***» [3:199]

﴿هَلۡ تَنقِمُونَ مِنَّآ إِلَّآ أَنۡ ءَامَنَّا بِٱللَّهِ وَمَآ أُنزِلَ إِلَيۡنَا وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبۡلُ﴾

«***Силер бизди Аллага о.э. бизге түшүрүлгөн нерсеге жана мурда түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтиргенибиз себептүү гана жаман көрөсүңөр***» [5:59]

﴿وَلَوۡ أَنَّهُمۡ أَقَامُواْ ٱلتَّوۡرَىٰةَ وَٱلۡإِنجِيلَ وَمَآ أُنزِلَ إِلَيۡهِم مِّن رَّبِّهِمۡ﴾

«*Эгер алар Тооротко, Инжилге жана Роббиси тарабынан түшүрүлгөн нерселерге амал кылышканда эле*» [5:66]

﴿حَتَّىٰ تُقِيمُواْ ٱلتَّوۡرَىٰةَ وَٱلۡإِنجِيلَ وَمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكُم مِّن رَّبِّكُمۡۗ وَلَيَزِيدَنَّ كَثِيرٗا مِّنۡهُم مَّآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَ طُغۡيَٰنٗا وَكُفۡرٗاۖ﴾

«*Тээ Тооротту, Инжилди жана силерге Роббиңер тараптан түшүрүлгөндү (т.а. Исламды) аткармайынча, эч кандай динде эмессиңер.* (Эй Мухаммад), *сага Роббиң тараптан түшүрүлгөн нерсе алардын көпчүлүгүнө адашуу жана куфрду арттыруусу күмөнсүз*» [5:68]

﴿وَإِذَا سَمِعُواْ مَآ أُنزِلَ إِلَى ٱلرَّسُولِ تَرَىٰٓ أَعۡيُنَهُمۡ تَفِيضُ مِنَ ٱلدَّمۡعِ﴾

«*Алар расулга түшүрүлгөн нерсени уккан чактарында көздөрүнөн жаш куюлуп жатканын көрөсүң*» [5:83]

Курандагы бардык аяттар ушундай.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلرَّسُولُ بَلِّغۡ مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَۖ﴾

«*Эй расул, сага Роббиң тараптан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин!*» [5:67]

Аятын алсак, андагы «مَا أُنْزِلَ» ***(түшүрүлгөн нерсе)*** сөзү андан мурунку аятта да, бул аятта да, мындан кийинки аятта да бирдей мааниде т.а. шарият маанисинде келген. Ал тургай, андан кийинки аяттагы лафз да андагы лафздын дал өзү. Булардын бардыгы Алла Тааланын:

﴿بَلِّغۡ مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَۖ﴾

«*Сага Роббиң тараптан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин!*» [5:67]

деген аятындагы «مَا أُنْزِلَ إِلَيْكَ» ***(сага түшүрүлгөн нерсе)*** деген сөзүнүн мааниси исламий шарият экендигин колдоп-кубаттайт. Бул маани Курандын бардык аяттарындагы мына бул: «بَلِّغْ» ***(жеткиргин)*** жана «مَا أُنْزِلَ إِلَيْكَ» ***(сага түшүрүлгөн нерсе)*** деген эки сөздүн ар бирин күзөткөн адамга анык көрүнүп турат.

Үчүнчү: Алла Тааланын:

﴿مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ﴾

***«Сага түшүрүлгөн нерсе»*** [5:67]
деген сөзүндөгү «أُنْزِلَ» ***(түшүрүлгөн)*** сөзү феъли мазий болуп, мажхул. Ал Пайгамбарыбыздан Алладан өзүнө мурда түшүрүлгөн вахийди жеткирүү талап кылынып жатканын түшүндүрөт. Демек, Алла Расулулла с.а.вга өзүнө мурда түшүрүлгөн вахийди адамдарга жеткирүүнү буйруп жатат. Демек, маани ушул аят түшүрүлүшүнөн мурда түшүрүлгөн нерсени жеткирүү. Маани – аят түшөрү менен пайда болгон жана ал жөнүндө аят түшүрүлүп, жеткирүү буюрулган о.э. Расулулла с.а.в васийлик жана халифа кылып калтыруу деп тафсир кылган белгилүү бир ишти жеткирүү эмес. Ошондуктан, бул хадис аяттын түшүрүлүү себебинин (сабаби нузул) шархы боло албайт. Себеби, аяттын түшүрүлүшүнө себеп боло турган хадис ушундай болот дейсиң, аят ушул хадисте айтылган окуя жөнүндө түшүрүлгөн болот. Демек, аят нерсе жөнүндө ушул нерсе жүз берген убакта түшүрүлгөн болот. Бул аяттын болсо ал түшүрүлүшүнөн мурда жүз берген нерсени жеткирүү маанисинде экендиги ачык көрүнүп турат. Ушуга ылайык, бул хадис ушул аяттын түшүрүлүшүнө себеп боло албайт.

Төртүнчү: Алла Тааланын:

﴿مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ﴾

***«Сага түшүрүлгөн нерсе»*** [5:67]
деген сөзүндөгү «مَا» сөзү исм мавсул же накра максуда болуп, бул сөз пайгамбарга түшүрүлгөн нерсе бир иш жана бир өкүм деген маанини да, же ал затка түшүрүлгөн нерсе бир нече иш жана көптөгөн өкүмдөр деген маанини да бере алат. Т.а. бул сөздөн «өзүңө түшүрүлгөн нерсени жеткиргин» деген маанини да же «Биз сага түшүргөн бардык иштерди жана өкүмдөрдү жеткиргин» деген маанини да түшүнүүгө болот. Бул сөз эки маанини тең билдире алат. Бул эки мааниден кайсы бири назарда тутулганын белгилеп бере турган нерсе карийна. Бул аятты кунт коюп үйрөнүп чыгуу менен эмес, аны окуп чыгуу менен эле Алла Тааланын:

﴿فَمَا بَلَّغۡتَ رِسَالَتَهُۥ﴾

«*... **Анын рисалатын*** *(пенделерине)* ***жеткирбеген болосуң***» [5:67]

- деген аятындагы «Анын рисалаты» деген сөзү боюнча «مَا» сөзү: «өзүңө түшүрүлгөн бардык нерсени» деген мааниде экендиги айкын болуп жатканы жана бул сөз «өзүңө түшүрүлгөн бирер өкүмдү» деген мааниде эместиги, мындай маани катъий четке кагылышы белгилүү болот. Мунун үстүнө «Анын рисалаты» деген сөз «сага түшүрүлгөн нерсе Алланын рисалаты» деген маанини анык түшүндүрүп турат.

Бешинчи: Алла Тааланын аяттын акырындагы:

﴿وَٱللَّهُ يَعۡصِمُكَ مِنَ ٱلنَّاسِۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلۡكَٰفِرِينَ﴾

«***Алла сени адамдардан сактайт. Албетте, Алла кафир коумду хидаятабайт***» [5:67]

- деген сөзү Алла тараптан пайгамбарды жубатып жана өзүнүн рисалатын жеткирүүнүн натыйжасында пайгамбарга жете турган зыян жана азардан аман сактоону айтып кадыржам кылуу. Бул кадыржам кылуу болсо белгилүү бир өкүмдү жеткирүүнүн натыйжасында пайгамбарга жете турган азардан болбойт, тескерисинче, ал бүтүндөй рисалатты кафирлерге жеткирүү натыйжасында жете турган азардан кадыржам кылуу болот. Айрыкча, рисалатты жеткирүүгө уруш-күрөш да шерик болгон соң, ал ушундай кадыржам кылуу болот. Демек, аяттын акыры: «Алла бул рисалатты жихаддын жардамында жеткиришиңде адамдардын азарынан сени сактайт», - деген маанини билдирет. Себеби, бул аят түшүрүлгөн убакта рисалатты жеткирүү тарыйкаты жихад т.а. кылыч менен согушуу эле. Ошондуктан, «сени сактайт» деген сөздөн көздөлгөн нерсе «Алиге халифалыкты берүү маалында сени Алиге хасад кылуучулардан сактайт» деген маани болушу мүмкүн эмес т.а. алардын сөзү менен айтканда «сени Абу Бакр, Умар, Усман жана аларга окшогондордон сактайт» деген маани болушу мүмкүн эмес. Себеби, аятта момундардан эмес, адамдардан сактайт деп келип жатат. Адамдар дегени кафирлер экендигин Алла Тааланын ушул эле аяттагы:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلۡكَٰفِرِينَ﴾

«***Албетте, Алла кафир коумду хидаяттабайт***» [5:67]

- деген сөзү анык көрсөтүп турат. Ушуга ылайык, демек, Алланын Пайгамбар с.а.вга аны өзүнө түшүрүлгөн нерсени жеткирүүсүндө кафирлердин азарынан өз коргоосу астында сактоону убада кылышы бул аяттагы "жеткирүү" дегени Ислам рисалатын жеткирүү экендигин анык көрсөтүп турат. Эми «Пайгамбар с.а.в рисалатты бул аят түшүрүлүшүнөн мурда жеткирген, демек, Пайгамбар с.а.в жеткирген болсо «өзүңө түшүрүлгөн нерсени жеткиргин» деген сөзү маанисиз болуп калат го» деп каршылык билдирилиши мүмкүн. Мунун жообу мындай, жеткирүү жөнүндөгү бул амрдан эки иштин бири түшүнүлөт: Же Пайгамбар с.а.в рисалатты жашырып, аны жеткирбеген болот. Же бул жерде рисалат жете элек адамдар болот жана аларга жеткирилбегендиги рисалатты дүйнөгө жеткирбегендик болуп эсептелет. Бул буйруктун Пайгамбар с.а.в өзүнө түшүрүлгөн белгилүү бир өкүмдү жашырып, аны жеткирбеген деген маанини жана рисалат аягына чыгышына себеп боло турган белгилүү бир өкүмдү жеткирүү маанисин түшүндүрүшү мүмкүн эмес. Себеби, бир өкүмдү жашырып калуу бүтүндөй рисалатты жашырып калуу сыяктуу Расулулла с.а.вдын нубувваты жана рисалатына кемчилик жеткирет. Демек, маани белгилүү бир өкүмдү жашырып калуу болушу мүмкүн эмес. Себеби, аятта:

﴿فَمَا بَلَّغْتَ رِسَالَتَهُۥ﴾

«*... **Анын рисалатын** (пенделерине) **жеткирбеген болосуң***» [5:67]

- деп, жеткирбеген болуу бүтүндөй четке кагылууда. Бул болсо, Пайгамбар с.а.в белгилүү бир өкүмдү жеткирбеген болот деген маанини эмес, рисалатты жеткирбеген болот деген маанини түшүндүрөт. Айрыкча, бир өкүмдү жеткирүү да рисалатты жеткирүү болуп эсептелген соң, ал ушундай маанини түшүндүрөт. Расулулла с.а.в алгачкы күнүнөн баштап өкүмдөрдү түшүрүлүшүнө карай толук жеткирди. Пайгамбарыбыздын бардык өкүмдөрдү жеткиргендиги жеткирүү болуп эсептелет. Ошондуктан, белгилүү бир өкүмдү жеткирбеген деген маани болушу мүмкүн эмес. Тескерисинче, аяттагы жумла рисалатты жеткирбеген болот деген маанини берип жатат. Пайгамбарыбыздын болсо жеткирбеген болушу мүмкүн эмес. Себеби, бул аят түшүрүлүшүнөн мурда

Пайгамбарыбыз с.а.вдын жеткиргендиги сабит болгон. Ушул себептен улам, бул аяттын түшүрүлүшүнүн мааниси: «Бул жерде рисалат жете элек адамдар бар. Аларга жеткирилбегендик болсо рисалатты бүт дүйнөгө жеткирбегендик болуп эсептелет, рисалат качан гана дүйнөгө жеткирилсе, ошондо гана ал жеткирилди деп эсептелет», - дегени. Анын мааниси ушундай болот. Ошондуктан, Алла Пайгамбарыбыз с.а.вга рисалатты жеткирбеген адамдарга жеткирүүнү, жеткирүү деп эсептелиши үчүн аны жеткирүүнү жана бул жеткирүү жихад жолу менен болушун буйруду. Бул аят Расулулла с.а.вга Худайбия сулхунан кийин түшүрүлгөндүгү да ушул маанини колдоп-кубаттайт. Ошондо Расулулла с.а.в мына ошол кезге чейин согуш алып барган негизги душманы Курайш болгон эле. Алар менен сулх түзүлүшү менен жихад аркылуу жеткирүүнүн токтоп калышы түшүнүлүшү мүмкүн эле. Ошондуктан, Алла пайгамбарга рисалатты калган адамдарга т.а. башка арабдар, рум, фарс, кибт жана башкаларга жихад аркылуу жеткирүүгө буйруду. Пайгамбарыбыз с.а.вдын жеткирүүсү рисалатты бүт дүйнөгө жеткирүү деп эсептелиши үчүн, бул бүткүл дүйнөлүк рисалатты жеткирди деп эсептелиши үчүн Алла Пайгамбарыбыз с.а.вды ушуга буйруду. Иш жүзүндө да ушундай болду. Себеби, бул аят түшүрүлгөндөн кийин Расулулла с.а.в Хайбарда жөөттөргө каршы согушту, Муъта согушуна даярданды, Румга каршы согушуу үчүн Табукка чоң армия менен барды жана ал жерде турду, Меккени фатх кылды, фарс, рум, кибт падышаларына жана башка падышаларга кат жолдоду. Алла Тааланын:

﴿بَلِّغۡ مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ﴾

***«Сага түшүрүлгөн нерсени жеткиргин!»*** [5:67]

- деген аятынын,

﴿فَمَا بَلَّغۡتَ رِسَالَتَهُۥ﴾

*«**... Анын рисалатын** (пенделерине) **жеткирбеген болосуң**»* [5:67]

- деген аятынын,

﴿وَٱللَّهُ يَعۡصِمُكَ مِنَ ٱلنَّاسِ﴾

«***Алла сени адамдардан*** *(зыянынан)* ***сактайт***» [5:67]
- деген аятынын жана

﴿إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلۡكَٰفِرِينَ﴾

«***Албетте, Алла кафир коумду хидаят кылбайт***» [5:67]
- деген аятынын түшүрүлүү мааниси ушулардан белгилүү болуп турат.

Эми «Канзул уммал»да жана «Нахжул балаго» шархында риваят кылынган «хадисуддар» деген хадиске келсек, анын кыскача мазмуну төмөнкүдөй:

﴿وَأَنذِرۡ عَشِيرَتَكَ ٱلۡأَقۡرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26:214]
- аяты түшүрүлгөндө, Расулулла с.а.в Алини чакырып, тамак даярдоого жана Абдулмутталиб уругун чакырып келүүгө буйруду. Али бул буйруктарды аткарды. Коум жеп-ичип болгон соң Расулулла с.а.в аларга кайрылып мындай деди:

**«يَا بَنِي عَبْدِ الْمُطَّلِبِ إِنِّي وَاللَّهِ مَا أَعْلَمُ أَنَّ شَابًّا فِي الْعَرَبِ جَاءَ قَوْمَهُ بِأَفْضَلَ مِمَّا جِئْتُكُمْ بِهِ، إِنِّي قَدْ جِئْتُكُمْ بِخَيْرِ الدُّنْيَا وَالآخِرَةِ، وَقَدْ أَمَرَنِيَ اللَّهُ أَنْ أَدْعُوَكُمْ إِلَيْهِ فَأَيُّكُمْ يُؤَازِرُنِي عَلَى هَذَا الأَمْرِ عَلَى أَنْ يَكُونَ أَخِي وَوَصِيِّي وَخَلِيفَتِي فِيكُمْ»**

**«Эй бани Абдулмутталиб, мен – Аллага ант болсун – арабдар ичинде бирер киши өз коумуна мен силерге алып келген нерседен абзелирээк нерсени алып келгенин билбеймин. Мен силерге дүйнө жана акырет жакшылыгын алып келдим. Алла мени силерди даъват кылууга буйруду. Ко-ош, силердин кайсы бириңер бул иште мени колдоп-кубаттайсыңар, араңарда менин боордошум, васиййим жана халифам болуп каласыңар».** Коум бул даъваттан жүз үйрүдү. Али гана жүз үйрүбөдү. Акыйкатта болсо, ал алардын эң кичүүсү эле. Али даъватты кабыл алып: «Я Расулулла, бул иште мен сиздин вазириңиз боломун», - деп жооп берди. Ал эми Набий с.а.в сөзүн кайталай берди, коум болсо баш тартууну улантты. Али болсо кабыл алганын кайра-кайра жарыя кыла берди. Ошондо Набий с.а.в Алинин мойнунан кармап отургандарга:

«هَذَا أَخِي وَوَصِيِّي وَخَلِيفَتِي فِيكُمْ فَاسْمَعُوا لَهُ وَأَطِيعُوا»

**«Бул силердин араңарда менин бир тууганым, васийийим жана халифам болот, ага кулак салып итаат кылгыла»,** - деди. Коум болсо Набий с.а.вдын үйүнөн чыгып чыгып бара жатышып Набий с.а.в жана анын даъватын шылдыңдап күлүшүп, Абу Талибге: «Сага уулуңа кулак салып, итаат кылышыңды буйруду», - дешти. «Хадисуддар»дын – аны хужжат кылып келтире тургандар риваят кылгандай – жыйынтыгы мына ушундай.

Бухарий

﴿وَأَنذِرْ عَشِيرَتَكَ ٱلْأَقْرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26:214]

- аяты түшүрүлгөн күндөгү окуяны риваят кылып, Расулулла с.а.вдын Сафанын үстүнө көтөрүлгөнүн айтат. Бухарий тамак даярдалганын риваят кылбаган. Ахмад ибн Ханбал «Муснад»ында эки хадисти риваят кылды. Алардын бири тамак даярдалгандыгы жөнүндөгү хадис болуп, Ахмад анда бул иш

﴿وَأَنذِرْ عَشِيرَتَكَ ٱلْأَقْرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26:214]

- аяты түшүрүлгөн күндө болгонун айткан эмес. Экинчи хадисте болсо Ахмад ушул аят түшүрүлгөн күндө тамак кылынгандыгын айткан. Алгач ушул нусусту көрүп чыгабыз, андан соң алардагы нерсени баян кылабыз:

Бухарий Ибн Аббастан мындай дегенин риваят кылды:

﴿وَأَنذِرْ عَشِيرَتَكَ ٱلْأَقْرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26: 214]

- аяты түшүрүлгөндөн кийин Набий с.а.в Сафага чыгып, адамдар топтолушу үчүн Курайш урууларына карата: Эй бани Фихр, эй бани Адий, - деп кайрыла баштады. Ким чыга албаган болсо эмне болгонун көрүп келүү үчүн адам жиберди. Абу Лахаб келди, Курайш чогулду. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз с.а.в:

«أَرَأَيْتَكُمْ لَوْ أَخْبَرْتُكُمْ أَنَّ خَيْلاً بِالْوَادِي تُرِيدُ أَنْ تُغِيرَ عَلَيْكُمْ أَكُنْتُمْ مُصَدِّقِيَّ؟ قَالُوا نَعَمْ مَا جَرَّبْنَا عَلَيْكَ إِلاَّ صِدْقًا، قَالَ: فَإِنِّي نَذِيرٌ لَكُمْ بَيْنَ يَدَيْ عَذَابٍ شَدِيدٍ»

**«Эгер силерге өрөөндө атчан бир кошуун чогулуп турат, ал үстүңөргө бастырып келмекчи десем мага ишенесиңерби, эмне дейсиңер?»**, - деди. Коум: **«Ооба ишенебиз, себеби, биз сенин жалаң гана чын сүйлөшүңө күбө болуп келгенбиз»,** - деп жооп берди. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в: **«Мен силерди келечектеги катуу азаптан эскертемин»**, - деди. Муну угуп Абу Лахаб: Бүгүндөн баштап колуң курусун, бизди ушуга чогулттуңбу? - деди. Ошондон кийин:

﴿تَبَّتۡ يَدَآ أَبِي لَهَبٖ وَتَبَّ ۝ مَآ أَغۡنَىٰ عَنۡهُ مَالُهُۥ وَمَا كَسَبَ﴾

«***Абу Лахабдын колдору курусун!*** *(Аныгында)* ***ал куруду! Мал-дүйнөсүнүн жана кесип кылып тапкан нерселеринин ага пайдасы тийген жок!***» [111:1-2]

- аяты түшүрүлдү. Бул болсо, тамак даярдоо окуясы

﴿وَأَنذِرۡ عَشِيرَتَكَ ٱلۡأَقۡرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26: 214]

- аяты түшүрүлгөн күндө болбогонуна далалат кылат. Себеби, бул аят ушул хадистин нассында келген нерсеге туура келбейт. Ахмад ибн Ханбал «Муснад»ында риваят кылып мындай деди: Бизге Аффан хадис риваят кылды, бизге Абу Авана Усман ибн Мугийрадан, ал Абу Содиктен, ал Рабиъа ибн Нажизден, ал Алиден риваят кылды, Расулулла с.а.в бани Абдулмутталибди топтоду же чакырды. Алардын арасында бир топ жакын туугандар бар эле. Бардыгы жеп-ичишти. Алар үчүн тамак даярдалган эле. Жеп тоюшту. Тамак кудум жебегендей, кандай болсо ошол бойдон калды. Расулулла с.а.в кичине чөйчөктөрдү алып келүүгө буйруду, чаңкоосу канганча ичишти. Ичимдик болсо кандай болсо ошондой бойдон, кудум ичилбегендей турду. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз с.а.в:

«يَا بَنِي عَبْدِ الْمُطَّلِبِ، إِنِّي بُعِثْتُ لَكُمْ خَاصَّةً وَإِلَى النَّاسِ عَامَّةً، وَقَدْ رَأَيْتُمْ مِنْ هَذِهِ الآيَةِ مَا رَأَيْتُمْ فَأَيُّكُمْ يُبَايِعُنِي عَلَى أَنْ يَكُونَ أَخِي وَصَاحِبِي؟ قَالَ فَلَمْ يَقُمْ إِلَيْهِ أَحَدٌ، قَالَ:

فَقُمْتُ إِلَيْهِ وَكُنْتُ أَصْغَرَ الْقَوْمِ قَالَ: فَقَالَ: اجْلِسْ. قَالَ: ثَلاثَ مَرَّاتٍ كُلُّ ذَلِكَ أَقُومُ إِلَيْهِ فَيَقُولُ اجْلِسْ، حَتَّى كَانَ فِي الثَّالِثَةِ ضَرَبَ بِيَدِهِ عَلَى يَدِي»

**«Эй бани Абдулмутталиб, мен силерге хоссатан, бардык адамдарга амматан пайгамбар кылып жиберилдим. Мына бул муъжизаны өз көзүңөр менен көрүп күбө болдуңар. Коош, кайсы бириңер боордошум жана досум болуу туурасында мага байъат бересиңер? - деди. Эч ким ордунан турбады. Ошондо мен ордумдан турдум. Мен коумдун эң кичүүсү элем. Пайгамбарыбыз с.а.в “Отур” деди. Андан соң жогорудагы сөздөрдү үч жолу кайталады. Ар дайым мен ордумдан туруп, Пайгамбарыбыз с.а.в болсо “Отур” деп жатты. Үчүнчү жолкуда колумду кармады».** Насс ушул жерде аяктады. Бул насстан

﴿وَأَنذِرۡ عَشِيرَتَكَ ٱلۡأَقۡرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26: 214]

- аятынын түшүрүлүшү айтылбагандыгы, Расулулла с.а.вдын аларга Исламды сунуш кылганы, ким Исламга кирсе Расулулла с.а.вдын боордошу жана досу болушу о.э. Пайгамбарыбыз с.а.вдын Алиге эч нерсе дебегени белгилүү болуп турат.

Эми экинчи риваятка келсек, Ахмад ибн Ханбал өзүнүн «Муснад»ында риваят кылып мындай деди: «Бизге Асвад ибн Аамир хадис риваят кылды, бизге Шарик Аъмаштан, ал Минхалдан, ал Аббад ибн Абдулла ал-Асадийден, ал Алиден мындай дегенин риваят кылды:

﴿وَأَنذِرۡ عَشِيرَتَكَ ٱلۡأَقۡرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26: 214]

- аяты түшүрүлгөндөн кийин Набий с.а.в өз ахли байтин чогултту. Отуз киши чогулду. Алар жеп-ичип болгондон кийин Пайгамбар с.а.в аларга мындай деди:

«مَنْ يَضْمَنُ عَنِّي دَيْنِي وَمَوَاعِيدِي وَيَكُونُ مَعِي فِي الْجَنَّةِ، وَيَكُونُ خَلِيفَتِي فِي أَهْلِي؟ فَقَالَ رَجُلٌ لَمْ يُسَمِّهِ شَرِيكٌ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَنْتَ كُنْتَ بَحْرًا مَنْ يَقُومُ بِهَذَا. قَالَ: ثُمَّ قَالَ الآخَرُ، قَالَ: فَعَرَضَ ذَلِكَ عَلَى أَهْلِ بَيْتِهِ، فَقَالَ عَلِيٌّ رضي الله عنه: أَنَا»

«**Ким менден (**менин атымдан**) карызымды төлөп коёт, убадаларымды аткарат жана мени менен бирге бейиште болот, ахлимде менин халифам болот?» Ошондо бир киши (Шарик анын атын айтпады): Я Расулулла, сиз бир деңиз болсоңуз, муну ким кыла алмак эле, - деди. Ошондон кийин Пайгамбар с.а.в муну өзүнүн ахли байтине сунуш кылды. Ошондо Али: Мен, - деди».** Насс ушул жерде аяктады. Бул насстан белгилүү болгондой, Расулулла с.а.в өз ахлинен карызын төлөп, убадаларын аткара турган бир адам болушун талап кылып, мунун сыйлыгы өзү менен бейиште болуу жана ахлинде халифа болуу экендигин айткан. Ошондо Али "мен" деген. Бул эки насста васиййим сөзү жок, халифам сөзү болсо мутлак эмес, ахлга мукайяд болуп келди. Ахлда халифа болуу акимият жана имамат мансабында халифа болуудан башка. Ахлда халифа болуунун акимиятта халифа болууга тиешеси жок. Булар сахих китептерде келген насстар. Алар бири-бирине жакын бир нече лафздар менен жана бир маанидеги риваяттарда келген. Алардын биринде да "васиййим" сөзү келген эмес, халифам сөзү болсо мутлак болуп келген эмес. Сихах сохибдеринен эч ким васиййим же мутлак халифам сөзү бар бирер хадисти эч бир ишенимдүү риваятчылар аркылуу риваят кылбаган. Алиге карата да жана андан башкасына карата да мындай сөз айтылганын риваят кылышпаган. Демек, бул да хужжат болуудан чыгат. Себеби, буга сахихте эч бир далил жок.

Эми Алинин халифа кылып калтырылганы жөнүндө хужжат келтире тургандар риваят кылып «хадисуддар» деп атап алышкан насска келсек, ушул риваят менен келген бул насс дироятан рад кылынат. Хадисти рад кылуу маани жагынан болсо дироятан, санад жагынан болсо риваятан рад кылынган деп айтылат. Эгер хадис дироятан же риваятан рад кылынса этибарга алынбайт жана ал хужжат болуудан түшөт. «Хадисуддар» төмөнкү бир нече ишке ылайык дироятан рад кылынат:

Биринчиден: Бул хадисте Расулулла с.а.в аали Абдулмутталибден даъватты жеткирүүдө колдоп-кубатташын талап кылганы жана башкаруу өзүнөн кийин алардыкы болушун шарт кылганы (т.а. колдоп-кубатташынын акысына акимият алардыкы болушу шарты менен талап кылганы)

көрүнүп турат. Бул эки жактан батыл: Биринчи жак мындай, бул хадис Расулулла с.а.вдын бани Аамир уруусунун талабын четке каккан окуядагы айткан сөзүнө жана кылган ишине тескери келет. Бани Аамир эгер Исламга киришсе Пайгамбар с.а.вдан кийин башкаруу алардыкы болушун талап кылышканда, Расулулла с.а.в алардын бул талабын четке кагып:

«الأَمْرُ لِلَّهِ يَضَعُهُ حَيْثُ يَشَاءُ»

**«Амр Алланыкы, аны Өзү каалаган жерге коёт», -** деген эле**.** Ибн Хишам өзүнүн «Набий с.а.в сийраты» китебинде риваят кылып мындай деди: «Ибн Исхак айтты: Мага Зухрий хадис риваят кылышынча, Набий с.а.в Аамир ибн Саъсаънын алдына келип, аларды Алла Азза ва Жаллага даъват кылды жана аларга өзүнө нусрат берүүнү сунуштады. Ошондо алардан Байжара ибн Фуррос деген киши: Аллага ант болсун, эгер курайштык бул жигитти жаныма алсам, анын жардамында албетте арабдарды жеп таштайт элем - деп, Пайгамбар с.а.вга: Эмне дейсиң, эгер биз ишиңде сага ээрчисек, андан соң Алла сага каршы чыккандардын үстүнөн сени үстөм кылса, сенден кийин амр биздики болобу? - деди. Набий с.а.в:

«الأَمْرُ لِلَّهِ يَضَعُهُ حَيْثُ يَشَاءُ»

**«Амр Алланыкы, аны Өзү каалаган жерге коёт»**, - деди. Муну угуп Байжара: Сени коргоо үчүн көкүрөгөбүздү арабдарга бута кылып берсек, Алла сени үстөм кылса, анан амр бизден башканыкы болобу? Бизге ишиңдин кереги жок, - деди. Ошентип, алар Пайгамбарга нусрат берүүдөн баш тартышты». Расулулла с.а.в: **«Амр Алланыкы, аны Өзү каалаган жерге коёт»** т.а. өзүнөн кийин халифалык жана акимият ишин Алла Өзү каалаган жерине коёт, - деп туруп, кайра бани Абдулмутталибге: **«Кай бириңер бул иште боордошум, васиййим жана араңарда халифам болушу шарты менен мени колдоп-кубаттайсыңар»**, - деп кантип айтышы мүмкүн? Акыры, бул бири-бирине тескери экендиги ачык көрүнүп турган нерсе эмеспи? Ошондой болгон соң, бул эки сөздүн биринин четке кагылышы анык. Хадисуддар

﴿وَأَنذِرۡ عَشِيرَتَكَ ٱلۡأَقۡرَبِينَ﴾

«***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды*** *(Алланын азабынан)* ***эскерткин!***» [26: 214]
- аяты түшүрүлгөн кезде т.а. пайгамбарлыктын үчүнчү жылында болгон деп айтылган, **«Амр Алланыкы, аны Өзү каалаган жерине коёт»** хадиси болсо Расулулла с.а.в урууларга нусрат берүүнү сунуш кылган кезде т.а. пайгамбарлыктын онунчу жылында, башкача айтканда, «хадисуддар»дан кийин айтылганы себептүү, демек, «хадисуддар» четке кагылат. Экинчи жак болсо мындай, бул хадисте Расулулла с.а.вдын кафирлерге алар Исламга кириши үчүн бир нерсени кылып бергендиги, эң чоң ишти т.а. өзүнөн кийин бардык мусулмандар үстүнөн халифалыкты бергендиги, алардын Исламга киришине бир төлөм (эваз) катары мындай кылгандыгы мааниси жатат. Бул болсо, Расулулла с.а.вдын даъватты алып баруудагы ишине да, шарият өкүмдөрүнө да тескери. Себеби, Расулулла с.а.в адамдарды Исламга акыйкат дин болгону үчүн даъват кылды. Пайгамбарыбыз с.а.вдын бирер кафирге анын Исламга кириши акысына бирер нерсени кылып бергендиги риваят кылынган эмес. Муну риваят кылган бир да, ал тургай заиф болсо да, хадис жок. Ал эми муаллафату кулубухумга (дилдерди үлпөт-жакын кылууга) келсек, алар мусулмандар болуп, алар аркылуу мамлекет күчөшү үчүн, аларга зекеттен берип турулат эле. Исламга кириши үчүн аларга берип тургудай, алар кафир эмес эле. Кафирлердин Исламга кириши акысына аларга бир нерсе берилиши жайиз эмес.

Экинчиден: Хадисте Расулулла с.а.в зыяпат уюштуруп, кафирлерди Исламга даъват кылуу үчүн аларга тамак даярдаганы, Исламга кириши үчүн аларды тамак үстүндө чогултканы айтылат. Тамак мусулман Али үчүн даярдалган эмес. Демек, ошолор Исламды четке кагышкан болсо жана Исламга кириши акысына Пайгамбар с.а.вдан кийин башкаруу алардыкы болушун да четке кагышкан болсо, буга Алинин эч бир тиешеси жок болот, талапты кабыл кылуу үчүн аралашкыдай. Себеби, Исламга даъват кылынган Али эмес эле. Анткени, ал мусулман болчу. Ошондуктан, хитаб ага жолдонбогон эле. Демек, Алинин бул чогулушка эч бир тиешеси жок болот, Пайгамбар с.а.в ага карата: «**Бул менин боордошум, васиййим жана араңарда менин халифам,**

**демек, ага кулак салып, итаат кылгыла»**, - деп айткыдай. Себеби, хитаб Алиге кылынган жок жана аны менен сүйлөшүү алып барылган жок.

Үчүнчүдөн: Хадисте коумдун Исламды четке какканы, Пайгамбар с.а.в аларга кайра-кайра сунуш кылышына карабастан, алар куфрда жана Исламга киришинин акысына Пайгамбар с.а.вдан кийин амр алардыкы болушун четке кагууда катуу туруп алышканы, кафир абалда кала беришкени айтылат. Ошондой болгон соң, анан кантип Расул с.а.в аларга хитаб кылып: «**Бул араңарда менин халифам»**, - деп айтышы жана ага кулак салып, итаат кылууну аларга буюрушу мүмкүн? Пайгамбарыбыз алардын кафир абалда калышканын, Исламды четке кагышканын билип туруп аларды кантип буга буюрушу мүмкүн? Алар кафир бойдон калышкан соң, Али алардын арасында кантип халифа болушу мүмкүн?

Төртүнчүдөн: Алар риваят кылган риваятта: «**Бул менин боордошум, васиййим жана араңарда халифам, демек, ага кулак салып, итаат кылгыла»**, - деп айтылат. Ал аали Абдулмутталибге кылынган хитаб. Себеби, Набий с.а.в сөздү: "Эй бани Абдулмутталиб" деп баштады. Демек, хитаб аларга хос. Себеби, Алини мусулмандарга халифа кылгандыгы эмес, бани Абдулмутталиб арасында халифа кылгандыгы айтылууда. Себеби, Пайгамбар с.а.в: «**Араңарда халифам»** деген. Демек, Али ошондо мусулмандарга халифа болгон эмес. Бул нерсе насстан ачык көрүнүп турат. Бул жерде сабабдын хостугу эмес, лафздын умумийлиги этибарга алынат деп айтуу орунсуз. Себеби, бул сабаб эмес, вакиъ айн (окуянын өзү). Кала берсе, «**Эй бани Абдулмутталиб»** жана «**араңарда халифам»** лафзы да умумий эмес, хос болуп келип жатат. Вакиъ сабаб эмес, вакиъ айн болгону себептүү о.э. лафз умумий эместиги себептүү бул лафзды хос деп этибар кылуу керек.

Бул төрт иштин бирөөсү эле бул хадистин жалган экендигин жана тескери экендигин, аны рад кылуу дироятан важиб экендигин ачык көрсөтүп берүүгө жетиштүү болот. Муну менен Расулулла с.а.вдын өзүнөн кийин Алини халифа кылууну көрсөтүп кетпегендиги белгилүү болот. Булардын бардыгынан белгилүү болгондой, Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифалыкка бир адамды дайындаган деп хужжат келтире турган адамдар риваят кылган хадистер рад кылына турган

хадистер болуп, хужжат кылуугa жарабайт. Демек, алар хужжат болуудан түшөт. Ошентип, Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифалыкты мойнуна ала турган бирер адамды дайындаганына эч кандай далил калбады. Тескерисинче, буга карама-каршы далил бар. Т.а. Расулулла с.а.вдын бул ишти мусулмандардын өзүнө калтырганына, ошондуктан, мусулмандар өздөрү каалаган кишини тандашы керектигине далил бар.

Расулулла с.а.в өзүнөн кийин халифа боло турган адамдарды дайындаган деген сөздүн ката экендигине келсек, бул нерсе алар айткан ошол хадистердин Пайгамбар с.а.в Алини халифалыкка дайындаганына далалат кылбагандыгынан көрүнүп турат. Халифалык алардыкы болушун айта турган адамдар Алинин урпактары болушканы үчүн бул сөздү айтышат. Эгер алардын Алиге карата келтире турган хужжаттары хужжат болуудан түшсө, анын урпактарына карата да хужжат болуудан түшөт. Мунун үстүнө алар Алла жана Расулу тараптан болгон насс менен Алинин урпактарынын халифалыгына далил деген этибарда риваят кылышкан хадистер аали байтка тиешелүү хадистер болуп, бардыгы мактоо мазмунунда, мындан ашык нерсе жок. Эки кымбат баалуу нерсе жөнүндөгү хадис т.а. Хум көлмөгү хадиси буга мисал болот. Анын хужжат болуудан түшкөндүгү жана андан кийин калган хадистердин да хужжат болуудан түшкөндүгү анык белгилүү болду.

# Жалпы жоопкерчиликтер

# (Масулиятуль-амма)

Шариъ акимге важиб болгон жалпы жоопкерчиликтерди анык белгилеп берди. Чиелик жана күңүрттүккө эч бир орун калтырбады. Шариъ акимдин аким катары кандай болушу важибдиги туурасындагы жоопкерчилигин да жана анын жаран менен боло турган мамилесине карата жоопкерчилигин да баян кылды.

Акимдин аким катары болушу важиб болгон нерселерге карата жоопкерчилигине келсек, ал Расулулла с.а.в акимдин кээ бир сыпаттарын баян кылган хадистерде ачык көрүнүп турат. Бул сыпаттардын эң көрүнүктүүлөрү: күч-кубаттуу, таква, жаранга мээримдүү болушу, өзүнөн иренжитүүчү (манфур) болбошу. Расулулла с.а.в акимдин күчтүү болушу керектигин, алсыз (зоиф) кишинин аким болууга жарабай тургандыгын көрсөтүп берди. Муслим Абу Заррдан Расулулла с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

**«يَا أَبَا ذَرٍّ إِنِّي أَرَاكَ ضَعِيفاً وَإِنِّي أُحِبُّ لَكَ مَا أُحِبُّ لِنَفْسِي، لاَ تَأَمَّرَنَّ عَلَى اثْنَيْنِ وَلاَ تَوَلَّيَنَّ مَالَ يَتِيمٍ»**

**«Эй Абу Зарр, мен сени алсыз деп билемин жана сага өзүмө ыраа көргөн нерсени ыраа көрөмүн. Эч качан эки адамдын үстүнөн амир болбо жана эч качан жетимдин малын (**жоопкерчилигин) **мойнуңа алба».** Муслим Абу Заррдан мындай дегенин да риваят кылды:

**«قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَلاَ تَسْتَعْمِلُنِي قَالَ: فَضَرَبَ بِيَدِهِ عَلَى مَنْكَبِي ثُمَّ قَالَ: يَا أَبَا ذَرٍّ إِنَّكَ ضَعِيفٌ وَإِنَّهَا أَمَانَةٌ وَإِنَّهَا يَوْمَ الْقِيَامَةِ خِزْيٌ وَنَدَامَةٌ إِلاَّ مَنْ أَخَذَهَا بِحَقِّهَا وَأَدَّى الَّذِي عَلَيْهِ فِيهَا»**

**«Мен: Я Расулалла, мени амалдар кылбайсызбы, - дедим. Ошондо Набий с.а.в далымдан таптап: Эй Абу Зарр, сен алсыз адамсың, ал болсо аманат, ал кыямат күнүндө шерменде болуу жана өкүнүч. Болгону, аны акылуу түрдө алган жана ал жаатта мойнундагы милдетти өтөгөн киши гана мындан тышкары, - деди».** Бул жерде кубат дегени шахсиясынын күчтүү болушу т.а. аклия жана нафсиясынын күчтүү болушу. Демек, акимдин аклиясы иштер жана

мамилелерди түшүнүүсүнө жардам бере турган башкаруу аклиясы болушу жана анын нафсиясы өзүнүн амир экенин сезе ала турган о.э. майилдерин (көңүл каалоолорун) амирдей тасарруф кыла турган аким нафсиясы болушу керек. Күчтүү шахсия өкүмдарлык кылууга жарактуу болот. Акимдин өзүн жаман өкүм жүргүзүүдөн сактай турган сыпатка ээ болушу зарыл болот. Демек, эми ал өзү туурасында жана үммөттү камкордук менен башкарышы үчүн таква менен сыпатталышы зарыл болот. Муслим жана Ахмад Сулайман ибн Бурайдадан, ал атасынан риваят кылат:

**«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِذَا أَمَّرَ أَمِيراً عَلَى جَيْشٍ أَوْ سَرِيَّةٍ أَوْصَاهُ فِي خَاصَّتِهِ بِتَقْوَى اللَّهِ وَمَنْ مَعَهُ مِنَ الْمُسْلِمِينَ خَيْراً»**

**«Расулулла с.а.в бирер кошуун же сарийяга амир дайындаса, ага Алладан таква кылууну жана аны менен бирге болгон мусулмандарга жакшылык кылууну насаат кылат эле»**. Себеби, аким Алладан таква кылып корксо, жашыруун жана ашкере иштерин Алла көрүп турат деп билсе, бул аны жаранга зомбулук кылуудан тыюучу фактор болот. Бирок, таква анын катуу кол жана кайраттуу болушуна тоскоолдук кылбайт. Себеби, ал Алла көрүп турат деп билген соң, Алланын буйрук жана кайтарууларына катуу амал кылат. Ал аким болгону үчүн анын иши катуу кол жана кайраттуу болууну талап кылат. Акимдин ишинин табияты ошондой. Ошондуктан, Шариъ ага жаранга мээримдүү болууну жана машакат кылбоону буйруду. Аиша رضي الله عنها дан мындай риваят кылынат: Мен Расулулла с.а.вдын үйүмдө мындай дегенин уктум:

**«اَللَّهُمَّ مَنْ وَلِّي مِنْ أَمْرِ أُمَّتِي شَيْئاً فَشَقَّ عَلَيْهِمْ، فَاشْقُقْ عَلَيْهِ، وَمَنْ وَلِّي مِنْ أَمْرِ أُمَّتِي شَيْئاً فَرَفَقَ بِهِمْ فَارْفُقْ بِهِ»**

**«Аллахым, ким үммөтүмдүн ишинен бирер нерсени башкарып, аларга машакат кылса Сен да ага машакат кыл. Кимде-ким үммөтүмдүн ишинен бир нерсени башкарып, аларга мээримдүүлүк кылса, Сен да ага мээримдүүлүк кыл»**. Муслим риваяты. О.э. Шариъ акимди өзүнөн иренжитип алыстатуучу эмес, тескерисинче, кубандыруучу болууга да буйруду. Абу Мусадан риваят

кылынат: Расулулла с.а.в сахабалардын бирөө-жарымын бир иш менен жөнөтсө:

«بَشِّرُوا وَلاَ تُنَفِّرُوا وَيَسِّرُوا وَلاَ تُعَسِّرُوا»

**«Сүйүнткүлө, иренжитпегиле, жеңилдик кылгыла, оор кылбагыла», -** дейт эле. Муслим риваяты.

Бул акимдин өзү жөнүндө, анын кандай болушу важибдиги жөнүндө эле. Эми анын жарандар менен боло турган мамилесине токтоло турган болсок, Шариъ ага жарандарга насаат кылууну буйруду жана жалпы элдин мал-дүйнөсүнөн (амвали амма) бирер нерсеге зыян жеткирүүнүн жаман акыбетинен эскертти. Алла акимдин мойнуна бир гана Ислам менен өкүм жүргүзүү милдетин жүктөдү. Жаранга насаат кылбай турган же аны алдай турган акимге Алла бейишти арам кылды. Маъкол ибн Ясардан риваят кылынат: Мен Набий с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«مَا مِنْ عَبْدٍ اسْتَرْعَاهُ اللَّهُ رَعِيَّةً فَلَمْ يُحِطْهَا بِنَصْحِهِ إِلاَّ لَمْ يَجِدْ رَائِحَةَ الْجَنَّةِ»

**«Алла бирер бир пендени раъият үстүнөн башчы кылган болсо, ал пенде жаранга насаат кылбаса, бейиштин жытын да таппайт».** Бухарий риваяты. Дагы Маъкол ибн Ясардан риваят кылынат: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«مَا مِنْ وَالٍ يَلِي رَعِيَّةً مِنَ الْمُسْلِمِينَ فَيَمُوتُ وَهُوَ غَاشٌّ لَهُمْ إِلاَّ حَرَّمَ اللَّهُ عَلَيْهِ الْجَنَّةَ»

**«Бир валий мусулман раъиятты башкарса, аларды алдап жүрүп ошондой абалда өлүп кетсе, Алла ага бейишти арам кылат».** Муслим Маъколдон риваят кылат: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«مَا مِنْ أَمِيرٍ يَلِي أَمْرَ الْمُسْلِمِينَ ثُمَّ لاَ يَجْهَدُ لَهُمْ وَيَنْصَحُ إِلاَّ لَمْ يَدْخُلْ مَعَهُمُ الْجَنَّةَ»

**«Бирер амир мусулмандардын ишин башкарса, бирок, алардын пайдасы үчүн жан үрөбөсө** (жахд) **жана насаат кылбаса, алар менен бирге бейишке кирбейт».** Абу Саидден риваят кылынат: Расулулла с.а.в:

«لِكُلِّ غَادِرٍ لِوَاءٌ يَوْمَ الْقِيَامَةِ يُرْفَعُ لَهُ بِقَدْرِ غَدْرِهِ أَلاَ وَلاَ غَادِرَ أَعْظَمُ غَدْرًا مِنْ أَمِيرِ عَامَّةٍ»

**«Ар бир алдамчы** (годир) **үчүн кыямат күнү бир байрак болот. Ал анын канчалык алдамчылыгына карап**

**көтөрүлөт. Эсиңерде болсун, амма амирине караганда чоңураак алдамчылык кылган алдамчы болбойт».** Муслим риваяты. Демек, жарандардын кызыкчылыгы жолунда бар болгон күчтү жумшоону жана аларга насаат кылууну Расулулла с.а.в катуу баса белгиледи. Жогоруда баян кылынгандардан бул нерсе жөнүндөгү жоопкерчилик өтө чоң экендиги анык көрүнүп турат. Эми амма мал-мүлкүнө кол салууга келсек, Шариъ мындан катуу эскерткен. Расулулла с.а.в валийлеринин бири кол салганын көргөн кезде аны катуу каралайт эле жана ал жөнүндө адамдарга хутба кылчу эле. Абу Хамид ас-Саидийден риваят кылынышынча, Набий с.а.в Ибн Латбияны бани Салим зекеттери үстүнөн аамил кылып дайындады. Ал Расулулла с.а.вдын алдына келгенде, Пайгамбарыбыз с.а.в андан эсеп сурады. Ошондо ал: Мына бул силерге, мунусу болсо мага кылынган тартуу (хадя), - деди. Муну угуп Расулулла с.а.в:

«فَهَلاَّ جَلَسْتَ فِي بَيْتِ أَبِيكَ وَبَيْتِ أُمِّكَ حَتَّى تَأْتِيَكَ هَدِيَّتُكَ إِنْ كُنْتَ صَادِقًا؟»

**«Эгер мунуң чын болсо, тартууң келишин күтүп ата-энеңдин үйүндө отура бербейсиңби?»** - деди. Андан кийин Расулулла с.а.в туруп адамдарга хутба кылды, Аллага хамду сана айтып мындай деди:

«أَمَّا بَعْدُ فَإِنِّي أَسْتَعْمِلُ رِجَالاً مِنْكُمْ عَلَى أُمُورٍ مِمَّا وَلاَّنِي اللَّهُ فَيَأْتِي أَحَدُكُمْ فَيَقُولُ هَذَا لَكُمْ وَهَذِهِ هَدِيَّةٌ أُهْدِيَتْ لِي، فَهَلاَّ جَلَسَ فِي بَيْتِ أَبِيهِ وَبَيْتِ أُمِّهِ حَتَّى تَأْتِيَهُ هَدِيَّتُهُ إِنْ كَانَ صَادِقًا؟ فَوَاللَّهِ لاَ يَأْخُذُ أَحَدُكُمْ مِنْهَا شَيْئًا بِغَيْرِ حَقِّهِ إِلاَّ جَاءَ يَحْمِلُهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»

**«Амма баъд. Мен силерден бир нече адамдарды Алла мага тапшырган бир канча иштер үстүнөн аамил кылсам, анан бириңер келип «мунусу силерге, мунусу болсо мага кылынган тартуу» десе. Эгер ал чын айтса, анда өзүнө тартуу келишин күтүп ата-энесинин үйүндө отура бербейби? Аллага ант болсун, кимде-ким садагалардан акысыз түрдө бирер нерсени алса, аны кыямат күнү көтөрүп келет».** Бухарий риваяты. Бул Алланын аны эсеп-китеп кылышына жана кылган иши үчүн ага азап беришине киная. Ал акимдин жалпы эл мүлкүнө кандайдыр бир шылтоолор менен, таъвил жана фатва чүмбөтү артында кол салышынан катуу эскертүү болот.

Эми акимдин кайсы өкүмдөр менен өкүм жүргүзүшү важибдигине келсек, Шариъ ага бул өкүмдөрдү белгилеп берди. Анын мойнуна Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен өкүм жүргүзүүнү жүктөдү. Бул экөө боюнча ижтихад кылуу укугун ага берди жана аны Исламдан башкасына умтулуудан же Исламдан башкасынан бирер нерсени алуудан кайтарды. Китеп жана Сүннөт менен өкүм жүргүзүүнүн анык көрсөтүлгөнүнө келсек, бул Куран аяттарынан анык көрүнүп турат. Алла Таала айтты:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَـٰفِرُونَ﴾

***«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер»*** [5:44]

Алла Таала дагы айтат:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَـٰسِقُونَ﴾

***«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар фасыктар»*** [5:47]

Алла Таала айтты:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّـٰلِمُونَ﴾

***«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар залимдер»*** [5:45]

Бул болсо, бир гана Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүү важиб экендигин түшүндүрөт. Алла өзүнүн Расулу саййидибиз Мухаммад с.а.вга түшүргөн нерсе болсо Курани Карим. Анын лафзы да, мааниси да Алла тараптан түшүрүлгөн. Сүннөттүн болсо лафзы эмес, мааниси Алла тараптан түшүрүлгөн. Демек, аким өкүм жүргүзүүдө Китеп жана Сүннөттүн алкагынан чыкпашы керек. Шариъ акимге Китеп жана Сүннөттө ижтихад кылууга т.а. Китеп жана Сүннөттү баамдап түшүнүүдө жана өкүмдөрдү истинбат кылууда бар болгон күчүн жумшоого уруксат берди. Абу Давуд жана Термизий риваят кылышынча, Расулулла с.а.в Муазды Яманга жөнөтүп жатып ага мындай деди: «Эгер сага бир маселе туш келип калса кандай өкүм кыласың?” Муаз: Алланын Китеби менен өкүм кыламын, - деди. Расулулла: Алла Китебинен таппасаңчы? - деди. Муаз: Расулулланын Сүннөтү менен, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в: Расулулла Сүннөтүнөн да, Алланын Китебинен да таппасаңчы?

- деди. Муаз: райым менен ижтихад кыламын, - деди. Ошондо Расулулла с.а.в анын көкүрөгүн таптап: Расулулланын элчисин Расулулланы ыраазы кыла турган нерсеге жетиштирген Аллага мактоолор болсун, - деди». Шариъ акимге, эгер ижтихадда ката кетирсе, бир ажр кылып койду. Муну менен акимди ижтихадга кызыктырып, шыктандырды жана аны насстар зохиринде катып калуудан ыраактандырды. Бухарий Амр ибн Асстан Расулулла с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«إِذَا حَكَمَ الْحَاكِمُ فَاجْتَهَدَ ثُمَّ أَصَابَ فَلَهُ أَجْرَانِ وَإِذَا حَكَمَ فَاجْتَهَدَ ثُمَّ أَخْطَأَ فَلَهُ أَجْرٌ»

**«Аким өкүм жүргүзүп жатканда ижтихад кылып туура тапса, ага эки ажр берилет; жана ижтихад кылып ката кетирсе ага бир ажр берилет».** Шарият акимдин Ислам өкүмдөрү менен гана өкүм жүргүзүшүн, башка нерсе менен өкүм жүргүзбөшүн өтө анык кылып көрсөтүп берди. Шарият акимге мейли ката кетирсе да, ижтихад кылуу укугун берүү менен бирге, бир гана Ислам менен өкүм жүргүзүшүн, Ислам өкүмү алкагынан чыкпашын да баса белгиледи. Шарият Исламдан башкасы менен өкүм жүргүзүүдөн кайтаруу менен бирге Исламдан башкасына өкүм сурап кайрылуудан да, же Исламдан болбогон нерсени ага шерик кылуудан да кайтарды. Алла Таала Расулулла с.а.вга хитаб кылып мындай деди:

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл-кушу каалаган нерселерине ээрчибе жана Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият бол!***» [5:49]

Алла Таала дагы айтат:

﴿فَٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُۖ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡحَقِّ﴾

«***Демек, адамдар ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген чындыктан жүз үйрүп, алардын көңүл-кушу каалаган нерселерине ээрчибе***» [5:48]

Расулуллага кылынган хитаб болсо анын үммөтүнө да кылынган хитаб болуп эсептелет. Демек, ал ар бир акимге да

кылынган хитаб болот. Муслим Аиша ﵂дан риваят кылат: Расулулла с.а.в:

«وَمَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فَهُوَ رَدٌّ»

**«Ким бул ишибизде андан болбогон нерсени пайда кылса, ал рад кылынат»**, - деген. Аиша энебизден кылынган дагы бир риваятта мындай деп келген:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

**«Кимде-ким биздин ишибизден болбогон бир амалды кылса, ал рад кылынат»**. Бухарий Убайдулла ибн Абдулладан риваят кылышынча, Ибн Аббас – экөөсүнөн Алла ыраазы болсун – мындай деди:

«كَيْفَ تَسْأَلُونَ أَهْلَ الْكِتَابِ عَنْ شَيْءٍ وَكِتَابُكُمُ الَّذِي أُنْزِلَ عَلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ أَحْدَثُ، تَقْرَأُونَهُ مَحْضًا لَمْ يُشَبْ وَقَدْ حَدَّثَكُمْ أَنَّ أَهْلَ الْكِتَابِ بَدَّلُوا كِتَابَ اللَّهِ وَغَيَّرُوهُ وَكَتَبُوا بِأَيْدِيهِمُ الْكِتَابَ وَقَالُوا: هُوَ مِنْ عِنْدِ اللَّهِ لِيَشْتَرُوا بِهِ ثَمَنًا قَلِيلاً. أَلاَ يَنْهَاكُمْ مَا جَاءَكُمْ مِنَ الْعِلْمِ عَنْ مَسْأَلَتِهِمْ»

**«Силер ахли китептен бирер нерсе жөнүндө кантип сурайсыңар? Акыйкатта болсо, Расулулла с.а.вга түшүрүлгөн Китебиңер жаңы түшүрүлүп сүйлөп турган болсо, силер аны эч нерсе аралашпаган нукура абалда окуп жаткан болсоңор, Китебиңер силерге ахли китеп Алланын Китебин өзгөртүшкөнүн, өз колдору менен китеп жазып, адан соң арзан баага сатуу үчүн: «Бул китеп Алланын алдынан келди», - деп айтышканын айтып турган болсо. Өзүңөргө келген илим силерди алардан суроодон кайтарбай жатабы?»**. Мындан эмне менен өкүм жүргүзүү важибдиги анык көрсөтүп берилгени жана акимдин жоопкерчилиги Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүүдөн тургандыгы ачык көрүнүп турат.

Акимдин мойнуна важиб болгон бул жоопкерчиликтерден Шариъ умумий жоопкерчиликтерди өтө анык белгилеп бергендиги көрүнүп турат. Аким халифа болобу, же анын муавиниби, валий же аамилби, ага карабастан, ушул жоопкерчиликтер алкагынан чыкпашы керек. Себеби, бул жоопкерчиликтер амирге важиб болгон соң, жалпы эл ишинен жоопкер кишиге да важиб болот. Бул жерде халифа болобу же

валийби, мусулмандардын иштеринен бирер ишти башкара турган ар бир кишини өз ичине алып умумий келген бир нече хадистер бар. Буга мисал Расулулла с.а.вдын: «**Бирер пендени Алла жарандар үстүнөн башчы кылган болсо…**», «**Кимде-ким үммөтүмдүн ишинен бирер нерсени башкарып…**», «**Эсиңерде болсун, амма амирине караганда чоңураак алдамчылык кылган алдамчы болбойт**», - деген сөздөрү о.э. Алла Тааланын:

﴿وَمَن لَّمْ يَحْكُم﴾

«***Кимде-ким… өкүм кылбаса…***» [5:45]
- деген аяты. Бул насстардын бардыгы умумий лафз менен келген болуп, валийди да, халифаны да өз ичине алат. Расулулла с.а.вга кылынган хитаб, халифа жана валий экендигине карабастан, ар бир акимге кылынган хитаб болуп эсептелет. Бирок, Расулулла с.а.в халифанын жарандар жаатындагы жоопкерчилигин хадисте өзүнчө насс менен баян кылып, анда умумий жоопкерчиликтерди умумий көрүнүштө баян кылды. Бухарий Абдулла ибн Умардан риваят кылышынча, Расулулла с.а.в мындай деди:

**«أَلاَ كُلُّكُمْ رَاعٍ وَكُلُّكُمْ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، فَالإِمَامُ الَّذِي عَلَى النَّاسِ رَاعٍ وَهُوَ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، وَالرَّجُلُ رَاعٍ عَلَى أَهْلِ بَيْتِهِ وَهُوَ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، وَالْمَرْأَةُ رَاعِيَةٌ عَلَى أَهْلِ بَيْتِ زَوْجِهَا وَوَلَدِهِ وَهِيَ مَسْؤُولَةٌ عَنْهُمْ، وَعَبْدُ الرَّجُلِ رَاعٍ عَلَى مَالِ سَيِّدِهِ وَهُوَ مَسْؤُولٌ عَنْهُ، أَلاَ فَكُلُّكُمْ رَاعٍ وَكُلُّكُمْ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»**

«**Эсиңерде болсун, ар бириңер жетекчисиңер жана ар бириңер өз раъиятынан жоопкерсиңер. Адамдарга башчы болгон имам жетекчи жана ал өз раиятынан жоопкер. Эркек киши өз үй-бүлөсүнө жетекчи жана ал өз раиятынан жоопкер. Аял эринин үй-бүлөсү менен балдарына жетекчи жана ал алардан жоопкер. Кишинин кулу өз кожоюнунун малына жетекчи жана ал андан жоопкер. Эсиңерде болсун, ар бириңер жетекчисиңер жана ар бириңер өз раиятыңардан жоопкерсиңер**». Демек, Шариъ халифаны өз раиятынан умумий жоопкер кылып койду жана бул аркылуу акимдин мойнунда умумий жоопкерчиликтер болот.

Бул жоопкерчиликтер халифанын мойнуна да, амирдин мойнуна да жүктөлөт. Шариъ жол-жорук көрсөтүп жана

шаръий өкүмдөрдү белгилеп берип, бул умумий жоопкерчиликтер жүгүн көтөрүү жана аларды аткаруу милдетин акимдин мойнуна бүтүндөй жүктөдү. Жол-жорук көрсөтүүгө келсек, Шариъ акимди – эгер ал бул жоопкерчиликтер туурасында кайдыгерлик кыла турган болсо, аларды ишке ашырбаса – Алланын азабына дуушар болушунан эскертип, эгер аларды аткара албай турган алсыз адам аларды өз мойнуна ала турган болсо, бул жоопкерчиликтер кыямат күнү шерменделик жана өкүнүч боло тургандыгын баян кылды. Расулулла с.а.в Алладан исламий үммөткө машакат кылган кимсеге машакат кылып коюуну сурады жана Алла бүтүндөй үммөткө насаат кылбай турган кимсеге бейишти арам кылды. Жана булардан башка эскертүүлөр да бар болуп, аларда акимге өз жоопкерчилигин аткарбастыктын жаман акыбети т.а. Алла тараптан боло турган азап баян кылынат. Бирок, шарият муну менен эле чектелбеди, тескерисинче, үммөттү акимдин үстүнө көзөмөлчү кылып койду. Эгер аким өз жоопкерчиликтери жаатында кайдыгерлик кыла турган болсо, же жаман иш жүргүзө турган болсо, буга каршы чыгып, четке кагууну үммөттүн мойнуна милдет кылып жүктөдү. Эгер аким Исламдан башка нерсе менен өкүм жүргүзө турган болсо жана өкүм жүргүзүү ачык куфрга айланса, үммөттү ага каршы кылыч менен согушууга буйруду. Шарият залим акимге каршы чыкканы үчүн өлтүрүлгөн адамды шейиттердин сайийиди даражасына көтөрдү. Пайгамбарыбыз с.а.в:

«سَيِّدُ الشُّهَدَاءِ حَمْزَةُ بْنُ عَبْدِ الْمُطَّلِبِ وَرَجُلٌ قَامَ إِلَى إِمَامٍ جَائِرٍ فَأَمَرَهُ وَنَهَاهُ فَقَتَلَهُ»

**«Шейиттердин сайийиди – Хамза ибн Абдулмутталиб жана залим акимге каршы туруп, аны** (маъруфка) **буюруп,** (мункардан) **кайтарган, натыйжада, ошол залим аким тараптан өлтүрүлгөн адам»**, - деген. Хаким риваяты. Шарият акимдин кайдыгерлигине ыраазы болуп, ага моюн сунуп тура берген адамдын Алланын алдында жоопкер болуп, анын азабынан аман калбашын баян кылды. Муслим Умму Саламадан риваят кылышынча, Расулулла с.а.в мындай деди:

«سَتَكُونُ أُمَرَاءُ فَتَعْرِفُونَ وَتُنْكِرُونَ فَمَنْ عَرَفَ بَرِئَ وَمَنْ أَنْكَرَ سَلِمَ وَلَكِنْ مَنْ رَضِيَ وَتَابَعَ. قَالُوا أَفَلاَ نُقَاتِلُهُمْ قَالَ: لاَ، مَا صَلُّوا»

**«Келечекте амирлер болот, силер тааныйсыңар жана инкар кыласыңар. Демек, ким тааныса тазаланат, ким инкар кылса саламат калат. Лекин, ким ыраазы болуп, ээрчисе** (таза жана саламат болбойт). Ошондо: Аларга каршы согушпайбызбы? – деп сурашты. Расулулла: **Жок, эгер намазды өтөп жатышса,** - деди». Башка бир риваятта мындай деп келген:

«فَمَنْ كَرِهَ فَقَدْ بَرِئَ وَمَنْ أَنْكَرَ فَقَدْ سَلِمَ وَلَكِنْ مَنْ رَضِيَ وَتَابَعَ»

**«Ким жаман көрсө таза болот, ким инкар кылса саламат калат. Лекин, ким ыраазы болуп, ээрчисе** (таза жана саламат болбойт)». Бул риваят Пайгамбарыбыз с.а.вдын: «Ким тааныса тазаланат», - деген сөзүн тафсир кылып берет. Нававий бул хадистин шархында мындай деди: «Анын мааниси, валлоху аълам, төмөнкүдөй: Ким мункарды таанып, анын мункар экендигине күмөн кылбаса, аны колу же тили менен өзгөртүшү ал үчүн ушул мункардын күнөөсүнөн жана жазасынан таза болуунун тарыйкаты болот. Буга алсыздык кылса дили менен жаман көрсүн». Пайгамбарыбыз с.а.вдын: «Ким инкар кылса саламат калат», - деген сөзү т.а. кимде-ким мункарды колу жана тили менен өзгөртүүгө кудуреттүү болбой, аны дили менен инкар кылса жана жаман көрсө, анын күнөөсүндө ошол амирлерге шерик болуудан саламат калат. Бирок, кимде-ким ыраазы болсо жана ээрчисе т.а. алардын ишине дили менен ыраазы болсо жана иш жүзүндө аларды ээрчисе, тазаланбайт жана саламат болбойт. Демек, бул хадисте Расулулла с.а.в акимдин мункар ишине каршы чыгып, инкар кылууга буйруду жана колдон келе турган ар кандай васийла менен инкар кылууну важиб кылып койду. Болгону бул васийла согуш болбошу т.а. кылыч болбошу жана тил менен т.а. сөз менен болушу, же кол жана тил менен өзгөртүүгө алсыздык кылса, дил менен болушу шарт. Эгерде халифанын ачык куфрду кылып жатканы көрүнсө гана кылыч көтөрүп каршы чыгылат. Пайгамбарыбыз с.а.в каршы чыгып, инкар кылбаган адамды күнөөдө акимге шерик деп эсептеди. Себеби, Пайгамбарыбыз с.а.в кимде-ким акимдер кылган ишке ыраазы болсо жана ээрчисе күнөөдөн тазаланбашын жана саламат калбашын айтты. Бирок, бул инкар кылуу акимдер Ислам менен өкүм жүргүзүп туруп, жаман иш кылып коюшкан убакта гана болот.

Ал эми, эгер алар Исламды колдонуу алкагынан чыгып, куфр өкүмдөрүн колдонушса, андай абалда шарият кол, тил жана дил аркылуу четке кагуу менен чектелбеди, тескерисинче, аларды өзгөртүүнүн тарыйкаты кылыч жана согуш экендигин көрсөтүп берди. Мисалы, Муслим риваят кылган Умму Саламанын хадисинде:

«قَالُوا أَفَلاَ نُقَاتِلُهُمْ قَالَ: لاَ، مَا صَلُّوا»

«Ошондо: **Аларга каршы согушпайбызбы? –** деп сурашты. Пайгамбарыбыз с.а.в: **Жок, эгерде намазды өтөп жатышса**, - деди» деп келген. Дагы бир риваятта:

«أَلاَ نُقَاتِلُهُمْ يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ: لاَ، مَا صَلُّوا»

**«Аларга каршы согушпайбызбы, Я Расулулла, -** деп сурашты. Пайгамбарыбыз с.а.в: **Жок, эгерде намазды өтөп жатышса, -** деди», - деп келген. Муслим риваят кылган Ауф ибн Маликтин хадисинде мындай деп келет:

«قِيلَ يَا رَسُولَ اللَّهِ أَفَلاَ نُنَابِذُهُمْ بِالسَّيْفِ فَقَالَ: لاَ، مَا أَقَامُوا فِيكُمُ الصَّلاَةَ»

**«Я Расулулла, аларга каршы кылыч көтөрүп чыкпайбызбы? -** деп суралды. Пайгамбарыбыз с.а.в: **Жок, эгер араңарда намазды өтөп жатышкан болсо** (каршы чыкпайсыңар) деди». Башка риваятта болсо мындай деп келген:

«قُلْنَا يَا رَسُولَ اللَّهِ أَفَلاَ نُنَابِذُهُمْ عِنْدَ ذَلِكَ؟ قَالَ: لاَ، مَا أَقَامُوا فِيكُمُ الصَّلاَةَ»

«Биз: **Я Расулулла, мына ошол кезде аларга** (кылыч менен) **каршы турабызбы? -** дедик. Пайгамбар с.а.в: **Жок, эгерде араңарда намазды өтөп жатышкан болсо, -** деди». Бухарий Убада ибн Сомиттен мындай дегенин риваят кылды:

«دَعَانَا النَّبِيُّ ﷺ فَبَايَعْنَاهُ. فَقَالَ فِيمَا أَخَذَ عَلَيْنَا أَنْ بَايَعْنَا عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي مَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا وَعُسْرِنَا وَيُسْرِنَا وَأَثَرَةً عَلَيْنَا وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ قَالَ: إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللَّهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

**«Набий с.а.в бизди даъват кылды. Биз ал кишиге байъат бердик. Бизден байъат алып жатканда, курсантчылыкта да, капачылыкта да, оор күндөрүбүздө да, жеңил күндөрүбүздө да кулак салып, итаат кылууга, өзүбүздөн абзел көрүшүбүзгө, ишти ээсинен талашпашыбызга байъат беришибизди айтып: Болгону, эгер ачык куфрду көрсөңөр**

**жана силерде бул жөнүндө Алладан анык хужжат болсо, (**ошондо гана талашышыңар мүмкүн) **деди».** Бул хадистерден иш ээлери (акимдер) тараптан ачык куфр жүз бергенин көрсөк, аларга каршы чыгып башкарууну талашуубуз, эгер арабызда намазды өтөбөй турган болсо, аларга каршы кылыч көтөрүп согушуубуз керектиги түшүнүлүүдө. Бул болсо, акимге карата анын Ислам менен өкүм жүргүзүшү керектигине киная. Т.а. алар, ырасында, Ислам менен өкүм жүргүзүшсө, согушуу да, каршы чыгып талашуу да болбойт. А бирок, эгерде Исламдан башка нерсе менен өкүм жүргүзө турган болушса, андайда аларга каршы согушуу, каршы чыгуу жана талашуу важиб болуп калат. Бул аркылуу Ислам умумий жоопкерчиликтерди аткарууну толук жүктөгөн болот.

# Исламий мамлекет илахий мамлекет эмес, башарий мамлекет

Исламий мамлекет – бул Халифалык. Себеби, ал мансап болуп, бул мансапты ээлеген киши акимияттын, салтанаттын жана өкүмдөрдү табанний кылуунун бардык салахияттарына (ыйгарым-укуктарына) эч истиснасыз ээ болот. Халифалык дүйнөдөгү бардык мусулмандардын жалпы жетекчилиги болуп, исламий шарият өкүмдөрүн тикелейт. Аларды Ислам алып келген пикирлер жана шаръий өкүмдөр менен тикелейт. Халифалык исламий даъватты дүйнө жүзүнө көтөрүп чыгат. Муну аларга Исламды таанытуу менен, аларды Исламга даъват кылуу менен жана Алла жолундагы жихад аркылуу ишке ашырат. Халифалык – имамат жана момундар амирлиги деп да аталат. Демек, ал илахий мансап эмес, башарий мансап. Себеби, ал Ислам динин адамзатка колдонуу жана аны адамзат (башар) арасына жаюу үчүн бар болуп турат. Ал нубуваттан (пайгамбарлыктан) бүтүндөй башка нерсе. Себеби, нубуват жана рисалат бир мансап болуп, анда набий же расул шариятты Алладан вахий аркылуу алып, адамдарга жеткирет. Анын колдонулганы же колдонулбаганына карабастан, аны жеткирет:

﴿وَمَا عَلَى ٱلرَّسُولِ إِلَّا ٱلۡبَلَٰغُ ٱلۡمُبِينُ﴾

«***Расулдун мойнунда жалаң*** *(силерге акыйкат динди)* ***жеткирүү бар***» [24:54]

﴿فَإِنَّمَا عَلَيۡكَ ٱلۡبَلَٰغُ﴾

«***Сенин мойнуңдагы нерсе жеткирүү гана***» [3:20]

﴿مَّا عَلَى ٱلرَّسُولِ إِلَّا ٱلۡبَلَٰغُ﴾

«***Расулдун мойнунда жеткирүү гана бар***» [5:99]

Халифалык болсо мунун тескериси. Себеби, ал Алланын шариятын адамзатка колдонуу. Набий жана расул болуу үчүн Алла өзүнө вахий кылган нерсени колдонуусу шарт эмес. Т.а. набий жана расул болуу үчүн Алла ага бирер шариятты вахий кылышы жана аны жеткирүүнү буюрушу шарт. Сайидибиз Муса, Иса жана Иброхим алайхимуссалам мына ушул негизде

пайгамбар жана расул болушту. Алар өздөрү алып келген шариятты колдонушпады жана аким болушпады.

Ушуга ылайык, нубувват жана рисалат халифалык мансабынан башка нерсе. Себеби, нубувват илахий мансап болуп, Алла аны Өзү каалаган кишиге берет. Халифалык болсо башарий мансап болуп, анда мусулмандар өздөрү каалаган кишини халифа кылып шайлап, ага байъат беришет. Саййидибиз Мухаммад с.а.в болсо өзү алып келген шариятты колдоно турган аким болду. Пайгамбарыбыз с.а.вга нубувват жана рисалат берилген болуп, ошол эле убакта, Ислам өкүмдөрүн колдонуу үчүн мусулмандар жетекчиси мансабын да ээледи. Себеби, Алла Пайгамбарыбыз с.а.вды рисалатты жеткирүүгө буйругандай эле, өкүм жүргүзүүгө да буйруду. Алла Таала Пайгамбарыбыз с.а.вга мындай деди:

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын***» [5:49]

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ لِتَحۡكُمَ بَيۡنَ ٱلنَّاسِ بِمَآ أَرَىٰكَ ٱللَّهُ﴾

«***Албетте, Биз сага ушул акыйкат Китепти*** *(Куранды)* ***адамдар арасында Алла көрсөткөн жол менен өкүм кылышың үчүн түшүрдүк***» [4:105]

Алла Таала дагы мындай деди:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلرَّسُولُ بَلِّغۡ مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَ﴾

«***Эй Расул, сага Роббиң тараптан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин***» [5:67]

﴿وَأُوحِيَ إِلَيَّ هَٰذَا ٱلۡقُرۡءَانُ لِأُنذِرَكُم بِهِۦ وَمَنۢ بَلَغَ﴾

«***Силерди жана Куран жетип барган адамдарды*** *(акырет азабынан)* ***эскертишим үчүн мага мына ушул Куран вахий кылынды***» [6:19]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡمُدَّثِّرُ ۝ قُمۡ فَأَنذِرۡ﴾

«***Эй*** *(кийимдерине)* ***чүмкөнүп алган зат, тургун да,*** *(адамдарды акырет азабынан)* ***эскерткин!***» [74:1-2]

Бирок, дагы бир айта кете турган нерсе, Пайгамбарыбыз с.а.в рисалатты сөз менен жеткирүүгө, мисалы, Алла Тааланын:

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

«***Акыйкатта болсо, Алла сооданы адал, сүткордукту арам кылган***» [2:275]

- деген аятын жеткирүү сыяктуу, же Худайбия келишими сыяктуу амалий нерсени жеткирүүгө киришип жатканда, жазм менен киришип жана амалды аткарууга катъий буюрат эле. Мында кеңешип отурбайт эле. Вахий алып келген нерседен башкача кеңеш берилсе, мындай райды четке кагат эле. Эгер вахий түшүрүлө элек бирер өкүм жөнүндө суралса, вахий түшүрүлгөнгө чейин жооп бербейт эле. Ал эми иштерди аткарууга киришүүдө Пайгамбарыбыз с.а.в адамдар менен кеңешет эле. Адамдардын ортосунда казылык кылып өкүм чыгарса, бул өкүмү адисенин (хаадиса) акыйкатына ылайык болду деп жазм кылбас эле. Тескерисинче, Пайгамбарыбыз с.а.в өзү уккан хужжаттар боюнча өкүм кылганын айтат эле. Мисалы, Пайгамбарыбыз с.а.в «Бароат» сүрөсү түшүрүлгөн кезде Абу Бакрга жетип алуу үчүн Али ибн Абу Талибди төөгө учкаштырып алды жана аны ажылык мезгилинде «Бароат» сүрөсүн адамдарга окуп жарыя кылууга буйруду. Али бул сүрөнү адамдарга Арафатта окуп берди жана айланып жүрүп, аларга бул сүрөнү жеткирди. Худайбия келишими түзүлгөн кезде Пайгамбарыбыз с.а.в бардык сахабалардын райын четке кагып, аларды өзү билдирген райга катуу амал кылууга буйруду. Себеби, бул рай Алла тараптан вахий кылынган эле. Жабир: Малымды кандай бөлүштүрөмүн? - деп сураганда, Расулулла с.а.в бул жөнүндө вахий түшүрүлгөнгө чейин жооп бербеди. Бухарий Ибн Мункадирден риваят кылат: «**Жабир ибн Абдулланын мындай дегенин уктум: Ооруп жатканымда Расулулла с.а.в жана Абу Бакр экөө мени көргөнү келишти. Мен эстен тандым. Расулулла с.а.в даарат алып, даааратынын суусунан мага септи. Өзүмө келип: Я Расулулла (Суфяндын айтышынча: «Эй Расулулла» деп айткан окшоймун), малымды кандай бөлүштүрөмүн? Малымды эмне кыламын? - дедим. Пайгамбарыбыз с.а.в тээ мурас аяты түшүрүлгөнгө чейин мага жооп бербеди»**. Бул нубувват жана рисалаттын машакаттуу милдетин аткаруу жана адамдарга жеткирүү жөнүндө эле. Ал эми акимияттын машакаттуу милдетин

аткарууда Пайгамбарыбыз с.а.в башкача жол карманды. Мисалы, Ухудда мусулмандарды мечитке чогултуп, алар менен «Мединанын ичинде туруп, же тышкарыга чыгып согушуу жөнүндө» кеңешти. Көпчүлүк «чыгыш керек» деген пикирде, Пайгамбарыбыз с.а.в болсо «чыкпашыбыз керек» деген пикирде эле. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в көпчүлүктүн райы боюнча иш кылды жана Мединадан тышкарыга чыгып согушту. О.э. Пайгамбарыбыз с.а.в адамдар ортосунда казылык кылган кезде башкалардын акысын алардын пайдасына өкүм кылган болушу ыктымалынан аларды эскертти. Бухарий Умму Саламадан, ал Расулулла с.а.вдан риваят кылышынча, Пайгамбарыбыз с.а.в эшигинин алдында адамдардын жаңжалын угуп калды, алардын алдына чыгып мындай деди:

«إِنَّمَا أَنَا بَشَرٌ وَإِنَّهُ يَأْتِينِي الْخَصْمُ فَلَعَلَّ بَعْضَكُمْ أَنْ يَكُونَ أَبْلَغَ مِنْ بَعْضٍ فَأَحْسِبُ أَنَّهُ صَادِقٌ فَأَقْضِي لَهُ بِذَلِكَ، فَمَنْ قَضَيْتُ لَهُ بِحَقِّ مُسْلِمٍ فَإِنَّمَا هِيَ قِطْعَةٌ مِنَ النَّارِ فَلْيَأْخُذْهَا أَوْ لِيَتْرُكْهَا»

**«Мен да бир инсанмын. Менин алдыма жаңжалдашып келип турушат. Силердин бириңер башкасына караганда сөзгө уста болушу мүмкүн, ошондо ал чын айтып жатат деп эсептеп анын пайдасына өкүм чыгарып жиберишим ыктымал. Демек, кимге бирер мусулмандын акысын өкүм кылып жиберсем, ал тозок отунан бир бөлүк чок болот. Каалаcа аны алсын, каалаcа таштасын».** Термизий да Пайгамбар с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«وَإِنِّي لَأَرْجُو أَنْ أَلْقَى رَبِّي وَلَيْسَ أَحَدٌ مِنْكُمْ يَطْلُبُنِي بِمَظْلِمَةٍ فِي دَمٍ وَلاَ مَالٍ»

**«Мен Роббиме силерден бирөө жарымыңар менден кан же мал жаатында бирер адилетсиздик боюнча (акысын) талап кылбаган абалда жолугушумду үмүт кыламын».** Бул болсо, Пайгамбарыбыз с.а.в эки мансапты: нубувват жана рисалат мансабын о.э. өзүнө вахий кылынган Алланын шариятын тикелөө үчүн мусулмандар жетекчиси мансабын ээлегенине далалат кылат. Пайгамбарыбыз с.а.в бул эки мансаптын ар биринде башкача иш жүргүзөт эле. Набий с.а.в акимият туурасында адамдардан байъат алды. Эркектерден да, аялдардан да байъат алды. Балагатка жетпеген жаш балдардан албады. Бул болсо, анын нубувват байъаты эмес, акимият

байъаты экендигин тастыктап турат. Ошондуктан, биз Алла Тааланын рисалатты жеткирүү жана анын машакаттуу милдеттерин аткаруу боюнча бирер нерседе Пайгамбарыбыз с.а.вды итоб кылбаганын көрөбүз. Тескерисинче, Алла Таала Пайгамбарыбыз с.а.вдан даъватын адамдар кабыл албаганы үчүн кейибестикти талап кылды. Себеби, рисалат машакатын аткаруу жеткирүүдөн гана турат. Пайгамбардын мойнунда жеткирүү гана бар. Алла Таала айтат:

﴿فَلَا تَذۡهَبۡ نَفۡسُكَ عَلَيۡهِمۡ حَسَرَٰتٍۚ﴾

«***Демек,*** *(Эй Мухаммад),* ***жаның алардын*** *(ыйман келтирбегени)* ***үстүндө бушайман чекпесин***» [35:8]

﴿وَلَا تَحۡزَنۡ عَلَيۡهِمۡ وَلَا تَكُ فِي ضَيۡقٖ مِّمَّا يَمۡكُرُونَ﴾

«***Алардын*** *(т.а. мушриктердин динге кирбегендиктери)* ***үстүндө кайгыра бербе. Алардын айла-амалынан да кысылбагын!***» [16:127]

﴿إِنۡ عَلَيۡكَ إِلَّا ٱلۡبَلَٰغُۗ﴾

«***Сенин мойнуңда*** *(Биз сага түшүргөн вахийди)* ***жеткирүү гана бар***» [42:48]

Бирок, Алла Таала Набий с.а.вды ал кишиге түшүрүлгөн жана адамдарга жеткирген өкүмдөрдү колдонуу үчүн акимият милдетин аткарышы маалында кылган иштеринде итоб кылды. Алла Пайгамбарыбыз с.а.вды бул иштерди мурунку өкүмдөргө тескери көрүнүштө кылганы үчүн итоб кылды. Алла Таала айтат:

﴿مَا كَانَ لِنَبِيٍّ أَن يَكُونَ لَهُۥٓ أَسۡرَىٰ حَتَّىٰ يُثۡخِنَ فِي ٱلۡأَرۡضِۚ﴾

«***Бирер пайгамбар үчүн тээ жерде үстөм болмоюнча, туткун алуу жайиз эмес эле***» [8:67]

﴿عَفَا ٱللَّهُ عَنكَ لِمَ أَذِنتَ لَهُمۡ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***Алла сени кечирди.*** *(Бирок)* ***эмне үчүн аларга*** *(жихадга чыкпастык үчүн)* ***уруксат бердиң?!***» [9:43]

Акимиятта мусулмандарга жетекчилик мансабы нубувват мансабынан башка экендиги бул иштерде ачык көрүнүп турат. Ушундан белгилүү болгондой, дүйнөдөгү бардык мусулмандардын жалпы жетекчилиги (раясат амма) болгон

Халифалык илахий мансап эмес, башарий мансап болуп эсептелет. Себеби, ал акимият мансабы болуп, Расулулла с.а.в аны ээлеген. Пайгамбарыбыз с.а.в аны калтырды жана бул мансапта мусулмандардын бирөөсү өзүнө орунбасар болушун фарз кылды. Демек, халифалык нубувватта эмес, тескерисинче, акимиятта Расулулла с.а.вдын ордунда анын халифасы-орунбасары турушу. Демек, ал вахийди алууда жана Алладан шариятты алууда эмес, тескерисинче, Ислам өкүмдөрүн колдонуу жана Ислам даъватын жеткирүү үчүн мусулмандар жетекчилигинде Расулулла с.а.вдын халифасы болуу дегени.

Ал эми Расулулла с.а.вдын маъсум экендигине токтоло турган болсок, анын негизи Пайгамбарыбыз с.а.вдын аким болгондугу эмес, пайгамбар болгондугу. Маъсумдук ошондон келип чыгат. Себеби, маъсумдук бардык набийлер жана расулдар сыпатталышы важиб болгон сыпаттардан. Алар адамдарга өздөрү алып келген шарият менен өкүм жүргүзүшөбү жана аны колдонушабы, же жеткирүү менен эле чектелишеби, буга карабастан, маъсумдук менен сыпаттанышы важиб. Мисалы, саййидибиз Муса, Иса жана Иброхим маъсум. Саййидибиз Мухаммад с.а.в да маъсум. Демек, маъсумдук акимиятка эмес, нубувват жана рисалатка тиешелүү. Ал эми Расулулла с.а.вдын акимият милдетин аткаруу маалында бирер арам ишти кылбаганына жана бирер важиб ишти калтырбаганына келсек, бул Пайгамбарыбыз с.а.вдын аким болгондугу жагынан эмес, нубувват жана рисалат жагынан маъсум экендигинен келип чыгат. Себеби, Пайгамбар с.а.вдын акимият милдетин аткарышы ал кишинин маъсумдук менен сыпатталышын талап кылбайт. Бирок, Пайгамбар с.а.в набий жана расул экендиги жагынан албетте маъсум болгон жана мына ушул негизде адамзатка өкүм жүргүзө турган адам катары акимиятты ээлеген. Пайгамбарыбыз с.а.вдын инсан экендиги Куранда ачык келген. Алла Таала айтат:

﴿قُلۡ إِنَّمَآ أَنَا۠ بَشَرٞ مِّثۡلُكُمۡ﴾

«*(Эй Мухаммад, аларга)* ***айткын: «Эч шек-күмөнсүз, мен да силер сыяктуу бир адаммын***» [18:110]

Андан соң Куранда

﴿يُوحَىٰٓ إِلَيَّ﴾

*«**Мага вахий кылынууда**»* [18: 110]

- деп айтылып, Пайгамбарыбыз с.а.вдын башка адамдардан айырмаланып турган жагы баян кылынды. Демек, Пайгамбарыбыз с.а.вды башка адамдардан өзгөчөлөнтүп туруучу нерсе ал кишиге вахий келгендиги т.а. нубувват. Башка нерселерде болсо Пайгамбарыбыз с.а.в дагы башка адамдар сыяктуу эле бир адам. Демек, Пайгамбарыбыз с.а.в акимиятта башка адамдар сыяктуу эле бир адам болот. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз с.а.вга халифа-орунбасар боло турган кишинин башка адамдар сыяктуу бир адам болушунда эч күмөн жок. Себеби, ал Пайгамбарыбыз с.а.вга нубувват жана рисалатта эмес, акимиятта гана халифа болот. Ошондуктан, анда маъсумдук шарт кылынбайт. Себеби, маъсумдук акимият талап кыла турган нерселерден эмес. Тескерисинче, ал нубувват талап кыла турган нерселерден. Халифа болсо аким. Демек, халифа боло турган кишиге маъсумдук шарт кылынышы таптакыр жайиз эмес. Себеби, маъсумдук пайгамбарларга гана хос болуп, алардан башкаларга нисбат берилиши эч бир жайиз эмес. Себеби, набий жана расулда маъсумдук бар болушун рисалатты жеткирүү талап кылат. Ошондуктан, ал рисалатты жеткирүүдөгү маъсумдук болуп эсептелет. Рисалатты жеткирүүдөгү маъсумдук арам нерселерди кылбастыкта маъсумдук пайда болушуна байланыштуу. Себеби, жеткирүүдөгү маъсумдук арам нерселерди кылуудан маъсум болуу менен толук болот. Демек, маъсумдукту талап кыла турган нерсе рисалатты жеткирүү. Аны талап кыла турган нерсе адамдардын тастыкташы же тастыктабашы да, иштерде катага жол коюу же койбостук да эмес, тескерисинче, рисалатты жеткирүү. Андан башка нерсе эмес. Себеби, эгерде пайгамбар Алла тараптан маъсум болбогондо, рисалатты жашырып калышы же ага бир нерсени кошуп жибериши, же андан азайтып коюшу, же Алла айтпаган нерсени айтты деп жалган сүйлөшү, же ката кылып өзүнө буюрулган нерседен башканы жеткириши мүмкүн эле. Булардын бардыгы Алла тараптан келген рисалатка жана пайгамбардын тастыктоо важиб болгон расул экендигине тескери келет. Ошондуктан,

расулдун рисалатты жеткирүүдө маъсумдук менен сыпатталуусу шарт болду. Ушуга ылайык, анын арам иштерди кылуудан маъсум экендиги жүзөгө чыкты. Ошондуктан, уламалар пайгамбарлардын арам иштерди кылуудан маъсум экендигинде ихтилаф кылышып, ар түрдүү пикирлерди билдиришти. Айрымдары «пайгамбар чоң (кабийр) күнөөлөрдү кылуудан маъсум, ошондуктан ал кичине (согийр) күнөөлөрдү кылып коюшу мүмкүн» деген пикирди билдиришкен болсо, айрымдары «пайгамбар чоң күнөөлөрдөн да, кичине күнөөлөрдөн да маъсум» деген пикирди билдиришти. Алар муну рисалатты жеткирүүнүн толук болушу (т.а. толук жеткирүү) же толук болбошу иштерге байланыштуубу же жокпу, ошого карап айтышты. Эгер толук жеткирүү иштерге байланыштуу болсо, анда жеткирүүдөгү маъсумдук иштерди да өз ичине алат жана пайгамбар иштерде маъсум болот. Себеби, рисалатты жеткирүү пайгамбар мына ушул иштерде маъсум болсо гана толук ишке ашат. Эгер рисалатты жеткирүү иштерге байланыштуу болбосо, анда маъсумдук иштерди өз ичине албайт жана пайгамбар иштерде маъсум болбойт. Себеби, мындайда рисалатты жеткирүү мына ушул иштерсиз эле толук ишке ашат. Ошондуктан, мусулмандар ортосунда расулдун мурунку иштерине тескери иштерди кылып коюудан маъсум эместиги тууралуу эч кандай ихтилаф жок. Себеби, рисалатты толук жеткирүү бул иштерге байланыштуу эмес. Ушуга ылайык, маъсумдук жеткирүүгө гана хос болуп, ал набийлер жана расулдарда гана болот. Башкалар үчүн болушу таптакыр жайиз эмес.

Маъсумдуктун далили аклий далил. Ал эми Алла Тааланын:

﴿إِنَّمَا يُرِيدُ ٱللَّهُ لِيُذۡهِبَ عَنكُمُ ٱلرِّجۡسَ أَهۡلَ ٱلۡبَيۡتِ وَيُطَهِّرَكُمۡ تَطۡهِيرٗا﴾

«*(Эй пайгамбар)* ***үйүнүн ахли, Алла силерден «рижсти» кетирүүнү жана силерди бүтүндөй тазалоону гана каалайт***» [33:33]

- деген аятына токтоло турган болсок, бул аяттын мааниси: Силерден күмөндү жана жалааны кетирүүнү каалайт, - дегени. Бул аят үч аяттын бир жузъу. Алла Таала айтат:

يَا نِسَاءِ النَّبِيِّ لَسْتُنَّ كَأَحَدٍ مِّنَ النِّسَاءِ إِنِ اتَّقَيْتُنَّ فَلَا تَخْضَعْنَ بِالْقَوْلِ فَيَطْمَعَ الَّذِي فِي قَلْبِهِ
مَرَضٌ وَقُلْنَ قَوْلاً مَّعْرُوفاً ۞ وَقَرْنَ فِي بُيُوتِكُنَّ وَلَا تَبَرَّجْنَ تَبَرُّجَ الْجَاهِلِيَّةِ الْأُولَى وَأَقِمْنَ

الصَّلَاةَ وَآتِينَ الزَّكَاةَ وَأَطِعْنَ اللَّهَ وَرَسُولَهُ إِنَّمَا يُرِيدُ اللَّهُ لِيُذْهِبَ عَنكُمُ الرِّجْسَ أَهْلَ الْبَيْتِ وَيُطَهِّرَكُمْ تَطْهِيراً ۝ وَاذْكُرْنَ مَا يُتْلَى فِي بُيُوتِكُنَّ مِنْ آيَاتِ اللَّهِ وَالْحِكْمَةِ إِنَّ اللَّهَ كَانَ لَطِيفاً خَبِيراً

«***Эй набийдин аялдары, силер эгер таквадар болсоңор, аялдардын бирери сыяктуу эмессиңер*** *(т.а. бирер аял фазилат жана даражада силер сыяктуу боло албайт)*. ***Демек, силер*** *(парда артынан бирер намахрам эркекке жооп бергениңерде)* ***назданып сүйлөбөгүлө, анда дилинде мерез-мунафыктык болгон кимсе үмүттөнүп калат. Жакшы – туура сөздү сүйлөгүлө! Өз үйүңөрдө орношуп тургула*** *(т.а. себепсиз үйүңөрдөн тышкарыга чыкпагыла, бирер муктаждык үчүн чыкканыңарда болсо)* ***мурдагы динсиздик*** *(доорун)****дагы жасануу сыяктуу жасанбагыла! Намазды толук өтөгүлө, зекетти*** *(акылууларга)* ***бергиле о.э.*** *(бардык иштерде)* ***Алла жана Анын пайгамбарына итаат кылгыла!*** *(Эй пайгамбар)* ***үйүнүн ахли, Алла силерден «рижс»ти кетирүүнү жана силерди бүтүндөй тазалоону каалайт. Үйүңөрдө Алланын аяттары жана хикматтан*** *(т.а. пайгамбар хадистеринен)* ***турган окула турган нерселерди эстегиле-тилават кылгыла! Албетте, Алла мээримдүү жана кабардар болгон Зат***» [33:32-34]

Бул аяттын маъсумдукка тиешеси жок. Алла Тааланын:

﴿لِيُذْهِبَ عَنكُمُ ٱلرِّجْسَ﴾

«***Силерден «рижс»ти кетирүүнү каалайт***» [33:33]

- деген аятынан «силерди маъсум кылууну каалайт» деген маани түшүнүлүшү мүмкүн эмес. Тескерисинче, «рижс»ти кетирүү таза эместикти кетирүү болот. Бул жерде «рижс» дегени маънавий аруу эместик. Маънавий аруу эместик болсо күмөн жана жалаа. Бул мурунку эки аятта ачык көрүнүп турат. Бул жерде тазалануу күмөн жана жалаадан тазалануу болот. Себеби, «рижс» сөзү маддий аруу эместик, маънавий аруу эместик о.э. азап маанисин билдирет. Бул сөз Куранда ушул маанилерде келген. Алла Таала айтат:

﴿فَٱجْتَنِبُواْ ٱلرِّجْسَ مِنَ ٱلْأَوْثَٰنِ﴾

«***Буттардан турган «рижс»тен ыраак болгула***» [22:30]

﴿كَذَٰلِكَ يَجْعَلُ ٱللَّهُ ٱلرِّجْسَ عَلَى ٱلَّذِينَ لَا يُؤْمِنُونَ﴾

«*О.э. Алла ыймансыз кимселерге «рижс»ти* (үстөм) *кылат*» [6:125]

Бул эки аятта «рижс»тен көздөлгөн маани маънавий аруу эместик. Алла Таала айтат:

﴿أَوۡ لَحۡمَ خِنزِيرٖ فَإِنَّهُۥ رِجۡسٌ﴾

«*Же доңуз эти болсо, себеби, ал «рижс*» [6:145]

Т.а. доңуздун эти нажас эсептелет, маддий аруу эмес нерсе. Алла Таала айтат:

﴿وَيَجۡعَلُ ٱلرِّجۡسَ عَلَى ٱلَّذِينَ لَا يَعۡقِلُونَ﴾

«*Ал* (Алла) *акылын иштетпеген адамдарды "рижс"ке (азапка) дуушар кылат*» [10:100]

Демек, Алла Тааланын:

﴿لِيُذۡهِبَ عَنكُمُ ٱلرِّجۡسَ﴾

«*Силерден «рижс»ти кетирүүнү каалайт*» [33:33]

- деген аяты силерден маънавий аруу эместикти кетирүүнү каалайт деген мааниде. Маънавий аруу эместик болсо жалаа. Ал эми Алла Тааланын:

﴿وَيُطَهِّرَكُمۡ تَطۡهِيرٗا﴾

«*Силерди бүтүндөй тазалоону каалайт*» [33:33]

деген аятына келсек, «يُطَهِّرَكُمْ» жана «تَطْهِيرًا» сөзүнүн эч бири маъсумдук маанисинде таптакыр келген эмес. Лугатта да, Куранда да, хадисте да мындай мааниде келген эмес. Мисалы, лугатта «طَهَّرَ الشَّيْءَ طَهَارَةً وَ تَطْهِيرًا» деп айтылса «нерседен нажасатты жок кылды, кетирди» деген маанини билдирет. Аял хайздан тазаланды, нажасат жана айыптардан тазаланды деп да айтылат. Шарияттта болсо даарат (тазалануу) – бул даааратсыздыкты кетирүү болот. Пайгамбар с.а.в:

«لاَ يَقْبَلُ اللَّهُ صَلاَةً بِغَيْرِ طُهُورٍ»

«**Алла намазды даааратсыз кабыл албайт**», - деген. Куранда да мына ушундай мааниилерде келген. Алла Таала айтат:

﴿وَثِيَابَكَ فَطَهِّرۡ﴾

«***Кийимдериңди таза кармагын!***» [74:4]

﴿مَآءً لِّيُطَهِّرَكُم بِهِۦ﴾

«***Силерди тазартуу үчүн суу*** (*жамгыр жаадырган эле*)» [8:11]

﴿وَلَا تَقْرَبُوهُنَّ حَتَّىٰ يَطْهُرْنَ﴾

«***Жана андан тазарганга чейин аларга жакындашпагыла***» [2:222]

Мындан көздөлгөн маани нажасаттан жана хайздан тазалануу. Алла Таала айтат:

﴿ٱصْطَفَىٰكِ وَطَهَّرَكِ﴾

«***Сени*** (*аялдардын арасынан*) ***тандап алды жана тазалады***» [3:42]
т.а. айыптардан тазалады. Алла Таала айтат:

﴿وَإِن كُنتُمْ جُنُبًا فَٱطَّهَّرُوا۟﴾

«***Эгер жунуб болсоңор, тазалангыла***» [5:6]
т.а. таза эместиктен тазалангыла. «تَطْهِيرٌ» момундарга тиешелүү болуп да келген. Алла Таала айтат:

﴿مَا يُرِيدُ ٱللَّهُ لِيَجْعَلَ عَلَيْكُم مِّنْ حَرَجٍ وَلَٰكِن يُرِيدُ لِيُطَهِّرَكُمْ وَلِيُتِمَّ نِعْمَتَهُۥ عَلَيْكُمْ﴾

«***Алла силерге машакат кылууну каалабайт, тескерисинче, силерди тазалоону жана силерге Өз неъматын толук кылып берүүнү каалайт***» [5:6]

Бул насстардын бардыгы жогорудагы аяттан көздөлгөн маани Алла ахли байтты күмөн жана жалаадан тазалашы экендигин колдоп-кубаттайт о.э. андан Алла аларды маъсум кылды деген маани көздөлгөнүн четке кагат. Себеби, бул аят маъсумдукка далалат кылып жаткан жок.

Ушуга ылайык, рисалатты жеткирүүдөгү маъсумдук набий жана расулда болушу анык экендигин көрсөтүп бере турган нерсе акыл болот. Себеби, кишинин набий жана расул экендиги анын маъсум болушун талап кылат. Болбосо ал набий да, расул да болбойт. Акыл анык көрсөткөндөй, рисалатты

жеткирүү буюрулган пайгамбардан башкасы маъсум болушу мүмкүн эмес. Себеби, ал инсан. Анда ката жана унутуу жүз берип турушу Алла анда жараткан фитраттан. Кала берсе, ал Алладан келген рисалатты жеткирүүгө буюрулган эмес. Демек, анда маъсум болууну талап кыла турган нерсенин өзү жок. Эми ал өзүнүн маъсум экендигин дааба кыла турган болсо, анда «ал Алладан келген рисалатты жеткирүүгө буюрулган» деген маани чыгат. Мындай болушу таптакыр жайиз эмес. Себеби, Мухаммад с.а.вдан кийин эч кандай пайгамбар болбойт. Алла Таала айтат:

﴿وَلَٰكِن رَّسُولَ ٱللَّهِ وَخَاتَمَ ٱلنَّبِيِّـۧنَ﴾

«***Тескерисинче, ал Алланын расулу жана набийлердин акыркысы***» [33:40]

Демек, маъсумдукту дааба кылуу пайгамбарлыкты дааба кылуу дегени. Себеби, Расул Алладан жеткирүүчү болгону үчүн, анда инсан катары катага жана адашууга жол коюу бар болгону үчүн, Алланын рисалатын жеткирүүдө аны өзгөртүү жана алмаштыруудан сактоо расулдун ката жана адашуудан маъсум болушун талап кылат. Мына ушул бир гана себептен улам маъсумдук расулдун сыпаттарынын бири болуп калды жана ушул себептин бир өзү гана маъсумдукту талап кылат. Ошондуктан, пайгамбардан башка бирер адамдын маъсумдугу дааба кылына турган болсо – акыйкатта болсо, маъсумдукту талап кыла турган нерсе Алланын рисалатын жеткирүү экендиги жогоруда белгилүү болду – демек, мына ушул адам үчүн маъсумдукту талап кыла турган жана анын себепчиси болгон рисалатты жеткирүү (т.а. пайгамбарлык) да дааба кылынган болот. Демек, Алланын рисалатын жеткирүү ага буюрулганы дааба кылынган болот. Ушуга ылайык, халифанын маъсум болушу шарт кылынышы таптакыр жайиз эмес. Себеби, мунун шарт кылынышы Алланын рисалатын жеткирүү халифага буюрулган деген маанини түшүндүрөт. Бул болсо, эч бир жайиз эмес.

Булардын бардыгынан белгилүү болгондой, халифа да инсан. Ал ката кетириши да, туура иш кылышы да мүмкүн. Ар кандай инсанда жүз бере турган эстен чыгарып коюу, унутуу, жалган, кыянат, күнөө жана башкалар анда да жүз бериши мүмкүн. Себеби, ал да адам. Себеби, ал набий да, расул да

эмес. Расулулла с.а.в имам катага жол коюшу мүмкүн экендиги кабарын берди. О.э. Пайгамбарыбыз с.а.в имамдан адамдар аны жаман көрүшүнө жана наалатташына себеп боло турган зулум, күнөө жана башкалар жүз бериши мүмкүн экендигинин да кабарын берди. Ал тургай, имамдан ачык куфр жүз бериши мүмкүн экендигинин кабарын да берди. Муслим риваят кылып айтат: Мага Зухайр ибн Харб хадис риваят кылды: бизге Шабаба хадис риваят кылды: мага Варко Абу Занаддан, ал Аъраждан, ал Абу Хурайрадан Набий с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ، فَإِنْ أَمَرَ بِتَقْوَى اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ وَعَدَلَ كَانَ لَهُ بِذَلِكَ أَجْرٌ وَإِنْ يَأْمُرْ بِغَيْرِهِ كَانَ عَلَيْهِ مِنْهُ»

**«Имам – калкан. Анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат. Эгер ал Алла Азза ва Жалладан таква кылууга буйруса жана адилеттүүлүк кылса бул үчүн ага ажр болот. Эгер мындан башкага буйруса өзүнүн зыянына болот».** Бул болсо, имамдын маъсум эместигин жана Алладан таква кылуудан башка нерсеге буюрушу да мүмкүн экендигин түшүндүрөт. Муслим риваят кылып айтат: Бизге Усман ибн Абу Шайба хадис риваят кылды: бизге Жарир Аъмаштан, ал Зайд ибн Вахбдан, ал Абдулладан риваят кылды: Расулулла с.а.в:

«إِنَّهَا سَتَكُونُ بَعْدِي أَثَرَةٌ وَأُمُورٌ تُنْكِرُونَهَا، قَالُوا يَا رَسُولَ اللَّهِ: كَيْفَ تَأْمُرُ مَنْ أَدْرَكَ مِنَّا ذَلِكَ؟ قَالَ: تُؤَدُّونَ الْحَقَّ الَّذِي عَلَيْكُمْ، وَتَسْأَلُونَ اللَّهَ الَّذِي لَكُمْ»

**«Менден кийин силер жактырбай инкар кыла турган өзүмчүлдүктөр жана бир нече иштер болот, - деди. Ошондо: Я Расулулла, бизден ким ошол мезгилге жетсе эмнеге буюрасыз, - деп сурашты. Пайгамбарыбыз с.а.в: Үстүңөрдөгү акыны өтөйсүңөр жана өзүңөр үчүн болгон нерсени Алладан сурайсыңар, - деп жооп берди».** Муслим дагы риваят кылып айтат: Бизге Исхак ибн Иброхим Ханзалий хадис риваят кылды: бизге Иса ибн Юнус кабар берди: бизге Авзаий Язид ибн Язид ибн Жабирден, ал Рузайк ибн Хайяндан, ал Муслим ибн Каратадан, ал Ауф ибн Маликтен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«خِيَارُ أَئِمَّتِكُمُ الَّذِينَ تُحِبُّونَهُمْ وَيُحِبُّونَكُمْ، وَيُصَلُّونَ عَلَيْكُمْ وَتُصَلُّونَ عَلَيْهِمْ، وَشِرَارُ أَئِمَّتِكُمُ الَّذِينَ تَبْغَضُونَهُمْ وَيَبْغَضُونَكُمْ، وَتَلْعَنُونَهُمْ وَيَلْعَنُونَكُمْ، قِيلَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَفَلاَ نُنَابِذُهُمْ بِالسَّيْفِ؟ قَالَ: لاَ، مَا أَقَامُوا فِيكُمُ الصَّلاَةَ، وَإِذَا رَأَيْتُمْ مِنْ وَلاَتِكُمْ شَيْئًا تَكْرَهُونَهُ، فَاكْرَهُوا عَمَلَهُ، وَلا تَنْزِعُوا يَدًا مِنْ طَاعَةٍ»

**«Имамдарыңардын жакшылары – силер аларды жакшы көрө турган, алар да силерди жакшы көрө турган, силер алардын акысына дуба кыла турган, алар да силердин акыңарга дуба кыла тургандары. Имамдарыңардын жамандары – силер аларды жаман көрө турган, алар да силерди жаман көрө турган, силер аларды наалаттай турган, алар да силерди наалаттай тургандары. Ошондо: Я Расулулла, аларга каршы кылыч көтөрүп чыкпайбызбы? – деп сурашты. Пайгамбарыбыз с.а.в: Жок, эгерде араңарда намазды өтөп жатышса** (каршы чыкпайсыңар). **Эгер акимиңерде силер жактырбай турган бирер нерсени көрсөңөр анын амалын жаман көргүлө жана итаат кылуудан баш тартпагыла, - деп жооп берди».** Бухарий риваят кылып айтат: Бизге Исмаил хадис риваят кылды: мага Ибн Вахб Амрдан, ал Букайрдан, ал Буср ибн Саидден, ал Жунада ибн Абу Умайядан мындай дегенин риваят кылды: Биз Убада ибн Сомиттин алдына кирдик. Ал ооруп жаткан эле. Биз: Алла сага шыпаа берсин, Набий с.а.вдан уккан бирер хадисти айтып бергин, Алла ал себептүү сага пайда жеткирсин, - дедик. Ал мындай деди:

«دَعَانَا النَّبِيُّ ﷺ فَبَايَعْنَاهُ، فَقَالَ فِيمَا أَخَذَ عَلَيْنَا أَنْ بَايَعْنَا عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي مَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا وَعُسْرِنَا وَيُسْرِنَا وَأَثَرَةً عَلَيْنَا، وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ قَالَ: إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللَّهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

**«Набий с.а.в бизди даъват кылды. Биз ал кишиге байъат бердик. Бизден байъат алып жатып, курсантчылыкта да, капачылыкта да, оор күндөрүбүздө да, жеңил күндөрүбүздө да кулак салып, итаат кылууга, өзүбүздөн абзел көрүшүбүзгө, ишти ээсинен талашпашыбызга байъат беришибизди айтып: болгону, эгер ачык куфрду көрсөңөр жана силерде бул жөнүндө Алладан анык хужжат болсо,**

(ошондо гана талашышыңар мүмкүн) **деди»**. Аиша ﵂дан риваят кылынышынча, Расулулла с.а.в:

«ادْرَؤُوا الْحُدُودَ عَنِ الْمُسْلِمِينَ مَا اسْتَطَعْتُمْ, فَإِنْ كَانَ لَهُ مَخْرَجٌ فَخَلُّوا سَبِيلَهُ، فَإِنَّ الإِمَامَ أَنْ يُخْطِئَ فِي الْعَفْوِ خَيْرٌ مِنْ أَنْ يُخْطِئَ فِي الْعُقُوبَةِ»

**«Хаддарды мусулмандардан колуңардан келишинче кайтаргыла. Эгер ал үчүн бир чыгып кете турган жол болсо, анын жолун бошотуп койгула. Себеби, имамдын кечирүүдө ката кетириши жаза берүүдө ката кетиришине караганда жакшыраак»**, - деген. Термизий риваяты. Бул хадистерден имамдын катага жол коюшу, унутушу, күнөө кылып коюшу мүмкүн экендиги ачык түшүнүлүп турат. Ошону менен бирге, Расулулла с.а.в эгер имам Ислам менен өкүм жүргүзүп жатса жана ал тараптан ачык куфр жүз бербесе, ырас, күнөөгө буйрубаса, ага итаат кылууну улантууга буйруду. Демек, Расулулла с.а.в халифалар жөнүндө кабар берип, алардан мусулмандар жаман көрүп инкар кыла турган нерселер жүз бериши мүмкүн экендигин айтты жана ошого карабастан аларга итаат кылууну улантууга буйруду. Ко-ош, ушундан кийин да «халифа маъсум болушу керек, инсан кылып коюшу мүмкүн болгон иштерди анын кылышы мүмкүн эмес» деп айтылышы мүмкүнбү?

Булар халифалыктын вакиълиги туурасында жана маъсумдук шарт кылынбашы, аны шарт кылуу таптакыр жайиз эместиги туурасындагы далилдер эле. Бирок, «халифа маъсум болушу шарт» деп айта турган адамдар да бул сөздөрүнө бир нече далилдерди келтиришкендиктен, бул орунда аларды көрсөтүп жана алардагы нерселерди баян кылып өтүүгө туура келет. Алар төмөнкү төрт далил:

1 – Имам шариятты коргоо (мухафаза), аны жеткирүү жана таалим берүү, жарандардын иштерин башкаруу, алардын ортосунда адилеттүүлүк орнотуу, мазлумга акысын алып берүү, хаддарды тикелөө, таъзир берүү, Исламды колдонуу сыяктуу иштерди шарият буйругандай көрүнүштө ишке ашырууда пайгамбардын даражасында турат. Ошондуктан, халифа жаман (кобих) иштерди, чоң жана кичине күнөөлөрдү билип же билбей кылып коюудан маъсум, таза болушу керек, өмүрүнүн башынан аягына чейин ушундай болушу шарт.

2 – Эгер имамдын бирер күнөө кылып коюшу мүмкүн болсо, ал өзүн күнөө жана катадан тыйып турган бир маъсум имамга албетте муктаж болуп калат. Экинчиси да ката жана күнөө кылып коюшу мүмкүн болсо, ал да өзүн мындан тыя турган бир маъсум имамга муктаж болуп калат. Ошентип, мындай абал бири-бирине уланып кете берет же иш бир маъсум имамга келип токтойт дейсиң, анын күнөө жана ката кылышы эч бир мүмкүн болбойт. Ошондуктан, имамдын маъсум болушу шарт.

3 – Имамат илахий мыйзамды коргоо үчүн ээлене турган бир илахий мансап. Ал ушул илахий мыйзамга моюн сунуу жана ага амал кылуу үчүн коюлган. Ал адамдардын амирликтеринин бири эмес жана шарият да оюндарды кылуу мүмкүн болгон өкмөттөрдүн конституциялары жана мыйзамдарынын бири эмес. Ошондуктан, шааниси улуу болгон Алла Таала Өзүнүн шарияты үстүнөн маъсум болгон жетекчини гана тикелейт. Ошондо адамдар бул жетекчиге беймарал ишенишет, андан өкүмдөрдү чындыгында эле Алла Тааланын өкүмдөрү деген этибарда алышат. Бул өкүмдөрдү – аларга амал кылуудан жана моюн сунуудан тоскоолдук кыла турган эч кандай шек-күмөн аралабайт. Бул болсо, шарият коргоосу үстүнөн көзөмөлдөп туруучу жетекчи маъсум болгондо гана ишке ашат. Себеби, ал маъсум болбосо, күнөө жана ката кылып коюшу мүмкүн болгондуктан, адамдар ага ишенбей коюшат, ал адамдарды буйруп жаткан нерсе Алла Тааланын өкүмү экендигине адамдар катъий ишенбей коюшат. Анын айрым өкүмдөрдү гана коргоп, айрымдарын этибарсыз калтырышы менен максатка жетишилбейт. Тескерисинче, ал Набий с.а.в алып келген бардык нерсени коргошу шарт. Демек, халифанын бардык өкүмдөрдү билүүчү аалым болушу шарт о.э. бул өкүмдөрдүн бардыгын коргошу да шарт. Ошондо бул өкүмдөргө дүнүйө тургунча амал кылынат. Ошондуктан, айрым өкүмдөрдү гана биле турган же күнөө жана ката кылып коюшу мүмкүн болгон кимсени халифалык мансабына тикелеп коюу сунуштан (буйруктан) көздөлгөн максатты т.а. шарият алып келген бардык нерсеге моюн сунуу жана амал кылууну бузуу болот. Белгилүү болгондой, шарият кыямат күнүнө чейин түбөлүктүү калат. Хаким заттын бул максатты бузушу мүмкүн эмес. Демек, маъсум болбогон же айрым өкүмдөрдү гана билген кимсени бул мансапка тикелөө мүмкүн эмес.

4 – Бир канча насстар халифанын маъсум болушу важибдигине далалат кылып келди. Мисалы, бул жерде Курандан бир нече аяттар бар болуп, алар муну ачык жарыя кылып келди. Бул нерсе төмөнкү үч аятта анык көрүнөт:

а – Алла Таала айтат:

﴿لَا يَنَالُ عَهۡدِى ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

«***Менин бул убадам*** *(сенин урпагыңдын арасындагы)* ***залим адамдарга жетпейт***» [2:124]

Алла Тааланын бул аяты шариятты коргоочу имамдын маъсум болушу важиб экендигине далил болот. "Бакара" сүрөсүндөгү ушул аятта Алла Таала мындай деди:

﴿وَإِذِ ٱبۡتَلَىٰٓ إِبۡرَٰهِـۧمَ رَبُّهُۥ بِكَلِمَٰتٖ فَأَتَمَّهُنَّۖ قَالَ إِنِّي جَاعِلُكَ لِلنَّاسِ إِمَامٗاۖ قَالَ وَمِن ذُرِّيَّتِيۖ قَالَ لَا يَنَالُ عَهۡدِى ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

«***Эстегин: ИброхимдиРоббиси бир нече сөздөр менен сынаганда, аларды кемчиликсиз толук аткарды. Ошондо*** *(Алла Таала)****: «Албетте, Мен сени адамдарга имам кылуучумун», - деди. «Урпагымды дагыбы?» деп сурады ал.*** *(Алла Таала)* ***айтты: «Менин бул убадам*** *(сенин урпагыңдын арасындагы)* ***залим адамдарга жетпейт***» [2:124]

Сөздөр болсо ушул аяттан кийин келген аяттар түшүндүрүп жаткандай, Алла Тааланын Иброхим ﵇ды имам кылышы. Иброхим ﵇ Алла Тааланын:

﴿إِنِّي جَاعِلُكَ لِلنَّاسِ إِمَامٗا﴾

«***Албетте, Мен сени адамдарга имам кылуучумун***» [2:124] - деген сөзүн укканда жана бул мансаптын улуулугун көргөн соң, ушул мансаптан өзүнүн урпактарына да бир үлүш болушунан үмүттөндү. Ошондо Алла Таала:

﴿لَا يَنَالُ عَهۡدِى ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

«***Менин бул убадам*** *(сенин урпагыңдын арасындагы)* ***залим адамдарга жетпейт***» [2:124] - деди. Алла Тааланын бул аяты бул мансап зулум менен булганган же булгана турган кимселердин бирине да берилбешин түшүндүрүп жатат. Бул маани өзүнө же башкага өмүрүндө – мейли, кыска убакыт болсо да – зулум кылган

бардык кимсени өз ичине алат. Бул мансап мындай кимселерге берилбейт. Тескерисинче, ал өмүрүндө эч кандай зулум кылбаган кишиге берилет.

б – Алла Таала айтат:

﴿أَفَمَن يَهْدِيٓ إِلَى ٱلْحَقِّ أَحَقُّ أَن يُتَّبَعَ أَمَّن لَّا يَهِدِّيٓ إِلَّآ أَن يُهْدَىٰ﴾

«***Эми акыйкат жолго хидаят кыла турган Зат моюн сунууга татыктуубу же*** *(эч кимди)* ***хидаят кыла албай турган, тескерисинче, өзү хидаятка муктаж болгон кишиби?!***» [10:35]

Бул аят имамдын маъсум болушу важибдигине дагы бир далил болот. Себеби, ал чындыгында хидаяттайт, жетектейт. Ката кылып коюшу мүмкүн болгон кимсе болсо акыйкатка жетектей албайт. Мейли, ал күтүүсүздөн акыйкатты тапканда да, бирок, ага жетектей албайт.

в – Алла Таала айтат:

﴿أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِي ٱلْأَمْرِ مِنكُمْ﴾

«***Аллага итаат кылгыла жана расулга о.э. өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***амирлерге моюн сунгула!***» [4:59]

Бул аят имамдын маъсум болушу керектигине далил болот. Себеби, Алла Таала "улул амр"га мутлак итаат кылууну буйруду. Бул итаатты бир хос орунга жана бир хос заманга хостоп койбоду. Бул болсо, итаат кылына турган имамдын маъсум болушун талап кылат. Себеби, маъсум болбогон адам күнөөгө буюрушу жана ката кылып коюшу мүмкүн. Абал ушундай болуп туруп, эгер мындай кимсеге итаат кылуу важиб болгондо – түпкүлүгүндө мындай итаат арам – шааниси улуу Алла Таала бири-бирине тескери эки нерсени жамдоону жана ылайык келтирүүнү буйруган болуп калат эле. Бул болсо мүмкүн эмес. Демек, итаат кылына турган имамдын маъсум болушу шарт. Кала берсе, Алла Таала Расулга итаат кылууну өзүнө итаат кылуу менен теңештирди, улул амрга итаат кылууну болсо Расулга итаат кылуу менен теңештирди. Бул болсо, ушул мансаптын улуу экендигин көрсөтөт. Улул амр – бул маъсум имамдар.

Булар имам маъсум болушу шарт деп айта турган адамдардын далилдери. Булардын ар бирине төмөндө кыскача жооп беребиз:

Биринчиден: Халифа Алладан шариятты жеткирүү менен эмес, тескерисинче, шариятты колдонуу менен акимиятта Расулдун ордунда турат. Демек, ал Расулдун Алладан жеткирүүдөгү эмес, акимияттагы халифасы болуп эсептелет. Бул болсо, анын маъсум болушун талап кылбайт. Себеби, акимият милдети аклий жактан да, шаръий жактан да маъсумдукту талап кылбайт. Туура, халифада: ислам, эркектик, азаттык, балагат, акыл, адилеттүүлүк жана кудуреттүүлүк сыпаттары болушу шарт кылынган. Бул сыпаттардын ар бири алар жөнүндө келген шаръий далилдерге ылайык шарт кылынды. Бирок, бул сыпаттардын шарт кылынышынын мааниси бул сыпаттар халифа боло турган кишиде бар болсо ал бул сыпаттарга тескери иш кылуудан маъсум болот дегени эмес. Анын мааниси: кимде-ким бул мансапты ээлесе, анда мына ушул сыпаттар бар болушу важиб дегени. Анын мааниси бул адам ушул сыпаттар алкагынан чыгуудан маъсум болот дегени эмес. Тескерисинче, ал бул сыпаттар алкагынан чыгышы мүмкүн. Андай убакта аны бошотуу же халифалыктан четтетүү керек болот. Халифада бул сыпаттардын шарт кылынышы кудум күбөнүн күбөлүгү кабыл кылынышы үчүн анын адилеттүүлүк сыпаты менен сыпатталуусу шарт экендигине окшойт. Анда бул сыпаттардын шарт кылынышы анын бул сыпаттарга тескери иш кылышынан маъсум болушун түшүндүрбөйт. Ушуга ылайык, халифанын башкарууда пайгамбардын ордунда турушу анын маъсум болушу важиб экендигине далил болбойт. Ал эми, мусулмандар тараптан шарияттын жеткирилишине келсек, бул Алланын шариятын жеткирүүнү түшүндүрбөйт. Ал Алла мусулмандарга важиб кылган адамдарга даъватты жеткирүү жана аларга Ислам пикирлери менен өкүмдөрүн таалим берүү милдетин аткарууну түшүндүрөт. Мындан башканы түшүндүрбөйт. Демек, ал Алладан жеткирүү эмес, балким, Расулулла с.а.в алып келген сунуштардын бири болуп эсептелет. Ошондуктан, ал Расулдун Алладан жеткирүүсүнөн башка нерсе болот. Ошол себептен улам, ал маъсум болууну талап кылбайт жана анда маъсум болууга муктаждык жок. Себеби, аны аткаруу башка шаръий сунуштарды аткаруу сыяктуу болот. Ал халифага халифа катары важиб эмес, балким, шариятты билген ар бир мусулманга важиб. Халифа да бир мусулман катары шариятты

жеткирүүгө буйрулган. Бул, эгер халифа аалым болсо, анын аалымдыгы этибары менен важиб. Себеби, жеткирүү шариятты билген аалым мусулманга фарз. Анын өз билими боюнча жеткирүүсү фарз. Жеткирүүчүлөрдүн маъсум болушу фарз да, шарт да эмес. Ал эми исламий даъватты көтөрүп чыгуу халифага халифа катары важиб экендигине келсек, ал халифага колунда салтанат болгон аким катары важиб болот. Бул даъватты белгилүү бир тарыйкат болгон жихад аркылуу көтөрүп чыгуу ага важиб. Мында маъсумдук шарт кылынбайт, тескерисинче, аны шарт кылуу орунсуз болот.

Экинчиден: Халифа эгер асийлик кылса, өзүн күнөөдөн кайтара турган бир имамга муктаж болбойт. Балким, өзүн эсеп-китеп кыла турган үммөткө муктаж болот. Үммөт аны алмаштырат же өзгөртөт. Себеби, Расулулла с.а.в үммөт халифаны эсеп-китеп кылышы керектигин баян кылды жана үммөттөн, эгер халифа маъсият кыла турган болсо, бул ишин четке кагууну талап кылды о.э. халифанын күнөөсүнө ыраазы болуп, аны ээрчиген ар бир кимсени Алланын алдында жоопкер кылып койду. Муслим риваят кылып айтат: Мага Абу Гассан Мисмаий жана Мухаммад ибн Башар биргеликте Муаздан хадис риваят кылышты (текст Абу Гассандыкы), бизге Муаз ибн Хишам Даставаий, мага атам Катодадан хадис риваят кылды, бизге Хасан Зобба ибн Михсан Аназийден, ал Умму Салама энебизден, ал Набий с.а.вдан риваят кылды:

«يُسْتَعْمَلُ عَلَيْكُمْ أُمَرَاءُ فَتَعْرِفُونَ وَتُنْكِرُونَ، فَمَنْ كَرِهَ فَقَدْ بَرِئَ، وَمَنْ أَنْكَرَ فَقَدْ سَلِمَ، وَلَكِنْ مَنْ رَضِيَ وَتَابَعَ. قَالُوا يَا رَسُولَ اللَّهِ أَلاَ نُقَاتِلُهُمْ؟ قَالَ: لاَ، مَا صَلُّوا»

**«Үстүңөргө ушундай бир амирлер дайындалат дейсиң, силер тааныйсыңар жана инкар кыласыңар. Демек, ким жаман көрсө тазаланат, ким инкар кылса саламат калат. Бирок, ким ыраазы болсо жана ээрчип кетсе** (таза жана саламат болбойт). Ошондо**: Аларга каршы согушпайбызбы? – деп сурашты. Расулулла: Жок, эгер намазды өтөп жатышса, - деди».** Шарият бул аркылуу халифаны күнөө кылуудан тыйып коё турган тарыйкатты көрсөтүп берди. Бул тарыйкат аны тыйып коё турган бир имамдын бар болушу эмес. Тескерисинче, ал үммөт. Халифа аны күнөөдөн тыйып коё турган дагы бир халифага муктаж, - деп айта турган киши акимият эмне экендигин идирек жана тасаввур кылбаган адам

болот. Себеби, халифа башка бир халифаны тыйып койбойт. Тескерисинче, акимият талашып ага каршы согушат же ага баш ийип халифа эмес, валий болот. Ушундай болгон соң, бир халифанын башка бир халифаны күнөөдөн тыйып коюшун кантип элестетүүгө болсун?

Үчүнчүдөн: Имамат илахий мансап эмес, ал башарий мансап. Ал илахий мыйзамды мухафаза кылуу үчүн эмес, тескерисинче, Алла саййидибиз Мухаммад с.а.вга түшүргөн шариятты колдонуу үчүн бар болуп турат. Шариятты мухафаза кылууга келсек, Алла Куранды мухафаза кылууну өз мойнуна алуу менен шариятты мухафаза кылууну да өз мойнуна алды. Алла Таала айтат:

﴿إِنَّا نَحۡنُ نَزَّلۡنَا ٱلذِّكۡرَ وَإِنَّا لَهُۥ لَحَٰفِظُونَ﴾

«***Албетте бул эскертмени*** *(т.а. Куранды)* ***Биз Өзүбүз түшүрдүк жана күмөнсүз, Өзүбүз аны сактоочубуз***» [15:9]

Ошондуктан, халифаны тикелөөдөн максат, аны Набий с.а.в алып келген бардык нерсени мухафаза кылуучу кылып тикелөө эмес, халифа бардык өкүмдөрдү мухафаза кылуу үчүн алардын бардыгын биле турган аалым болушу важиб деп айтылгыдай. Тескерисинче, халифаны тикелөөдөн максат, Китеп жана Сүннөт өкүмдөрүн тикелөө т.а. Исламды колдонуу жана ага болгон даъватты дүйнөгө көтөрүп чыгуу. Бул болсо, халифанын бардык өкүмдөрдү мухафаза кылуучу болушу үчүн алардын бардыгын биле турган аалым болушун талап кылбайт. Ошондуктан, анын маъсум болушун талап кылбайт. Арийне, анын халифа болушу менен халифанын тикеленишинен көздөлгөн максат бузулбайт. Ал эми, адамдар халифадан өкүмдөрдү Алла Тааланын өкүмдөрү деген этибарда алышы үчүн ага ишенүүлөрүнө жана бул өкүмдөргө амал кылып моюн сунууга тоскоолдук кыла турган эч кандай шек-күмөн бул өкүмдөргө аралабастыгы зарыл экендигине келсек, бул нерсе халифанын маъсум же маъсум эместигинен жүзөгө чыкпайт. Тескерисинче, ал өкүмдүн далилинин өзүнөн жүзөгө чыгат. Себеби, эгер далил шаръий далил болсо жана шаръий истинбат кылуу менен истинбат кылынган болсо, адамдар бул өкүмдүн шаръий өкүм экендигине беймалал ишенишет жана мындайда ушул өкүмгө амал кылууга жана моюн сунууга тоскоолдук кыла турган эч кандай шек-күмөн аралабайт. Халифанын ким

болушуна карабастан ушундай болот. Ал тургай, өкүм алардын истинбаттарына тескери келген күндө да ушундай болот. Себеби, мужтахиддер ортосунда истинбаттын ар түрдүү болушу өкүмдү бир мужтахиддин назарында шаръий жана башканын назарында шаръий эмес кылып койбойт. Тескерисинче, ал бардык мусулмандар назарында шаръий өкүм болуп эсептелет. Ырасында, бул жерде өкүмдү истинбат кылган кишиде шаръий далилдерден бир райы далил[1] болгон соң о.э. лугавий жана шаръий билимдер боюнча мындай истинбат кылуу мүмкүн болгон соң, ал шаръий өкүм болуп эсептелет. Эми маъсум болбогон кишинин күнөө жана ката кылып коюшу мүмкүн экендигине, ага ишенүүгө болбостугуна, ал аткарган нерсенин Алла Тааланын өкүмү экендигине катъий ишеним болбостугуна келсек, мындагы маселе өкүм жана аким т.а. жүргүзүлө турган жана аткарыла турган өкүм о.э. өкүм жүргүзө турган жана аткара турган аким. Ишенүү – акимдин Алланын өкүмүн аткарган жана ал менен өкүм жүргүзгөн болушуна же мындай болбошуна карап эмес, өкүмдүн Алланын өкүмү болушу же болбостугуна карап талап кылынат. Демек, өкүм бере турган адамдын маъсум же маъсум эместигине эмес, жүргүзүлө турган жана алына турган өкүмдүн исламий же кайрыисламий экендигине көңүл бурулат. Себеби, адамдардын өкүмгө катъий ишенүүлөрүнө, ага амал кылуулары жана моюн сунууларына тоскоолдук кылуучу шек-күмөн аралашып калуусуна жол койбой турган катъият менен ишенүүлөрүнө алып бара турган нерсе адамдардын өздөрү өкүм ала турган халифанын маъсум же маъсум эместигине эмес, тескерисинче, өкүмдүн өзүнө, анын шаръий же шаръий эместигине көңүл буруусу.

Халифалык мансабына Алла Таала бирөөнү Расулунун ордуна халифа кылып тикелеп койбойт жана Расулулла с.а.в да бирөөнү өзүнүн ордуна халифа кылып тикелеп койбойт. Тескерисинче, халифаны мусулмандар тикелешет о.э. ага Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү негизинде байъат беришет. Буга далил байъат хадистери жана бул хадистердин умумий насстар менен келгендиги о.э. аларда белгилүү бир

---

[1] Шубхаи далил – Куран, хадис, ижма, кыястан тышкары кээ бир мужтахиддер далил деп эсептеген урф, сахабанын мазхабы сыяктуулар.

имам эмес, мутлак имам көрсөтүлгөндүгү. О.э. буга далил халифанын мойнуна анын үммөт менен боло турган мамиле-байланыштарында жүктөлө турган жалпы жоопкерчилик. Ушуга ылайык, халифалык мансабы маъсум болууну талап кылбайт.

Төртүнчүдөн: Маъсумдуктун шарт экендигине далил кылып келтирилген насстарга токтоло турган болсок, аларда маъсумдукка далалат кыла турган бир да насс жок. Мисалы, биринчи насссты алсак. Ал:

﴿لَا يَنَالُ عَهۡدِي ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

«***Менин бул убадам*** *(сенин урпагыңдын арасындагы)* ***залим адамдарга жетпейт***» [2:124]

- аяты. Бул аяттагы имам сөзү халифалык жана акимият маанисин түшүндүрбөйт. Имам сөзү Куранда көптөгөн аяттарда келген. Алла Таала айтат:

﴿وَمِن قَبۡلِهِۦ كِتَٰبُ مُوسَىٰٓ إِمَامٗا وَرَحۡمَةٗ﴾

«***Жана андан*** *(т.а. анык хужжат болгон Курандан)* ***илгери*** *(Бани Исраил үчүн келген)* ***имам жана*** *(Алланын)* ***рахмат болгон Мусанын Китеби*** *(Тоорот)* ***бар***» [11:17]

﴿وَٱلَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَا هَبۡ لَنَا مِنۡ أَزۡوَٰجِنَا وَذُرِّيَّٰتِنَا قُرَّةَ أَعۡيُنٖ وَٱجۡعَلۡنَا لِلۡمُتَّقِينَ إِمَامًا﴾

«***Алар: «Роббибиз, бизге жубайларыбыздан жана урпактарыбыздан курсантчылык тартуу кылгын жана бизди таквадарларга имам кылгын», - дей турган адамдар***» [25:74]

Бул эки аяттагы имам сөзүнүн мааниси ээрчий турган өрнөк деген мааниде. Имам Бухарий айтат: «Алла Тааланын:

﴿وَٱجۡعَلۡنَا لِلۡمُتَّقِينَ إِمَامًا﴾

«***Жана бизди таквадарларга имам кылгын***» [25:74]

деген аяты: Ушундай бир имамдардан кылгын, биз алдыңкылардан өрнөк алып ээрчийли жана кийинкилер бизден өрнөк алып ээрчишсин». Алла Тааланын:

﴿وَإِذِ ٱبۡتَلَىٰٓ إِبۡرَٰهِـۧمَ رَبُّهُۥ بِكَلِمَٰتٖ فَأَتَمَّهُنَّۖ قَالَ إِنِّي جَاعِلُكَ لِلنَّاسِ إِمَامٗاۖ قَالَ وَمِن ذُرِّيَّتِيۖ قَالَ لَا يَنَالُ عَهۡدِي ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

«***Эстегин: Иброхимди Роббиси бир нече сөздөр менен сынаганда, аларды кемчиликсиз толук аткарды. Ошондо*** *(Алла Таала)****: «Албетте, Мен сени адамдарга имам кылуучумун», - деди. «Урпагымды дагыбы?» - деп сурады ал.*** *(Алла Таала)* ***айтты: «Менин бул убадам*** *(сенин урпагыңдын арасындагы)* ***залим адамдарга жетпейт***» [2:124]
- деген аятындагы имам сөзүнөн көздөлгөн маани нубувват жана ээрчий турган өрнөк болот. Себеби, андан кийинки аяттарда Каъба жөнүндө, Исмаил коуму жөнүндө, андан соң Иброхимге пайгамбарлык берилиши жөнүндө сөз болот. Демек, аяттын мааниси: Биз сени адамдар өрнөк ала турган имам жана адамдар ээрчий турган пайгамбар кылдык. Бул аяттагы имам сөзү халифалык же акимият маанисин түшүндүрүшү мүмкүн эмес. Себеби, Иброхим ﵇ акимиятты ээлеген эмес жана аким болгон эмес, балким, набий жана расул болгон. Ошондуктан, Иброхим ﵇ Алла Тааладан өзүнө берген нерсени урпактарына да беришин сураган кезде Алла Таала ага бул мансап т.а. өрнөк болуу жана нубувват залимдер үчүн болбостугун айтты. Демек, бул аятта халифанын маъсум болушу керектигине далалат кыла турган эч нерсе жок. Мунун үстүнө «залимдер» сөзүнүн мафхумул мухолафасы[1] «маъсумдар» сөзү эмес, тескерисинче, «адилеттүүлөр» сөзү. Себеби, залим болбогондор маъсумдар эмес, тескерисинче, адилеттүүлүк менен сыпатталган адамдар. Эми экинчи насска т.а.:

﴿أَفَمَن يَهۡدِيٓ إِلَى ٱلۡحَقِّ﴾

«***Эми акыйкат жолго хидаят кыла турган Зат…***» [10:35]
- аятына келсек, бул аяттын толук көрүнүшү төмөнкүдөй:

---

[1] мафхумул мухолафа – лафздын далалатынан түшүнүлө турган маани лафздын өзүнөн түшүнүлө турган мааниге тескери келсе ал мафхумул мухолафа болот, мисалы, «Байдын (карызды) кечиктириши зулум» хадисинин мафхумул мухолафасы «кембагалдын карызды кечиктириши зулум эмес» (мафхумул мувафаканы да караңыз 160-б).

﴿قُلۡ هَلۡ مِن شُرَكَآئِكُم مَّن يَهۡدِيٓ إِلَى ٱلۡحَقِّۚ قُلِ ٱللَّهُ يَهۡدِي لِلۡحَقِّۗ أَفَمَن يَهۡدِيٓ إِلَى ٱلۡحَقِّ أَحَقُّ أَن يُتَّبَعَ أَمَّن لَّا يَهِدِّيٓ إِلَّآ أَن يُهۡدَىٰۖ فَمَا لَكُمۡ كَيۡفَ تَحۡكُمُونَ﴾

«***Айткын*** *(сурагын)*: ***«Буттарыңардын арасында акыйкат жолго хидаят кыла ала турган бирөө барбы?!» Айткын: «Алла акыйкат жолго хидаят кылат. Эми акыйкат жолго хидаят кыла турган Зат моюн сунууга татыктуубу же*** *(эч кимди)* ***хидаят кыла албай турган, тескерисинче, өзү хидаятка муктаж болгон кишиби?!*** *(Эй мушриктер)*, ***силерге эмне болду – кандай өкүм чыгаруудасыңар?!***» [10:35]

Куртубий бул аяттын тафсиринде мындай дейт: «Аларга Алла акыйкатка хидаяттайт деп айткын. Андан соң Алла аларды катуу тилдеп мындай деди: Хидаяттай турган т.а. туура жол көрсөтүп акыйкатка баштай турган Зат болгон Алла Субханаху ва Таала ээрчүүгө татыктуураакпы же жолун таба албай турган, тескерисинче, жетелеп жүрүлө турган кишилерби. Алла бул аркылуу алар «кудай» кылып алышкан бут жана санамдарды назарда тутуп жатат. Себеби, бут жана санамдар эч кимди хидаяттай алышпайт. Тескерисинче, алар өз жолун таап да жүрө алышпайт. Аларды көтөрүп жүрүшөт. Ордунан кыймылдай алышпайт. Көтөрүп жылдырышат». Демек, бул аяттагы бүтүндөй тема хидаят жана хидаяттоочуга ээрчүү жөнүндө болуп, бул теманын акимият жана халифалыкка эч бир тиешеси жок. Себеби, имам адамдарга өкүм жүргүзөт, анын иши хидаят кылуу эмес, өкүм жүргүзүү. Ал залалат жолуна киргендерди жана асийлерди жазалайт, кафирлерге каршы согушат. Ошондуктан, бул орунда хидаяттоочу сөзү Расулга карата колдонулат. Демек, бул маани халифага туура келбейт. Ошондуктан, халифанын маъсум болушуна бул аяттын эч бир тиешеси жок. Акыры өкүм хидаятка баштообу же шариятты колдонуубу?

Эми үчүнчү насска т.а.:

﴿أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِي ٱلۡأَمۡرِ مِنكُمۡ﴾

«***Аллага итаат кылгыла жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***амирлерге итаат кылгыла!***» [4:59]
- аятына келсек, бул аятта улул амрга итаат кылууга буюрулду о.э. бул итаат Алла жана Расулуна итаат кылуу менен

теңештирилди. Бул жерде, ырасында, улул амр Алла Субханаху ва Таалага жана Расулу с.а.вга катуу итаат кылышкан соң, аларга итаат кылуунун өкүмү Алла Субханахуга жана Расулулла с.а.вга итаат кылуунун өкүмү сыяктуу экенине далалат кылуудан башка эч нерсе жок. Бул аяттын өзүндө итаат эч бир хостолбой, умумий келген болсо да, бирок ал башка аяттарда жана бир нече хадистерде хостолуп келген. Мисалы, күнөө жана куфр болбосо гана итаат кылуу керектиги жөнүндөгү аят менен хадистер аны хостоп койду жана күнөөдө итаат кылбастыкка буйруду. Муну менен эле чектелбестен, эгер имам мункар иш кыла турган болсо ага каршы чыгып, анын бул ишин инкар кылууга жана эгер куфрга кете турган болсо, итаат кылбастыкка буйруду. Муну менен да чектелбеди, имамга каршы согушууга буйруду. Хостоп келген аят жана хадистерде бул нерсе ачык айтылды. Алла Таала айтат:

﴿وَلَا تُطِعۡ مَنۡ أَغۡفَلۡنَا قَلۡبَهُۥ عَن ذِكۡرِنَا﴾

«***Дагы, Биз дилин Бизди эстөөдөн бейкапар кылып койгон кимселерге итаат кылбагын!***» [18:28]

﴿فَلَا تُطِعِ ٱلۡكَٰفِرِينَ﴾

«***Демек, сен кафир кимселерге моюн сунбагын!***» [25:52]

﴿فَلَا تُطِعِ ٱلۡمُكَذِّبِينَ﴾

«***Демек,*** *(эй Мухаммад сенин чыныгы пайгамбарлыгыңды жана Куранды «жалган» деген)* ***жалганчыларга итаат кылбагын!***» [68:8]

﴿وَلَا تُطِعۡ كُلَّ حَلَّافٖ مَّهِينٍ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***дагы сен ар бир төмөн анткор кимсеге итаат кылбагын!***» [68:10]

﴿وَلَا تُطِعۡ مِنۡهُمۡ ءَاثِمًا أَوۡ كَفُورٗا﴾

«***Жана алардан күнөөкөрлөрүнө жана кафир болгондоруна итаат кылбагын!***» [76:24]

Расулулла с.а.вга кылынган хитаб – эгерде анын жеке өзүнө кылынган хитаб экенине бирер далил келбеген болсо – үммөтүнө кылынган хитаб болуп эсептелет. Бул жерде хитаб Пайгамбарыбыз с.а.вдын жеке өзүнө кылынганы туурасында эч

бир далил келген эмес. Демек, ал бүтүндөй үммөткө кылынган хитаб болот. Бухарий Нафиъден, ал Абдулла р.а дан, ал Набий с.а.вдан мындай дегенин риваят кылды:

«السَّمْعُ وَالطَّاعَةُ عَلَى الْمَرْءِ الْمُسْلِمِ فِيمَا أَحَبَّ وَكَرِهَ مَا لَمْ يُؤْمَرْ بِمَعْصِيَةٍ فَإِذَا أُمِرَ بِمَعْصِيَةٍ فَلاَ سَمْعَ وَلاَ طَاعَةَ»

**«Мусулман кишинин, эгерде бирер күнөөгө буюрулбаса, жактырган жана жактырбаган нерсесинде кулак салып, итаат кылышы важиб. Эми эгер бирер күнөөгө буюрулса кулак салып, итаат кылбайт».** Муслим Ибн Умардан, ал болсо Набий с.а.вдан мындай дегенин риваят кылды:

«عَلَى الْمَرْءِ السَّمْعُ وَالطَّاعَةُ فِيمَا أَحَبَّ وَكَرِهَ إِلاَّ أَنْ يُؤْمَرَ بِمَعْصِيَةٍ فَإِنْ أُمِرَ بِمَعْصِيَةٍ فَلاَ سَمْعَ وَلاَ طَاعَةَ»

**«Киши, эгерде бирер күнөөгө буюрулбаса, жактырган жана жактырбаган нерсесинде кулак салып, итаат кылышы важиб. Эгерде бирер күнөөгө буюрулса кулак салып итаат кылбайт».** Пайгамбарыбыз с.а.в халифалар жана амирлерге итаат кылуу жөнүндө Муслим риваят кылган хадисте мындай деди:

«قَالُوا: أَفَلاَ نُقَاتِلُهُمْ؟ قَالَ: لاَ، مَا صَلُّوا»

**«Ошондо: Аларга каршы согушпайбызбы? – деп сурашты. Расулулла: Жок, эгерде намазды өтөп жатышса, - деп жооп берди».** Муслим төмөнкүнү да риваят кылды:

«قِيلَ يَا رَسُولَ اللَّهِ أَفَلاَ نُنَابِذُهُمْ بِالسَّيْفِ فَقَالَ: لاَ، مَا أَقَامُوا فِيكُمُ الصَّلاَةَ»

**«Я Расулулла, аларга кылыч менен каршы чыкпайбызбы, - деп суралды. Пайгамбарыбыз с.а.в: Жок, эгерде араңарда намазды өтөп жатышса, - деди».** Бухарий жана Муслим төмөнкүнү риваят кылышты:

«إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا»

«**Болгону, эгер ачык куфрду көрсөңөр».** Муслим төмөнкүнү да риваят кылды:

«فَمَنْ كَرِهَ فَقَدْ بَرِئَ وَمَنْ أَنْكَرَ فَقَدْ سَلِمَ وَلَكِنْ مَنْ رَضِيَ وَتَابَعَ»

**«Ким жаман көрсө таза болот, ким инкар кылса саламат болот. Бирок, ким ыраазы болуп ээрчисе** (таза жана саламат болбойт)**».** Бул аят жана хадистер халифага итаат кылууну

күнөө жана куфр болбой турган абалга хостоп коюуда. (Т.а. халифа маъсият жана куфрду кылбаса ага итаат кылуу важиб экендигин түшүндүрүп жатат). Ошондуктан: «Маъсум болбогон адам күнөөгө буюрушу жана катага жол коюшу мүмкүн. Ошондуктан, эгер ага итаат кылуу важиб болгон болсо, анда Алла халифага итаат кылууга буюруу жана да күнөөнү арам кылуу менен бири-бирине тескери болгон эки нерсени жамдоого, ылайыкташтырууга буйруган болуп калат», - деген сөзгө орун калбайт. Себеби, бул жерде бири-бирине тескери эки нерсени жамдоо жок. Себеби, Алла Субханаху халифага күнөө жана куфр болбогондо гана итаат кылууга буйруп жатат, күнөө жана куфр болгондо ага итаат кылбоого буйруп жатат жана күнөөнү арам деп билүүгө буйруп жатат. Демек, Алла Тааланын бул жааттагы буйруктары ортосунда эч кандай карама-каршылык жок. Бул аркылуу бул аяттын маъсумдук шарт экендигине далил боло албастыгы белгилүү болот. Демек, аны далил кылып келтирүүгө болбойт.

Халифа маъсум болушу керек деп айта тургандардын далилдери мына ушулар. Алардын бардыгы далил болуу даражасынан түштү жана хужжат болууга жарабайт. Булардын баарынан белгилүү болгондой, халифанын маъсум болушу шарт эмес. Тескерисинче, муну шарт кылуунун өзү жайиз эмес. Себеби, халифалык илахий мансап эмес, башарий мансап болуп эсептелет. Ушул себептен улам, Исламий мамлекет илахий мамлекет эмес, башарий мамлекет болот.

## Халифаны бошотуу

Эгер абал аны халифалыктан чыгара турган көрүнүштө өзгөрсө, халифа мансабынан бошойт. Эгер абал аны халифалыктан чыгарбай турган көрүнүштө өзгөрсө, бирок, анын бул мансапта тура бериши шаръий жактан жайиз болбой калса аны бошотуу важиб болуп калат. Халифаны халифалыктан чыгара турган абал менен аны бошотуу важиб болуп кала турган абалдын ортосундагы айырма мындай, аны халифалыктан чыгара турган абалда мындай абал жүз бериши менен ага итаат кылуу важиб болбой калат. Бошотуу важиб болуп кала турган абалда болсо тээ аны иш жүзүндө бошотконго чейин ага итаат кылуу важиб болуп кала берет. Аны халифалыктан чыгара турган абал төмөнкү үч иш:

Биринчиси: Эгер Исламдан кайтып муртад болсо.

Экинчиси: Эгер бүтүндөй жинди болуп калып, айыкпаса.

Үчүнчүсү: Күчтүү душмандын колуна туткунга түшүп калып, кутула албаса жана кутулушуна үмүт болбосо.

Мына ушул үч абалда халифа халифалыктан чыгат жана мейли аны бошотуу жөнүндө өкүм чыкпаган болсо да, ал дароо бошойт. Ошондон кийин ага итаат кылуу важиб болбойт жана анын буйруктары халифада мына ушул үч сыпаттардын бири пайда болгонуна катъий ишенген ар бир киши тараптан аткарылбайт. Бирок, халифада мына ушул абалдар жүз бергендиги далилдениши керек жана муну махкаматул мазолим алдында далилдөө керек. Ошондон кийин махкаматул мазолим анын халифалыктан чыкканы туурасында жана аны бошотуу жөнүндө өкүм чыгарат. Ошондо гана мусулмандар халифалык келишимин андан башкасы менен түзүшөт. Эми халифанын абалы аны халифалыктан чыгарбай турган көрүнүштө өзгөрүшүнө, бирок, бул абалда халифалык кылууну уланта бериши жайиз болбостугуна келсек, мындай абал бешөө:

Биринчиси: Ачык фасыктык кылып, адилеттүүлүгүнө зыян жетиши.

Экинчиси: Аял кишиге же хунасаи мушкулга айланышы.

Үчүнчүсү: Бүтүндөй жинди болбой, кээде өзүнө келип, кээде жинди болушу. Мындайда анын үстүнөн васий турушу же анын бир өкүлү болушу жайиз болбойт. Себеби, халифалык

келишими анын өзү менен түзүлгөн. Ошондуктан, анын ордуна башка бирөөнүн турушу туура болбойт.

Төртүнчүсү: Кандайдыр себептен улам халифалык милдеттерин аткарууга алсыздык кылышы. Бул алсыздык халифанын дене мүчөлөрүнө зыян жетишинин натыйжасында келип чыгабы же айыгышы кыйын болгон, анын милдетин аткарышына тоскоолдук кыла турган жана айыгышына үмүт болбой турган бирер оорунун натыйжасында келип чыгабы, мунун айырмасы жок. Себеби, анын ишти аткарууга алсыз экендиги этибарга алынат. Себеби, анын халифа катары өзүнө жүктөлгөн ишти аткарышынан алсыздыгы себептүү дин иштери жана мусулмандардын кызыкчылыктары изден чыгат. Бул болсо бир мункар болуп, аны жоготуу керек. Бул мункар халифаны бошотуу аркылуу гана жок болот. Ошондон кийин андан башкасын халифа кылып тикелөө мүмкүнчүлүгү пайда болот. Демек, бул абалда халифаны бошотуу важиб болот.

Бешинчиси: Халифаны мусулмандар кызыкчылыктарын шариятка ылайык өз райы менен башкарууга алсыз кылып коё турган зомбулук. Эгер бир зордукчул күч халифага аны мусулмандар кызыкчылыктарын шарият өкүмдөрүнө ылайык жалгыз өзүнүн райы менен башкаруусунан алсыз кылып коё турган даражада өз өкүмүн өткөрсө, мындай абалда халифа халифалыктын оор милдеттерин аткарууга өкүмдө алсыз (ажизан хукман) болуп эсептелет. Демек, аны бошотуу важиб болот. Мунун вакиълигин төмөнкү эки абалдан түшүнүп алса болот:

Биринчи абал: Халифага айланасындагы ноёндордон бир же бир нече адамдын өз өкүмүн өткөрүшү. Мында алар иштерди өз билгениндей аткарышат, халифага зулум өткөрүшөт жана өздөрүнчө аракет кылышат. Натыйжада, халифа аларга каршы чыгууга алсыздык кылып калат жана алардын райы боюнча иш жүргүзүүгө мажбур болот. Мындай абалда каралат. Эгер халифанын кыска мөөнөттө алардын зомбулугунан кутулушуна үмүт болсо аларды четтетиши жана алардан кутулушу үчүн ага мына ушул кыска мөөнөт берилет. Халифа ошондой кылса тоскоолдук жоголот жана алсыздык кетет. Эгер андай болбосо аны бошотуу важиб болот.

Экинчи абал: Халифанын туткунга окшогон абалга түшүп калышы. Бул анын душмандын өкүмдарлыгы жана таасири

астына түшүп калышы аркылуу жүз берет. Душман аны өзү каалагандай ишке сала турган болот жана мусулмандар кызыкчылыктарын жүргүзүүдөгү эркин сындырат. Мындай абалда да каралат. Эгер халифанын кыска мөөнөттө душмандын өкүмдарлыгынан кутулушуна үмүт болсо, ага мына ушул кыска мөөнөт берилет. Эгер анын кутулушуна мүмкүнчүлүк пайда болсо жана душмандын өкүмдарлыгынан кутула алса тоскоолдук жоголот жана алсыздык кетет. Болбосо, аны бошотуу важиб болуп калат.

Бул беш абалда халифаны бошотуу важиб болот. Бул абалдардын кайсы бири жүз берсе да, аны бошотуу важиб болот. Бирок, мындай абал жүз бергендиги далилдениши керек. Аны далилдөө болсо махкаматул мазолим алдында болот. Далилденсе, махкаматул мазолим халифалык келишимин бекер кылуу жана халифаны бошотуу туурасында өкүм чыгарат. Ошондон кийин халифа бошотулат жана мусулмандар үч күндүн ичинде башкасы менен халифалык келишимин түзүшөт.

## Амирлик
### (Имарат)

Имарат, раясат жана киядат бир мааниде. Амир, раис жана коид бир мааниде. Халифалык дүйнөдөгү бардык мусулмандардын раясаты эсептелет жана ал амирликтен болуп, амирлик түркүмүнө кирет. Демек, халифа амир жана момундар амири деп аталат. Демек, амирлик умумий, халифалык болсо хос. Экөө тең раясат. Халифалык сөзү бардыгыбызга белгилүү болгон мансапка хос болсо, амирлик сөзү бардык амир үчүн умумий болот. Мусулмандар өздөрүнө бир амирди тикелөөгө буюрулгандай эле, халифаны тикелөөгө да буюрулушкан. Себеби, амирлик башкаруу түрлөрүнүн бири. Демек, ал башкаруу тапшырылган нерсе боюнча башчылык кылуу болуп эсептелет. Аны менен халифалыктын ортосундагы айырма мындай, халифалык дүйнөдөгү бардык мусулмандардын үстүнөн умумий, амирлик болсо башкарууну тапшырышкан кишиге жана башкарууну ага тапшырган нерсеге хос. Амирлик башкарууну тапшырышкан кишиден башкага өтпөгөндөй эле, башкарууну ага тапшырган нерседен башка нерсеге да өтпөйт. Раясат, киядат жана амирлик услуб эмес, шаръий өкүм. Демек, мусулмандардын Алла буюрган нерселердин жана шарият алып келген нерсенин чегарасында ушул үчөөнүн алкагынан чыкпастыгы важиб.

Мусулмандардан ар кандай жамаат өз ара ортоктош ишти аткарса, өзүнө бир амирди тикелөөсү бул жамаатка фарз. Ал эми эгер иш ар биринде өз-өзүнчө болсо, анда жамааттан өзүнө бир амирди тикелөөсү талап кылынбайт. Себеби, амирлик жамааттын үстүнөн өз ара ортоктош иште гана тикеленет. Мына ошондо амир салтанатка ээ болот жана чечүүчү сөз аныкы болот. Ар кандай жамааттын ортосунда бир ортоктош иштин пайда болушу аларга өздөрүнө бир амирди тикелөөнү анык кылып коёт. Болбосо, бул иш алардын ортосунда тартипсиз болуп калат жана анда бузулуу жүз берет. Өз ара ортоктош ишти аткара турган жамаат үчүн бир раисти тикелөө мусулмандарга фарз экендигине келсек, буга далил төмөнкү хадистер: Ибн Ханбал Абдулла ибн Амрдан риваят кылды, Набий с.а.в:

«لاَ يَحِلُّ لِثَلاَثَةِ نَفَرٍ يَكُونُونَ بِأَرْضِ فَلاَةٍ إِلاَّ أَمَّرُوا عَلَيْهِمْ أَحَدَهُمْ»

**«Чөлдө бара жаткан үч кишиге өздөрүнө бирин амир кылып албастыктары адал болбойт»**, - деген. Баззар сахих иснад менен риваят кылат, Умар ибн Хаттаб р.а:

«إِذَا كُنْتُمْ ثَلاَثَةً فِي سَفَرٍ فَأَمِّرُوا عَلَيْكُمْ أَحَدَكُمْ, ذَاكَ أَمِيرٌ أَمَّرَهُ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ»

**«Эгер үч адам сапарда болсоңор, өзүңөргө бириңерди амир кылып алгыла. Расулулла с.а.в буйруган амир ошол болот»**, - деген. Баззар сахих иснад менен Ибн Умардан риваят кылат, Расулулла с.а.в:

«إِذَا كَانُوا ثَلاَثَةٌ فِي سَفَرٍ فَلْيُؤَمِّرُوا أَحَدَهُمْ»

**«Эгер үч киши сапарда болушса, бирөөсүн амир кылып алышсын»**, - деген. Абу Саид Худрий риваят кылат, Набий с.а.в:

«إِذَا خَرَجَ ثَلاَثَةٌ فِي سَفَرٍ فَلْيُؤَمِّرُوا أَحَدَهُمْ»

**«Эгер үч киши сапарга чыкса, бирөөсүн амир кылып алышсын»**, - деген. Абу Давуд риваяты. Үч же андан ашык адамдын өздөрүнө бирөөсүн амир кылып алышы шаръий өкүм экендиги мына ушул хадистерде ачык көрүнүп турат. Эми Расулулла с.а.вдын хадистердеги: **«чөлдө», «сапарда»** деген сөздөрүнө келсек, бул сөздөр алардын чөлдө өз ара ортоктош иш үстүндө жамдалган болууларына, же сапарда бара жаткандарына, же ушуга окшогон ортоктош иштерге далалат кылат. Демек, хизб жана коомдук уюм, сарийя жана кошуун, айыл жана шаар жана башкалар да ушул өкүмдүн ичине кирет. Себеби, бул өкүм чөлдүү жерде бара жаткан же сапарда болгон үч киши үчүн шаръий өкүм болгон соң, көбүрөөк сандагы адамдар үчүн же чоңураак иш үчүн да шаръий өкүм болот. Демек, бул хадистер чөлдө кетүүнү да, сапарды да жана бул экөөнө караганда чоңураак болгон башка иштерди да өз ичине алып, умумий болот. Себеби, мафхумул мувафака[1] ушуга далалат кылат. Себеби, усул коидасы мындай, хитаб мазмуну өз ичине алган нерсеге амал кылынат. Мисалы, бир нерсеге

---

[1] мафхумул мувафака – лафздын далалатынан түшүнүлө турган маани лафздын өзүнөн түшүнүлө турган мааниге туура келсе ал мафхумул мувафака болот, мисалы, «***Демек, ким*** *(дүйнө-тирүүлүгү маалында)* ***зарра мискалынчалык жакшылык кылса*** *(кыямат күнүндө)* ***ошону көрөт***» аятынын мафхумул мувафакасы «ким зарра мискалынан көбүрөөк жакшылык кылса албетте аны көрөт ».

буюрулса же бир нерседен кайтарылса, бул нерсенин мафхуму да мантук менен бирге буюрулган жана кайтарылган нерсенин ичине кирет о.э. буйрук жана кайтаруу мантуктун өзүнө гана хос болбойт. Т.а. бир нерсеге буюрулса же бир нерседен кайтарылса, бул буйрук жана кайтаруу ушул буюрулган же кайтарылган нерсеге караганда алдыда туруучу көбүрөөк жана чоңураак болгон башка нерселерди да өз ичине алат. Ата-энени сөгүү жана уруунун арам экендиги буга мисал болот. Муну Алла Тааланын:

﴿فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفّٖ﴾

«***Аларга карап «уф» дебе***» [17:23]

- деген аятынын далалатынан түшүнүп алабыз. Жетимдердин малын жок кылуунун арамдыгын Алла Тааланын:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ أَمۡوَٰلَ ٱلۡيَتَٰمَىٰ ظُلۡمًا﴾

«***Жетимдердин малын зулум жолу менен жей турган кимселер…***» [4:10]

- деген аятынын далалатынан түшүнүп алабыз. Аманаткөй кишинин кынтордон аз болгон аманатты да ээсине кайтарышы, аманаткөй болбогон кимсенин бир динардан ашык болгон аманатты кайтарбастыгы. Муну Алла Тааланын:

﴿وَمِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ مَنۡ إِن تَأۡمَنۡهُ بِقِنطَارٖ يُؤَدِّهِۦٓ إِلَيۡكَ وَمِنۡهُم مَّنۡ إِن تَأۡمَنۡهُ بِدِينَارٖ لَّا يُؤَدِّهِۦٓ إِلَيۡكَ﴾

«***Ахли китеп арасында кынторду (үлкөн мал-дүйнөнү) аманат койсоң, кыянат кылбай силерге кайтара турган адамдар бар. Алардын арасында бир динарды ишенип берсеңер, тээ үстүндө туруп алмайынча силерге кайтарып бербей турган адамдар да бар***» [3:75]

- деген аятынан түшүнүп алабыз. О.э. Расулулла с.а.в сапарда жана чөлдө бир кишини амир кылып алууга буйруду. Бул буйрук сапар жана чөлдө жүрүүгө караганда маанилүүрөөк жана чоңураак болгон нерселерге да тийиштүү болуп, аларды да өз ичине алат. Себеби, хитабдын мазмуну далалат кыла турган ар бир нерсе ушул буйруктун ичине кирет. Жогорудагы хадистерде көрүнүп турган бул мафхумул мувафаканы Расулулла с.а.в кылган иш колдоп-кубаттайт. Себеби,

Пайгамбарыбыз с.а.в сапарга караганда маанилүүрөөк болгон нерселерде да бир амирди дайындаган. Мисалы, ажылыкта, казатта жана валаятта амир дайындаган.

Булар бир мекенде же өз ара ортоктош иште ар кандай жамаат үстүнөн бир амир тикелениши важиб экендиги туурасындагы далилдер. Ал эми бул амир болсо бирөө болушу керек. Бирден көп болушу жайиз эмес. Шарият ушуга буйруду. Демек, Ислам жамаий киядат жана жамаий раясатты тан албайт. Тескерисинче, Исламда киядат фардий (бирөө) гана болот. Ошондуктан, раис, амир же жетекчинин бирөө болушу важиб. Бирден көп болушу жайиз эмес. Буга далил жогорудагы хадистердин нассында жана Расулулла с.а.в кылган иште ачык көрүнүп турат. Мисалы, бул хадистердин бардыгында **«أَحَدَهُمْ»**, **«أَحَدَكُمْ»** т.а. «бирөөсүн, бириңерди» деп айтылуда. «Ахад» сөзү сандардан бирөөгө далалат кылат, андан көпкө далалат кылбайт. Муну мафхумул мухолафадан түшүнүп алабыз. Мафхумул мухолафага – эгер аны бекер кыла турган бирер насс келбесе – сан, сыпат, гоя жана шартта амал кылынат. Демек, мафхумул мухолафа бир гана абалда т.а. аны бекер кыла турган бирер насс келгенде гана бекер болот. Буга Алла Тааланын төмөнкү аяты мисал болот:

﴿وَلَا تُكْرِهُوا۟ فَتَيَـٰتِكُمْ عَلَى ٱلْبِغَآءِ إِنْ أَرَدْنَ تَحَصُّنًا﴾

«***Аруулукту каалаган күңдөрүңөрдү зинакердик кылууга мажбурлабагыла***» [24:33]

Мунун мафхумул мухолафасы «эгерде аруулукту каалашпаса мажбур кылынат» деген мазмун болот. Бирок, бул мафхумул мухолафа Алла Тааланын:

﴿وَلَا تَقْرَبُوا۟ ٱلزِّنَىٰٓ ۖ إِنَّهُۥ كَانَ فَـٰحِشَةً وَسَآءَ سَبِيلًا﴾

«***Зинага жакындашпагыла! Себеби, (бул) бузукулук жана эң жаман жол***» [17:32]

- деген аяты менен бекер болот. Демек, эгер мафхумул мухолафаны бекер кыла турган бирер насс келбесе, андайда ага амал кылынат. Буга Алла Тааланын төмөнкү аяты мисал болот:

﴿ٱلزَّانِيَةُ وَٱلزَّانِى فَٱجْلِدُوا۟ كُلَّ وَٰحِدٍ مِّنْهُمَا مِا۟ئَةَ جَلْدَةٍ﴾

«*Зинакер аял жана зинакер эркек – алардын ар бирине жүз даррадан ургула*» [24:2]

Жана Расулулла с.а.вдын:

«إِذَا بَلَغَ الْمَاءُ قُلَّتَيْنِ لَمْ يَحْمِلِ الْخَبَثَ»

**«Суу эки кумурага жетсе, таза эмес болбойт»**, - деген сөзү. Бул эки насстагы өкүм атайын бир сан менен чектеп коюлду. Анын бул чектелиши ушул сандан башкасы ага тескери экендигине далалат кылат. Мисалы, бул эки насстын бири жүз даррадан ашыгы жайиз эместигине, экинчиси болсо эки кумурадан аз болгон суу таза эмес болушуна далалат кылууда. Ушуга ылайык, Расулулла с.а.вдын бул хадистердеги: **«Бирөөсүн амир кылып алышсын», «бирөөсүн амир кылып албастыктары адал болбойт», «бириңерди амир кылып алгыла»**, - деген сөздөрүнүн мафхумул мухолафасы бирден көп кишини амир кылып алуу жайиз эместигине далалат кылат. Ушуга негизделип, амирлик бирөө гана болду. Бирден көп болушу таптакыр жайиз эмес. Буга хадистердин нассынын мантуку да, мафхуму да далалат кылып жатат. Муну Расулулла с.а.в кылган иш да кубаттайт. Себеби, Пайгамбарыбыз с.а.в өзү амир дайындаган бардык окуяларда бир кишини амир кылган, бир да жерде бирден көп кишини амир кылбаган.

Ал эми Расулулла с.а.вдын Муазды жана Абу Мусаны Яманга жиберип, экөөсүнө:

«يَسِّرَا وَلاَ تُعَسِّرَا وَبَشِّرَا وَلاَ تُنَفِّرَا وَتَطَاوَعَا»

**«Жеңил кылгыла, оор кылбагыла, курсант кылгыла, иренжитпегиле, чыдамдуулук кылгыла»**, - деп айтканы жөнүндөгү хадиске келсек, бул хадис Пайгамбарыбыз с.а.вдын бир жерге эки кишини амир кылганына далалат кылбайт. Бул хадис Бухарийде төмөнкү насс менен келген: **Бизге Муслим, бизге Шуъба, бизге Саид ибн Абу Бурда атасынан хадис риваят кылып мындай деди: Набий с.а.в анын чоң атасы Абу Мусаны жана Муазды Яманга жөнөтүп жатып:**

«يَسِّرَا وَلاَ تُعَسِّرَا وَبَشِّرَا وَلاَ تُنَفِّرَا وَتَطَاوَعَا»

**«Жеңил кылгыла, оор кылбагыла, курсант кылгыла, иренжитпегиле, чыдамдуулук кылгыла»**, - деген. Ушул хадистин өзү казаттар бөлүмүндө төмөнкүдөй насс менен да келген: **Бизге Муса, бизге Абу Авана, бизге Абдулмалик Абу**

**Бурдадан хадис риваят кылды: Расулулла с.а.в Абу Мусаны жана Муаз ибн Жабалды Яманга жөнөттү. Алардын ар бирин Ямандын башка-башка тарабына жөнөттү. Аларга:**

«يَسِّرَا وَلاَ تُعَسِّرَا وَبَشِّرَا وَلاَ تُنَفِّرَا»

**«Жеңил кылгыла, оор кылбагыла, курсант кылгыла, иренжитпегиле», - деди. Ошондон кийин ар бири өзүнүн ишине жөнөп кетти.** Пайгамбарыбыз с.а.вдын экөөнү Ямандын башка-башка тарабына амир кылгандыгы айтылган кийинки риваят мурунку риваятты тафсир кылат. Демек, экөө бир жерде амир болушкан эмес. Тескерисинче, ар бири башка-башка жерге амир болушкан. Ушуга ылайык, бир ишке жана бир орунга эки кишинин башчы болушу эч бир жайиз эмес. Башчы бирөө гана болушу керек. Мындан көп болушу арам. Бирок, дагы бир билип коё турган нерсе, Исламда раясат, амирлик жана киядат гегемондук эмес. Себеби, гегемондук гегемонго көз каранды болууну талап кылат. Исламда раясат раиске иштерди башкаруу укугун, өзү башчы болгон иштеги султандык укугун жана өз раистиги астына кирген ар бир нерсени аткаруу укугун гана берет. Булар ал амир кылып тикеленген салахияттар боюнча жана ал раис кылып тикеленген ишке карата шарият ага берген укуктар алкагында болот.

Эми мусулмандар өлкөлөрүндө бүгүнкү күндө кеңири жайылган межлис (кеңеш) же лажна (комиссия) же идарий хайъат (административдик аппарат) ж.б.у.с. аталыштар менен жамаий раясат түзүлүп, ага раясат салахияттарынын берилип жатканына келсек, бул – эгер раясат мына ушул хайъат, же межлис, же лажнанын укугу кылып коюлса – шариятка тескери келет. А бирок, эгер лажна, же межлис, же хайъат оордуктарды көтөрүү, иштер туурасында талкуу кылуу жана кеңешүү үчүн түзүлгөн болсо, бул жайиз жана ал Исламдан болот. Себеби, мусулмандар макталган нерселердин бири алардын иштери өз ара шуро-кеңеш менен болушу. Мындай учурда лажна, же хайъат, же межлистин райы этибар жагынан иштерди аткаруу менен байланыштуу боло турган нерселерде көпчүлүк добуш менен мажбурий болот. Өкүмдөр, пикирге алып бара турган райлар, адистик райлары жана таърифтер менен байланыштуу болгон нерселерде алар кеңешүү үчүн түзүлөт. Ал эми,

коммунизм идеологдору жетекчиликтин жамаий же фардий болушу жөнүндө талашып-тартышкан нерселерге келсек, Исламда аны талкуу кылууга орун жок. Себеби, Ислам жетекчилик фардий болушун насс менен жана иш жүзүндө белгилеп койду. Буга сахабалар ижма кылышкан. Үммөт бардык кылымдар бою ушуга амал кылып келишкен.

# Итаат

Итаат негизги иш болуп, мамлекетте тартип-инзобат ал себептүү пайда болот. Ал мамлекет жана үммөттө массалык тартип-инзобат бар экендигине далалат кыла турган эң маанилүү көрүнүштөрдүн бири. Ошондуктан да, Куран көптөгөн аяттарда итаат кылууга үндөп келди. Вахий келип турганына, муъжизалар жана рисалат болуп турганына, Расулулла с.а.вдын өзү бар экендигине жана булардын бардыгы итаатты пайда кылуу үчүн жетиштүү экендигине карабастан, Куран итаат кылууга үндөп келди. Куран буйруп келген итаат ушундай бир итаат болуп, анын негизине мамлекет жана үммөт вужуду курулат. Ал ошол эле убакта, итаат хулкун (мүнөзүн) баян кылуу да болуп эсептелет. Аяттар итаат кылуу важиб болгон убакта итаат кылууга катуу буйруп келди. Буюрганда да ага мажбурлай турган жана аны мусулмандын сыпаттарынын бири кылып коё турган көрүнүштө буйруду. Итаат кылуу жайиз болбогон убакта итаат кылуудан кайтарды. Кайтарганда да итаат кылбастыкка мажбурлай турган жана мындайда итаат кылууну мусулман өзүн алыс кармашы керек болгон нерсе деп этибар кылууга үндөй турган көрүнүштө кайтарды. Ошондуктан, биз Куран итаатты вужудга келтирип жаткан убакта мындай деп айтып жатканын көрөбүз:

﴿أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَٱلرَّسُولَ﴾

*«Алла жана расулга итаат кылгыла!»* [3:32]

﴿فَٱتَّبِعُونِى وَأَطِيعُوٓاْ أَمۡرِى﴾

*«Демек, мени ээрчигиле жана буйругума итаат кылгыла!»* [20:90]

﴿وَٱسۡمَعُواْ وَأَطِيعُواْ﴾

*«Кулак салып, итаат кылгыла»* [64:16]

﴿وَمَن يُطِعِ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ يُدۡخِلۡهُ جَنَّٰتٖ تَجۡرِى مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُ﴾

*«Ким Алла жана Анын расулуна итаат кылса, аны астынан дарыялар агып туруучу бейиштерге киргизет»* [4:13]

﴿مَّن يُطِعِ ٱلرَّسُولَ فَقَدۡ أَطَاعَ ٱللَّهَ﴾

«***Кимде-ким расулга итаат кылса, демек, Аллага итаат кылыптыр***» [4:80]

﴿وَمَن يُطِعِ ٱللَّهَ وَٱلرَّسُولَ فَأُوْلَٰٓئِكَ مَعَ ٱلَّذِينَ أَنۡعَمَ ٱللَّهُ عَلَيۡهِم﴾

«***Кимде-ким Алла жана расулга итаат кылса, мына ошолор сыйлыкка татыктуу болгон заттар менен бирге болушат***» [4:69]

Алла бул аяттарда мутлак итаатка буйруду, итаат мукайяд болбой келди. Биз Расулулла с.а.вдын акимдер жана валийлерге ар кандай абалда итаат кылууга буюруп жатканын, болгону, эгер күнөөгө буйруса гана итаат кылбастык керектигин айтып жатканын көрөбүз. Ибн Аббастан Набий с.а.вдын мындай дегени риваят кылынды:

«**مَنْ كَرِهَ مِنْ أَمِيرِهِ شَيْئًا فَلْيَصْبِرْ عَلَيْهِ فَإِنَّهُ لَيْسَ أَحَدٌ مِنَ النَّاسِ خَرَجَ مِنَ السُّلْطَانِ شِبْرًا فَمَاتَ عَلَيْهِ إِلاَّ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً**»

**«Ким амириндеги бирер нерсени жактырбаса, ага сабыр кылсын. Себеби, кимде-ким султандан бир карыш четке чыгып ушул абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** Муслим риваяты. Расулулла с.а.в амирге итаат кылбастыкты жамааттан бөлүнүп калуу деп эсептеди. Абу Ража Уторидий хадис риваят кылып айтат: **Мен Ибн Аббас р.адан Набий с.а.вдын мындай дегенин уктум:**

«**مَنْ رَأَى مِنْ أَمِيرِهِ شَيْئًا يَكْرَهُهُ فَلْيَصْبِرْ فَإِنَّهُ مَنْ فَارَقَ الْجَمَاعَةَ شِبْرًا فَمَاتَ فَمِيتَتُهُ جَاهِلِيَّةٌ**»

**«Ким амиринен өзү жактырбай турган бирер нерсени көрсө, сабыр кылсын. Себеби, ким жамааттан бир карыш ажырап өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** Муслим риваяты. Мусулмандар Набий с.а.вга байъат берген нерселердин бири итаат кылуу эле. Жунада ибн Абу Умайя риваят кылат:

«**دَخَلْنَا عَلَى عُبَادَةَ بْنِ الصَّامِتِ وَهُوَ مَرِيضٌ قُلْنَا أَصْلَحَكَ اللَّهُ حَدِّثْ بِحَدِيثٍ يَنْفَعُكَ اللَّهُ بِهِ سَمِعْتَهُ مِنَ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: دَعَانَا النَّبِيُّ ﷺ فَبَايَعْنَاهُ فَقَالَ فِيمَا أَخَذَ عَلَيْنَا أَنْ بَايَعْنَا**

عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي مَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا وَعُسْرِنَا وَيُسْرِنَا وَأَثَرَةً عَلَيْنَا وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ قَالَ: إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللَّهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

**«Биз Убада ибн Сомиттин алдына кирдик. Ал ооруп жаткан эле. Биз: Алла сага шыпаа берсин, Набий с.а.вдан уккан бирер хадисти айтып бергин, Алла ал себептүү сага пайда жеткирсин, - дедик. Ал мындай деди: Набий с.а.в бизди даъват кылды. Биз ал кишиге байъат бердик. Бизден байъат алып жатканда, курсантчылыкта да, капачылыкта да, оор күндөрүбүздө да, жеңил күндөрүбүздө да кулак салып, итаат кылууга, өзүбүздөн абзел көрүшүбүзгө, ишти ээсинен талашпашыбызга байъат беришибизди айтып: Болгону, эгер ачык куфрду көрсөңөр жана силерде бул жөнүндө Алладан анык хужжат болсо,** (ошондо гана талашышыңар мүмкүн) **деди».** Бухарий риваяты. Демек, аят жана хадистер итаат кылууга буйруп келди. Бирок, бул итаат Ислам алкагында болушу керек. Ошондуктан, башка хадистер Аллага асий боло турган орунда итаат кылуудан кайтарып келди. Набий с.а.в:

«لاَ طَاعَةَ لِمَخْلُوقٍ فِي مَعْصِيَةِ الْخَالِقِ»

**«Холикке асий боло турган орунда махлукка итаат кылынбайт»**, - деген. Ахмад риваяты. Нафиъ Абдулла р.адан, ал Набий с.а.вдан мындай дегенин риваят кылды:

«السَّمْعُ وَالطَّاعَةُ عَلَى الْمَرْءِ الْمُسْلِمِ فِيمَا أَحَبَّ وَكَرِهَ مَا لَمْ يُؤْمَرْ بِمَعْصِيَةٍ فَإِذَا أُمِرَ بِمَعْصِيَةٍ فَلاَ سَمْعَ وَلاَ طَاعَةَ»

**«Мусулман кишинин, эгерде бирер күнөөгө буйрулбаса, жактырган жана жактырбаган нерсесинде кулак салып, итаат кылышы важиб. Эгерде бирер күнөөгө буюрулса, кулак салып итаат кылбайт».** Бухарий риваяты.

Алла буйруган бул итаат массалык тартип (инзобат амма) орнотуу керек болгон кезде болот. Ал эми, бул итаат кылуу Исламдын тескерисине болсо, же Алланын жолунан башка жолдун пайдасына кызмат кыла турган болсо, мындай абалда итаат кылуудан Ислам катуу кайтарды. Ошол себептен улам, Алла Таала бизди айрым итааттардан ачык кайтарып, мындай деди:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تُطِيعُواْ فَرِيقًا مِّنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلْكِتَٰبَ يَرُدُّوكُم بَعْدَ إِيمَٰنِكُمْ كَٰفِرِينَ﴾

«***Эй момундар, эгер китеп ээлеринин кээ бир топторуна моюн сунсаңар, алар силерди ыйманга келгениңерден кийин дагы кафирликке кайтарышат***» [3:100]

﴿وَلَا تُطِعْ مَنْ أَغْفَلْنَا قَلْبَهُۥ عَن ذِكْرِنَا وَٱتَّبَعَ هَوَىٰهُ وَكَانَ أَمْرُهُۥ فُرُطًا﴾

«***Дагы, Биз дилин бизди эстөөдөн бейкапар кылып койгон, көңүл-кушун ээрчиген жана кылган иши ысырапкерчилик болгон кимселерге итаат кылбагын!***» [18:28]

﴿وَإِن تُطِعْ أَكْثَرَ مَن فِى ٱلْأَرْضِ يُضِلُّوكَ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ﴾

«***Жер жүзүндөгү кимселердин көпчүлүгүнө итаат кыла турган болсоң, сени Алланын жолунан адаштырышат***» [6:116]

﴿فَلَا تُطِعِ ٱلْكَٰفِرِينَ﴾

«***Демек, сен кафир кимселерге итаат кылбагын!***» [25:52]

﴿فَلَا تُطِعِ ٱلْمُكَذِّبِينَ﴾

«***Демек,*** *(эй Мухаммад, сенин чыныгы пайгамбар экениңди жана Куранды «жалган» деген)* ***жалганчыларга итаат кылбагын!***» [68:8]

﴿وَلَا تُطِعْ مِنْهُمْ ءَاثِمًا أَوْ كَفُورًا﴾

«***Жана алардан күнөөкөрлөрүнө жана кафир болгондоруна итаат кылбагын!***» [76:24]

﴿وَلَا تُطِعْ كُلَّ حَلَّافٍ مَّهِينٍ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***дагы сен ар бир төмөн анткор кимсеге итаат кылбагын!***» [68:10]

Бул аяттардын бардыгы өз сыпаттары менен айырмаланып туруучу белгилүү бир адамдарга итаат кылуудан кайтарууда. Бул аяттарды күзөтсөк, аларда айтылып жаткан итааттын Исламдын тескерисине экендиги жана Ислам жолунан башка жолго кызмат кылышы белгилүү болот. Алла Таала буларды

бизге дилдерибизге итаат массалык тартипти пайда кылууну көздөй багыттай турган болуп калыптанышы үчүн, Ислам мамлекетинин вужудуна зыян боло турган орундарда итаат кылуудан алыс болушубуз үчүн баян кылды. Ошондуктан, мусулман адамдын Алланын итаат кылуу жөнүндөгү буйругуна лаббей деп моюн сунуп жатканда, Алла кимге итаат кылуудан кайтарган болсо андай кимселерге итаат кылуудан кайтышы важиб.

## Халифанын өкүмдөр жана услубдарды табанний кылышы т.а. мыйзамдарды чыгаруу

«Коуанийн» сөзү араб тилинде “негиздер” (усул) деген маанини билдирет. Анын жекелик сандагысы конун (мыйзам). Ал араб тилине кирип келген ажамий (чет элдик) сөз. Чет элдик терминде мыйзамдын мааниси: султан чыгара турган, адамдар анын негизинде иш жүргүзүшкөн амр-буйрук. Мыйзамга: «Султан адамдарды мамиле-алакаларында моюн сунууга мажбурлай турган коида-эрежелер топтому», - деп аныктама берилген. Мыйзам өз мааниси жагынан эки бөлүктөн турат: Биринчиси, аслий алакаларды тартипке сала турган өкүмдөр. Бул өкүмдөр да эки түргө бөлүнөт: Биринчи, негизги мыйзам т.а. конституция. Экинчи, башка мыйзамдар. Мыйзамдардын экинчи бөлүгү асли үчүн умумий өкүм келген, бирок, фаръы үчүн хос өкүм келбеген экинчи даражалуу иштерди тартипке салат. Бул мыйзамдар венситаларды тартипке салат. Т.а. алар услубдар болуп, алардын жардамында умумий өкүм мүнөзүндөгү аслий иштер аткарылат. Алар идарий мыйзамдар же идарий түзүмдөр деген ат менен же ушул сыяктуу аталыштар менен аталат. Пенделердин иштерине тиешелүү Шариънин хитабы келип, ушул хитабдын алкагынан чыкпастык буюрулду. Ошондуктан, бул иштердин тартиби Алла тараптан келди. Исламий шарият адамдардын бардык иштерине жана бардык алакаларына тиешелүү болуп келди. Алардын Алла менен боло турган алакасы болобу, өзү менен боло турган алакасы болобу, же башкалар менен боло турган алакасы болобу, эч айырмасыз, бардыгына тиешелүү болуп келди. Ошондуктан, Исламда алакаларды тартипке салуу үчүн адамдар тараптан мыйзамдардын чыгарылышына эч бир орун жок. Себеби, адамдар шаръий өкүмдөр алкагынан чыкпастыкка буйрулушкан. Алла Таала айтат:

﴿وَمَن يَتَعَدَّ حُدُودَ ٱللَّهِ فَأُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّـٰلِمُونَ﴾

«***Ким Алланын чегараларынан өтүп кетсе, мына ошолор залимдер***» [2:229]

﴿وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْ﴾

«***Расул силерге алып келген нерсени алгыла, ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла***» [59:7]

﴿وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥٓ أَمْرًا أَن يَكُونَ لَهُمُ ٱلْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ﴾

«***Алла жана Анын Расулу бир ишти буйруган убакта бирер момун жана мумина үчүн*** *(Алланын өкүмүн коюп)* ***өз иштеринен ыктыяр кылууга уруксат эмес***» [33:36]

Муслим Аиша رضي الله عنها дан риваят кылат, Расулулла с.а.в:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

«**Кимде-ким биздин ишибизден болбогон бир ишти кылса, ал рад кылынат**», - деген. Демек, адамдарга өкүмдөрдү султан эмес, Алла чыгарып берет. Алла адамдарды жана султанды өздөрүнүн алакаларында ушул өкүмдөргө моюн сунууга мажбурлайт, аларды бул өкүмдөр алкагынан чыкпастыкка буюрат, бул өкүмдөрдөн башкасына моюн сунуудан кайтарат. Ушуга ылайык, адамдын адамдардын алакаларын тартипке салуу үчүн өкүмдөрдү иштеп чыгышына эч бир орун жок. Султандын адамдарды адам иштеп чыккан коидалар жана өкүмдөргө моюн сунууга мажбурлоого же өз ыктыярлары менен моюн сунууга үндөөгө эч бир акысы жок. Бирок, шаръий өкүмдөр т.а. Шариънин пенделердин иштерине тиешелүү хитабы Куран жана хадисте келип, алардын көбү араб тилине ылайык жана шариятка ылайык бир нече маанилерди камтыйт. Ошондуктан, адамдардын аларды түрдүүчө түшүнүшү жана бул түрдүүчө түшүнүү башка-башка маани берүү даражасына жетиши табигый жана анык иш. Мына ошондон түрдүүчө, бири-биринен айырмаланган түшүнүүлөр келип чыкты. Ошондуктан, бир өкүм жөнүндө түрдүү, бири-биринен айырмаланган райлар болушу мүмкүн. Мисалы, Расулулла с.а.в Ахзаб казатынан кайткандан кийин:

«لاَ يُصَلِّيَنَّ أَحَدٌ الْعَصْرَ إِلاَّ فِي بَنِي قُرَيْظَةَ»

«**Бирер киши аср намазын Бани Куройзого жетмейинче окубасын**», - деди. Ошондо айрым адамдар "Пайгамбарыбыз с.а.в шашылууну назарда тутту" деп түшүнүштү жана аср намазын жолдо окуп алышты. Башкалар болсо "Пайгамбар с.а.в

ушул сүйлөмдөгү маанини назарда тутту" деп түшүнүштү да, аср намазын окушпады жана аны кийинкиге калтырышты. Бани Куройзого жетип барып, ошол жерде асрды окушту. Бул кабар Расулулла с.а.вга жетип барганда, эки топтун тең түшүнүгүн макулдады. Бухарий риваят кылышынча, Расулулла с.а.в:

«لاَ صَلاَةَ لِمَنْ لَمْ يَقْرَأْ بِفَاتِحَةِ الْكِتَابِ»

«**Ким Китепти ачуучуну (**Фатиха сүрөсүн**) окубаса, намазы намаз болбойт**», - деди. Муну кээ бирөөлөр «Пайгамбарыбыз с.а.в сахих намаз болбойт деген маанини көздөдү» деп түшүнүшүп: Фатиха сүрөсүн окуу намаздын рукндарынын бири болуп, кимде-ким аны окубаса намазы батыл болот дешти. Башкалар болсо "Пайгамбарыбыз с.а.в камил намаз болбойт деген маанини көздөдү" деп түшүнүшүп: Фатиханы окуу намаз рукндарынын бири эмес, балким, Куранды кыраат кылуу рукн болот. Ошондуктан, "Фатиха"ны окубай, Курандан ар кандай аятты окуса намазы сахих болот деген пикирди билдиришти. О.э. Набий с.а.вдын Насаий риваят кылган:

«لاَ يُقْتَلُ مُؤْمِنٌ بِكَافِرٍ، وَلاَ ذُو عَهْدٍ فِي عَهْدِهِ»

«**Момун кафир себептүү өлтүрүлбөйт жана ахд ээси ахды жаатында өлтүрүлбөйт», -** деген сөздөрү жөнүндө да ихтилаф кылышты. Бир жамаат бул хадисти «Мусулман эгер бир кафирди өлтүрүп койгон болсо ал өлтүрүлбөйт, ага таъзир гана берилет. Мисалы, камакка алынат. Себеби, Расулулла с.а.вдын: «**Момун кафир себептүү өлтүрүлбөйт», -** деген сөзүнөн анын өлтүрүлбөшү ачык көрүнүп турат» деп түшүнүшкөн болсо, башкалар «Мында харбий кафир менен зиммий кафир айырмаланат. Мусулман эгер зиммий кафирди өлтүрүп койгон болсо өзү да өлтүрүлөт. Муахид кафир жана мустаъмин кафир жаатында да ушундай болот. Ал эми мусулман адам харбий кафирди өлтүрүп койсо, ал мунусу үчүн өлтүрүлбөйт. Себеби, Расулулла с.а.вдын ушул хадистеги: «**ахд ээси ахды жаатында өлтүрүлбөйт**», - деген сөзү ушуга далалат кылып жатат. Демек, анын мааниси «мусулман кафир себептүү өлтүрүлбөйт, ахд ээси да кафир себептүү өлтүрүлбөйт» дегени. Ахд ээси кафир болгону үчүн, демек, кафир сөзү харбийди түшүндүрүшү анык. Т.а. муахид кафир харбий кафир себептүү өлтүрүлбөйт.

Демек, хадистин мааниси: Мусулман харбий кафир себептүү өлтүрүлбөйт жана ахд ээси да харбий кафир себептүү өлтүрүлбөйт, - деген маанини түшүндүрөт. Мындан «мусулман эгер харбий кафирден башкасын өлтүрүп койсо, өзү да өлтүрүлөт жана ахд ээси да харбий кафирден башкасын өлтүрүп койсо, өзү да өлтүрүлөт» деген маани түшүнүлөт. Ахд ээси кафир. Ал бир кафирди өлтүрүп койсо, кудум мусулман сыяктуу эле анын да өлтүрүлбөшү, хадистеги кафир сөзүнөн максат зиммий эмес, харбий кафир экендигине далалат кылууда. Муну Расулулла с.а.вдын алдына бир яхудийди өлтүрүп койгон мусулманды алып келишкенде аны өлтүргөнү жөнүндөгү риваят кубаттайт» деп түшүнүштү. Мындай ар түрдүү түшүнүү себептүү бир өкүм жөнүндөгү рай ар түрдүү болду. Көптөгөн аят жана хадистер жөнүндө ушундай болду. Бир өкүм жөнүндө райлардын ар түрдүү болушу мусулмандан алардын бирин алууну талап кылат. Себеби, алардын бардыгы шаръий өкүмдөр. Алланын бир адам жөнүндөгү өкүмү болсо бир нече болбойт. Ошондуктан, бир өкүмдү дайын кылып алуу зарыл. Ушуга негизделип, мусулман бирер ишти кылып жатканда шаръий ишти табанний кылышы керек болду жана качып кутулууга болбой турган иш болуп калды. Фарз, мандуб, арам, макрух же мубах болобу, бир өкүмгө амал кылуу важибдигинин өзү эле белгилүү бир өкүмдү табанний кылуу важибдигин талап кылат. Ошондуктан, ар бир мусулман бирер ишти кылуу үчүн өкүмдөрдү алып жатканда белгилүү бир шаръий өкүмдү табанний кылышы важиб болуп калды. Ал мужтахид болобу же мукаллидби, халифабы же башкасыбы, мунун айырмасы жок. Эгер белгилүү бир өкүмдү табанний кылса, бул шаръий өкүм ал үчүн Алланын өкүмү болуп калат жана жалаң гана ушул өкүм боюнча амал кылышы, аны адамдарга таалим бериши жана Исламга ушул өкүм боюнча даъват кылышы ага мажбурий болуп калат. Себеби, мусулмандын өкүмдү табанний кылышынын мааниси ушул өкүмгө амал кылуу, аны башкаларга таалим берүү жана Ислам өкүмдөрү менен пикирлерине даъват кылып жаткан убакта ага даъват кылуу болуп эсептелет. Ошондуктан, мусулман белгилүү бир өкүмдү табанний кылып жатканда, ушул өкүмдүн дал өзү ал үчүн Алланын өкүмү болуп калат жана аны таштап коюшу жайиз болбойт. Болгону, төмөнкү төрт абалда гана

таштап коюшу мүмкүн: Биринчиси: ага өз далилинин заифтиги белгилүү болуп калышы жана ага караганда күчтүүрөөк далил пайда болуп, ушул күчтүү далил далалат кылган нерсе Алланын өкүмү экенине ишеним пайда кылышы. Мындайда өзү табанний кылган нерсени таштап, жаңы райды табанний кылышы важиб болуп калат. Себеби, ушул жаңы рай ал үчүн Алланын өкүмү болуп калат. Экинчиси: Күмөнүндө бул жаңы райды истинбат жаатында өзүнө караганда аалымыраак, далил келтирүүдө аныгыраак жана шариятты кененирээк билүүчү киши истинбат кылган деген пикирдин үстөм болушу. Мындайда өзү табанний кылган нерсени таштап, башкасын табанний кылышы жайиз. Буга сахабалардан сабит болгон иш далил болот. Алар өз райларын таштап, башкалардын райын алышат эле. Мисалы, Абу Бакр өзүнүн райын таштап, Алинин райын алды. Умар да өзүнүн райын таштап, Алинин райын алды. Үчүнчүсү: Мусулмандарды бир райдын айланасына бириктирүү максат кылынышы. Мындай абалда мусулман өзү табанний кылган райды таштап, мусулмандарды бириктирүү максат кылынган райды табанний кылышы жайиз болот. Буга Усмандан сабит болгон төмөнкү окуя далил болот. Усман адамдардан Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү о.э. Пайгамбар с.а.вдан кийин Абу Бакр жана Умардын райы негизинде байъат алынышын кабыл алды. Сахабалар муну макулдашты. Усман өзү табанний кылган нерсени таштап, Абу Бакр жана Умар табанний кылган нерсени табанний кылды. Төртүнчүсү: Анын ижтихады алып барган өкүмгө тескери болгон өкүмдүн халифа тараптан табанний кылынышы. Мындай абалда өз ижтихады алып барган нерсеге амал кылууну таштап, имам табанний кылган өкүмгө амал кылышы важиб болот. Себеби, сахабалар «имамдын амири ихтилафты жоёт жана анын амири бардык мусулмандарга өтөт» деп ижма кылышкан. Демек, мына ушул төрт абалда мусулман өзү табанний кылган нерсени таштап, башкасын табанний кылат. Ушул төрт абалдан башкасында өзү табанний кылган нерсени таштап коюшу таптакыр жайиз эмес. Себеби, шариятта ар бир адам жана ар бир мусулманга өзү ижтихад же таклид менен жеткен нерсени табанний кылышы буюрулган. Аны табанний кылса ага амал кылышы мажбурий болуп калат. Болгону,

шаръий далил менен истисна кылынган абалдарда гана таштап коюшу жайиз.

Бул ар бир адамдын өз алакаларын өзү тартипке салышына карата ушундай. Ал эми халифа тараптан үммөт иштеринин башкарылышына, анын салтанат милдеттерин аткарышына жана Алланын өкүмдөрүн адамдарга колдонушуна карата айта турган болсок, анын белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылышы зарыл экендигине эч бир күмөн жок. Халифа адамдардын иштерин ушул өкүмдөргө ылайык башкарат. Халифанын зекет, салыктар, хирож, тышкы алакалар сыяктуу жана мамлекет менен өкүмдүн бир бүтүндүгүнө тиешелүү болгон бардык нерселер сыяктуу бардык мусулмандарга умумий болгон өкүм жана салтанат иштери боюнча белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылышы зарыл. Мындай абалдарда халифанын табанний кылышы жайиз эмес, важиб болот. Себеби, ал халифа ишке ашыра турган иштерге карата зарыл болгон иш. Өзүнүн бардык иштерин өзү үчүн Алланын өкүмү болгон белгилүү бир өкүмгө ылайык жүргүзүшү мажбурий болгон мусулман деген этибар менен зарыл болгон иш. Мында хос иштер менен амма (масса) иштери ортосунда айырма жок. Акимият жана салтанат иштерине карата айта турган болсок, алар иштерди башкаруудан турган аслий иштер түркүмүнө кирет. Мындай иштер белгилүү бир өкүмгө ылайык жүргүзүлүшү зарыл. Мамлекет бүтүндүгүнө тиешелүү нерселерге карата айта турган болсок, халифанын белгилүү бир өкүмгө ылайык иш жүргүзүшү важиб. Себеби, мамлекет бүтүндүгү фарз. Мамлекет бүтүндүгүнө алып бара турган бардык иштер фарз. Ошондуктан, мамлекет бүтүндүгүнө байланыштуу бардык нерсеге тиешелүү бир өкүмдү табанний кылуу жайиз эмес, важиб болот. Ал эми булардан башкасында халифа белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылып, адамдарды ушул өкүмдөргө амал кылууга буюрушу да о.э. табанний кылбашы да жайиз. Мында өзү мусулмандарга пайдалуураак, Исламды жаюу жана анын өкүмдөрүн таалим берүү үчүн күчтүүрөөк, адилеттүү өкүм жана салтанаттын кубаттануусу үчүн жакшыраак деп билген нерселерин кылат. Абу Бакр шаръий өкүмдөрдү табанний кылып, адамдарды ушул өкүмдөргө амал кылууга буйруду. Андан кийин Умар, Усман жана Али да өкүмдөрдү табанний кылып, адамдарды ушул

өкүмдөргө амал кылууга буйрушту. Сахабалар буга сүкүт сакташты. Алардын эч кимисинин өкүмдөрдү табанний кылууга жана адамдарды ушул өкүмдөргө амал кылууга, өздөрү табанний кылган өкүмдөргө амал кылууга токтотууну буюрууга каршы чыкканы эч бир угулбаган. Акыйкатта болсо, адамдар өздөрү табанний кылган өкүмдөр алар үчүн Алланын өкүмдөрү болуп, аларды бул өкүмдөрдү таштоого буюрууну четке кагып, каршы чыга турган нерселерден эле. Бирок, сахабалар буга каршы чыгышпады. Ошондуктан, бул халифанын белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылышына жана адамдарды ушул өкүмдөргө амал кылууга буюрушуна сахабалар тараптан кылынган ижма болду. Ошондуктан, эгер халифа белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылса – бул өкүмдөр табанний кылуу халифага важиб боло турган нерселер түркүмүнө киреби же жайиз болгон нерселер түркүмүнө киреби, мунун айырмасы жок – ар бир жаран мусулманга ушул өкүмгө амал кылышы жана мурда өзү табанний кылган өкүмгө амал кылууну токтотушу важиб болот. Себеби, халифа табанний кылган нерсе жаран үчүн амал кыла турган Алланын өкүмү болуп калат. Ошондуктан, бул өкүмдүн тескерисине амал кылышы адал болбойт. Тескерисинче, бир гана мына ушул өкүмгө амал кылышы важиб болот. Мейли, бул өкүм өзүнүн райына тескери болсо да жана өзүнүн назарында бул өкүмдүн далили заиф болсо да, ага амал кылышы важиб болот. Сахабалардын имам белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылып, аларга амал кылууга буйрушуна жана мусулмандар, мейли, бул өкүмдөр өздөрүнүн ижтихаддарына тескери келсе да, аларга итаат кылуулары важибдигине ижма кылышканы буга далил болот. Бул жааттагы белгилүү ижмалар төмөнкүлөр: **«Султан жүз берген кыйынчылыктарга карап, жаңы өкүмдөрдү чыгаруу укугуна ээ», «имамдын амири ихтилафты жоёт», «имамдын амири зохирде да батинде да өтүүчү».** Зохирдегиси кишинин мамлекетке итаат кылышы үчүн өзү менен адамдар ортосундагы нерсе болсо, батиндегиси өзү менен Алланын ортосундагы нерсе. Себеби, имам табанний кылган нерсе мусулман киши үчүн амал кылуу керек болгон Алланын өкүмү болуп калат. Бирок, адамдардын имам амирине моюн сунуулары, ал табанний кылган өкүмдөргө амал кылуулары жана өздөрүнүн райларына о.э. табанний кылган

нерселерине амал кылууну таштап коюшу керектиги имам табанний кылган нерсени табанний кылуу деп эсептелбейт, балким, ал имамдын буйругуна моюн сунуу жана ал табанний кылган нерсени иш жүзүндө аткаруу болот, имам табанний кылган нерсени табанний кылуу эмес. Ошондуктан, ар кайсы мусулмандын өзү табанний кылган өкүмдөрдү таалим бериши жана Исламга даъват кылган кезде ушул өкүмдөргө даъват кылышы жайиз болот. Мейли, бул өкүмдөр имам табанний кылган нерсеге тескери болсо да. Себеби, сахабалар халифа табанний кылган нерсеге амал кылуу керектигине ижма кылышты, таалим жана даъватка эмес. Демек, ижма амал кылууга гана тиешелүү болду. Ошондуктан, Абу Бакр малды мусулмандарга алардын Исламга киргенине көп болгонуна же жаңы киргенине карабастан бирдей бөлүштүргөн убакта, Умардын башкача райда болгонун көрөбүз. Себеби, ал «адамдын бир кыйла мурун Исламга киргенин жана сыноого учураганын этибарга алуу зарыл» деген райда болчу жана бул жөнүндө Абу Бакр менен талкуулашкан эле. Ошнетсе да, Абу Бакр табанний кылган нерсеге моюн сунду. А бирок, өз райын табанний кылууну улантты. Ошондуктан, халифа болгон кезинде Абу Бакрдын райына амал кылууну бекер кылды жана өз райы менен иш жүргүздү. Демек, мусулмандын бир райды табанний кылышы менен халифа табанний кылган нерсеге моюн сунушунун ортосунда айырма бар. Себеби, халифа табанний кылган нерсеге моюн сунуу ага амал кылуу керек дегенди түшүндүрөт. Бирок, ага даъват кылуу жана аны таалим берүү эмес. Райды табанний кылуу болсо аны таалим берүү, ага даъват кылуу жана ага амал кылуу болуп эсептелет. Ошондуктан, халифа табанний кылган нерсеге тескери болгон райларды табанний кыла турган саясий уюмдардын т.а. хизбдердин түзүлүшүнө жол берилет. Бирок, бул хизбдердин бардыгы башка мусулмандар сыяктуу эле халифа табанний кылган нерсеге амал кылышы керек.

Бирок, халифа шаръий өкүмдөрдү табанний кылып жатканда, жалаң шаръий ижтихад менен истинбат кылынган шаръий өкүм катары белгилүү бир райды ыктыяр кылып тандайт. Өзү тараптан болгон бир өкүмдү шаръий өкүм кылып койбойт. Себеби, шаръий өкүм кылып коё турган Зат жалгыз Алла. Демек, халифа шарият жана шаръий өкүмдөр алкагында

иш алып барат. Себеби, ага байъат берүүдө Китеп жана Сүннөткө амал кылышы шарт кылынат. Себеби, мейли халифа болсо да, бир мусулман катары анын да Алланын буйрук жана кайтаруулары алкагында иш жүргүзүшү о.э. шаръий өкүмдөр чегарасында токтошу важиб. Бул шаръий өкүмдөрдөн четке чыгышы эч бир адал болбойт. Демек, анын исламий шарияттан болбогон бир өкүмдү алып келиши адал болбойт. Себеби, Расулулла с.а.в:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

**«Кимде-ким биздин ишибизден болбогон бир амалды кылса, ал рад кылынат»**, - деп ачык айтып койгон. Муслим риваяты. Ошондуктан, имамдын адалды арам кылууга же арамды адал кылууга, бирер өкүмдү бекер кылууга же бирер өкүмгө амал кылууну токтотуп коюуга эч бир акысы жок. Мындай кылышы адал болбойт. Себеби, мындай кылуу ар бир мусулманга арам болгону сыяктуу эле халифага да арам. Мусулмандардын кызыкчылыгы балан нерсени арам кылууну жана балан нерсени мубах кылууну талап кылды деген шылтоо өтпөйт. Себеби, Алла мусулмандар кызыкчылыгын белгилүү бир өкүмдөр менен белгилеп койгон. Ошондуктан, эгер кызыкчылык бул өкүмдөрдөн башкасында деп биле турган болсо, ал бул өкүмдөрдү насх кылган болот. Бул болсо, таптакыр жайиз эмес. Ошондуктан, «мусулмандар иштерин башкаруу халифага бул иштерди өз ижтихады менен өзү каалагандай жүргүзүү укугун берет» деген сөз жарабайт. Себеби, Алла халифага мусулмандардын иштерин Китеп жана Сүннөт т.а. шаръий өкүмдөр менен башкаруу жана ушул шаръий өкүмдөр алкагында ижтихад кылуу укугун берген. Демек, ал фаръий (экинчи даражалуу) иштерде ижтихад кылат. Фаръий иштердин негиздеринде умумий насс келген болот. Бирок, бул иштердин өзүндө насс келбеген болот. Ошондуктан, халифа өзү жакшыраак жана пайдалуураак деп билген нерсени тандоодо ижтихад кылат. Ал эми Алланын өкүмү келген нерседе халифанын ижтихад кылышына эч бир орун жок. Тескерисинче, ал шаръий өкүмдү кандай болсо ошондой бойдон, эч кандай өзгөртүү киргизбей жана бузбай аткарууга мажбур. Туура, ал бирер амал жөнүндө «ал мубах, бирок анык көрүнүштө же күмөндүн үстөм болушу менен шарият арам

кылган арамга алып келет» деген районда болушу мүмкүн. Мисалы, белгилүү бир китептин колмо-кол жүрүшү адамдардын өз диндеринен фитналанышына алып келет же адамдар ортосунда бузукулук жайылышына алып келет деп аны тыйып коюуга буюрушу мүмкүн. Халифа бир амалдын мубахтыгын билиши, бирок күмөн үстөмдүгү менен ал шарият жок кылууну важиб кылган азарга алып келет деген районда болушу мүмкүн. Мисалы, ал «товарларды магазиндердин алдына коюп коюу жолоочуларга тоскоолдук кылат, же азар берет» деп бул мубахты тыйып коюшу жана аны кылган ар бир кишини жазалашы мүмкүн. Бирок, бул адалды арам кылуу эмес, тескерисинче: **«Арамга алып бара турган васита да арам», -** деген коидадан жана **«мубах бөлүктөрүнөн ар кандай бөлүк, эгер зыяндуу болсо же зыянга алып барса, мына ушул бөлүк арам, иштин өзү болсо мубах бойдон кала берет», -** деген коидадан халифанын өзү же башкасы истинбат кылып, табанний кылган бир шаръий өкүмдү аткаруу болуп эсептелет. Мындайда халифанын мына ушул ишти кылышы важиб болот. Себеби, ал аткаруу важиб болгон шаръий өкүм. Ошондуктан, халифа мубахты эмес, арамды тыйып койгон болот. О.э. бул жерде бирер иш же бирер өкүм болуп, аны бир нече фаръий иштер васитасында т.а. аслинин далили умумий келген, бирок, өзү тууурасында бир хос далил келбеген фаръий иштер васитасында кылуу мүмкүн болсо, мындай абалда мына ушул васита болуучу фаръий иштердин бардыгы мубахтар түркүмүнөн болуп калат. Буга адамдардын халифа жөнүндөгү райын же алардын Шуро межлисине өздөрү өкүл кылган адамдар жөнүндөгү райларын билүүгө жетишүүнү буга мисал кылып келтирүүгө болот. Ошондуктан, ал «шайлоо мыйзамы» деп аталган нерсеге окшойт. Демек, фаръий иштердин бардыгы мубах болуп, халифанын алардын бирине буйруп, башкасына буйрубашы жайиз. Мындай учурда ага итаат кылуу важиб болот. Мындай абалда бир мубахты важиб кылган жана башка мубахка тыюу салган болбойт. Тескерисинче, бир өкүмдү о.э. ушул өкүмдүн аткарылышына алып бара турган васитаны табанний кылган болот. Ошондуктан, халифага ал табанний кылган өкүмдө жана ушул өкүмдүн аткарылышына алып бара турган иштерде итаат кылуу важиб болот. Себеби, бул иштер өкүмгө табиъ (караштуу).

Табиъ болсо өзү табиъ болгон нерсенин өкүмүн алат. Идарий мыйзамдар жана түзүмдөрдүн баары мына ушул түркүмдөн болот. Себеби, алар бир мубахка амал кылуу болуп, халифа табанний кылган өкүмгө табиъ болгон нерселерге амал кылуу болуп эсептелет. Ага амал кылуу башкасын таштоону т.а. тыюуну талап кылат. Ал кудум өкүмдөрдү табанний кылуу сыяктуу болуп, мында халифа шаръий өкүмдөрдүн алкагынан чыкпайт жана бир мубахты важиб кылып, башка бир мубахты арам кылган болбойт. Шарият ага табанний кылуу укугун берген өкүмдөрдү жана ушул өкүмдөрдүн аткарылышына алып бара турган нерселерди табанний кылган болот. Демек, арамга же азарга алып бара турган нерсени жоготуу жана бир нече услубдардан белгилүү бир услубга амал кылуу болгон мына ушул үч абалда халифа шаръий өкүмдөр алкагынан да, өзүнө берилген табанний кылуу укугу алкагынан да чыгып кеткен болбойт. Алардын ар биринин шаръий далили бар. Ушуга ылайык, бул жерде халифанын кайсы бир шаръий өкүмдү пайда деген хужжат менен өзгөртүшүн актай турган эч кандай негиз жок. Тескерисинче, бардык нерселер тууралсында бардык шаръий өкүмдөргө толук амал кылып, алардын алкагынан таптакыр чыкпашы важиб.

Ал эми, Расулулла с.а.в мусулмандардын иштерин башкаруу үчүн бир нече мубахтарды арам кылган жана аларга тыюу салган деген сөзгө келсек, анда имамдын мусулмандар иштерин башкаруу үчүн мындай кылышы жайиз экендигине эч кандай хужжат жок. Себеби, Расулулла с.а.в шаръий өкүмдү алып келүүчү адам. Ошондуктан, эгер бирер мубах өкүмдү арам же бирер арам өкүмдү мубах кылган болсо, демек, аны мансух кылган болот. Мансух кылуу болсо Китеп жана Сүннөткө т.а. Куран жана хадиске хос болуп, пайгамбардан башканын буга таптакыр акысы жок. Эми Пайгамбар с.а.вдын мубах нерседен белгилүү бир нерселерге тыюу салганына келсек, ошол нерсе Алла арам кылган бирер азарга же арамга алып баруучу нерсе болот. Бул болсо, иштерди башкаруу түркүмүнө кирбейт, тескерисинче, бизге шаръий өкүмдү жолго коюп берүү болуп эсептелет. Демек, иштерди башкаруу жана пайда деген хужжат менен имамга өкүмдөрдү өзгөртүү укугун берүүгө бул далил кылып алынбайт. Расулулла с.а.вдын кээ бир иштерин көрүп чыгуу менен бул нерсе анык белгилүү болот. Ошолордон:

1 – Риваят кылынышынча, Табук казатында Расулулла с.а.в Хажардын (Медина жана Шамдын ортосундагы өрөөн) жанынан өтүп калды. Адамдар ал жерге түшүп, анын кудугунан суу алып жатышкан эле. Алар кечке маал кайтышканда Расулулла с.а.в:

«لاَ تَشْرَبُوا مِنْ مَائِهَا شَيْئًا وَلاَ تَتَوَضَّأُوا مِنْهُ لِلصَّلاَةِ، وَمَا كَانَ مِنْ عَجِينٍ عَجَنْتُمُوهُ فَاعْلِفُوهُ الإِبِلَ وَلاَ تَأْكُلُوا مِنْهُ شَيْئًا، وَلاَ يَخْرُجَنَّ أَحَدٌ مِنْكُمُ اللَّيْلَةَ إِلاَّ وَمَعَهُ صَاحِبٌ لَهُ»

**«Анын суусунан ичпегиле, андан намаз үчүн даарат албагыла. Андан камыр кылган болсоңор, аны төөлөргө жем кылып бергиле, андан эч нерсе жебегиле. Бириңер да түнкүсүн шериксиз чыкпагыла»**, - деди. Муну Табароний «Тарых»ында риваят кылды. Мында Расулулла с.а.вдын бир мубах нерсени пайдалануудан кайтарганы көрүнүп турат. Демек, Пайгамбарыбыз с.а.в бир мубах нерсени арам кылган болуп чыгат. Түпкүлүгүндө болсо, бул окуянын вакиълиги башкача. Анын вакиълиги мындай, Расулулла с.а.в мубах өкүмдөн жана мубах нерседен эмес, тескерисинче, мубах нерседеги белгилүү бир нерседен кайтарды. Бул белгилүү бир нерсенин бир зыянга алып келиши анык эле. Ошол себептен улам бул зыянга түшүп калууну арам кылып насс келген эле. Демек, мына ушул кудуктан суу ичүү анык зыянга алып келишин Расулулла с.а.в билген. Демек, Расулулла с.а.в кылган иш мубахты арам кылуу эмес, тескерисинче, шарият арам кылган зыянга алып баруучу нерсени арам кылуу болуп чыгат. Зыян болсо кошуундун азар-азиятка учурашы эле. О.э. Пайгамбарыбыз с.а.вдын жалгыз чыгуудан кайтарганы да мубах иштеги белгилүү бир иштен кайтаруу болуп эсептелет. Себеби, бул белгилүү бир иш шарият арам кылган зыянга анык алып барат эле. Буга далил мындай, Расулулла с.а.в буйруган адамдар ал киши буйруган нерселерди кылышты. Болгону, бани Саидадан эки киши гана кылбады. Алардын бири ажатынан бошонгону чыккан болсо, экинчиси төөсүн издегени чыкты. Ажатынан бошонгону чыккан киши жолдо муунуп калды. Төөсүн издеп кеткен кишини болсо шамал учуруп Той тоосуна учуруп кетти. Бул жөнүндө Расулулла с.а.вга кабар берилгенде, Пайгамбарыбыз с.а.в:

«أَلَمْ أَنْهَكُمْ أَنْ يَخْرُجَ مِنْكُمْ أَحَدٌ إِلاَّ وَمَعَهُ صَاحِبُهُ»

**«Акыры силерди шериксиз чыгуудан кайтарбадым беле»**, - деди. Ошондон кийин Расулулла с.а.в жолунда муунуп калган кишинин акысына дуба кылган эле, ал шыпаа таап айыгып кетти. Той тоосуна түшүп калган экинчи кишини болсо Тойлук бир киши Расулулла с.а.в Мединага келген убакта Пайгамбарыбыз с.а.вга хадя кылды. Буга дагы бир далил, Расулулла с.а.в Хажардын жанынан өтүп бара жатып кийимин бетине жаап алды жана төөсүн тездетип:

«لاَ تَدْخُلُوا بُيُوتَ الَّذِينَ ظَلَمُوا إِلاَّ وَأَنْتُمْ بَاكُونَ خَوْفًا أَنْ يُصِيبَكُمْ مِثْلُ مَا أَصَابَهُمْ»

**«Зулум кылган кимселердин үйлөрүнө кирбегиле. Эгер кирсеңер алардын башына түшкөн мусибатка окшогон мусибат силерге да түшүп калышынан коркуп ыйлаган абалда киргиле»**, - деди.

Ушул жерде мубах феълдеги белгилүү бир феълди арам кылуу менен мубах феълдин өзүн арам кылуунун ортосундагы же мубах нерседеги белгилүү бир нерсени арам кылуу менен мубах нерсенин өзүн арам кылуунун ортосундагы айырманы пкирлеп көрүү керек болот. Мубах феълди арам кылуу мындай болот, бул феълди шарият мубах кылган болот. Ошондо аким «андан зыян болуп жатат» деген хужжат менен аны арам кылат. Мисалы, чет өлкөдөн товар алып келүүнү алсак. Аны шарият мубах кылган. Ошондо аким товар алып келүүнүн мубахтыгы өнөржай ишканаларынын зыян тартышына себеп болуп жатат деген райга келет да, аны арам кылат. Мына ушул нерсе мубах феълди арам кылуу болуп эсептелет. Бул болсо, акимге таптакыр жайиз эмес. Себеби, шарият аны мубах кылган кезде анын пайдалуу же зыяндуу экенин билет болчу. Шарият ага мубахтык өкүмүн берген соң, демек, аны арам кылуу эч бир жайиз болбойт. Себеби, мындай кылуу шарияттын өкүмүн мансух кылуу болот. Бул болсо, бүтүндөй батыл. Ал эми мубах феълдеги белгилүү бир феълди арам кылууга келсек, ал мындай болот, ушул мубахтагы иштердин бири шарият арам кылган зыянга алып бара турган болуп калат. Ошондо аким мына ушул зыянды жоготуу үчүн бул ишти арам кылуу пикирине келет. Мисалы, кумшекерди импорт кылып алып келүүнү алсак. Аким «аны импорт кылып алып келүү өлкөдөгү кумшекер ишканаларынын банкрот болушуна жана жабылышына алып келет жана кумшекер алып келүүдө өлкөнү

кафирлерге муктаж кылып коёт» деген пикирге келет. Мына ошол убакта акимдин бүтүндөй үммөттөн зыянды жоготуу т.а. үммөттүн зарыл нерселерде кафирлерге муктаж болуп калышын жоготуу үчүн кумшекердин импортуна тыюу салышы жайиз болот. Мына ушул абалда бул мубах ишке тыюу салышы жайиз болот жана бул мубахты арам кылуу болбойт. Тескерисинче, мубах т.а. импорт кылуу мубах бойдон кала берет. Ошондуктан, ал мубахты арам кылуу болбойт, тескерисинче, мубах иштеги бир мубах ишти арам кылуу болот. Бул арам кылуу Расулулла с.а.вдын белгилүү бир кудуктан суу ичүүнү арам кылганына окшойт. Пайгамбарыбыз с.а.в ошол кудукта зыян бар экендигин билди. Демек, Пайгамбарыбыз с.а.в бир мубахты т.а. сууну арам кылбады, тескерисинче, мубахтагы белгилүү бир ишти т.а. мына ошол кудуктан ичүүнү арам кылды. Ошондуктан, мубах иштеги бир мубах ишти арам кылуу жайиз болду. Ал эми мубах иштин өзүн арам кылуу таптакыр жайиз эмес.

2 – Риваят кылынышынча, Расулулла с.а.в Табуктан кайтып келе жатып өзүнөн мурда жолдогу сууга жетип барган адамдардын качан өзү жетип келмейинче андан ичүүсүнө тыюу салды. Бир топ мунафыктар мурдараак жетип барып, ошол суудан ичишти. Расулулла с.а.в жетип келип, мурдараак келген ошол кимселердин сууну ичип коюшканын көрдү жана суу таппады. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.в ошол мурда жетип келип, сууну ичип койгон кимселерди наалаттады. Бул да мубах нерсе түркүмүнөн болгон, бирок зыянга алып бара турган белгилүү бир нерсени тыюу болуп эсептелет. Зыян – чөлдө сууга өтө катуу муктаждык болуп туруп, суунун бир бөлүгүнө жеке өздөрү ээ болуп алып, калган жоокерлерди андан куру калтыруу эле. Ошондуктан, бул иштерди башкаруу деген хужжат менен мубах нерсени арам кылуу болбойт.

3 – Муслим Амр ибн Шаридден, ал атасынан риваят кылышынча, Сакиф өкүлдөрү арасында ала оорусу менен ооруган бир киши бар эле. Набий с.а.в ага:

«إِنَّا قَدْ بَايَعْنَاكَ فَارْجِعْ»

**«Биз сенден байъат алып болдук, кайтып бара бер», -** деп кабарлады жана анын адамдарга аралашуусуна тыюу салды. Бул мубахты арам кылуу эмес, тескерисинче, зыянга алып бара

турган ишти арам кылуу болуп эсептелет. Ошондуктан, башка бир хадисте:

«فِرَّ مِنَ الْمَجْذُومِ فِرَارَكَ مِنَ الأَسَدِ»

**«Ала оорусу менен ооруган адамдан арстандан качкандай кач», -** деген сөздөр келген. Бул хадисти Ахмад Абу Хурайрадан риваят кылды.

Ошентип, бул жөнүндө хужжат кылып келтириле турган Расулулла с.а.вдын хадисин назардан өткөрсөк, анда мубах нерсени арам кылуу жок экендиги, тескерисинче, мубах нерседеги белгилүү бир нерсени арам кылуу бар экендиги, бул белгилүү бир нерсе шарият арам кылган зыянга алып келиши белгилүү болот. Ошондуктан, бул имамдын мубах нерселердеги белгилүү бир нерселерди жана мубах иштердеги белгилүү бир иштерди – эгер бул нерсе жана иштер шарият тыйган зыянга алып бара турган болсо – тыюу салуу укугуна ээ экендигине далил болот. Ал эми сахабалардан риваят кылынган окуяларга келсек, алардын бардыгын көрүп чыга турган болсок, алар шарият тыюу салган арамга же зыянга алып бара турган мубахты арам кылуу экендиги көрүнөт. Алардын арасында бир шаръий өкүмдү же шарият буйруган бир ишти аткаруу үчүн мубах ишти абзел кылып, башкасына тыюу салып коюлган окуялар бар болуп, бул услубдарды табанний кылуу түркүмүндөгү иш болуп эсептелет жана бул иш имамга жайиз. Буга Умар тараптан дивандар түзүлгөнүн, Усман тараптан бир мусхаф калышын абзел кылып коюлуп, башка бардык мусхафтар өрттөп жиберилгенин мисал кылып келтирүүгө болот. Умардын сахабаларга – хадис менен алек болушуп, Куранга убактылары калбай жатканы үчүн – хадис менен алектенүүнү азайтууну абзел иш кылып койгону, сахабаларга – адамдар алар менен фитналанып калбашы үчүн жана ал тургай өздөрү да дүйнө менен фитналанып калбашы үчүн – Мединадан чыгып фатх кылынган мамлекеттерге барууга тыюу салышы да ушул сыяктуу иш. О.э. валийлер, акимдер жана халифалардын нан жасоочуларга камырга тер агып түшпөсүн үчүн маңдайына чүпүрөк байлап алууну, мурдунан камырга бирер нерсе түшпөшү үчүн мурдуна да бир мата ороп алууну, колтугунан камырга бирер нерсе түшпөсүн үчүн колтугундагы түктөрдү тазалоону мажбурий кылып коюшу жана башкалар

фикх китептеринде келген нерселерден болуп, алардын бардыгы: **«Арамга алып бара турган васита да арам»**, - деген коида жана: **«Анык зыянга алып бара турган ар бир нерсе арам»**, - деген коиданын астына кирет. Аларда халифанын кызыкчылык же иштерди башкаруу деген хужжат менен мубахты арам кылышы же арамды мубах кылышы жайиз экендигине далалат кыла турган эч нерсе жок. Ушуга ылайык, чет элдик түшүнүктөгү мыйзамдар, ырасында, халифанын бир шаръий өкүмдү табанний кылып, ушул өкүмдү мажбурий кылып коюудагы буйругу болбогон соң, бул мыйзамдарга итаат кылуу важиб эмес. Себеби, мыйзамдар – бул халифа табанний кылган шаръий өкүмдөр болот, алардан башкасы мыйзам болбойт. Бирок, халифа шаръий өкүмдөрдү же шаръий түрдө талап кылына турган амал жана иштерди аткаруу үчүн өзү зарыл деп билген коидаларга буюрушу мүмкүн. Булар идарий мыйзамдар жана идарий түзүмдөр сыяктуулар. Бул болсо, услубдарды табанний кылуу болуп эсептелет жана өкүмдөрдү табанний кылууга табиъ болот. Бул мыйзамдарга итаат кылуу важиб. Себеби, аларды халифа табанний кылган жана алар Алла Тааланын:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِى ٱلۡأَمۡرِ مِنكُمۡ﴾

«***Эй момундар, Аллага итаат кылгыла жана расулга о.э. өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***амирлерге итаат кылгыла!***» [4:59]

- деген аятынын астына кирет. Итаат кылуу лафзы умумий келгени үчүн шарият тыюу салбаган ар бир нерсени өз ичине алат.

# Жихад

Жихад – бул Алланын жолундагы согушта бар болгон күчүн түздөн-түз жумшоо, же мал менен, же рай менен, же адам санын көбөйтүү менен, же башка нерселер менен жардам берүү. Демек, Алланын калимасын бийик кылуу үчүн кылына турган согуш – жихад болуп эсептелет. Алла жолунда рай менен жихад кылуу мындай, эгер рай түздөн-түз Алланын жолундагы согушка тиешелүү болсо, ал жихад. Эгер түздөн-түз тиешелүү болбосо, шаръий жихад болбойт. Мейли, анда машакаттар болсо да, мейли, анын натыйжасында Алланын сөзүн бийик кылуу үчүн пайдалар келип чыкса да, шаръий жихад болуп эсептелбейт. Себеби, шаръий жихад бир гана согушка хос болуп, ага согушка түздөн-түз тиешелүү бардык нерселер кирет. Мисалы, жазуучулук жана кайрылуу райын алсак. Эгер кайрылуу (хитаб) согушка түздөн-түз тиешелүү болсо – мисалы, армияны согушка кайраттандыруу үчүн кылынган кайрылуу же душмандарга каршы согушууга үндөөчү макала сыяктуу кайрылуу болсо – мындай рай жихад болуп эсептелет. Эгер андай болбосо, жихад болуп эсептелбейт. Ушуга ылайык, саясий күрөш жана мусулмандардын залим акимдерине каршы туруусу жихад деп аталбайт. Мейли, мунун сообу чоң жана мусулмандар үчүн пайдасы көп болсо да. Себеби, бул жердеги маселе машакат же пайда эмес. Тескерисинче, маселе ушул сөздүн шаръий мааниси. Шаръий маани болсо согушуу жана согушка тиешелүү бардык рай, кайрылуу, жазуу, айла-амал жана башка нерселер.

Жихаддын себеби жизя алуу эмес. Мейли, биз жизяны алган убагыбызда душмандарга каршы согушууну токтотсок да. Жихаддын себеби – биз согуша турган кимселердин даъватты кабыл алуудан баш тарткан кафирлер экендиги. Алла Таала айтат:

﴿قَـٰتِلُوا۟ ٱلَّذِينَ لَا يُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلْيَوْمِ ٱلْـَٔاخِرِ وَلَا يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَلَا يَدِينُونَ دِينَ ٱلْحَقِّ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ ٱلْكِتَـٰبَ حَتَّىٰ يُعْطُوا۟ ٱلْجِزْيَةَ عَن يَدٍ وَهُمْ صَـٰغِرُونَ﴾

«***Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирбей турган, Алла жана Анын Расулу арам деген нерсени арам деп билбей турган, акыйкат*** *(т.а. Ислам)* ***динин дин кылбай турган китеп ээлеринен болгон кимселерге каршы тээ алар кордолгон*** *(жеңилген)* ***абалдарында өз колдору менен жизя төлөшмөйүнчө согушкула!***» [9:29]

Демек, аларда куфр сыпаты бар болгону үчүн аларга каршы согушууга буйрулдук. Т.а. аларга каршы согушкула, себеби, алар Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтиришпейт… деген мааниде буюрулду. Мына ушул сыпат согушту белгилеп берет жана жихадга себеп болот. Демек, согушууга себеп – куфр. Башка аятта мындай деп келген:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ قَٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ يَلُونَكُم مِّنَ ٱلۡكُفَّارِ وَلۡيَجِدُواْ فِيكُمۡ غِلۡظَةٗ﴾

«***Эй момундар, жаныңардагы кафирлерге каршы согушкула жана алар силердеги күч-кубатты көрүшсүн!***» [9:123]

Демек, Алла алардагы куфр сыпатына каршы согушууга буйруду. Мындай аяттар көп. Мисалы:

﴿فَقَٰتِلُوٓاْ أَوۡلِيَآءَ ٱلشَّيۡطَٰنِ﴾

«***Демек, шайтандын досторуна каршы согушкун!***» [4:76]

﴿فَقَٰتِلُوٓاْ أَئِمَّةَ ٱلۡكُفۡرِ﴾

«***Куфр жетекчилерине каршы согушкула!***» [9:12]

﴿وَقَٰتِلُواْ ٱلۡمُشۡرِكِينَ كَآفَّةٗ﴾

«***Баарыңар мушриктерге каршы согушкула!***» [9:36]

Бул аяттардын бардыгында Алла согуштун себепчиси болгон белгилүү бир сыпатка т.а. куфрга каршы согушууга буйруду. Ал эми, кафирлердин кордолгон абалда жизя беришине келсек, Куран аны согуштун себеби эмес, согушту токтотуунун себеби кылып койду. Ушундан келип чыгып, жихадга себеп куфр болду. Ошондуктан, эгер биз согуша турган кимселер даъватты кабыл алышса, мусулман болушат. Эгер Исламды кабыл алуудан баш тартышса, бирок, жизя төлөгөнгө жана Ислам өкүмдөрү менен башкарылууга ыраазы болушса, бул алардан кабыл алынат жана аларга каршы согушуу токтотулат. Себеби, аларды Исламды кабыл алууга мажбурлоо жайиз эмес.

Ырасында, алар Ислам менен өкүм жүргүзүлүшүн кабыл алып, жизя төлөгөнгө ыраазы болушса – мейли, Исламды кабыл алышпаса да – даъватка моюн сунган болушат. Ошондуктан, аларга каршы согушуу жайиз болбойт. Эгерде жизя төлөөнү кабыл алышып, бирок, Ислам менен башкарылуудан баш тартышкан болсо, мындай абалда халифанын муну алардан кабыл алышы жайиз болбойт. Анткени, согуштун себеби – алардын даъватты кабыл алуудан баш тарткан кафирлер экендиги эле. Мындай абалда мына ушул себеп дагы деле бар болуп турган болот. Демек, аларга каршы согушуу фарз болуп кала берет, анын фарз экендиги мусулмандардан сакыт болбойт. Ал эми, тышкы жана ички абалдар ыңгайсыз болгону себептүү халифа жизяны кабыл алууга жана кафирлерди өздөрүнө куфр түзүмү менен өкүм жүргүзүүлөрүнө коюп берүүгө мажбур боло турган шартнамаларга келсек, бул зарыл абалдарда шарият уруксат берген мажбурий абал болуп эсептелет. Ушуга ылайык, жихаддын себеби – биз согуша турган кимселердин даъватты кабыл алуудан баш тарткан кафирлер экендиги болот. Жихад үчүн мындан башка себеп жок. Кафирлердин кордолгон абалда жизя бериши согушту токтотууга себеп экенине келсек, жизя араб мушриктеринен башкалардан алынат. Араб мушриктеринен болсо жизя кабыл алынбайт. Алар же Исламга киришет же аларга каршы согуш кылынат. Буга далил Алла Тааланын төмөнкү аяты:

﴿تُقَـٰتِلُونَهُمۡ أَوۡ يُسۡلِمُونَ﴾

«*(Ошондо же)* ***алар менен согушасыңар, же алар*** *(согушсуз)* ***Исламга киришет***» [48:16]

Жихад Куран жана хадис нассы менен фарз. Алла Таала айтат:

﴿وَقَـٰتِلُوهُمۡ حَتَّىٰ لَا تَكُونَ فِتۡنَةٌ وَيَكُونَ ٱلدِّينُ لِلَّهِ﴾

«***Тээ фитна түгөнүп, бүткүл дин Алланыкы болгонго чейин алар менен согушкула!***» [2:193]

﴿قَٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ لَا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ وَلَا يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَلَا يَدِينُونَ دِينَ ٱلۡحَقِّ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ حَتَّىٰ يُعۡطُواْ ٱلۡجِزۡيَةَ عَن يَدٖ وَهُمۡ صَٰغِرُونَ﴾

«***Аллага жана акырет күнүнө ишенбей турган, Алла жана Анын расулу арам деген нерсени арам деп билбей турган, акыйкат*** *(т.а. Ислам)* ***динин дин кылбай турган китеп ээлеринен болгон кимселерге каршы тээ алар кордолгон абалдарында өз колдору менен жизя төлөмөйүнчө согушкула!***» [9:29]

﴿كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلۡقِتَالُ﴾

«***Силерге согуш фарз кылынды***» [2:216]

﴿إِلَّا تَنفِرُواْ يُعَذِّبۡكُمۡ عَذَابًا أَلِيمٗا﴾

*«**Эгер** (жихадга) **чыкпасаңар,** (Алла) **силерди ачуу азап менен азаптайт**»* [9:39]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ قَٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ يَلُونَكُم مِّنَ ٱلۡكُفَّارِ وَلۡيَجِدُواْ فِيكُمۡ غِلۡظَةٗ﴾

«***Эй момундар, жаныңардагы кафирлерге каршы согушкула жана алар силердеги күч-кубатты көрүшсүн!***» [9:123]

Анастан риваят кылынат, Расулулла с.а.в:

«جَاهِدُوا الْمُشْرِكِينَ بِأَمْوَالِكُمْ وَأَيْدِيكُمْ وَأَلْسِنَتِكُمْ»

**«Мушриктерге каршы малыңар, колуңар жана тилиңер менен жихад кылгыла»**, - деген. Насаий риваяты. Дагы Анастан риваят кылынат, Набий с.а.в:

«لَغَدْوَةٌ فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَوْ رَوْحَةٌ خَيْرٌ مِنَ الدُّنْيَا وَمَا فِيهَا»

**«Алланын жолундагы жихадда бир күн таң атыруу же кеч киргизүү дүйнө жана андагы нерселерден жакшыраак»**, - деген. Бухарий риваяты. Анас Набий с.а.вдын мындай дегенин да риваят кылды:

«أُمِرْتُ أَنْ أُقَاتِلَ النَّاسَ حَتَّى يَقُولُوا لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ»

**Мен адамдарга каршы тээ алар «Лаа илаха илла Аллох» дешмейинче согушууга буюрулдум».** Имам Ахмад жана Абу

Давуд Анастан Расулулла с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«... وَالْجِهَادُ مَاضٍ مُنْذُ بَعَثَنِيَ اللَّهُ إِلَى أَنْ يُقَاتِلَ آخِرُ أُمَّتِي الدَّجَّالَ، لاَ يُبْطِلُهُ جَوْرُ جَائِرٍ، وَلاَ عَدْلُ عَادِلٍ»

**«... Жихад Алла мени жибергенден баштап тээ акыркы үммөтүм дажжалга каршы согушканга чейин уланат. Аны залимдин зулуму да, адилеттүүнүн адилеттүүлүгү да бекер кыла албайт».** Зайд ибн Холидден риваят кылынышынча, Расулулла с.а.в мындай деди:

«مَنْ جَهَّزَ غَازِيًا فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَقَدْ غَزَا وَمَنْ خَلَفَهُ فِي أَهْلِهِ بِخَيْرٍ فَقَدْ غَزَا»

**«Ким Алла жолунда бир гозийди даярдаса анын өзү да казат кылыптыр, анын ордуна анын үй-бүлөсүнө жакшылык менен карап турган киши да казат кылыптыр».** Абу Давуд риваяты. Ато ибн Язид Лайсийден риваят кылынышынча, Абу Саид Худрий р.а ага төмөнкү хадисти айтып берген: **Я Расулулла, адамдардын эң абзели ким, - деп сураганда, Расулулла с.а.в:**

«مُؤْمِنٌ يُجَاهِدُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ بِنَفْسِهِ وَمَالِهِ»

**«Алланын жолунда жаны жана малы менен жихад кылган момун», - деп жооп берди.** Бухарий риваяты. Расулулла с.а.в дагы:

«مَنْ مَاتَ وَلَمْ يَغْزُ، وَلَمْ يُحَدِّثْ بِهِ نَفْسَهُ، مَاتَ عَلَى شُعْبَةٍ مِنْ نِفَاقٍ»

**«Ким казат кылбаган жана муну көңүлүнө албаган абалда өлсө, мунафыктыктын бир бөлүгү менен өлүптүр»**, - деген. Муслим риваяты. Ибн Абу Ауфадан Расулулла с.а.вдын мындай дегени риваят кылынды:

«وَاعْلَمُوا أَنَّ الْجَنَّةَ تَحْتَ ظِلاَلِ السُّيُوفِ»

**«Билип койгула, бейиш кылычтар саясы астында».** Бухарий риваяты. Абу Хурайрадан риваят кылынат:

«مَرَّ رَجُلٌ مِنْ أَصْحَابِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ بِشِعْبٍ فِيهِ عُيَيْنَةٌ مِنْ مَاءٍ عَذْبَةٌ فَأَعْجَبَتْهُ لِطِيبِهَا فَقَالَ: لَوِ اعْتَزَلْتُ النَّاسَ فَأَقَمْتُ فِي هَذَا الشِّعْبِ، وَلَنْ أَفْعَلَ حَتَّى أَسْتَأْذِنَ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ فَذَكَرَ ذَلِكَ لِرَسُولِ اللَّهِ فَقَالَ: لاَ تَفْعَلْ فَإِنَّ مَقَامَ أَحَدِكُمْ فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَفْضَلُ مِنْ صَلاَتِهِ فِي بَيْتِهِ سَبْعِينَ عَامًا»

**«Расулулла с.а.вдын сахабаларынан бир киши талаадан өтүп калды. Ал жерде ширин суулуу бир булак бар эле. Анын ширин суусу ага жагып калды жана: Адамдардан үзүлүп мына ушул талаада жашасам бекен, бирок, Расулулла с.а.вдан уруксат сурамайынча минтпеймин, - деди. Андан соң муну Расулулла с.а.вга айтты. Пайгамбарыбыз с.а.в: Жок, мындай кылбагын, себеби, силерден бириңердин Алланын жолундагы** (жихаддагы) **даражасы үйүндө жетимиш жыл намаз окуганга караганда абзелирээк, - деди».** Термизий риваяты.

Жихадды биринчи болуп баштоо фарзи кифая. Душман чабуул кылган адамдарга фарзи айн болуп, алардан башкаларга фарзи кифая болот. Бул фарз тээ душман кууп чыгарылып, Ислам жери анын ыпыластыгынан тазаланмайынча сакыт болбойт. Жихадды биринчи болуп баштоо фарзи кифая экендигинин мааниси, «мейли душман бизге каршы согуш баштабаса да, биз ага каршы согуш башташыбыз керек» дегени. Ошондуктан, бирер заманда мусулмандардан эч ким биринчи болуп согуш баштабаса, аны таштап коюу себептүү бардыгы күнөөкөр болушат. Эгер Мисир калкы биринчи болуп согуш баштаса, бул фарз Индонезия калкынан сакыт болот. Себеби, мусулмандардын согуш абалындагы кафирлерге каршы согушуусу жүзөгө чыгып, жихад фарзы аткарылган болот. Ал эми, эгерде мусулмандар менен кафирлер ортосунда согуш чыгып, жалгыз Мисир калкынын аларга каршы согушуусу жетиштүү болбосо, Мисир жана Ирак калкынын согушуусунун өзү менен эле жихад фарзы Индия жана Индонезия калкынан сакыт болбойт. Тескерисинче, тээ жетиштүү болгонго чейин душманга жакыныраак жайгашкан өлкөнүн калкына, андан соң бул өлкөгө жакыныраак жайгашкан өлкөнүн калкына фарз болот. Эгер бардык мусулмандар согушка кирмейинче бул өлкөлөрдүн калкынын согушуусунун өзү жетиштүү болбосо, жихад тээ душман жеңилгенге чейин бардык мусулмандарга фарз болуп калат. Жихад эгер халифа сапарбарлык жарыя кылбаса фарзи кифая болот. Ал эми сапарбарлык жарыя кылса, жихад фарзи айн болуп калат. Буга далил Алла Тааланын төмөнкү аяты:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مَا لَكُمۡ إِذَا قِيلَ لَكُمُ ٱنفِرُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ ٱثَّاقَلۡتُمۡ إِلَى ٱلۡأَرۡضِ﴾

«***Эй момундар, силерге эмне болду, Алланын жолунда*** *(жихадга)* ***чыккыла деп айтылса, өз жериңерге*** *(т.а. өлкөңөргө)* ***жабышып алдыңар?!***» [9:38]

Дагы бир далил Расулулла с.а.вдын төмөнкү сөзү:

«وَإِذَا اسْتُنْفِرْتُمْ فَانْفِرُوا»

**«Эгер сапарбар кылынсаңар** (жихадга) **козголгула».** Бухарий жана Муслим риваяты. Исламий мамлекетте жихаддагы кифаялыктын мааниси бир коум жихадга козголуп, алардын согушуусунун өзү жетиштүү болушу. Алар же согушкерлер болушат жана алардын ушул максат үчүн атайын уюмдары болот. Мындай абал Умардын заманында болгон. Же өздөрүн жихадга ыктыярдуу түрдө даярдаган адамдар болушат. Мындай абал Абу Бакрдын заманында болгон. Булар мененби же алар мененби, же алардын бардыгы мененби – душман аларды бутага алган кезде – бекем коргонуу пайда боло турган болсо, жихад аларга фарзи кифая болот. Эгер алардын өзү менен гана бекем коргонуу пайда болбой турган болсо, халифа башкаларды да жихадга даярдайт ж.б. Жихадды биринчи болуп баштоонун мааниси душманга каршы согушту туп-туура эле баштоо эмес. Тескерисинче, алгач аны Исламга даъват кылуу шарт.

Ошондуктан, мусулмандардын исламий даъват жетип барбаган адамдарга каршы согушуулары жакшы болбойт. Тескерисинче, кафирлерди алгач Исламга даъват кылуу керек. Мындан баш тартышса, жизя төлөөсү талап кылынат. Мындан да баш тартышса, анда аларга каршы согушабыз. Муслим Сулайман ибн Бурайдадан, ал атасынан риваят кылат:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِذَا أَمَّرَ أَمِيرًا عَلَى جَيْشٍ أَوْ سَرِيَّةٍ أَوْصَاهُ فِي خَاصَّتِهِ بِتَقْوَى اللَّهِ وَمَنْ مَعَهُ مِنَ الْمُسْلِمِينَ خَيْرًا ثُمَّ قَالَ: اغْزُوا بِسْمِ اللَّهِ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، قَاتِلُوا مَنْ كَفَرَ بِاللَّهِ، اغْزُوا وَلاَ تَغُلُّوا، وَلاَ تَغْدِرُوا، وَلاَ تَمْثُلُوا، وَلاَ تَقْتُلُوا وَلِيدًا، فَإِذَا لَقِيتَ عَدُوَّكَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ فَادْعُهُمْ إِلَى ثَلاَثِ خِصَالٍ (أَوْ خِلاَلٍ). فَأَيَّتُهُنَّ مَا أَجَابُوكَ فَاقْبَلْ مِنْهُمْ وَكُفَّ

عَنْهُمْ. ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى الإِسْلاَمِ فَإِنْ أَجَابُوكَ فَاقْبَلْ مِنْهُمْ وَكُفَّ عَنْهُمْ، ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى التَّحَوُّلِ مِنْ دَارِهِمْ إِلَى دَارِ الْمُهَاجِرِينَ، وَأَخْبِرْهُمْ أَنَّهُمْ إِنْ فَعَلُوا ذَلِكَ فَلَهُمْ مَا لِلْمُهَاجِرِينَ وَعَلَيْهِمْ مَا عَلَى الْمُهَاجِرِينَ. فَإِنْ أَبَوْا أَنْ يَتَحَوَّلُوا مِنْهَا فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّهُمْ يَكُونُونَ كَأَعْرَابِ الْمُسْلِمِينَ يَجْرِي عَلَيْهِمْ حُكْمُ اللَّهِ الَّذِي يَجْرِي عَلَى الْمُؤْمِنِينَ، وَلاَ يَكُونُ لَهُمْ فِي الْغَنِيمَةِ وَالْفَيْءِ شَيْءٌ إِلاَّ أَنْ يُجَاهِدُوا مَعَ الْمُسْلِمِينَ, فَإِنْ هُمْ أَبَوْا فَسَلْهُمُ الْجِزْيَةَ، فَإِنْ هُمْ أَجَابُوكَ فَاقْبَلْ مِنْهُمْ وَكُفَّ عَنْهُمْ. فَإِنْ هُمْ أَبَوْا فَاسْتَعِنْ بِاللَّهِ عَلَيْهِمْ وَقَاتِلْهُمْ»

**«Расулулла с.а.в бирер кошуун же сарийяга амир дайындаса, ага Алладан таква кылууну жана кол астындагы мусулмандарга жакшылык кылууну насаат кылып, мындай дейт эле: Алла жолунда Алланын аты менен казат кылгыла. Аллага кафир болгон кимселерге каршы согушкула. Казат кылгыла жана олжого кыянат кылбагыла, ахдды бузбагыла, мусла кылбагыла** (өлүктү кескилебегиле), **жаш баланы өлтүрбөгүлө. Эгер мушриктерден турган душманыңа жолуксаң, аларды үч нерсеге даъват кыл. Кайсы бирин кабыл алса, сен да алардан муну кабыл ал жана алардан тыйыл: Аларды Исламга даъват кыл. Кабыл алышса, сен да алардан муну кабыл алып, алардан тыйыл. Андан соң аларды өз диярынан мухажирлер диярына көчүп өтүүгө даъват кыл, эгер ошондой кылышса, мухажирлер үчүн боло турган нерсе алар үчүн да болушунун, мухажирлердин мойнундагы нерсе алардын мойнуна да түшө тургандыгынын кабарын бер. Эгер көчүп өтүүдөн баш тартышса, алар мусулман аърабийлер сыяктуу боло тургандыктарын, момундарга колдонула турган Алланын өкүмү аларга да колдонулушун, олжо жана файъда алар үчүн эч нерсе болбостугун, болгону, эгерде мусулмандар менен жихад кылышса гана олжодон аларга да тийе тургандыгын кабарла. Эгерде алар баш тартышса, алардан жизя төлөшүн сура. Эгер кабыл алышса, сен да алардан муну кабыл алып, алардан тыйыл. Мындан да баш тартышса, аларга каршы Алладан жардам сура жана аларга каршы согуш».** Ибн Аббастан:

«مَا قَاتَلَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ قَوْمًا قَطُّ إِلاَّ دَعَاهُمْ»

**«Расулулла с.а.в бирер коумга каршы аларды даъват кылмайынча эч бир согушпаган»,** -дегени риваят кылынган.

Ахмад риваяты. Фарва ибн Мусайктан мындай дегени риваят кылынган:

«أَتَيْتُ النَّبِيَّ ﷺ فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَلاَ أُقَاتِلُ مَنْ أَدْبَرَ مِنْ قَوْمِي بِمَنْ أَقْبَلَ مِنْهُمْ، فَأَذِنَ لِي فِي قِتَالِهِمْ وَأَمَّرَنِي، فَلَمَّا خَرَجْتُ مِنْ عِنْدِهِ، سَأَلَ عَنِّي مَا فَعَلَ الْغُطَيْفِيُّ، فَأُخْبِرَ أَنِّي قَدْ سِرْتُ، قَالَ: فَأَرْسَلَ فِي أَثَرِي فَرَدَّنِي فَأَتَيْتُهُ، وَهُوَ فِي نَفَرٍ مِنْ أَصْحَابِهِ، فَقَالَ: ادْعُ الْقَوْمَ فَمَنْ أَسْلَمَ مِنْهُمْ فَاقْبَلْ مِنْهُ...»

**«Мен Набий с.а.вдын алдына келип: Я Расулулла, коумумдун ыйман келтиргендери менен бирге ыйман келтирбегендерге каршы согушпайынбы? - дедим. Пайгамбарыбыз с.а.в согушууга уруксат берди жана мени амир кылып дайындады. Мен чыгып кеткенимден кийин мен тууралуу: Гутайфий эмне кылды? - деп сураптыр. Менин кеткенимди айтышканда артымдан адам жөнөтүп, мени чакыртты. Келсем Пайгамбарыбыз с.а.в бир нече сахабалар менен турган экен, мага: Коумду даъват кыл, алардан ким Исламга кирсе андан муну кабыл ал, - деди».** Термизий риваяты.

# Халифа жана жихад

Жихад мутлак фарз. Себеби, ал эч нерсе менен мукайяд болгон эмес жана ага эч нерсе шарт кылынбаган. Ал жөнүндө аят мутлак келген:

﴿كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلۡقِتَالُ﴾

«***Силерге согуш фарз кылынды***» [2:216]

Халифанын бар же жок болушунун жихад фарз экендигине тиешеси жок. Тескерисинче, жихад, мусулмандар халифасы барбы же жокпу, буга карабастан фарз. Бирок, мусулмандардын шаръий түрдө халифалык келишими байланган халифасы бар болсо жана ал бул келишимден бирер себеп менен чыкпаган болсо, андай абалда, ырас ал халифа болгон соң, жихад иши ушул халифага жана анын ижтиходына тапшырылат. Ал тургай, ал фажир болсо да – ырас халифалык мансабында калган соң жана жарандын анын райына итаат кылышы керек болуп кала берген соң – бул иш ага тапшырылат. Ал мейли мусулмандардан кайсы бирин бир фажир амир менен биргеликте казат кылууга буйруса да, анын буйругуна итаат кылынат. Буга далил Абу Давуд Абу Хурайрадан риваят кылган төмөнкү хадис: Расулулла с.а.в:

«الْجِهَادُ وَاجِبٌ عَلَيْكُمْ مَعَ كُلِّ أَمِيرٍ بَرًّا كَانَ أَوْ فَاجِرًا»

«**Жакшы болобу же фажир болобу, ар бир амир менен жихад кылуу силерге важиб**», - деген.

Мусулмандар халифасы ар дайым өзү чыгышы керек, же болбосо мусулмандардан турган армия жана сарийяларды жөнөтүү үчүн бар болгон күчүн жумшашы керек. Кала берсе, ал Алла Тааланын нусрат берүү жөнүндөгү убадасына анык ишениши керек. Алла Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ﴾

«***Эй момундар, эгер силер Аллага жардам берсеңер*** *(т.а. Анын жолунда жихад кылсаңар), Ал* ***Зат да силерге жардам берет***» [47:7]

Халифа алгач кафирлердин чабуулунан сактануу үчүн өлкөнүн айланасына армияларды жайгаштырып чыгышы керек. Халифанын чегарадан бирер бир бөлүгүн душманга каршы

беймарал согуша ала турган мусулмандар жамаатысыз кылып, бош коюп коюшу эч бир жайиз эмес. Тескерисинче, бардык чегаралар ар дайым исламий армия менен толуп турушу керек. Халифанын мусулмандарды жана алардын өлкөлөрүн душмандын азарынан коргой турган чеп же аңгек же башка нерселерди курушу важиб. Исламий мамлекетти жана исламий өлкөлөрдү кафирлер жана алардын айла-амалдарынан коргой турган бардык түрдөгү күч-кудуретти мүмкүнчүлүк болушунча даярдоосу халифага важиб.

Халифа кошуунду жетектөөдө жана башкарууда кошуунга жеке өзү амалий командачылык кылышы важиб. Ошондуктан, ал кошуунга аскерий тажрыйбасы бар бирер командачыны койгондо аны өзүнө орунбасар кылып коёт. Себеби, халифа кошуундун жогорку командачысы эмес, анын амалий командачысы болуп эсептелет. Себеби, Расулулла с.а.в кошуун командачылыгын шахсан өзү мойнуна алган. Пайгамбарыбыз с.а.в сарийяларды жөнөткөн кезде аларды кошуун командачысы катары жөнөтөт эле. Умар да Фарс жана Шамдагы кошуун командачыларына кеңири көрсөтмөлөрдү жиберет эле. Бул болсо, халифа кошуундун амалий командачысы экенине далалат кылат. Ага итаат кылуу кошуундагы ар бир аскер жана командачыга о.э. ар бир жаранга фарз. Себеби, Муслим Абу Хурайрадан Набий с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«مَنْ أَطَاعَنِي فَقَدْ أَطَاعَ اللَّهَ، وَمَنْ يَعْصِنِي فَقَدْ عَصَا اللَّهَ، وَمَنْ يُطِعِ الأَمِيرَ فَقَدْ أَطَاعَنِي، وَمَنْ يَعْصِ الأَمِيرَ فَقَدْ عَصَانِي»

**«Ким мага итаат кылса Аллага итаат кылыптыр, ким мага асийлик кылса Аллага асийлик кылыптыр, ким амирге итаат кылса мага итаат кылыптыр, ким амирге асийлик кылса мага асийлик кылыптыр».** Муслим дагы Абу Хурайрадан Набий с.а.вдын мындай дегенин да риваят кылды:

«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»

**«Имам – калкан. Анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат».** Имамдын калкан болушунун мааниси мындай, ал душмандын мусулмандарга зыян жеткиришине жол койбойт. Бирок, халифа адамдардын күчү жете турган нерселерге гана эч экиленбей буйрук бериши

керек. Ошондуктан, алардын күчү жетпешин билсе, катуу буйрубашы керек. О.э. халифа мусулмандарды кыйроого жетектебеши жана аларга карата чыккынчылык кылынуу коркунучу болгон нерсеге буйрубашы керек.

Бул нерселер халифа бар болсо болот. Эгер халифа жок болсо, жихад эч бир кечиктирилбейт. Себеби, ал кечиктирилсе, анын пайдасы колдон кетет. Эгер халифа кошуун жөнөтүп, аларга бир амирди дайындаса, бул амир согушта өлтүрүлсө же өлсө кошуундагылардын өздөрүнөн бирөөнү амир кылып алышы жайиз. Набий с.а.вдын сахабалары Муъта согушунда ошондой кылышкан жана Пайгамбарыбыз с.а.в алардын бул ишин макулдаган. Эгер кошуундун бир амири бар болсо, аскерлерден эч кимдин аскерий лагерден бирер максатта чыгып кетүүгө эч бир акысы жок, болгону амир уруксат берсе гана чыгышы мүмкүн. Амир бирер ишке буйруса же бирер нерседен кайтарса, ага итаат кылуу важиб болот жана анын буйругуна тескери иш кылуу арам болот. Буга далил Алла Тааланын төмөнкү аяты:

﴿إِنَّمَا ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَإِذَا كَانُواْ مَعَهُۥ عَلَىٰٓ أَمۡرٖ جَامِعٖ لَّمۡ يَذۡهَبُواْ حَتَّىٰ يَسۡتَـٔۡذِنُوهُ﴾

«***Албетте, момундар Аллага жана Анын расулуна ыйман келтирген заттар. Алар*** *(пайгамбар)* ***менен бирер маанилүү иш үстүндө болгон убагында, тээ андан уруксат сурамайынча кетишпейт***» [24:62]

Бул жаатта пайгамбарга туура келе турган нерсе халифага да туура келет жана амир халифага кыяс кылынат. Набий с.а.вдын төмөнкү сөздөрү буга далил болот:

**«وَمَنْ يُطِعِ الأَمِيرَ فَقَدْ أَطَاعَنِي، وَمَنْ يَعْصِ الأَمِيرَ فَقَدْ عَصَانِي»**

**«Ким амирге итаат кылса, мага итаат кылыптыр, ким амирге асийлик кылса мага асийлик кылыптыр».**

# Халифанын кошуун командачылыгын өз колуна алышынын мааниси

Халифалык – бул ислам шарияты өкүмдөрүн тикелөө жана исламий даъватты дүйнөгө жеткирүү үчүн бардык мусулмандардын умумий раясаты. Халифалык мансабы шарият өкүмдөрүн тикелөө жана даъватты дүйнөгө жеткирүү үчүн вужудга келген. Халифанын кыла турган иши мына ушул эки иш. Халифадан башка эч кимдин бул эки ишти өз мойнуна алышы же халифанын өз ордуна бул эки ишти мойнуна ала турган адамдарды дайындашы эч бир дурус жана жайиз эмес. Себеби, халифага ушул эки ишти аткарышы үчүн байъат берилет жана бул жааттагы байъат келишими халифанын жеке өзү менен түзүлөт. Демек, халифанын бул эки иште бирөөнү өз ордуна өкүл кылышы эч бир жайиз эмес. Себеби, жалданма жумушчу, өкүл жана шерик сыяктуу келишим түзүүчүнүн жеке өзүнө түзүлө турган ар кандай келишимде келишим түзүүчүнүн келишимде көрсөтүлгөн ишти аткарууда өзүнөн башкасын өкүл кылышы жайиз болбойт. Халифалык келишими да белгилүү бир адамга түзүлгөн кезде, бул адамдын халифалык даражасына башка бирөөнү өкүл кылышы эч бир жайиз болбойт. Бул даража, айтып өткөнүбүздөй, шарият өкүмдөрүн тикелөө жана даъватты жеткирүү үчүн мусулмандардын умумий раясаты болуп эсептелет.

Мына ушундан белгилүү болгондой, халифалык даъватты жеткирүү үчүн тикеленет. Демек, мейли даъватты жеткирүү менен ар бир мусулман адам алектениши дурус болсо да, бирок, ага башчылык кылууну мойнуна алуу халифадан башкасына жайиз болбойт. Ушуга ылайык, даъватты жеткирүү бардык мусулмандарга фарз болсо да жана ар бир мусулман аны менен алектениши мүмкүн болсо да, бирок, ага башчылык кылуу халифадан башка эч кимге жайиз болбойт.

Халифанын даъватты жеткирүүгө башчылык кылышынын белгилүү бир тарыйкаты бар болуп, ал жихад. Жихад мужахиддер менен, согуш үчүн даярдалган күч-кудурет менен жана согуштун өзү менен жүзөгө чыгат. Ошондуктан, кошуундун бар болушу, аны куралдандырып даярдоо жана ал аткара турган иш – даъватты дүйнөгө көтөрүп чыгуунун тарыйкаты болуп калды. Ушуга ылайык, кошуун

командачылыгын мойнуна ала турган адам халифа болот. Себеби, даъватты жеткирүүгө башчылык кылууну мойнуна ала турган ошол. Демек, ал жихадга башчылык кылат. Демек, кошуун командачылыгын өз мойнуна ала турган бир гана халифа болот. Андан башкасынын буга акысы жок. Себеби, кошуунга командачылык кылуу – аны идара кылуу, машыктыруу жана андагы техникалык иштер менен алектенүү эмес. Себеби, булардын бардыгы услубдар жана каражаттар болуп эсептелет. Халифа мейли бул иштерге жалпы башчылык кылса да, бирок, алар менен алектенбейт. Кошуунга командачылык кылуу дегени – бул анын түзүлүшүнө, куралдантууга жана иштерин аткарышына башчылык кылуу дегени. Муну мындай түшүнүү керек: Бардык нерседен кечип, жихад үчүн чыккан аскер – мужахид болот. Душманды коркутуу жана согушуу үчүн даярдала турган күч-кубат болсо – жихад иштеринен болот. Ошондуктан, Алла жихадга буйруганда мына ушул иштерди кылууга да буйруду. Согуштун өзү жихад. Ошондуктан да, мужахиддер ишине, аларды даярдоого жана алардын согушууларына башчылык кылуу милдети халифага гана тийиштүү болуп, андан башкасынын буга акысы жок. Демек, халифанын кошуунга командачылык кылышынын мааниси: кошуундун түзүлүшүнө тиешелүү саясатты, кошуунду куралдандыруу жана даярдоого тиешелүү саясатты жана кошуундун согушуусуна тиешелүү саясатты иштеп чыгууга анын өзү башчылык кылышы. Андан башканын буга акысы жок. Бул саясаттын ишке ашырылышын халифанын өзү түздөн-түз көзөмөлдөйт. Ошондуктан, халифа бардык ички жана тышкы аскерий саясатты иштеп чыгууга о.э. ички жана тышкы согуш саясатынын бардыгын иштеп чыгууга жеке өзү башчылык кылат. Андан башка бирер кишинин буга башчылык кылышы таптакыр дурус эмес. Туура, халифа бул саясатты иштеп чыгууда жана анын аткарылышын көзөмөл кылууда каалаган адамынан жардам сурашы мүмкүн. Бирок, өзүнөн башка бирөөгө бул саясатка башчылык кылууну таштап коюшу таптакыр жайиз эмес. Халифанын кошуунга командачылык кылуу милдетин мойнуна алышынын мааниси мына ушундай. Ошондуктан, халифадан башка бирөөнүн бул командачылыкты өз мойнуна алышы эч бир жайиз эмес.

Бул жерде кошуундун абалынан келип чыга турган эки маселе бар. Кошуун – бул халифанын даъватты жеткирүүгө башчылык кылышынын бирден-бир тарыйкаты болгон жихад менен алектене турган күч. О.э. ал халифанын салтанатын т.а. мамлекетти ички жана тышкы тараптан коргой турган күч. Кошуундун абалы ушул эки нерседен турат. Анын мына ошол абалынан ушул эки маселе келип чыгат. Кошуундун жихад менен алектене турган күч экендигинен келип чыгуучу маселе мамлекеттин тышкы саясатына о.э. кошуун жана аскерий эсеп-китептердин бул саясатта ээлеген ордуна тиешелүү маселе. Мунун себеби мындай, Исламий мамлекеттин тышкы саясаты даъватты дүйнөгө жеткирүү негизине курулат. Халифанын даъватты жеткирүүгө башчылык кылышынын тарыйкаты – жихад. Ошондуктан, Исламий мамлекет ар дайым жихад абалында болуп келген. Ушуга ылайык, бүтүндөй исламий үммөт өзү менен башка мамлекеттер ортосунда ар кандай убакта согуш чыгышы мүмкүн экендигине ишенет. Ошондуктан, мамлекеттин саясаты ар дайым жихадга даяр туруу негизине курулушу керек. Душмандарга алгач исламий даъватты этибарды тарта турган көрүнүштө жеткирүү керек. Мына ошондон кийин гана аларга каршы амалий согушуу жайиз болот. Болбосо жайиз болбойт. Ошондуктан, Исламий мамлекеттин саясатында бул мамлекет менен башка мамлекеттер ортосунда калктар жана улуттарга Исламды этибарды тарта турган көрүнүштө жеткирүү мүмкүнчүлүгү пайда боло турган абалды жүзөгө чыгаруу максаты коюлат. Бул эгер даъватты жеткирүү талап кылса, ар кандай убакта согушка киришүүгө даяр туруу негизине курулушу керек. Ислам пикирлери жана өкүмдөрүн этибарды тарта турган көрүнүштө жеткирүү мүмкүнчүлүгү пайда боло турган абалды жүзөгө чыгаруу зарыл иш болуп эсептелет. Себеби, ал жихад өкүмдөрүнүн бири о.э. биринчи болуп амалий согуш баштоонун негизги шарты. Ошондуктан, бул абалды жүзөгө чыгаруу, аны жүзөгө чыгаруу үчүн бар болгон күчүн жана керектүү каражатты сарптоо халифага важиб болот. Фатх кылуу үчүн, же Ислам кол тийгистигин жана мусулмандар кадырын коргоо үчүн коркунучтарга шуңгугандай, мындай абалды жүзөгө чыгаруу үчүн да айрым коркунучтарга шуңгуу халифага важиб. Ошондуктан, жетиштүү аскерий күчтү даярдоо, аскерий

даярдыкка зор этибар берүү жана ар тараптуу аскерий эсеп-китептер жүргүзүү ушул абалды жүзөгө чыгаруудагы жана аны сактап туруудагы негизги бир бөлүк болуп калды. Себеби, аскерий күч-кубат куфр күчтөрүнө жана куфр мамлекеттерине каршы тура турган бирден-бир калкан. Бул калкан кошуун же аскерий күчтөрдү халифанын даъватты жеткирүүгө башчылык кылышында өзгөчө таасирге ээ кылып коёт. Бул болсо, армия жана куралдуу күчтөрдүн тышкы саясатта өзгөчө таасирге ээ болушун түшүндүрөт. Себеби, куралдуу күчтөр бул саясаттын таянычы болуп эсептелет. Мына ушундан тышкы саясатка т.а. халифанын даъватты жеткирүүгө башчылык кылышына коркунуч келип чыгат. Ошондуктан, бул маселенин акыйкатын т.а. халифанын даъватты жеткирүүгө башчылык кылышына кошуундун таасири жагынан болгон акыйкатын, бул таасирдин мамлекеттин тышкы саясатына коркунучу жагынан болгон акыйкатын билүү зарыл болот. Себеби, бул маселенин акыйкатын билбестиктин натыйжасында даъватты дүйнөгө жеткирүүнүн токтоп калышы, же башкача айтканда, тышкы саясаттын туруксуз болуп, начарлап кетиши келип чыгат.

Исламий мамлекеттин аскерий күч-кудуретин куруу дафавий даярдыктын өзү эле болуп калбастан, тескерисинче, халифанын ага мусулмандар кандай негизде байъат беришкен болсо ошону аткарышы үчүн зарыл болгон анык бир иш да. Т.а. мамлекеттин Алла фарз кылып жүктөгөн даъватты жеткирүү милдетин аткарышы үчүн зарыл болгон анык бир иш. Башкача айтканда, мамлекеттин өз тышкы саясатын Алла фарз кылган көрүнүштө жүргүзүшү жана ар дайым натыйжалуу көрүнүштө туура жүргүзүшү үчүн зарыл болгон анык бир иш. Ошондуктан, аскерий кудуретти пайда кылуу анын согуш абалындагы кафирлер терроруна, коркутуп-үркүтүүсүнө каршы жана алардын бастырып кириши ыктымалына каршы үммөт ээ боло турган бирден-бир калкан экендигинен тышкары, ал мамлекеттин тышкы саясатын исламий саясат кылып коё турган бирден-бир тарыйкат болуп эсептелет.

Бирок, Исламий мамлекеттин күчтүү аскерий жихазга ээ аскерий күч-кудуретти пайда кылууга албетте этибар бериши керек болгон иш экендиги аскерий эсеп-китептердин мамлекеттин тышкы саясатына өкүмдар болушун да, аскерий жихаздын тышкы саясатка азбы-көппү таасири болушун да

түшүндүрбөйт. Себеби, аскерий рай белгилүү бир өнөр ээси болгон кесипкөй адамдардын райы болуп, ал милдети мамлекет менен башка мамлекеттер ортосунда согуш чыккан күндө мамлекеттин аскерий үстөмдүгүн камсыздоо болгон адамдардан чыгат. Алардын райы бардык этият чараларын өз ичине алышы табигый жана күтүлгөн иш. Бирок, бул райды этибарга алууда ал бир сунуш экендигинен нары өтүлбөшү керек. Бул райдын – пикирлөөлөрү ушул белгилүү бир жактан нары өтпөй турган кесипкөй адамдардын сунушу экендигинен – нары өтүшү жайиз эмес. Ошондуктан, чоң жана кичине бардык нерседе бул сунушка ээрчүү туура болбойт. Аны тышкы саясат жалпы талкуу кылынганда өз ордунда талкуулоо туура болот. Бул сунуш өз фаны, санъаты боюнча гана этибарга алынат. Ал өзүнүн фаны жана анда берилген нерселер тышкы саясатта өз ордун ээлеген убакта гана этибарга алынат. Демек, ал шуро эмес, бир сунуш. Т.а. аны халифа тышкы саясатты талкуу кылган убакта талап кылат. Халифага айтылган убакта халифа аны, бар болгону, угуп гана коюшу да мүмкүн. Бирок, халифа тышкы саясаттан жана бул сунуштун тышкы саясат пландарында ээлеген позицияларынан толук кабардар болушу керек. Бул сунушка мындан артык маани бериши туура болбойт. Себеби, эгер халифа мындай кылбаса жана сунушка анын сунуш экендигине караганда көбүрөөк маани бере турган болсо, анда эч бир шек-күмөнсүз тышкы саясатка коркунуч пайда болот. Же тышкы саясатта туруксуздук жана жаман абал жүз берет, же даъватты жеткирүү токтоп калат. Тескерисинче, мындан да жаманыраак нерсе жүз бериши мүмкүн. Себеби, мамлекеттеги абал начарлоосу жана анын салтанатына кирген жер майданы кыскарып кетиши мүмкүн. Ошондуктан, аскерий райга анын болгону бир сунуш экендигинен көбүрөөк маани берүү жайиз эмес.

Аскерийлер өз иштерин адистер катары аткарышат. Алар өз эсеп-китептерине дүйнөдөгү коомчулуктун пикиринен пайдаланууну киргизишпейт жана Исламга болгон даъваттын көңүл бура турган даражага жеткен болушу жана мунун душман менен бетме-бет келгендеги таасири жөнүндө пикир жүргүзүшпөйт. Алар рухий жана маънавий кубаттардагы өтө чоң мүмкүнчүлүктөрдү эсепке алууга аракет кылышпайт. Алар душман мамлекетте жашап жаткан же ушул мамлекет бойлоп

даъватка чыгып кеткен даъватчылардын иштерин түшүнүүгө маани беришпейт. Дипломатиялык жолдорду да, саясий иштердин таасири канчалык чоң экендигин да түшүнүп жетишпейт. Ошондуктан, аскерийлердин пикир жүргүзүшү кеңири камтуучу саясий пикир жүргүзүү эмес, тескерисинче, бир маселеге гана тийиштүү болгон пикир жүргүзүү болот. Ошондуктан, алардын сунушу этибарга алына турган болсо, ал болгону өз темасы боюнча гана баалуу сунуш болот. Бирок, эгер аскерийлерге аракет кылуу жана токтом чыгаруу укугу берип коюла турган болсо жана алардын райын кабыл алуу кандайдыр даражада мажбурий болуп кала турган болсо, анда бул нерсе саясий токтомдорго жана саясий иштердин жүрүшүнө зыян жетишине себеп болот. Ошондуктан, аскерий жихаздын тышкы саясатта таасирге ээ болушуна жол коюу эч бир жайиз эмес. Аскерийлер райларынын болгону бир кесипкөйлүк сунуштар болуудан нары өтүп кетиши да жайиз эмес.

Бирок, аскерийлер райларынын ээлей турган орду чектеп коюлушунун, алардын болгону кесипкөйлүк сунуштары болуп калышынын мааниси аскерий эсеп-китептерди этибарга албастык, аларга кайдыгер кароо дегени эмес. Тескерисинче, анын мааниси халифанын берген баасы, эсеп-китептери аскерий эсеп-китептерден үстөм турушу керек дегени. Халифа акыркы долбоорду иштеп чыгып жатканда кээ бир убактарда куру аскерий эсеп-китептерди билмексен болуу жоопкерчилигин көтөрүүгө даяр болушу керек. Аскерийлерден башкалардын, мисалы, муавиндер, валийлер, ахли хал вал акд жана муфаккирлердин эсеп-китептерине аскерийлердин эсеп-китептерине караганда көбүрөөк көңүл бурушу керек. Бирок, халифа аскерийлердин мамлекеттеги – өлкөнү коргоо жагынан болобу же кафирлерге каршы жихадды баштоо жагынан болобу – бийик ордун баалашы да керек. Ошондуктан, халифа менен үммөт аскерий күчтөрдү көздүн карегиндей сакташы керек. Бирок, тышкы саясатты иштеп чыгууга аскерийлер эмес, саясатчылар башчылык кылышы керек. Согуш коркунучтарына каршы турууга кандай даярдык көрүү керек? Согушка кирише турган болсо эмне болот? Ошондой болуп калса кандай көрүнүштө жана качан болот? Буларды саясатчылар белгилешет. Халифа аскерий күчтөрдү ар дайым табиъ болуп

тура турган идарага айландырышы зарыл о.э. аскерий хихаздын жана андагы эч бир адамдын саясатка табиъ болуу жана саясатты аткаруу ролунан карасанатайлык менен четке чыгып кетишине жол койбошу зарыл.

Бул аскерий жихаздын ролу жана райлары жагынан ушундай. Эми халифанын аскерий эсеп-китептерди этибарга алышы жагына токтоло турган болсок, халифанын аскерий эсеп-китептерди болгону бир адистик сунуш катары гана алышынын өзү жетиштүү эмес. Кала берсе, тышкы саясатты белгилешинде бул эсеп-китептерди таасирге ээ кылып коюшу туура болбойт. Тескерисинче, аскерий эсеп-китептердин тышкы саясатка боло турган ар кандай таасирине жол койбостук зарыл. Т.а. тышкы саясатты аскерий эсеп-китептердин үстүнө куруу же бул эсеп-китептердин тышкы саясатка таасир кылуучу бир фактор болушу жайиз эмес. Себеби, аскерий эсеп-китептердин тышкы саясатта өкүмдар болуп калышы кооптуу. Тескерисинче, аскерий эсеп-китептерди мамлекеттин тышкы саясатынын эң акырына калтыруу керек жана аскерий эсеп-китептерди – алар аскерийлер тараптан кылынабы же башкалар тарабынанбы, эч айырмасыз – тышкы саясатты иштеп чыгууда халифага таасир кылуудан алыстатуу зарыл.

Аскерий иштер сезиле турган толук формага ээ болот. Себеби, сиз замбиректер, аскерий кемелер, самолёттор, аскерий базалар, ядролук бомбалар жана ракеталарды көрүп, алардын жеңүү же жеңилүүдөгү, фатх же чегинүүдөгү таасирлерине оңой гана ишеним жарата аласыз. Себеби, алар маддий нерселер болуп, алардын көлөмдөрүн салыштырууга болот. Алардын маддий таасирлери бар болуп, алардын натыйжаларын сезүүгө болот. Рухий күчтөр менен маънавий күчтөр болсо мунун тескериси болот. Саясий манёврлар менен жергиликтүү коомчулуктун пикири же дүйнөлүк коомчулуктун пикири да мунун тескериси болот. Себеби, булар маддий иштер эмес жана алардын таасирин түшүнүп жетүү, натыйжаларын ылгоо жеңил эмес. Себеби, алар сезилбей турган жана көрүнбөй турган нерселер. Ошону менен бирге, алардын тышкы саясаттагы, ал тургай согуш жана фатхтагы мааниси өтө чоң. Ошондуктан, аскерий эсеп-китептер тышкы саясаттын эң акырында калтырылышы, бул саясаттагы экинчи даражалуу иш

болушу, рухий күчтөр болсо ар дайым биринчи болуп этибарга алынышы, андан соң маънавий күчтөр үстөм болушу, саясий манёврлар жана саясий көсөмдүк көзгө көрүнгөн этибардуу орунда болушу керек. Булардын бардыгы халифанын бир өзү гана башчылык кыла турган бөлүнгүс, бир бүтүн саясий күчтө жамдалган болушу керек. Биз халифанын бир өзү гана кошуундун амалий командачылыгын өз мойнуна алышынын маанисин жана халифанын командачылыгын шаклий командачылык кылып коюунун, башкача айтканда, халифанын жогорку командачы болушунун коркунучун мына ушундан түшүнө алабыз.

Кээ бир халифалар заманында аскерий эсеп-китептерди тышкы саясатта үстөм кылып коюунун жаман таасири болду. Бул нерсе Аббасийлер доорунун экинчи кылымында жана Усманийлер доорунун акыркы убактарында даъватты дүйнөгө жеткирүүнүн токтоп калышына алып келди. Мисалы, Рум мамлекетинде исламий фатхтар Түрк өлкөлөрүнүн Шам өлкөлөрү менен болгон чегараларында токтоп калды. Батыш Европа мамлекеттеринде болсо фатхтар Франциядан артка кайтып, Испания аймактарында токтоп калды. Акыйкатта болсо, ошондо рухий күч-кубат күчтүү жана исламий пикирлер сиңип борборлошо баштаган эле. Бирок, аскерийлер өздөрүнүн күч-кудурети жана душман күчү жөнүндөгү райларын билдиришип, согушка кирүү же кирбестик туурасында эң биринчи этибар ушул райларга каратылгандан кийин, жазгы жана кышкы чабуулдарга гана чектелүүгө токтом кылынган эле. Шарият өкүмдөрүнө амал кылып, жихад бар экендигин сактап калуу үчүн ошондой кылынган эле. Бирок, мында саясий эсеп-китептерге өтүлбөдү. Усманийлер заманында исламий кошуундар Европада Греция, Болгария, Румыния, Албания жана Югославия бойлоп бороондой согуп, Австриянын Вена шаарынын дубалдарына чейин жетип барды жана ал жерлерди бойлоп ислам салтанатын жайды. Ал тургай, Европада «Исламий кошуун жеңилбес кошуун» деген коомдук пикир пайда болгон. Миладий XVIII кылымда Европада жүз берген өнөржай ынкылабынан кийин Исламий мамлекеттин тышкы саясатында аскерий эсеп-китептер үстөм болуп калган соң, исламий жайылуу токтоп калды жана ислам салтанатынын бүтүндөй жемирилишине алып келген артка чегинүү башталды.

Бул армиянын жихад алып бара турган күч экендиги жагынан ушундай. Ал эми, анын салтанатты ички жана тышкы коркунучтан коргой турган күч экендиги жагына токтоло турган болсок, бул нерсе акимияттын сакталып калышы байланыштуу болгон маддий күчкө тиешелүү. Себеби, мына ушул маддий күч салтанатты коргойт. Ушул маддий күч аны кулатышы да – же мейли убактылуу болсо да – аны тикелеши да мүмкүн. Ошондуктан, кошуун жана куралдуу күчтөр бийликте өтө чоң орунга ээ. Бул болсо кошуундун акимиятта өтө чоң таасири бар экендигин билдирет. Бирок акыйкат мындай, мейли тышкы саясатта аскерий эсеп-китептердин болушу алардан келип чыга турган сунушту алуу жагынан жайиз болсо да, бирок, аскерий жихаздын жана андагы кандайдыр бир адамдын акимиятта аскерий сыпатта бар болушу эч бир жайиз эмес. Себеби, салтанат мейли аскерий жихаз менен корголсо да, бирок, анда аскерийлердин бар болушу жайиз эмес. Себеби, салтанат сезиле турган маддий күч эмес жана ал маддий күчтөн кубат албайт. Тескерисинче, ал коомдогу мамилелерди тартипке салуу болуп, ал үммөттөн же калктан кубат алат. Себеби, салтанат ушул калктын ичинде же андагы эң күчтүү топтун ичинде болот. Аскерийлердин жана аскерий жихаздын ага эч бир тиешеси жок. Туура, вазыйпаны аскерийлер аткарышат жана аларсыз аткаруунун жүзөгө чыгышы мүмкүн эмес. Бирок, аскерийлердин салтанаттагы ролу, болгону бир курал каатры гана болот, башка нерсе эмес. Алардын аткаруудагы ролу душманга карата ок ата турган аскердин куралы болуудан нары өтпөшү керек. Аскерийлердин акимиятта болушу акимиятка коркунуч туудурат. Себеби, аскерийлердин бийликте бир аз болсо да рол ойношу аны полициячыл бийликке айландырып коёт жана ал мамилелерди тартипке сала турган салтанат болбой калат.

Аскерийлердин акимиятта бир аз болсо да рол ойношу акимиятка да, акимге да жана мамлекетке да коркунуч туудурат. Себеби, акимиятта акыйкатка амал кылынат, шарияттын алкагынан чыгылбайт жана адилеттүүлүк жүзөгө чыгат. Ал башкаруу маалында маддий кубатка эч кандай этибар бербейт. Акимдеги маддий кубатка да, жарандагы кубатка да этибар бербейт. Себеби, анын күчү өзүндөгү аткаруу куралдарын эмес, тескерисинче, адамдардын иштерин

сезүү жана аларды камкордук менен башкарууда жатат. Ошондуктан, анда маддий кубат пайда болсо, анын акимияттык тарабын бузуп коёт о.э. аны куру зомбулук жана каалагандай өкүм жүргүзүүгө айландырып коёт. Мындайда акимият жана салтанат акыйкаты жоголуп калат. Ошондуктан, аскерийлердин жана аскерий жихаздын акимиятта болушу эч бир туура болбойт. Аскерийлер акимдин колундагы бир курал бойдон калышы керек. Акимият жөнүндө о.э. ага байланыштуу болгон эч кандай каалоо-ыктыяры жана райы таптакыр болбой турган бир курал болуп кала бериши керек. Бул аскерийлердин акимиятта болушу акимиятка коркунуч туудурушу жагынан ушундай. Эми мунун акимге коркунуч туудурушу жагына токтоло турган болсок, аскерий жихаз же аскерийлер да адам болуп, аларда бако гарыйзасы бар. Бул гарыйзанын эң маанилүү көрүнүштөрүнүн бири өкүмдарлык кылууга умтулуу. Ошондуктан, алардын акимиятта болушуна жол коюла турган болсо жана алар өздөрүнүн акимди кулатууга кудуреттүү экендиктерин, акимди жана анын салтанатын коргой тургандар өздөрү экендигин көрүшкөн соң «биз акимият булагыбыз жана аким өз салтанатын бизден алат» деп билишет. Ошондо аларда ошол өкүмдарлыкка умтулуу сезимдери козголот да, маддий кубат өздөрүнүн колунда болгондуктан акимден бийликти тартып алышат. Ошондуктан, аскерий жихаздын же аскерийлердин бийликте кандайдыр бир даражада болушуна жол коюу акимге өтө чоң коркунуч туудурат. Мындай абал Аббасийлер доорундагы жана Усманийлер доорундагы Исламий мамлекетте жүз берген. Себеби, кээ бир халифалар аскерийлердин каршысында алсыздык кылышкандыктан аскерийлер аларды оодарып ташташты же аларды өздөрүнүн колдорундагы куралга айландырышты. Мунун натыйжасында мына ушул халифалар доорунда Исламий мамлекеттеги акимият кыйроого жүздөндү.

Эми аскерийлердин акимиятта ар кандай роль ойношу үммөттүн вужудуна жана мамлекеттин вужудуна туудура турган коркунучка токтоло турган болсок, бул мындай болот: Исламий мамлекеттин айланасы – бул мамлекеттин пикирий табиятынан келип чыга турган болсок – душмандар менен курчалган болот. Себеби, мамлекет жана үммөт катуу амал кылып, алкагынан чыкпашы важиб болгон шаръий өкүм

мындай, бүт дүйнө экиге: дарул-Ислам жана дарул-куфрга бөлүнөт. Ислам менен өкүм жүргүзүлө турган жана үстүндө Ислам байрагы желбиреп турган өлкөлөр дарул-Ислам болуп эсептелет. Алардан башка бардык өлкөлөр дарул-куфр т.а. дарул-харб б.а. согуш абалындагы дияр болуп эсептелет. Ошондуктан, Исламий мамлекет ар дайым ага зыян жеткирүү үчүн ыңгайлуу учурду аңдыган душмандардын курчоосунда болот. Эгер аскерийлердин акимиятта аз гана болсо да ролу болушуна жол коюла турган болсо, душмандардын аларды алдап коюшу саясатчыларды алдаганга караганда жеңилирээк болот. Себеби, аскерийлердин негизги кыла турган иштери маддий аскерий иштер. Ошондуктан, алардын узак максаттар көздөлгөн манёврларды жана жашыруун саясий варианттарды түшүнүүсү кыйын болот. Ошол себептен улам, алар өздөрүнчө мамлекетке пайда келтиребиз деп ойлоп же өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарына жетишүү үчүн алданып, акимиятты алууга же акимдерди өзгөртүүгө аракет кылышы мүмкүн. Мына ушул жерде акимдердин жеке өздөрүнө жана акимиятка эмес, тескерисинче, бүтүндөй үммөткө жана мамлекетке коркунуч туулат. Себеби, үммөт – бул адамдар топтому о.э. түшүнүктөр, өлчөөлөр жана канааттануулар топтому болуп эсептелет. Мамлекет болсо – башкаруу салахиятына ээ болгон адамдар топтому о.э. түшүнүктөр, өлчөөлөр жана канаатануулар топтому болуп эсептелет. Ошондуктан, эгер аскерийлер чет мамлекеттен боло турган алдоолор натыйжасында акимиятты өз колуна ала турган болушса, аларга Исламий мамлекеттегиден башкача болгон чоочун түшүнүктөр, өлчөөлөр жана канааттануулар кирип келет. Бул аркылуу мамлекеттин вужудуна, андан соң үммөттүн вужудуна бузулуу кирип келет. Тескерисинче, мындан да жаманыраак болгон кафир мамлекеттердин таасири кирип келет. Мына ошондо мамлекет бүтүндөй жок болуп кетет. Ушуга таянып айтарыбыз, аскерий жихаздын же аскерийлердин башкарууда кандайдыр бир даражада болушу өтө жаман коркунуч туудурат.

Исламий үммөт аскерийлердин бийликте рол ойношу туудурган коркунучтун натыйжасында мамлекет жана үммөт вужудуна бузулуу кирип келиши, андан соң Исламий мамлекеттин бүтүндөй жок болуп кетиши кырсыгын башынан өткөрдү. Себеби, Усманийлер халифалыгынын акыркы

убактарындагы кафир мамлекеттердин Стамбулдагы элчиканалары аскерийлерге таасир өткөрө баштады. Мунун натыйжасында мамлекеттин жихазына кайрыисламий түшүнүктөр, өлчөөлөр жана канааттануулар кирип келе баштады. Мындай түшүнүктөр, өлчөөлөр жана канааттануулардын пайда болушундагы эң көрүнүктүү ролду Мидхат паша жана ага кошулган офицерлер ойноду. Айрыкча, Абдул-Хамидди халифа кылып бийликке алып келген мамлекеттик төңкөрүш маалында жана Абдул-Хамидди халифалыктан оодарып таштап, Мухаммад Рашадды халифа кылып бийликке алып келген мамлекеттик төңкөрүш маалында ошондой болду. Андан мурда Мисирдеги чоң Мухаммад Али Стамбулдагы Исламий Халифалыкка сокку берүү үчүн Францияга малайлык кылган эле. Андан кийин биринчи дүйнөлүк согушта Усманий мамлекет жеңилген соң Мустафа Кемел Халифалыкты жок кылуу үчүн англистер менен тил бириктирди. Ал союздаштар кошуундарынын Стамбулдан чыгып кетиши жана келишим конфренциясында өзүнө жардам берүүсү акысына ушундай жаман ролду ойноду. Аскерийлер ойногон бул ролдор Исламий Мамлекеттин вужудуна зыян жеткирди, андан соң аны бүтүндөй жок кылды. Ошондуктан, аскерий жихаздын же аскерийлердин бийликте кандайдыр бир түрдө болушуна жол коюуга болбойт.

# Шейит

## (Шахид)

Шейиттер үч түрдүү болот:

Дүйнө өкүмдөрүсүз жалаң гана акыретте шейит.

Дүйнөдө гана шейит.

Дүйнө жана акыретте шейит.

Дүйнө өкүмдөрүсүз акыреттеги шейит жөнүндө айта турган болсок, алар хадистерде айтылган адамдар. Кээ бир риваяттарда алар жети тайпа деп айтылса, айрымдарында сегиз, айрымдарында тогуз, айрымдарында болсо он бир деп айтылган. Сахихи мындай, Муслимде варид болгондой, алар бешөө: 1. Тоун т.а. чума кеселинен өлгөн киши; 2. Ич оорусу менен өлгөн киши; 3. Сууга чөгүп өлгөн киши; 4. Үстүнө имарат кулап өлгөн киши; 5. Согуштан башка убакта Алла жолунда Алланын сөзүн бийик кылуу үчүн өлгөн киши. Муслим Абу Хурайрадан Расулулла с.а.вдын мындай дегенин риваят кылды:

«بَيْنَمَا رَجُلٌ يَمْشِي بِطَرِيقٍ وَجَدَ غُصْنَ شَوْكٍ عَلَى الطَّرِيقِ فَأَخَّرَهُ فَشَكَرَ اللَّهُ لَهُ فَغَفَرَ لَهُ وَقَالَ: الشُّهَدَاءُ خَمْسَةٌ الْمَطْعُونُ وَالْمَبْطُونُ وَالْغَرِقُ وَصَاحِبُ الْهَدْمِ وَالشَّهِيدُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ»

**«Бир киши жолдо бара жатып, жолдо жаткан бир тикендүү бутакты көрүп калды жана аны четке алып койду. Алла анын бул ишин сыйлап аны магфират кылды жана айтты: Шейиттер бешөө: Тоун кеселинен өлгөн, ичи ооруп өлгөн, сууга чөгүп өлгөн, үстүнө имарат кулап өлгөн жана Алла Азза ва Жалланын жолунда шейит болгон».** Муслим дагы Абу Хурайрадан риваят кылды: Расулулла с.а.в:

«مَا تَعُدُّونَ الشَّهِيدَ فِيكُمْ؟ قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ مَنْ قُتِلَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَهُوَ شَهِيدٌ، قَالَ: إِنَّ شُهَدَاءَ أُمَّتِي إِذًا لَقَلِيلٌ، قَالُوا: فَمَنْ هُمْ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ: مَنْ قُتِلَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَهُوَ شَهِيدٌ، وَمَنْ مَاتَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَهُوَ شَهِيدٌ، وَمَنْ مَاتَ فِي الطَّاعُونِ فَهُوَ شَهِيدٌ، وَمَنْ مَاتَ فِي الْبَطْنِ فَهُوَ شَهِيدٌ»

**«Араңарда кимди шейит деп эсептейсиңер? – деди. Сахабалар: Я Расулулла, ким Алла жолунда өлтүрүлсө, ошол шейит, - дешти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Андай болсо үммөтүмдүн шейиттери аз экен да, - деди. Сахабалар: Анда**

**алар кимдер, я Расулулла? - дешти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Ким Алла жолунда өлтүрүлсө – ал шейит, ким Алла жолунда өлсө – ал шейит, ким тоундан өлсө – ал шейит, ким ич оорудан өлсө – ал шейит, - деди».** Ибн Миксам айтат: «Мен атаңдын бул хадисте:

«وَالْغَرِيقُ شَهِيدٌ»

**«Сууга чөгүп өлгөн – шейит», -** деп айтканына күбөмүн» - деди[1]. Булардын шейиттигинин мааниси ушул, аларга акыретте шейиттердин сообу болот. Ал эми дүйнөдө алар гусл кылынып (сууга жуулуп), аларга жаназа окулат. Эми эгер шейит сөзү сооп берилиши жөнүндө айтылса – хадис өзү ушул жөнүндө – мындай абалда бул сөздү мына ушул адамдарга карата колдонуу туура болот. Эгер бул сөз сүйлөмдө эч бир каринасыз мутлак колдонулса, анда бул сөз аларга тийиштүү болбойт, тескерисинче, Алланын жолунда өлтүрүлгөн кишиге тиешелүү болот, андан башкасына колдонулбайт.

Эми акыретте эмес, бул дүйнөдөгү шейитке келсек, ал дүйнөдөгү шейит өкүмүн алат, гусл кылынбайт жана ага намаз окулбайт, тескерисинче, өз кийиминде жайына узатылат. Бирок, ал акыретте Алланын сөзүн бийик кылуу үчүн согушкан шейиттердин сообун албайт. Бул Алланын жолунан башка жолдо согушкан кимсе. Мисалы, кадыр-барк үчүн же олжо үчүн же артка качып согуша турган кимсе. Мындай кимсе акыретте шейиттик сообун албайт. Себеби, хадистер шейиттик сообун бир гана Алланын жолунда согушкан жана артка чегинбестен алдыга атырылып согушкан шейитке гана хостоп койду. Муслим Абу Муса Ашъарийден төмөнкүнү риваят кылды:

«أَنَّ رَجُلاً أَتَى النَّبِيَّ ﷺ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، الرَّجُلُ يُقَاتِلُ لِلْمَغْنَمِ، وَالرَّجُلُ يُقَاتِلُ لِيُذْكَرَ، وَالرَّجُلُ يُقَاتِلُ لِيُرَى مَكَانُهُ، فَمَنْ فِي سَبِيلِ اللَّهِ؟ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: مَنْ قَاتَلَ لِتَكُونَ كَلِمَةُ اللَّهِ هِيَ الْعُلْيَا فَهُوَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

**«Бир киши Набий с.а.вдын алдына келип, Я Расулулла, бир киши олжо үчүн согушат, дагы бир киши аты чыгышы үчүн согушат, башка бир киши болсо өзүнүн кандай орун**

---

[1] Муслим бул хадисти Зухайр ибн Харбдан, ал Жарирден, ал Сухайлдан, ал атасынан, ал Абу Хурайрадан риваят кылган. Ибн Миксам бул сөздү Сухайлга айткан.

**тутушун көрсөтүп коюу үчүн согушат. Ко-ош, алардан ким Алланын жолунда согушкан болот? - деп сурады. Расулулла с.а.в: Ким Алланын сөзү бийик болушу үчүн согушса, ошол Алланын жолунда согушкан болот, - деди».** Муслим Абу Мусадан мындай дегенин да риваят кылды:

«سُئِلَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَنِ الرَّجُلِ يُقَاتِلُ شَجَاعَةً, وَيُقَاتِلُ حَمِيَّةً، وَيُقَاتِلُ رِيَاءً، أَيُّ ذَلِكَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ؟ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: مَنْ قَاتَلَ لِتَكُونَ كَلِمَةُ اللَّهِ هِيَ الْعُلْيَا فَهُوَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

**«Расулулла с.а.вдан: шижааты (кайраты) ташып согуша турган, хамияты (эрдиги) козголуп согуша турган жана рия (көзгө көрүнүү) үчүн согуша турган киши жөнүндө «булардын кайсы бири Алланын жолунда согушуу болуп эсептелет?» деп суралды. Расулулла с.а.в: Ким Алланын сөзү бийик болушу үчүн согушса, ошол Алланын жолунда согушуптур, - деп жооп берди».** Расулулла с.а.в шейиттин күнөөлөрү кечирилиши үчүн, артка качпай алдыга умтулуп согушуусун шарт кылып койду. Муслим Абдулла ибн Абу Котода аркылуу Котодадан риваят кылат:

«أَنَّهُ قَامَ فِيهِمْ فَذَكَرَ لَهُمْ أَنَّ الْجِهَادَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، وَالإِيمَانَ بِاللَّهِ أَفْضَلُ الأَعْمَالِ، فَقَامَ رَجُلٌ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، أَرَأَيْتَ إِنْ قُتِلْتُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ تُكَفَّرُ عَنِّي خَطَايَايَ؟ فَقَالَ لَهُ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: نَعَمْ إِنْ قُتِلْتَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، وَأَنْتَ صَابِرٌ مُحْتَسِبٌ مُقْبِلٌ غَيْرُ مُدْبِرٍ، ثُمَّ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: كَيْفَ قُلْتَ؟ قَالَ: أَرَأَيْتَ، إِنْ قُتِلْتُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَتُكَفَّرُ عَنِّي خَطَايَايَ؟ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: نَعَمْ وَأَنْتَ صَابِرٌ مُحْتَسِبٌ، مُقْبِلٌ غَيْرُ مُدْبِرٍ إِلاَّ الدَّيْنَ فَإِنَّ جِبْرِيلَ عَلَيْهِ السَّلاَمُ قَالَ لِي ذَلِكَ»

**«Пайгамбарыбыз с.а.в алардын арасында туруп, аларга Алланын жолундагы жихад жана Аллага ыйман келтирүү эң абзел амал экендигин айтты. Ошондо бир киши туруп: Я Расулулла, эгер мен Алла жолунда өлтүрүлсөм, күнөөлөрүмө каффарат болобу? - деди. Расулулла с.а.в: Ооба, эгер сен сабыр кылган абалда, сооп үмүт кылып, артка качпай алдыга атырылып Алланын жолунда өлтүрүлсөң, - деди. Андан соң Расулулла с.а.в: Эмне дедиң? - деди. Тиги киши: Эгер мен Алланын жолунда өлтүрүлсөм, күнөөлөрүмө каффарат болобу? - деди. Расулулла с.а.в:**

**Ооба, сабыр кылган абалда, сооп үмүт кылып, артка качпай алдыга умтулсаң, болгону карыз мындан тышкары. Мага муну Жабраил ﷺ айтты, - деди».** Мындан түшүнүлгөндөй, эгер артка качып согушса, күнөөлөрүнө каффарат болбойт жана ага шейиттик сообу берилбейт. Атак-даңк үчүн согуша турган кимсеге келсек, Расулулла с.а.в аны шейит деп атап, азапталышын баян кылды. Муслим Сулайман ибн Ясардан мындай дегенин риваят кылды: Адамдар Абу Хурайранын алдынан туруп, таркап кетишти. Ошондо ага Шам калкынын өкүлү: Эй шейх, Расулулла с.а.вдан уккан бирер хадисти бизге айтып бериңиз, - деди. Абу Хурайра: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин укканмын:

**«إِنَّ أَوَّلَ النَّاسِ يُقْضَى يَوْمَ الْقِيَامَةِ عَلَيْهِ رَجُلٌ اسْتُشْهِدَ فَأُتِيَ بِهِ، فَعَرَّفَهُ نِعَمَهُ فَعَرَفَهَا قَالَ: فَمَا عَمِلْتَ فِيهَا قَالَ: قَاتَلْتُ فِيكَ حَتَّى اسْتُشْهِدْتُ، قَالَ: كَذَبْتَ وَلَكِنَّكَ قَاتَلْتَ لأَنْ يُقَالَ جَرِيءٌ فَقَدْ قِيلَ، ثُمَّ أُمِرَ بِهِ فَسُحِبَ عَلَى وَجْهِهِ حَتَّى أُلْقِيَ فِي النَّارِ»**

**«Кыямат күнү үстүнөн биринчи болуп өкүм чыгарыла турган адам шейит болгон киши болот. Ал алып келинет. Алла ага өзү берген неъматтарын эскертет. Ал аларды эстейт. Алла бул неъматтар үчүн эмне амал кылдың? - дейт. Ал: Сенин жолуңда согушуп, шейит болдум, - дейт. Алла: Жалган айттың, тескерисинче, баатыр экен деп айтышсын үчүн согуштуң. Сен тууралуу ошондой деп айтылды, - дейт. Андан соң Алла амр кылат. Ал жүз төмөн сүйрөтүлүп тозок отуна ыргытылат...».** Бул хадис атак-даңкка жетишүү үчүн согушкан кимсе мейли бул дүйнөдө шейит өкүмүн алса да, бирок, кыямат күнүндө ага шейит сообу берилбестигине, тескерисинче, азапталышына далалат кылууда.

Эми дүйнө жана акыреттеги шейиттикке келсек, ал Алланын сөзүн бийик кылуу үчүн кафирлерге каршы согушкан жана мусулмандар менен кафирлер ортосундагы согушта өлтүрүлгөн киши. Бул согуш согуш абалындагы өлкөдө болобу же Ислам өлкөсүндө болобу, мунун айырмасы жок. Алла Таала айтат:

﴿وَلَا تَحْسَبَنَّ ٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ أَمْوَٰتًۢا ۚ بَلْ أَحْيَآءٌ عِندَ رَبِّهِمْ يُرْزَقُونَ﴾

***«Алла жолундагы согушта өлтүрүлгөн заттарды эч качан өлүктөр деп ойлобогула! Жок, алар тирүү! Ал заттар***

***Роббисинин неъматтарынан ырахаттанган абалда курсант болушууда»*** [3:169]

Бул шейит ал жөнүндө шаръий өкүмдөр келген киши. Мындай шейиттик кафирлер менен болгон согушта өлтүрүлгөн кишиге хос. О.э. согушта жарадар болуп кийинчерээк ушул жараатынан өлгөн киши да согушта өлтүрүлгөн болуп эсептелет. Ал эми андан башкасы шейит деп эсептелбейт. Ушуга ылайык, багийлер менен болгон согушта өлтүрүлгөн киши да, согушта жарадар болуп, андан кийин жарааты айыгып, андан кийин ушул жарааттан өлгөн киши да шейит деп эсептелбейт. Шейитке тиешелүү хос өкүмдөр бар болуп, Алла Таала шейит жөнүндө ал тирүү деп кабар берди. Мындай шейиттик Алланын сөзүн бийик кылуу үчүн кафирлер менен болгон согушта өлтүрүлгөн кишиге жана мына ушул согушта жарадар болуп ушул жараатынан өлгөн кишиге хос.

Жогорудагы шейит жөнүндөгү өкүм мындай, ал гусл кылынбайт жана кепинделбейт, тескерисинче, каны менен жана кийиминде жерге коюлат. Себеби, шейит кыямат күнү тирилгенде, анын каны миск атырдай абдан жагымдуу жыт чыгарат. Бухарий Жабирден риваят кылган төмөнкү хадис буга далил болот:

«إِنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ كَانَ يَجْمَعُ بَيْنَ الرَّجُلَيْنِ مِنْ قَتْلَى أُحُدٍ فِي ثَوْبٍ وَاحِدٍ، ثُمَّ يَقُولُ: أَيُّهُمْ أَكْثَرُ أَخْذًا لِلْقُرْآنِ؟ فَإِذَا أُشِيرَ إِلَى أَحَدِهِمَا قَدَّمَهُ فِي اللَّحْدِ، وَقَالَ: أَنَا شَهِيدٌ عَلَى هَؤُلَاءِ، وَأَمَرَ بِدَفْنِهِمْ بِدِمَائِهِمْ، وَلَمْ يُصَلِّ عَلَيْهِمْ، وَلَمْ يُغَسِّلْهُمْ»

**«Расулулла с.а.в Ухудда өлтүрүлгөндөрдөн эки кишини бир кийимге жамдап, андан соң: Алардын кайсы бири Куранды көбүрөөк** (жаттаган)**? – деп сурайт эле. Алардын кайсы бири көрсөтүлсө, аны мурда коёт эле жана: Мен буларга күбөмүн, - деп айтып, аларды кандары менен көмүүгө буйруду, аларга намаз окубады жана аларды гусл кылбады».** Ахмад да Набий с.а.вдын Ухудда өлтүрүлгөндөр жөнүндө мындай дегенин риваят кылды:

«لاَ تُغَسِّلُوهُمْ فَإِنَّ كُلَّ جُرْحٍ، أَوْ كُلَّ دَمٍ يَفُوحُ مِسْكاً يَوْمَ الْقِيَامَةِ، وَلَمْ يُصَلِّ عَلَيْهِمْ»

**«Аларды гусл кылбагыла. Себеби, ар бир жараат же ар бир тамчы кан кыямат күнүндө миск атырдай жагымдуу жыт чыгарат. Пайгамбарыбыз с.а.в аларга намаз**

**окубады»**. Насаийдин риваят кылышынча, Набий с.а.в Ухуд шейиттери жөнүндө мындай деди:

«زَمِّلُوهُمْ بِدِمَائِهِمْ، فَإِنَّهُ لَيْسَ كَلْمٌ يُكْلَمُ فِي اللَّهِ إِلاَّ يَأْتِي يَوْمَ الْقِيَامَةِ يَدْمَى، لَوْنُهُ لَوْنُ الدَّمِ، وَرِيحُهُ رِيحُ الْمِسْكِ»

**«Аларды кандары менен ороп койгула. Себеби, Алла жолунда алынган бирер жараат жок, кыямат күнүндө каны аккан абалда келбесе. Түсү кандын түсүндөй, жыты мисктин жытындай болот»**. Анастан төмөнкү хадис риваят кылынган:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ لَمْ يُصَلِّ عَلَى قَتْلَى أُحُدٍ وَلَمْ يُغَسِّلْهُمْ»

**«Набий с.а.в Ухудда өлтүрүлгөндөргө намаз окубады жана аларды гусл кылбады»**. Бул хадисти Шафиъий «Муснад»да риваят кылды. Ухуд шейиттери гусл кылынбаганы сыяктуу эле Бадр, Хандак жана Хайбар шейиттери да гусл кылынбады. Мындан көрүнүп тургандай, шейит гусл кылынбайт. О.э. шейит өлүк кепинделгендей кепинделбейт, тескерисинче, өз кийими менен кепинделет. Расулулла с.а.вдын Ухуд шейиттери жөнүндө айткан:

«زَمِّلُوهُمْ بِكُلُومِهِمْ وَدِمَائِهِمْ»

**«Аларды жарааттары жана кандары менен ороп койгула»,** - деген сөзү буга далил болот. Ахмад риваяты. Буга дагы бир далил Ибн Аббас кылган төмөнкү риваят:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ أَمَرَ بِقَتْلَى أُحُدٍ أَنْ يُنْزَعَ عَنْهُمُ الْحَدِيدُ وَالْجُلُودُ وَأَنْ يُدْفَنُوا بِدِمَائِهِمْ وَثِيَابِهِمْ »

**«Расулулла с.а.в Ухудда өлтүрүлгөндөрдөн темир жана терилерди чечип алууга, кандары жана кийимдери менен көмүүгө буйруду»**. Абу Давуд риваяты. Эми шейитке намаз окулушуна келсек, окулушу да, окулбашы да жайиз. Намаз окулушу жайиз экендигине далил Расулулла с.а.в Ухудда өлтүрүлгөндөргө жерге коюлгандан кийин намаз окуганы, Хамзага намаз окуганы жана согушта өлтүрүлгөн бир кишиге намаз окуганы жөнүндө келген риваяттар. Мисалы, Бухарийде Укба ибн Аамирден риваят кылынышынча:

«أَنَّهُ ﷺ صَلَّى عَلَى قَتْلَى أُحُدٍ بَعْدَ ثَمَانِ سِنِينَ صَلاَتَهُ عَلَى مَيِّتٍ كَالْمُوَدِّعِ لِلأَحْيَاءِ وَالأَمْوَاتِ»

**«Набий с.а.в Ухудда өлтүрүлгөндөргө сегиз жылдан кийин кудум тирүүлөр жана өлүктөр менен коштошкондой жаназа намазын окуду»**. Тохавий «Шархул маъаний» китебинде Ибн Зубайрдан Хасан иснад менен төмөнкү риваятты келтирди:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ كَانَ يُؤْتَى بِتِسْعَةٍ، حَمْزَةُ عَاشِرُهُمْ، فَيُصَلِّي عَلَيْهِمْ»

**«Расулулла с.а.вдын алдына тогуз кишини алып келишти. Хамза онунчусу болду. Пайгамбарыбыз с.а.в аларга намаз окуду»**. Абу Давуд Абу Саламадан, ал Набий с.а.вдын асхабынан болгон бир кишиден мындай дегенин риваят кылды:

«أَغَرْنَا عَلَى حَيٍّ مِنْ جُهَيْنَةَ فَطَلَبَ رَجُلٌ مِنَ الْمُسْلِمِينَ رَجُلاً مِنْهُمْ فَضَرَبَهُ فَأَخْطَأَهُ وَأَصَابَ نَفْسَهُ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: أَخُوكُمْ يَا مَعْشَرَ الْمُسْلِمِينَ، فَابْتَدَرَهُ النَّاسُ فَوَجَدُوهُ قَدْ مَاتَ فَلَفَّهُ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ بِثِيَابِهِ وَدِمَائِهِ وَصَلَّى عَلَيْهِ وَدَفَنَهُ. فَقَالُوا يَا رَسُولَ اللَّهِ أَشَهِيدٌ هُوَ؟ قَالَ نَعَمْ، وَأَنَا لَهُ شَهِيدٌ»

**«Биз Жухайнадагы бир айылга чабуул кылдык. Мусулмандардан бир киши алардан бир кишинин жекеме-жекеге чыгышын талап кылды. Ага сокку берген эле, соккусу ката кетип өзү жараланды. Ошондо Расулулла с.а.в: Эй мусулмандар жамааты, боордошуңарды алып келгиле, - деди. Адамдар шашып барышса, ал өлгөн экен. Расулулла с.а.в аны кийими жана каны менен ороп ага намаз окуду жана жайына узатты. Ошондо сахабалар: Я Расулулла, ал шейит болдубу? - деп сурашкан эле, Пайгамбарыбыз с.а.в: Ооба, мен ага күбөмүн, - деди»**. Бул үч хадис сабит хадистер болуп, шейитке намаз окулушуна ачык далалат кылып жатат.

Эми шейитке намаз окулбашы жайиз экендигине келсек, буга Расулулла с.а.вдын шейитке намаз окубаганы жөнүндө келген башка риваяттар далил болот. Мисалы, Абу Давуд жана Термизий Анастан төмөнкүнү риваят кылды:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ لَمْ يُصَلِّ عَلَى قَتْلَى أُحُدٍ وَلَمْ يُغَسِّلْهُمْ»

**«Набий с.а.в Ухудда өлтүрүлгөндөргө намаз окубады жана аларды гусл кылбады».** Ахмад Анастан төмөнкүнү риваят кылды: **«Ухуд шейиттери гусл кылынбады, алар кандары менен жерге берилди, аларга намаз окулбады».** Бухарий Жабир ибн Абдулла р.адан мындай дегенин риваят кылды:

**«كَانَ النَّبِيُّ ﷺ يَجْمَعُ بَيْنَ الرَّجُلَيْنِ مِنْ قَتْلَى أُحُدٍ فِي ثَوْبٍ وَاحِدٍ ثُمَّ يَقُولُ: أَيُّهُمْ أَكْثَرُ أَخْذًا لِلْقُرْآنِ؟ فَإِذَا أُشِيرَ لَهُ إِلَى أَحَدِهِمَا قَدَّمَهُ فِي اللَّحْدِ، وَقَالَ: أَنَا شَهِيدٌ عَلَى هَؤُلَاءِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، وَأَمَرَ بِدَفْنِهِمْ فِي دِمَائِهِمْ، وَلَمْ يُغَسَّلُوا وَلَمْ يُصَلَّ عَلَيْهِمْ»**

**«Расулулла с.а.в Ухудда өлтүрүлгөндөрдөн эки кишини бир кийимге жамдап, андан соң: Алардын кайсы бири Куранды көбүрөөк** (жаттаган)**? – деп сурайт эле. Алардын кайсы бири көрсөтүлсө, аны жайына мурда коёт эле жана: Мен буларга күбөмүн, - деп айтып, аларды кандары менен көмүүгө буйруду. Алар гусл кылынышпады жана аларга намаз да окулбады».** Бул хадистер да сабит хадистер болуп, шейитке намаз окулбашына ачык далалат кылып жатат. Имам Шафиъий Ухудда өлтүрүлгөндөрдү көмүүдөн мурда аларга намаз окулганы жөнүндө варид болгон риваяттар жөнүндө жооп берип: «Кабарлар мутаватирлиги жагынан Набий с.а.вдын Ухудда өлтүрүлгөндөргө намаз окубаганы көз менен көрүлгөндөй келди», - деди. Демек, бул хадистердин бардыгы – Набий с.а.в шейитке намаз окуган деп риваят кылынгандары да, намаз окубаган деп риваят кылынгандары да – сабит хадистер. Ошондуктан, алардын эч бирин четке кагууга жол жок. Себеби, алар риваят жана дироят жагынан хужжат келтириле турган далилдер түркүмүнө кирет. Алардын бирин башкасынан үстөм коюуга да жол жок. Себеби, сахабалардын мына ушул шейиттерге намаз окулганынан кабарсыз калышы ыктымалдан алыс болгону сыяктуу эле, намаз окулбаганынан кабарсыз калышы да ыктымалдан алыс. Ошондой болгон соң, бул хадистердин бирин башкасынан үстөм коюуга кантип болсун? «Шейитке намаз окулганы сабит болгон бул хадистердеги намаздан көздөлгөн маани – дуба, ошондуктан, намаз окуду деген сөз дуба кылды маанисинде», - деп айтылбайт. Себеби, шаръий акыйкаттар – эгерде бирер карина келбесе – лугавийден алдыга (мукаддам) коюлат. Бул жерде

болсо эч бир карина келген эмес. Демек, намаз дегени өлүккө окула турган шаръий намаз экендиги анык. «Шейитке намаз окулганы жөнүндөгү хадистер намаз окулбаганы жөнүндөгү хадистерди мансух кылат. Себеби, алардын бири т.а. Ухудда өлтүрүлгөндөргө сегиз жылдан кийин намаз окулганы жөнүндөгү хадис бардык хадистерден кийин келген. Себеби, Ибн Хиббан риваятында: **«Андан соң үйүнө кирип, тээ Алла кобз кылмайынча чыкпады деп айтылган»**, - деп да айтылбайт. Себеби, хадистин кийин келгендигинин өзү гана мансух болууга далалат кылуу үчүн жетиштүү эмес. Тескерисинче, мансух болгонун билдире турган башка бир карина да болушу керек. Бул жерде болсо эч бир карина жок. Демек, мансух болуу да жок. Ошондуктан, бул риваяттардын бардыгы этибардуу болуп кала берет жана алардан шейитке намаз окубастык жайиз деген маани алынат. Себеби, Расулулла с.а.вдын Бадрда өлтүрүлгөндөргө да, Хандак казатында өлтүрүлгөндөргө да, Хайбарда өлтүрүлгөндөргө да намаз окуганы риваят кылынбаган. О.э. бул риваяттардан шейитке намаз окулса эч бир зыяны жок деген маанини түшүнсө да болот. Ошондуктан, адамдардын шейиттерге намаз окушуна тоскоолдук кылынбайт.

Шейитке бейиш болушу жөнүндө Куран нассы күбөлүк бергени үчүн ал шейит деп аталат. Алла Таала айтат:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ ٱشۡتَرَىٰ مِنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ أَنفُسَهُمۡ وَأَمۡوَٰلَهُم بِأَنَّ لَهُمُ ٱلۡجَنَّةَۚ يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَيَقۡتُلُونَ وَيُقۡتَلُونَ﴾

***«Албетте, Алла момундардын жандарын жана малдарын алардан бейиштин акысына сатып алды – алар Алланын жолунда согушуп*** *(кафирлерди)* ***өлтүрүшөт жана*** *(өздөрү да Алла үчүн шейит болуп)* ***өлтүрүлүшөт»*** [9:111]

Муслим Жабирден мындай дегенин риваят кылды:

**«قَالَ رَجُلٌ: أَيْنَ أَنَا يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنْ قُتِلْتُ؟ قَالَ: فِي الْجَنَّةِ فَأَلْقَى تَمَرَاتٍ كُنَّ فِي يَدِهِ ثُمَّ قَاتَلَ حَتَّى قُتِلَ»**

**«Бир киши: (**Сувайддын риваятында «бир киши Набий с.а.вга Ухуд күнүндө айтты» деп келген**) Я Расулулла, эгер өлтүрүлсөм, мен кайда боломун? – деп сурады. Пайгамбарыбыз с.а.в: Бейиште, - деп жооп берди. Ошондо**

**ал колундагы курмаларды ыргытып жиберип согушка кирип кетти жана өлтүрүлгөнгө чейин согушту».** Анас ибн Маликтен риваят кылынышынча, Расулулла с.а.в сахабалары менен ылдам жүрүп, Бадрга мушриктерден мурда жетип келишти. Расулулла с.а.в:

**«لاَ يُقَدِّمَنَّ أَحَدٌ مِنْكُمْ إِلَى شَيْءٍ حَتَّى أَكُونَ أَنَا دُونَهُ. فَدَنَا الْمُشْرِكُونَ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: قُومُوا إِلَى جَنَّةٍ عَرْضُهَا السَّمَوَاتُ وَالأَرْضُ. قَالَ يَقُولُ عُمَيْرُ بْنُ الْحُمَامِ الأَنْصَارِىُّ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، جَنَّةٌ عَرْضُهَا السَّمَوَاتُ وَالأَرْضُ؟ قَالَ: نَعَمْ. قَالَ بَخٍ بَخٍ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: مَا يَحْمِلُكَ عَلَى قَوْلِكَ بَخٍ بَخٍ. قَالَ: لاَ وَاللَّهِ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِلاَّ رَجَاءَةَ أَنْ أَكُونَ مِنْ أَهْلِهَا. قَالَ: فَإِنَّكَ مِنْ أَهْلِهَا. فَأَخْرَجَ تَمَرَاتٍ مِنْ قَرْنِهِ فَجَعَلَ يَأْكُلُ مِنْهُنَّ ثُمَّ قَالَ: لَئِنْ أَنَا حَيِيتُ حَتَّى آكُلَ تَمَرَاتِي هَذِهِ إِنَّهَا لَحَيَاةٌ طَوِيلَةٌ فَرَمَى بِمَا كَانَ مَعَهُ مِنَ التَّمْرِ ثُمَّ قَاتَلَهُمْ حَتَّى قُتِلَ»**

**«Бириңер да мен анын маңдайында болмоюнча, эч бир нерсеге кадам койбогула, - деди. Мушриктер жакындашканда Расулулла с.а.в: Кеңдиги жер-асмандарча болгон бейишке козголгула, - деди. Ошондо Умайр ибн Хумам Ансарий: Я Расулулла, кеңдиги жер-асмандарча болгон бейиш дедиңизби? - деп сурады. Пайгамбарыбыз с.а.в: Ооба, - деди. Умайр: Ах-ах, - деп жиберди. Муну угуп, Расулулла с.а.в: Эмнеге ах-ах дедиң? - деп сурады. Умайр: Аллага ант болсун, я Расулулла, бейиш калкынан болушумду үмүт кылып ошондой дедим, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в: Сен анын калкынансың, - деди. Ошондо Умайр жанынан курмаларды алып чыгып жей баштады. Андан кийин: Эгер бул курмаларды жеп болгончо тирүү турсам, бул узун өмүр сүрүү болуп калат, - деди да, курмаларды ыргытып жиберип, согушка кирип кетти жана өлтүрүлгөнгө чейин согушту».** Муслим риваяты. Демек, Алла Таала жана Расулулла с.а.в шейиттин бейиште болушу жөнүндө күбөлүк берди. Шейиттин тирүү болушуна келсек, бул да Куран нассы менен сабит болгон. Алла Таала айтат:

وَلاَ تَحْسَبَنَّ الَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ اللّهِ أَمْوَاتاً بَلْ أَحْيَاء عِندَ رَبِّهِمْ يُرْزَقُونَ ۩ فَرِحِينَ بِمَا آتَاهُمُ اللّهُ مِن فَضْلِهِ وَيَسْتَبْشِرُونَ بِالَّذِينَ لَمْ يَلْحَقُواْ بِهِم مِّنْ خَلْفِهِمْ أَلاَّ

خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ ۞ يَسْتَبْشِرُونَ بِنِعْمَةٍ مِّنَ اللّهِ وَفَضْلٍ وَأَنَّ اللّهَ لاَ يُضِيعُ أَجْرَ الْمُؤْمِنِينَ

«***Алланын жолундагы согушта өлтүрүлгөн заттарды эч качан өлүктөр деп ойлобогула! Жок, алар тирүү! Ал заттар Алла Өз жоомарттыгы менен берген неъматтардан ырахаттанган абалда курсант болушууда жана азырынча аркаларынан жетип келбеген боордошторуна эч кандай коор-коркунуч жоктугу жана кайгырбастыгы жөнүндө кушкабар беришүүдө. Алар Алла тараптан болгон неъмат жана жоомарттык жөнүндө о.э. момундардын ажр-сыйлыктарын Алла бекер кылбастыгы жөнүндө кушкабар беришүүдө***» [3:169-171]

Шейиттин тирүү болушу гоибий турмуш болуп, биз аны сезе да, биле да албайбыз. Себеби, ал түбөлүктүүлүк ааламындагы жашоо. Биз шейиттин бул турмушун биле албасак да жана сезе албасак да, бирок, анын бар экендигине ыйман келтиребиз. Биз анын акыйкатын биле албасак да, ага ыйман келтиришибиз анык болгон иш. Себеби, ал Курандын катъий нассы менен сабит болгон. Алла Таала айтат:

﴿وَلَا تَقُولُوا۟ لِمَن يُقْتَلُ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ أَمْوَٰتٌۢ ۚ بَلْ أَحْيَآءٌ وَلَٰكِن لَّا تَشْعُرُونَ﴾

«***Алла жолундагы согушта өлтүрүлгөн заттарды эч качан өлүктөр деп ойлобогула! Жок, алар тирүү, бирок, силер сезбейсиңер***» [2:154]

Шейиттердин тирүү болушу ыйман келтирүү важиб болгон гоиб нерселерден. Шейиттердин фазлине келсек, ал өтө улуу фазл болуп, ага эч бир фазл теңеле албайт. Муну Набий с.а.в бир нече хадистерде баян кылган. Бухарий Котододан мындай дегенин риваят кылды: Мен Анас ибн Малик р.адан Набий с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«**مَا مِنْ أَحَدٍ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ يُحِبُّ أَنْ يَرْجِعَ إِلَى الدُّنْيَا وَلَهُ مَا عَلَى الأَرْضِ مِنْ شَيْءٍ إِلاَّ الشَّهِيدُ يَتَمَنَّى أَنْ يَرْجِعَ إِلَى الدُّنْيَا فَيُقْتَلَ عَشْرَ مَرَّاتٍ لِمَا يَرَى مِنَ الْكَرَامَةِ**»

**«Бейишке кирген бирер киши – эгер ага жер жүзүндөгү бардык нерсе берилсе да – бул дүйнөгө кайтууну каалабайт. Болгону шейит гана ага берилген фазл-карамды көрүп, дүйнөгө кайтып ондогон жолу өлтүрүлүүнү арзуу кылат».** Бухарийде төмөнкү риваят да келген, Мугийра ибн Шуъба айтат:

«أَخْبَرَنَا نَبِيُّنَا ﷺ عَنْ رِسَالَةِ رَبِّنَا مَنْ قُتِلَ مِنَّا صَارَ إِلَى الْجَنَّةِ»

**«Бизге Набиййибиз с.а.в Роббибиздин рисалатынан кабар берип, бизден ким өлтүрүлсө бейишке бара тургандыгын айтты».** Умар Набий с.а.вга:

«أَلَيْسَ قَتْلاَنَا فِي الْجَنَّةِ وَقَتْلاَهُمْ فِي النَّارِ قَالَ: بَلَى»

**«Бизден өлтүрүлгөндөр бейиште, алардан өлтүрүлгөндөр болсо тозокто эмеспи? – дегенде, Пайгамбарыбыз с.а.в: Ооба, ошондой, - деди».** Абдулла ибн Амр ибн Асстан риваят кылынышынча, Расулулла с.а.в:

«يُغْفَرُ لِلشَّهِيدِ كُلُّ ذَنْبٍ إِلاَّ الدَّيْنَ»

**«Шейиттин бардык күнөөлөрү магфират кылынат, болгону, карыз гана мындан тышкары»,** - деген. Муслим риваяты. Муслимдин дагы риваят кылышынча, Набий с.а.в:

«الْقَتْلُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ يُكَفِّرُ كُلَّ شَيْءٍ إِلاَّ الدَّيْنَ»

**«Алла жолунда өлтүрүлүү бардык нерсеге каффарат болот, болгону, карыз гана мындан тышкары»**, - деген. Бухарий жана Муслим Абу Хурайрадан риваят кылышынча, Набий с.а.в мындай деди:

«تَكَفَّلَ اللَّهُ لِمَنْ جَاهَدَ فِي سَبِيلِهِ لاَ يُخْرِجُهُ مِنْ بَيْتِهِ إِلاَّ جِهَادٌ فِي سَبِيلِهِ وَتَصْدِيقُ كَلِمَتِهِ بِأَنْ يُدْخِلَهُ الْجَنَّةَ أَوْ يَرْجِعَهُ إِلَى مَسْكَنِهِ الَّذِي خَرَجَ مِنْهُ مَعَ مَا نَالَ مِنْ أَجْرٍ وَغَنِيمَةٍ. وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ مَا مِنْ كَلْمٍ يُكْلَمُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ إِلاَّ جَاءَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ كَهَيْئَتِهِ حِينَ كُلِمَ لَوْنُهُ لَوْنُ دَمٍ، وَرِيحُهُ رِيحُ مِسْكٍ. وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لَوْلاَ أَنَّ رِجَالاً مِنَ الْمُؤْمِنِينَ لاَ تَطِيبُ نُفُوسُهُمْ أَنْ يَتَخَلَّفُوا عَنِّي، وَلاَ أَجِدُ مَا أَحْمِلُهُمْ عَلَيْهِ، مَا تَخَلَّفْتُ عَنْ سَرِيَّةٍ تَغْدُو فِي سَبِيلِ اللَّهِ. وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لَوَدِدْتُ أَنْ أُقْتَلَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، ثُمَّ أُحْيَا ثُمَّ أُقْتَلَ، ثُمَّ أُحْيَا ثُمَّ أُقْتَلَ، ثُمَّ أُحْيَا ثُمَّ أُقْتَلَ»

**«Алла анын жолунда жихад кылган, бир гана Алла жолунда жихад кылуу жана анын сөзүн тастыктоо үчүн чыккан кишини бейишке киргизүүнү же өз мекенине өзү жетишкен сооп жана олжо менен кайтарууну өз мойнуна алды. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, Алла жолунда жарадар болгон бирер жараат жок, кыямат күнүндө жарадар болгон кездеги көрүнүшүндөй**

**келбесе, түсү кандын түсүндөй, жыты мисктин жытындай болот. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, эгер менден калып кетүүлөрү көңүлүнө жакпай турган – акыйкатта болсо, менде аларды мингизүүгө улоо болбогон – момундар болбогондо эле, мен Алла жолунда эртелеп чыгып кете турган бирер сарийядан калбайт элем. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, Алла жолунда өлтүрүлүшүмдү, андан кийин дагы тирилишимди, андан кийин дагы өлтүрүлүшүмдү, андан кийин дагы тирилишимди, андан кийин дагы өлтүрүлүшүмдү, андан кийин дагы тирилишимди, андан кийин дагы өлтүрүлүшүмдү аябай каалайт элем».**

# Рибат

Жихадга тийиштүү нерселердин бири – рибат. Рибат – бул мусулмандарды кубаттуу кылуу үчүн чегарада туруу. Душманга чектеш болгон, калкы душманга коркунуч туудура турган жана душман да калкына коркунуч туудура турган ар бир жер чегара деп аталат. Башкача айтканда, чегара – бул артында Ислам жок жер. Рибат дегени – динди азиз кылуу үчүн жана мусулмандардан кафирлер жамандыгын жок кылуу үчүн чегарада туруу дегени. Душмандын чабуулу күтүлө турган ар бир жерде аны жок кылуу максатында туруу рибат эсептелет. Себеби, рибат түпкүлүгүндө Алла Тааланын:

﴿وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ ٱلْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمْ﴾

«*(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч жана ээрленген аттарды даярдап койгула, муну менен Алланын жана өзүңөрдүн душмандарыңарды коркууга саласыңар***» [8:60]

- деген аятында келген «аттарды даярдоо»дон келип чыккан. Себеби, алар да, булар да аттарды даярдаганда – бардыгы өз боордошу үчүн даярдайт. Ошол жер чегара деп аталды. Ал жерде жашоо болсо – мейли, ал жерде аттар болбосо да – рибат деп аталды. Ушуга ылайык, кимде-ким душманды жок кылуу ниетинде чегарада жашаган соң, муробит эсептелет. Ошол жер анын мекени болобу б.а. адатта жашай турган масканы болобу же болбойбу, мунун айырмасы жок. Себеби, бул жердин мекен болушу же болбостугунун этибары жок. Тескерисинче, душманды кайтаруу жана аны коркууга салуу ниетинде болсо болду. Рибаттын фазли өтө улуу жана сообу чоң. Себеби, рибат мусулмандарды жана алардын үй-бүлөлөрүн коргоо, чегарадагы калкка жана казат калкына кубат болуу. Рибат жихаддын негизи жана фаръы. Рибаттын фазли жөнүндө бир нече насстар келген. Мисалы, сахих Муслимде Салман р.анун төмөнкү сөздөрү келген: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«رِبَاطُ يَوْمٍ وَلَيْلَةٍ فِي سَبِيلِ اللَّهِ خَيْرٌ مِنْ صِيَامِ شَهْرٍ وَقِيَامِهِ، وَإِنْ مَاتَ جَرَى عَلَيْهِ عَمَلُهُ الَّذِي كَانَ يَعْمَلُهُ، وَأُجْرِيَ عَلَيْهِ رِزْقُهُ، وَأَمِنَ الْفَتَّانَ»

**«Алла жолунда бир күн жана бир түндүк рибат бир ай күндүзү орозо кармап, түнү намаз окугандан жакшыраак. Эгер өлсө, кылып жүргөн амалы ага жазыла берет, ырыскысы да жазыла берет, фитналардан аман болот».** Табароний марфуъ хадисте ишенимдүү адамдардын санады менен риваят кылды:

«... وَمَنْ مَاتَ مُرَابِطاً فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَمِنَ مِنَ الْفَزَعِ الأَكْبَرِ»

**«... Кимде-ким Алла жолунда муробит болуп өлсө, эң чоң коркунучтан аман болот».** Абу Умамадан риваят кылынышынча, Пайгамбар с.а.в мындай деди:

«إِنَّ صَلاَةَ الْمُرَابِطِ تَعْدِلُ خَمْسَمِائَةِ صَلاَةٍ، وَنَفَقَةُ الدِّينَارِ وَالدِّرْهَمِ فِيهِ أَفْضَلُ مِنْ سَبْعِمِائَةِ دِينَارٍ يُنْفِقُهُ فِي غَيْرِهِ»

**«Муробиттин намазы беш жүз намазга барабар болот. Муробиттикте жумшала турган бир динар жана дирхам башка убакта жумшала турган жети жүз динардан жакшыраак».** Бул хадисти Байхакий «Шуабул ийман»да риваят кылган. Фазола ибн Убайддан мындай дегени риваят кылынды: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«كُلُّ مَيِّتٍ يُخْتَمُ عَلَى عَمَلِهِ إِلاَّ الَّذِي مَاتَ مُرَابِطاً فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَإِنَّهُ يَنْمُو لَهُ عَمَلُهُ إِلَى يَوْمِ الْقِيَامَةِ، وَيَأْمَنُ فِتْنَةَ الْقَبْرِ»

**«Өлгөн ар бир адамдын амалы жабылат. Болгону, Алла жолунда муробит болуп өлгөн кишинин амалы жабылбайт. Себеби, анын амалы кыямат күнүнө чейин өсүп барат жана ал кабыр фитнасынан аманчылыкта болот».** Термизий риваяты.

Рибат аз жана көп болот. Рибат ниетинде турган ар бир мөөнөт аз же көп болушуна карабастан, рибат болуп эсептелет. Ошондуктан да Набий с.а.в: **«Бир күн жана бир түндүк рибат...»**, - деди. Абзели мусулман кишинин муробит болуу ниетинде жашоо үчүн чегарага көчүп барышы. Ошондуктан да, салафтардын көпчүлүгү муробит болуу үчүн чегарада жашоону ыктыяр кылышкан. Чегарада жашаган калктын өзү да – эгерде ал жерде жашоодогу ниети душманды кайтаруу жана коркутуу

болсо – муробиттер болуп эсептелишет. Эгер алардын өзү менен эле душман кайтарыла турган болсо, алар муробит болуп эсептелишет. Эми эгер душманды кайтаруу анын артындагы дагы бир чегара менен ишке аша турган болсо эки чегарада жашоо да рибат болуп эсептелет. Мусулмандардын душманды кайтаруу жана коркутуу ишке аша турган өлкөлөрүндө жашоосу рибат болуп эсептелет жана алар муробит болушат.

Алла жолунда сакчылык кылуу да Алла жолундагы муробиттик сыяктуу болот. Себеби, анда өтө чоң фазл бар. Ибн Аббастан мындай дегени риваят кылынган: Мен Расулулла с.а.вдан мындай дегенин уктум:

«عَيْنَانِ لاَ تَمَسُّهُمَا النَّارُ عَيْنٌ بَكَتْ مِنْ خَشْيَةِ اللَّهِ، وَعَيْنٌ بَاتَتْ تَحْرُسُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

**«Эки түрдүү көз бар, аларга тозок оту тийбейт. Бири Алладан коркуп ыйлаган көз жана экинчиси Алла жолунда сакчылык кылып түндү өткөргөн көз».** Термизий риваяты. Усман р.адан мындай дегени риваят кылынган: Мен Расулулла с.а.вдын мындай дегенин уктум:

«حَرَسُ لَيْلَةٍ فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَفْضَلُ مِنْ أَلْفِ لَيْلَةٍ يُقَامُ لَيْلُهَا، وَيُصَامُ نَهَارُهَا»

**«Алла жолунда бир түн сакчылык кылуу миң күн орозо кармап, миң түн намаз окугандан жакшыраак».** Ахмад риваяты.

# Исламий кошуун

## (Жайшул-исламийя)

Жихад мусулмандарга фарз. Бул жаатта таквалуу менен фасыктын, чыныгы ыймандуу адам менен мунафыктын ортосунда айырма жок. Себеби, согуш жөнүндөгү аяттар умумий келген. Насстар эгер умумий келсе жана аларды хостоп коё турган бирер далил келбесе, умумий бойдон кала берет. Жихадды айрым мусулмандарга гана хостоп коё турган эч кандай далил келген эмес. Ошондуктан, насстар умумий бойдон кала берет. Ушуга ылайык, исламий кошуундун сабына мунафыктарды, фасыктарды жана хамияты козголуп согуша турган кимселерди да алуу жайиз. Эми бул кимселердин душманга каршы согушууда жана исламий кошуунда чыныгы момундар менен бирге бир сапта болуусу жайиз экендигине келсек, буга далил жихад аяттарынын умумий келгендиги. Кала берсе, Расулулла с.а.в согушта мунафыктардын башчысы Абдулла ибн Убайдан жардам сураган, айрым казаттарда аны менен бирге болгон, Ухуд күнүндө согуштан мурда аскерий кеешмелерде да аны менен бирге болгон. Расулулла с.а.в мунафыктарга Табук согушунан калууга уруксат берген кезде Алла Пайгамбарыбыз с.а.вды жемеледи. Алла Таала айтат:

﴿عَفَا ٱللَّهُ عَنكَ لِمَ أَذِنتَ لَهُمۡ حَتَّىٰ يَتَبَيَّنَ لَكَ ٱلَّذِينَ صَدَقُواْ وَتَعۡلَمَ ٱلۡكَٰذِبِينَ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***Алла сени кечирди.*** *(Бирок)* ***эмне үчүн тээ сага чынчыл адамдар анык болуп, жалганчыларды да анык билгенге чейин,*** *(т.а. алардын жалган анттарына ишенип)* ***аларга*** *(жихадга чыкпастык үчүн)* ***уруксат бердиң?!***» [9:43]

Фасыктарга келсек, буга да аяттардын умумий келгени жана Абу Хурайрадан риваят кылынган төмөнкү хадис далил болот:

«أَمَرَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ بِلاَلاً فَنَادَى فِي النَّاسِ أَنَّهُ لاَ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ إِلاَّ نَفْسٌ مُسْلِمَةٌ، وَإِنَّ اللَّهَ لَيُؤَيِّدُ هَذَا الدِّينَ بِالرَّجُلِ الْفَاجِرِ»

**«Расулулла с.а.в Билалга буйруду. Ал адамдарга кайрылып, бейишке мусулман адам гана кире**

**тургандыгын жана Алла бул динди фажир киши менен да кубаттай тургандыгын билдирди».** Бухарий риваяты. Кала берсе, жихад халифа аткара турган фарздардын бири. Ошондуктан, эгерде бул фарз фасыкка колдонулбаса – акыйкатта болсо, ал мусулмандардын бири – Алланын өкүмдөрүнүн бирин аткарбастык болуп калат. Бул болсо, арам. Ошондуктан, жихад фасыктарга да, таквадарларга да бирдей колдонулат.

## Согушта кафирлерден жардам суроо

Кафирлерден жеке адамдар катары жардам суроо жайиз. Болгону, алар исламий байрак астында болушу керек. Алардын зиммий болушу же болбостугунун айырмасы жок. Т.а. алар Исламий мамлекеттин жарандарыбы же жокпу, мунун айырмасы жок. Ал эми алардан өз алдынча эгемендүү мамлекет катары жардам суроо таптакыр жайиз эмес. Алардан эгемендүү мамлекет катары жардам суроо арам. Согушта кафирлерден жеке адам катары жардам суроо жайиз экендигине далил төмөнкүлөр: «Ухуд күнү Казман Расулулла с.а.в асхабы менен бирге чыкты. Ал мушрик эле. Ал бани Абдуддардан үч кишини өлтүрдү. Алар мушриктердин туу башылары эле. Ал тургай, Пайгамбарыбыз с.а.в:

«إِنَّ اللَّهَ لَيَأْزُرُ هَذَا الدِّينَ بِالرَّجُلِ الْفَاجِرِ»

**«Албетте, Алла бул динди фажир киши менен да кубаттайт»,** - деди». Бул хадисти Табарий «Тарых»ында риваят кылды. Хузоа уруусу фатх жылында Курайшка каршы согушуу үчүн Набий с.а.в менен бирге чыкты. Акыйкатта болсо, Хузоа ошол кезде мушрик эле. Ал тургай, бул урууга Расулулла с.а.в:

«يَا مَعْشَرَ خُزَاعَةَ، وَارْفَعُوا أَيْدِيَكُمْ عَنِ الْقَتْلِ، فَقَدْ كَثُرَ أَنْ يَقَعَ»

**«Эй Хузоа жамааты, колуңарды өлтүрүүдөн тарткыла, өлүп кулоо көбөйүп кетти»,** - деди. Ахмад риваяты. Бул хадистердин бардыгы сахих болуп, кафирлерден жеке адамдар катары жардам суроо жайиз экендигине ачык далалат кылууда. Т.а. кафирдин мусулмандар кошууну сабында мусулмандар менен бирге туруп душманга каршы согушуусу жайиз экендигине далалат кылууда. Бирок, кафир адам армия сабында болууга жана согушууга мажбур кылынбайт. Себеби, жихад ага фарз эмес жана ага олжодон берилбейт. Бирок, ага бир өлчөм мал берилет. Эгер кафир мусулмандар менен бир сапта туруп согушууну талап кылса т.а. мусулмандар кошуунунун сабында болушун талап кылса – эгер ал ишенимдүү болуп, кыянат кылышынан коркпосо – бул нерсе кошуундагы ар бир кызмат тармагында жайиз. Ал эми Аиша رضي الله عنها дан варид болгон хадиске келсек, Аиша энебиз мындай деди:

«خَرَجَ النَّبِيُّ ﷺ قِبَلَ بَدْرٍ فَلَمَّا كَانَ بِحَرَّةِ الْوَبَرَةِ أَدْرَكَهُ رَجُلٌ قَدْ كَانَ يُذْكَرُ مِنْهُ جُرْأَةٌ وَنَجْدَةٌ، فَفَرِحَ أَصْحَابُ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ حِينَ رَأَوْهُ، فَلَمَّا أَدْرَكَهُ قَالَ لِرَسُولِ اللَّهِ ﷺ: جِئْتُ لأَتَّبِعَكَ وَأُصِيبَ مَعَكَ، فَقَالَ لَهُ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: تُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ قَالَ: لاَ، قَالَ: فَارْجِعْ، فَلَنْ أَسْتَعِينَ بِمُشْرِكٍ، قَالَتْ: ثُمَّ مَضَى حَتَّى إِذَا كُنَّا بِالشَّجَرَةِ أَدْرَكَهُ الرَّجُلُ، فَقَالَ لَهُ كَمَا قَالَ أَوَّلَ مَرَّةٍ، فَقَالَ لَهُ النَّبِيُّ ﷺ كَمَا قَالَ أَوَّلَ مَرَّةٍ، قَالَ: فَارْجِعْ فَلَنْ أَسْتَعِينَ بِمُشْرِكٍ، قَالَ: ثُمَّ رَجَعَ فَأَدْرَكَهُ بِالْبَيْدَاءِ، فَقَالَ لَهُ كَمَا قَالَ أَوَّلَ مَرَّةٍ تُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ؟ قَالَ: نَعَمْ. فَقَالَ لَهُ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: فَانْطَلِقْ»

**«Набий с.а.в Бадр тарапка карай жолго чыкты. Харратул вабарага барганда, артынан бир киши жетип келди. Ал кайраттуу жана эр жүрөк адам деп таанылган эле. Аны көрүп Расулулла с.а.вдын асхабдары кубанып кетишти. Ал жетип келип Расулулла с.а.вга: Сизди ээрчүү үчүн келдим, сиз менен бирге болсом мага да бирер нерсе тийип калар, - деди. Расулулла с.а.в ага: Алла жана Расулуна ыйман келтиресиңби? - деди. Ал: Жок, - деди. Пайгамбарыбыз с.а.в: Андай болсо артыңа кайт, себеби, мен эч качан мушриктен жардам сурабаймын, - деди. Ошондон кийин ал кайтып кетти. Биз бир даракка жетип келгенибизде ал дагы жетип келип, дагы мурда айткан сөздөрүн кайталады. Набий с.а.в ага дагы ошол жоопту айтып: Артыңа кайт, себеби, мен эч качан мушриктен жардам сурабаймын, - деди. Андан кийин ал кайтып кетти. Андан соң Байдада дагы жетип алды. Пайгамбарыбыз с.а.в ага дагы мурда айткан сөзүн кайталап: Алла жана Расулуна ыйман келтиресиңби? - деди. Ал: Ооба, - деди. Ошондон кийин Расулулла с.а.в: Андай болсо, жүр, кеттик, - деди».** Муслим риваяты. Бул хадис Набий с.а.вдын мушриктерден жардам сурагандыгы жөнүндөгү риваятка тескери келбейт. Себеби, ал киши согушуу үчүн олжо (ганимат) алышын шарт кылып койду. Себеби, ал: «Сизди ээрчүү үчүн келдим, сиз менен бирге болсом мага да бирер нерсе тийип калар», - деди. Ганимат болсо мусулмандарга гана берилет. Ошондуктан, Набий с.а.вдын андан жардам алууну четке каккандыгы ушул мааниде түшүнүлөт. О.э. бул хадистен кафирлерден жеке адамдар катары жардам суроо халифанын

ыктыярына тапшырылгандыгы да түшүнүлөт. Халифа кааласа жардам сурайт, кааласа четке кагат. Ал эми Хубайб ибн Абдуррахмандан, ал атасынан, ал чоң атасынан риваят кылган төмөнкү:

**«أَتَيْتُ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ وَهُوَ يُرِيدُ غَزْوًا، أَنَا وَرَجُلٌ مِنْ قَوْمِي وَلَمْ نُسْلِمْ، فَقُلْنَا: إِنَّا نَسْتَحْيِي أَنْ يَشْهَدَ قَوْمُنَا مَشْهَدًا لاَ نَشْهَدُهُ مَعَهُمْ، قَالَ: أَوَ أَسْلَمْتُمَا؟ قُلْنَا: لاَ، قَالَ: فَلاَ نَسْتَعِينُ بِالْمُشْرِكِينَ عَلَى الْمُشْرِكِينَ، فَأَسْلَمْنَا وَشَهِدْنَا مَعَهُ»**

**«Мен Расулулла с.а.вдын алдына келсем, ал киши казатка чыкмакчы болуп турган экен. Мени менен бирге коумумдан бир киши да келген эле. Биз Исламга кире элек болчубуз. Биз: Коумубуз менен бирге чыкпастыктан уялабыз, - дедик. Расулулла с.а.в: Исламга киргенсиңерби? - деди. Биз: Жок, - дедик. Пайгамбарыбыз с.а.в: Биз мушриктерге каршы мушриктерден жардам сурабайбыз, - деди. Ошондон кийин биз Исламга кирдик жана ал киши менен бирге казатка чыктык», -** деген хадиске келсек (Ахмад риваяты), бул хадистен: «Кафирлерден жардам суроо халифанын райына сунушталат. Ал кааласа жардам сурайт, кааласа четке кагат», - деген маани түшүнүлөт. Себеби, Расулулла с.а.в Ухудда жардам сураган. Мекке фатхында да жардам сурады. Бадрда болсо жардам алууну четке какты. Хубайбдын чоң атасы жана ал менен бирге келген кишиден ал экөө Исламга киргенге чейин жардам алууну четке какты. Демек, Расулулла с.а.вдын кафир адамдардан жардам сураганы сабит болгон соң жана алардан Исламга киргенге чейин жардам алууну четке какканы да сабит болгон соң, демек, бул нерсе согушта кафир адамдардан жардам суроо жайиз экендигине жана жардам суроо халифанын райына сунушталышына, кааласа жардамды кабыл алышына, кааласа аны четке кагышына далил болот. Байхакий Шафиъийдин мындай деп жазганын айткан: «Набий с.а.в өзү четке каккан адамдарда шыктанууну сезгендиктен, алардын Исламга киришинен үмүттөнүп, аларды четке какты. Ошондон кийин Алла ал кишинин күмөнү туура экендигин көрсөттү».

Эми согушта кафирлерден өз алдынча мамлекет катары жардам суроо жайиз эместигине келсек, буга Ахмад жана

Насаий Анастан кылган төмөнкү риваят далил болот, Расулулла с.а.в:

«لاَ تَسْتَضِيئُوا بِنَارِ الْمُشْرِكِينَ»

**«Мушриктер отунун жарыгынан пайдаланбагыла»**, - деген**.** Бул хадистеги «от» сөзү мушриктердин согушта өз алдынча бир уруу же мамлекет катары болуусуна киная. Байхакий айтат: Хафиз Абу Абдулла өз санады менен Абу Хамид Саидийден кылган риваят сахих риваят эсептелет. Ал мындай деген:

«خَرَجَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ حَتَّى إِذَا خَلَّفَ ثَنِيَّةَ الْوَدَاعِ إِذَا كَتِيبَةٌ قَالَ :مَنْ هَؤُلاَءِ؟ قَالُوا بَنِي قَيْنُقَاعَ وَهُوَ رَهْطُ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ سَلاَمٍ قَالَ: وَأَسْلَمُوا؟ قَالُوا: لاَ، بَلْ هُمْ عَلَى دِينِهِمْ، قَالَ: قُولُوا لَهُمْ فَلْيَرْجِعُوا، فَإِنَّا لاَ نَسْتَعِينُ بِالْمُشْرِكِينَ»

**«Расулулла с.а.в жолго чыгып Саниятул Вададан өткөндө бир куралдуу топко жолукту. Пайгамбарыбыз с.а.в: Булар кимдер? – деп сурады. «Булар бани Кайнуко, Абдулла ибн Саламдын туугандары», - деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Алар Исламга киришкенби? - деп сурады. «Жок, алар өз дининде калышкан», - деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз с.а.в: Аларга айткыла, артына кайтып кетишсин, себеби, биз мушриктерден жардам сурабайбыз, - деди».** Расулулла с.а.вдын Абдулла ибн Саламдын туугандары болгон бани Кайнукону артка кайтарып жиберишине алардын бир кафир топко биригип келишкендиги себеп болду. Алар бани Кайнуко деген этибарда өз байрагы астында келишти. Бани Кайнуко менен Расулулла с.а.вдын ортосунда шартнамалар бар эле. Ошондуктан, бани Кайнуко кудум бир мамлекет сыяктуу эле. Ошондуктан да Пайгамбарыбыз с.а.в аларды четке какты. Алар өз байрагы астында жана мамлекет катары келишкендиктен Пайгамбарыбыз с.а.в аларды четке какты. Болбосо четке какпайт эле. Буга Набий с.а.вдын Хайбарда жөөттөрдөн алар жеке адамдар абалында келишкенде жардамды кабыл алганы далил болот. Абу Хамид риваят кылган жогорудагы хадис бир шаръий иллет мазмунун өз ичине алып жатат. Бул иллет бар болсо өкүм вужудга келет. Иллет жок болсо өкүм да жок болот. Бул хадистеги иллет анын текстинде көрүнүп турат. Себеби,

ровий: «**Бир куралдуу топко дуушар болду. Пайгамбарыбыз с.а.в: Булар кимдер? - деп сурады. «Булар бани Кайнуко, Абдулла ибн Саламдын туугандары», - деп жооп беришти»**, - деп айтып жатат. Алардын куралдуу бир топ экендиктеринин мааниси алардын өз алдынча байрагы болгон өз алдынча кошуун экендиктери. Себеби, ар бир куралдуу отряддын өз байрагы болот. Демек, алардын өз байрагына ээ кафир аскерий топ экендиктери жана алар мамлекет даражасындагы жөөттөр болгон бани Кайнукодон экендиктери, алар менен Расулулла с.а.в ортосунда шартнамалар бар экендиги аларды четке кагып кайтарып жиберүүгө иллет болду. Алар кафир болгондугу үчүн эле эмес, тескерисинче, мына ушул иллет бар болгону үчүн да кайтарып жиберилди. Пайгамбарыбыз с.а.в алар Исламга кирүүнү четке кагышканы үчүн эле эмес, мына ушул иллетке да негизделип аларды кайтып кетүүгө буйруду. Муну Анас риваят кылган төмөнкү:

«لاَ تَسْتَضِيئُوا بِنَارِ الْمُشْرِكِينَ»

**«Мушриктер отунун жарыгынан пайдаланбагыла»**, - деген хадис да кубаттайт. Муну Расулулла с.а.вдын Казмандан – ал мушрик болсо да – Ухуд согушунда жардам алууну кабыл алганы да кубаттайт. Демек, бул нерсе кафирден өз алдынча бир мамлекет катары жардам суроону четке кагуу, кафирден жеке адам катары жардам суроону болсо кабыл алуу маанисин түшүндүрөт. Ушуга ылайык, кафирлерден бир кафир тайпа же уруу же өз байрагы астындагы мамлекет катары жана өз мамлекеттеринин бир бөлүгү катары жардам суроо эч бир жайиз эмес. Ал эми эгемендүү уруу болгон Хузоанын фатх жылында Курайшка каршы Набий с.а.в менен бирге чыкканына келсек, бул иш эгемендүү мамлекетке ээ болгон бир тайпадан жардам суроо жайиз экендигине далалат кылбайт. Себеби, Хузоа уруусу Худайбия жылында Курайш менен мусулмандар ортосунда сулх шартнамасы жазылган кезде катышкан эле. Ошол шартнаманын текстинде: «**Ким Мухаммаддын акдына жана ахдына кирүүнү кааласа ага кире берет жана ким Курайш акдына жана ахдына кирүүнү кааласа ага кире берет»**, - деген сөздөр келген. Ахмад риваяты. Ушул текстке ылайык, Хузоа уруусу: Биз Мухаммаддын акды жана ахдына киребиз, - дешти. Бани Бакр уруусундагылар болсо: Биз

Курайш акды жана ахдына киребиз, - дешти. Ошондуктан, Хузоа уруусу Курайш менен мусулмандар ортосундагы мына ушул шартнама боюнча мусулмандарга келип кошулду жана Расулулла с.а.в бул урууну ошол шартнама боюнча өз мамлекетинин курамындагы бир жамаат катары өз коргоосу астына алды. Ошондуктан, Хузоа уруусу өз алдынча бир тайпа катары эмес, тескерисинче, мусулмандар байрагы астындагы бир уруу катары жана Исламий мамлекеттин бир бөлүгү катары согушкан болот. Демек, бул уруудагылар өз алдынча эгемендүү бир вужуд катары эмес, тескерисинче, жеке адамдар катары согушкан болот. Ал эми Хузоа менен Расулулла с.а.в ортосунда кандайдыр бир союз же шартнама болгон деген күмөн туура эмес. Себеби, шартнама Расулулла с.а.в менен Хузоа ортосунда эмес, тескерисинче, Расулулла с.а.в менен Курайштын ортосунда болгон. Мына ушул шартнамага ылайык, бани Бакр уруусу Курайшка алардын бир бөлгү катары кошулган болсо, Хузоа уруусу мусулмандарга алардын мамлекетинин бир бөлүгү катары кошулду. Ушуга ылайык, Хузоанын Расулулла с.а.в менен бир сапта Курайшка каршы согушкандыгы бир кафир тайпанын мусулмандар менен бир сапта туруп согушкандыгы болбойт. Тескерисинче, ал бир кафир уруудагы кафир адамдардын мусулмандар менен бир сапта жана мусулмандар байрагы астында согушкандыгы болуп эсептелет. Бул болсо жайиз болуп, анда эч бир зыян жок. Ал эми Ахмад жана Абу Давуд Зумухаммардан риваят кылган Расулулла с.а.вдын:

«تُصَالِحُونَ الرُّومَ صُلْحاً آمِناً وَتَغْزُونَ أَنْتُمْ وَهُمْ عَدُوًّا مِنْ وَرَائِهِمْ»

**«Силер Рум менен тынчтык сулхун түзөсүңөр жана силер да, алар да алардын артындагы бир душманга каршы согушасыңар»**, - деген сөздөрүнөн римдиктер мамлекети эмес, римдик адамдар деген маани түшүнүлөт. Себеби, Пайгамбарыбыз с.а.в: **«Силер Рум менен тынчтык келишимин түзөсүңөр жана согушасыңар»**, - деди. Мусулмандар менен кафирлер ортосундагы келишим болсо качан гана кафирлер жизя төлөөгө жана мусулмандар байрагы астына кирүүгө ыраазы болушса гана түзүлөт. Себеби, Ислам мусулмандарга өздөрү согуша турган кафирлерге үч нерсенин бирин тандоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө буйруду: Же Исламга кириши керек, же жизя төлөшү керек, экөөнө тең көнүшпөсө,

аларга каршы согушулат. Кафирлер ушул үч нерсенин бирин тандашы керек. Ошондуктан, кафирлер менен келишим алар жизя төлөп исламий байрак астына киришкенде гана түзүлөт. Пайгамбарыбыз с.а.вдын: «**Силер алар менен сулх түзөсүңөр**», - деген сөзү алардын мусулмандар байрагы астында болушуна карина болот. Алар ошол кезде жеке адамдар эле. Муну Румда жүз берген окуя да кубаттайт. Себеби, мусулмандар румдуктарга каршы согушуп, аларды жеңди жана өлкөлөрүн ээлеп алышты. Румдуктар мусулмандар менен бир сапта жеке адамдар катары согушушту. Румдуктардын артындагы бир душманга каршы Исламий мамлекет менен бирге бир мамлекет катары согушкандыгы жүз берген эмес. Бул болсо, мына ушул хадисте айтылган нерсе мамлекет сыпатындагы эмес, жеке адамдар сыпатындагы Рум экендигин тастыктайт. Хадисти ушундай түшүнүү керек. Бул аркылуу болсо мушриктерден мамлекет катары жардам суроо жайиз экендигине далалат кыла турган бирер далил жок экендиги белгилүү болот. Тескерисинче, далилдер мунун таптакыр жайиз эместигин ачык көрсөтүп турат.

Булардын бардыгы кафирден жардам суроо анын жеке өзү мусулмандар менен бир сапта туруп согушуусу жөнүндө эле. Эми кафирден жардам сурап, андан курал-жарак алууга келсек, бул жайиз. Курал-жарак жеке адамдан алынабы, мамлекеттенби, мунун айырмасы жок. Болгону, бул кепилденген пайызсыз карыз (ариятун мазмунат) негизинде болушу керек. Буга төмөнкү риваят далил болот. Расулулла с.а.в Хавазинге каршы жүрүшкө чыгуу үчүн кошуун топтоду. Ошондо Пайгамбарыбыз с.а.вга Сафван ибн Умайяда сооттор жана курал-жарактар бар экендиги айтылды. Ал мушрик болчу. Пайгамбарыбыз с.а.в ага адам жиберип:

**«يَا أَبَا أُمَيَّةَ أَعِرْنَا سِلاَحَكَ هَذَا نَلْقَى فِيهِ عَدُوَّنَا غَدًا فَقَالَ صَفْوَانُ: أَغَصْبًا يَا مُحَمَّدُ؟ قَالَ: بَلْ عَارِيَّةٌ وَمَضْمُونَةٌ حَتَّى نُؤَدِّيَهَا إِلَيْكَ. فَقَالَ: لَيْسَ بِهَذَا بَأْسٌ، فَأَعْطَاهُ مِائَةَ دِرْعٍ بِمَا يَكْفِيهَا مِنَ السِّلاَحِ، فَزَعَمُوا أَنَّ رَسُولَ اللّهِ ﷺ سَأَلَهُ أَنْ يَكْفِيَهُمْ حَمْلَهَا فَفَعَلَ»**

**«Эй Абу Умайя, бизге курал-жарагыңды ариятка берип тур, себеби, эртең ушул курал менен душманга каршы чыгабыз, - деди. Сафван: Эй Мухаммад, бул зордук менен тартып алуубу? – деп сурады. Пайгамбарыбыз с.а.в: Жок,**

**тескерисинче, качан аларды сага тапшырмайынча, кепилденген пайызсыз карыз - деди. Сафван: андай болсо мунун зыяны жок, - деп Пайгамбарыбыз с.а.вга жүз соот о.э. жетиштүү курал-жарак берди. Айтылышынча, Расулулла с.а.в андан аларды ташып алуу үчүн улоо да сураган жана ал муну да берген».** Насаий жана Абу Давуд риваяты. Мында Расулулла с.а.вдын кафирден жардам сурап, андан курал алганы ачык көрүнүп турат. Ал мейли жеке адам болсо да, бирок, уруу башчысы эле. Кафирден курал алынгандыгынын өзү эле андан жардам сурап курал алуунун жайиз экендигине далил болот. Ырас, курал алуу туурасында кафирден мамлекет катары жардам сурабастыкты хостоп келе турган бирер далил келбеген соң, бул иш жайиз. Бирер мамлекеттен курал алууга тыюу сала турган бирер далил келбегендиктен кафирден куралды карызга алуу же сатып алуу жайиз болуп кала берет. Мамлекет куралды көбүнчө бир мамлекеттен алат. Ушуга ылайык, курал-жарак алуу туурасында бир кафир мамлекеттен жардам суроо жайиз болот.

# Исламий кошуунду куралдандыруу

Исламий кошуунду куралдандыруу байтулмалдын эсебинен болот. Себеби, байтулмалдагы каражаттар мусулмандар кызыкчылыгы үчүн жана гозийлерди (казат кылуучуларды) куралдантуу үчүн даярдап коюлат. Ошондуктан, исламий кошуун канчалык аскерий бөлүктөргө жана туруктуу кошуундарга бөлүнбөсүн, жоокерлер халифа командачылыгы астындагы бир бүтүн исламий кошуун курамындагы туруктуу кошуун болуп даярдалышы керек. Роялары канча болбосун, бардыгы бир лива астында болушу керек. Кошуундун бүткүл каражаты байтулмалдын эсебинен болот, башка жерден болбойт. Эгер бирер киши байтулмал болуп туруп мужахиддердин бирөө-жарымын өзү куралдантууну кааласа, ал мына ушул каражатты байтулмалга тапшырат жана кошуун үчүн керек боло турган ар бир чоң жана кичине нерсе анын эсебинен болот. Эгерде байтулмалда каражат болбосо жана мусулмандарды коргоо үчүн кошуунду куралдантууга катуу муктаждык пайда болсо, мындайда халифа зарыл болгон өлчөмдөгү каражатты мусулмандар мойнуна жүктөйт. Себеби, бул бардык мусулмандарга важиб болгон нерселер түркүмүнө кирет. Байтулмалда туруктуу булактардан келип туруучу каражат болсо – жакшы, болбосо – бул каражатты берүү үммөткө важиб болуп калат. Мусулмандар халифасы армияга сарптап, аны куралдантуу үчүн бул каражатты үммөттөн алат. Кошуунду камсыздоого жумшала турган каражат Алла жолунда жумшала турган мал болуп эсептелет. Кошуун согуш абалында болобу же жокпу, мунун айырмасы жок. Себеби, жихад кыяматка чейин уланат. Ошондуктан, кошуун тээ кыяматка чейин согуш үчүн зарыл болгон бардык нерселер менен камсыздалып, согуштук даярдык абалда турат.

# Ливалар жана роялар

Кошуундун ливалары жана роялары болушу шарт. Лива менен роянын ортосундагы айырма мындай, лива найзанын бир учуна илинип, ага ороп коюлат жана ал «аль-алам» деп аталат. Ал чоңдугу себептүү ороп коюлгандыктан лива деп аталат. Ал зарыл убакта гана жайып жиберилет. Ал чоң байрак жана кошуун амири штабынын белгиси. Амир кайда барса лива да аны менен бирге жүрөт. Роя болсо кошуунга бериле турган байрак. Ал «уммул харб» деп да аталат. Роя найзага же устунга илип коюлат, ороп коюлбай шамалда желбиреп тура берет.

Расулулла с.а.в доорунда исламий кошуундун өз роялары жана ливалары болгон. Бухарий Анастан риваят кылышынча, Набий с.а.в Зайд, Жаъфар жана Ибн Раваханын өлгөндүгү жөнүндөгү кабар адамдарга жетип келбей туруп алардын өлгөнүн билдирип мындай деди:

«أَخَذَ الرَّايَةَ زَيْدٌ فَأُصِيبَ، ثُمَّ أَخَذَهَا جَعْفَرٌ فَأُصِيبَ، ثُمَّ أَخَذَهَا ابْنُ رَوَاحَةَ فَأُصِيبَ»

**«Рояны Зайд алып өлдү. Андан кийин Жаъфар алып ал да өлдү. Андан кийин Ибн Раваха алып, ал да өлдү».** Риваят кылынышынча, Набий с.а.в сафар айынын акырында адамдарды Румга каршы чакырды жана Усаманы чакырып мындай деди:

«سِرْ إِلَى مَوْضِعِ مَقْتَلِ أَبِيكَ، فَأَوْطِئْهُمُ الْخَيْلَ، فَقَدْ وَلَّيْتُكَ هَذَا الْجَيْشَ، فَأَغِرْ صَبَاحًا عَلَى أَهْلِ أُبْنَى وَحَرِّقْ عَلَيْهِمْ، وَأَسْرِعِ السَّيْرَ تَسْبِقُ الأَخْبَارَ، فَإِنْ ظَفَّرَكَ اللَّهُ، فَأَقْلِلِ اللُّبْثَ فِيهِمْ»

**«Атаң өлтүрүлгөн жерге жүрүш кылып бар, алардын үстүнө ат салып кир. Мен сени мына бул кошуунга башчы кылдым. Эртелеп Убна калкына чабуул кыл жана аларды өрттө. Кабарлар жетпей туруп ылдам жүрүш кыл. Алла сага жеңиш берсе алардын арасында бир аз тур».** Бул хадисти ибн Хишам «Сийрат»та келтирген. Анда айтылышынча, Расулулла с.а.вда оору үчүнчү күндө башталды. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз с.а.в Усама үчүн ливаны өз колу менен орнотту. Усама аны алып аскерлер Журфка жеткенде аны Бурайдага берди. Термизий Хорис ибн Хассон Бакрийден мындай дегенин риваят кылды: Мадинага келсек Расулулла с.а.в минбардын үстүндө турган экен. Билал кылыч менен

куралданып минбар алдында туруптур. Ал жерде кара роялар бар эле. Мен: Бул кандай роялар? - деп сурадым. Алар: Амр ибн Асс казаттан келди, - деп жооп беришти. Эки сахихте мындай риваят келген: Набий с.а.в:

«لأُعْطِيَنَّ الرَّايَةَ رَجُلاً يُحِبُّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ، وَيُحِبُّهُ اللَّهُ وَرسُولُهُ، فَأَعْطَاهَا عَلِيًّا»

**«Мен бул рояны Алла жана Расулун жакшы көрө турган, Алла жана Расулу да аны жакшы көрө турган бир кишиге беремин, - деди. Андан соң аны Алиге берди».** Насаийде Анастан төмөнкү хадис риваят кылынган:

«أَنَّ ابْنَ أُمِّ مَكْتُومٍ كَانَتْ مَعَهُ رَايَاتٌ سَوْدَاءُ فِي بَعْضِ مُشَاهَدِ النَّبِيِّ ﷺ»

**«Набий с.а.вдын кээ бир согуштарында Ибн Умму Мактум өзү менен кара рояларды алган».**

Жогорудагылардан анык көрүнүп тургандай, Набий с.а.в заманында кошуундун роялары жана ливалары болгон. Бул насстарды көңүл коюп үйрөнүп чыксак, роя ливадан кичине экендиги, лива кошуун командачысы үчүн орнотулушу, роя болсо кошуунга берилиши белгилүү болот. Лива кошуундун аскерий штабында кошуун командачысынын белгиси болот. Роялар болсо аскерий бөлүктөр жана сарийялардын командачылары алдында о.э. кошуундун түрдүү бөлүктөрүндө болот. Демек, кошуунда көптөгөн роялар болот. Лива болсо бирөө болот. Лива менен роянын бири-биринен айырмасы ушундай.

Эми түсүнүн кандай болушуна келсек, Расулулла с.а.вдын роясы кара, ливасы болсо ак болгон. Термизий Ибн Аббастан мындай дегенин риваят кылды:

«كَانَتْ رَايَةُ رَسُولِ اللّهِ ﷺ سَوْدَاءَ وَلِوَاءُهُ أَبْيَضَ»

**«Расулулла с.а.вдын роясы кара, ливасы ак болчу».** Жабирден да:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ دَخَلَ مَكَّةَ وَلِوَاءُهُ أَبْيَضُ»

**«Набий с.а.в Меккеге кирип келгенде ливасы ак болчу»**, - деп риваят кылынган. Жогоруда айтып өтүлгөн Хорис ибн Хассондун хадисинде: **«Ал жерде кара роялар бар болчу»**, - деген сөздөр бар. Бул хадистер роя кара түстө, лива болсо ак түстө болушун көрсөтүп турат.

Эми байрактын формасы кандай болушуна келсек, варид болгон риваяттарда роянын төрт бурчтуу болушу жана жүндүү кездемеден болушу айтылган. Баро ибн Азибден риваят кылынышынча, андан Расулулла с.а.в роясы кандай болгону жөнүндө суралганда ал: «**Кара, төрт бурчтуу, намирадан болгон**», - деп жооп берген. Термизий жана Ахмад риваяты. Намирадан дегенинин мааниси жүндүү жол-жол кездемеден болгон дегени. Роянын үстүнө «Лаа илаха илла Аллоху, Мухаммадур Расулуллах» деп жазылган болот. Лива да ушундай болот. Себеби, лива да төрт бурчтуу жана жүндүү кездемеден болот, анын үстүнө да «Лаа илаха илла Аллох Мухаммадур Расулуллах» деп жазылат. Бирок, лива роядан чоңураак болот жана анын үстүнө кара түс менен жазылат, рояга болсо ак түс менен жазылат.

Нусуста келген формаларга жана байрактардын вакиълигине карала турган болсо, роя да, лива да төрт бурчтуу болушу, тик бурчтуу болуп, узун жана эндүү болушу күзөтүлөт. Эни узундугунун үчтөн экисине чейин болушу керек. Ошондуктан, ливанын узундугу 120 см, туурасы 80 см болот. Роянын узундугу 90 см, туурасы 60 см болот. Лива жана роялар чоң жана кичине көлөмдөрдө жасалышы мүмкүн. Жакшысы ар бир дивизия жана ар бир аскерий бөлүктүн форма жана түстө өзүнө таандык роясы болушу керек. Алар дивизия жана аскерий бөлүктүн өзүнө таандык белгиси болушу үчүн мамлекет роясы менен бирге көтөрүлөт.

Ливалар жана роялар кошуунда колдонулгандай эле, мамлекеттик жихаз, идара жана масолихтерде да иштетилет. Мисалы, лива Халифалык сарайында халифанын ордосу үстүндө көтөрүлсө, роялар мамлекеттин бардык масолихтери, идаралары жана муассасаларында көтөрүлөт. О.э. жарандарга да өз муассасалары, ишканалары жана үйлөрү үстүнө рояларды көтөрүүгө уруксат берилет.

# Согуш туткундары

# (Асрий)

Мусулмандар душмандарынан туткунга алышса, бул туткундардын иши түздөн-түз халифанын коюп берилет. Аларды туткунга алгандардын да, же согуш командачысынын да, же кошуун амиринин да бул жаатта эч кандай райы болбойт. Себеби, мухориб (согуш кылынган душман) туткунга түшүп калса, анын иши халифанын райына коюп берилет. Мында халифа туткундар туурасындагы шаръий өкүмгө амал кылат. Туткундар жөнүндөгү өкүм Курандын катъий нассы менен сабит болгон, бул өкүм мындай, халифа туткундарга ырайым көрсөтүүнүн же алардан фидя алуунун бирин ыктыяр кылат. Демек, туткундар жөнүндөгү өкүм: же ырайым көрсөтүү, же фидя өндүрүү. Буга Алла Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلۡحَرۡبُ أَوۡزَارَهَا﴾

«***Ошондуктан,*** *(эй момундар),* ***качан силер*** *(согуш майданында)* ***кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула*** *(өлтүргүлө)****! Эми качан алардын*** *(көпчүлүгүн)* ***кырып*** *(жеңгениңерден кийин аларды туткунга алып)* ***аркандар менен байлагыла! Андан кийин же*** *(аларды азат кылып жиберүү менен)* ***ырайым көрсөтөсүңөр же*** *(аларды бошотуп жиберүү үчүн)* ***фидя аласыңар, анткени муну менен согуш жүктөрүн койгонго чейин*** *(т.а. токтогонго чейин силерге буюрулган иш)* ***мына ушул***» [47:4]

Туткундар жөнүндөгү өкүмдө бул ачык көрүнүп турат. Ал бир нече жактан дайындалган өкүм. Бул ачык насс «Мухаммад» сүрөсүндө келген. Ал болсо согуш жөнүндө түшүрүлгөн биринчи сүрө. Бул сүрө Расулулла с.а.в Меккеден Мединага келгенден кийин түшүрүлгөн. Ал «Согуш» сүрөсү деп да аталган. Бул сүрө «Хадид» сүрөсүнөн кийин жана Бадр согушунан мурда түшүрүлгөн. Анда эч кандай согуш жүз бере элегинде жана туткун алына элегинде туткундар жөнүндөгү

өкүм баян кылынды. Буга ушул аят туткундарды эмне кылуу керектигин баян кылган бирден-бир аят экендиги кошумча кылына турган болсо, ал туткундар өкүмү жөнүндөгү насс экендиги жана бул жаатта негиз экендиги о.э. туткундар жөнүндөгү башка бардык насстар ага барып такалышы белгилүү болот. Туткундар жөнүндөгү бул өкүмдү дайындап коё турган жактардын дагы бири мындай, бул аятта туткундар өкүмү «إِمَّا» сийгасы («же») менен келди. Бул сийга эки нерсенин бирин ыктыяр кылып тандоого далалат кылат. Үчүнчүсүнө жол койбойт. Аятта:

﴿فَشُدُّواْ ٱلْوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعْدُ وَإِمَّا فِدَآءً﴾

«*... аркандар менен байлагыла! Андан кийин же ырайым көрсөтөсүңөр, же фидя аласыңар*» [47:4]

деп айтылды. «إِمَّا» эгер эки нерсенин ортосунда келсе, экөөнүн бирин тандоо керектигин билдирет. Үчүнчү нерсе болушуна да, же экөөнүн бири болбой калышына да жол койбойт. Демек, «إِمَّا» сөзүнөн эки нерсенин бирин гана тандоо мааниси чыккандыктан, туткундар жөнүндө Куран ыктыяр берген өкүмдөн башкасынын болушу жайиз эместиги белгилүү болду. Расулулла с.а.вдын Ямама калкынын саййиди Самама ибн Асалга, акын Абу Иззага жана Абу Асс ибн Рабиъге ырайым көрсөткөндүгү да муну кубаттайт. Набий с.а.в Бадр туткундары жөнүндө:

«لَوْ كَانَ الْمُطْعِمُ بْنُ عَدِيٍّ حَيًّا ثُمَّ كَلَّمَنِي فِي هَؤُلاَءِ النَّتْنَى لَتَرَكْتُهُمْ لَهُ»

**«Эгер Мутъим ибн Адий тирүү болуп, менден тиги ыпыластарды сураганда эле, албетте, аларды анын ыктыярына коюп берет элем»**, - деген. Бухарий риваяты. Пайгамбарыбыз с.а.в Бадр туткундарынан фидя алды. Алар жетимиш үч киши эле. Бадр күнүндө фидя үчүн эки кишиге бир кишини алмаштырды. Аиша رَضِيَ اللهُ عَنْهَاдан мындай дегени риваят кылынган:

«لَمَّا بَعَثَ أَهْلُ مَكَّةَ فِي فِدَاءِ أَسْرَاهُمْ بَعَثَتْ زَيْنَبُ فِي فِدَاءِ أَبِي الْعَاصِ بِمَالٍ، وَبَعَثَتْ فِيهِ بِقِلاَدَةٍ لَهَا كَانَتْ عِنْدَ خَدِيجَةَ أَدْخَلَتْهَا بِهَا عَلَى أَبِي الْعَاصِ، قَالَتْ: فَلَمَّا رَآهَا رَسُولُ اللَّهِ

ﷺ رَقَّ لَهَا رِقَّةً شَدِيدَةً وَقَالَ: إِنْ رَأَيْتُمْ أَنْ تُطْلِقُوا لَهَا أَسِيرَهَا وَتَرُدُّوا عَلَيْهَا الَّذِي لَهَا فَقَالُوا: نَعَمْ»

**«Мекке калкы туткунга түшкөн адамдары үчүн фидя жиберишкенден кийин Зайнаб да Абул Астын фидясы кылып бир топ мал-дүйнө берип жиберди. Ошол мал-дүйнөнүн ичинде бир тагынчак да бар эле. Хадижа Зайнабды Абул Аска узатканда ошол тагынчакты кошуп берген эле. Расулулла с.а.в аны көрүп көңүлү катуу бузулуп кетти жана «эгер анын туткунун азат кылып, нерсесин болсо өзүнө кайтарып берсеңер жакшы болот эле» деди. Сахабалар: Макул, - дешти».** Абу Давуд риваяты. Имрон ибн Хусайндан риваят кылынат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ فَدَى رَجُلَيْنِ مِنَ الْمُسْلِمِينَ بِرَجُلٍ مِنَ الْمُشْرِكِينَ مِنْ بَنِي عُقَيْلٍ»

**«Набий с.а.в Бани Укойл мушриктеринен бир кишинин ордуна мусулмандардан эки кишини фидя катары алмаштырып алды».** Муслим риваяты. Ибн Аббастан риваят кылынат:

«كَانَ نَاسٌ مِنَ الأَسْرَى يَوْمَ بَدْرٍ لَمْ يَكُنْ لَهُمْ فِدَاءٌ، فَجَعَلَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فِدَاءَهُمْ أَنْ يُعَلِّمُوا أَوْلاَدَ الأَنْصَارِ الْكِتَابَةَ»

**«Бадр күнүндө туткундардын арасында фидя төлөөгө күчү жетпеген адамдар бар эле. Ошондо Расулулла с.а.в ансарлардын балдарына жазууну үйрөтүүнү алардын фидясы кылып белгиледи».** Ахмад риваяты. Бул хадистер жогорудагы аят менен бирге ырайым кылуу же фидя алуу туткундар жөнүндөгү өкүм экендигине ачык далалат кылып жатат. Хасан, Ато жана Саид ибн Жубайрдан туткундарды өлтүрүү макрух экендиги икая кылынган. Алар: «Бадр туткундарына карата кылынгандай туткунга ырайым көрсөтүлсө, же андан фидя алынса жакшы болот. Себеби, Алла Таала мындай деди:

﴿فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً﴾

«*... **аркандар менен байлагыла! Андан кийин же ырайым көрсөтөсүңөр, же фидя аласыңар***» [47:4]

Демек, Алла Таала мына ушул эки нерсенин бирин кылуу ыктыярын берди, башкасын кылууга ыктыяр бербеди», - дешти.

Демек, булардын бардыгынан ачык көрүнүп тургандай, халифа туткундар туурасында эки иштин бирин тандашы керек. Же ырайым көрсөтүшү керек, же фидя алышы керек. Мындан башкасына жол жок. Ал эми Набий с.а.вдын Бани Курайза адамдарын өлтүргөндүгү жөнүндөгү риваятка келсек, бул алар согуш туткундары болгону үчүн эмес, тескерисинче, өкүм чыгаруучунун өкүмүнө ылайык болгон эле. Пайгамбар с.а.вдын Бадр күнүндө Назр ибн Хорис жана Укба ибн Абу Муитти аябай өлтүргөндүгү, Ухуд күнүндө болсо Абу Иззаны өлтүргөндүгү жөнүндөгү риваят да туткундар жөнүндөгү өкүм мына ушул экендигине далалат кылбайт. Себеби, Пайгамбарыбыз с.а.в бардык туткундарды жана бардык согуштарда мындай кылбаган. Тескерисинче, муну кээ бир согуштарда кээ бир адамдарга карата кылган. Себеби, Пайгамбарыбыз с.а.вдын бардык согуштарда бардык туткундарга карата кылган иши ырайым көрсөтүү же фидя алуу болгон. Тиги адамдардын хостоп өлтүрүлүшүнүн себеби, Расулулла с.а.в алардын жеке өздөрүнөн болгон анык коркунучту көргөн эле. Демек, бул иш туткундарды өлтүрүү эмес, балким, белгилүү бир адамдарды алардын өзүнө таандык болгон себепке ылайык өлтүрүү болот. Халифа дайындап бере турган белгилүү бир адамдарды өлтүрүү шаръий жактан жайиз иш. Ахмад жана Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылат. Расулулла с.а.в бизди бир кошуундун ичинде жиберип:

«إِنْ وَجَدْتُمْ فُلاَناً وَفُلاَناً لِرَجُلَيْنِ مِنْ قُرَيْشٍ فَأَحْرِقُوهُمَا بِالنَّارِ، ثُمَّ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ حِينَ أَرَدْنَا الْخُرُوجَ: إِنِّي كُنْتُ قَدْ أَمَرْتُكُمْ أَنْ تُحْرِقُوا فُلاَناً وَفُلاَناً. وَإِنَّ النَّارَ لاَ يُعَذِّبُ بِهَا إِلاَّ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ فَإِنْ وَجَدْتُمُوهُمَا فَاقْتُلُوهُمَا»

**«Эгер Курайштан баланчаны жана баланчаны тапсаңар отко күйгүзгүлө, - деди. Биз жолго чыкмакчы болуп турганыбызда Расулулла с.а.в: Мен силерге баланча жана баланчаны отко күйгүзүүнү буйруган элем. От менен Алла Азза ва Жалла гана азаптайт. Ошондуктан, аларды тапсаңар өлтүргүлө, - деди».** Муну менен өлтүрүү туткун жөнүндөгү шаръий өкүмдөр түркүмүнө кирбейт. Балким, өлтүрүү халифа кооптуу деп билген белгилүү бир адамдар жөнүндөгү шаръий өкүм болуп эсептелет. Халифа алар тараптан коркунуч келишин билип – алар мейли туткундар

болсо да – аларды өлтүрүүгө буйрук берет. Эми Расулулла с.а.в бул аят түшүрүлгөндөн кийин кул кылган деген риваятка келсек, Пайгамбарыбыз с.а.в согуш туткундарын эмес, балким, согушта кошуун менен бирге болгон аялдар жана балдарды кул кылган. Эгер согушкан адамдарды кул кылуу сабит болгондо эле Набий с.а.в тараптан бул иш албетте жүз берген болот эле. Набий с.а.в заманында арабдар туткунга көп түшкөнүнө карабастан, бул иш жүз бергени жөнүндө эч бир риваят варид болгон эмес. Ал эми кээ бир тарых китептеринде Расулулла с.а.вдын Курайштан Бани Нажияны, эркектери жана аялдарын кул кылып саткандыгы жөнүндө риваят кылынганына келсек, хадис китептеринде бул нерсе риваят кылынган эмес. Ал тургай, Ибн Хишам сийраты сыяктуу кээ бир сийрат китептеринде да бул нерсе риваят кылынбаган. Демек, ал хужжат кылынбайт. Ал сахих болгон күндө да: «**Бани Нажиядан эркек жана аял жыныстагыларды кул кылды**», - деген сөздөр менен келген. Демек, риваятта Бани Нажиянын эркек жана аялдары эмес, тескерисинче, эркек жана аял жыныстагылары деп айтылды. Демек, бул риваяттан колго түшүп калгандар (сабий) т.а. уул жана кыз балдар деген маани түшүнүлөт. Бул болсо, жайиз. Ушуга ылайык, Расулулла с.а.в бир да туткунга түшкөн (асир) кишини кул кылбаган. Балким, колго түшүп калган (сабий) эркек жана аял жыныстагыларды кул кылган. Хужжат деп этибар кылына турган хадистерде сабит болгон окуялар муну колдоп-кубаттайт. Расулулла с.а.вдын иштерин күзөткөн адам Пайгамбарыбыз с.а.в бир да туткунга түшкөн (асир) кишини таптакыр кул кылбагандыгын көрөт. Туткун арабдардан болобу же башкалардан болобу, аны таптакыр кул кылбаган. Балким, Пайгамбарыбыз с.а.вдын колго түшкөндү кул кылгандыгы риваят кылынган. Мисалы, Бадр согушунда душман менен бирге аялдар болгон эмес. Ошондуктан, алардын арасында эч бир сабий болгон эмес. Бул согушта асирлер гана болгон. Расулулла с.а.в алардан фидя алууну өкүм кылды. Хунайн согушунда болсо Хавазин уруусу Расулулла с.а.вга каршы согушка чыкты. Алар менен аялдар да бирге чыкты. Мусулмандар жеңишке жетишкенден кийин Хавазин уруусу аялдарды таштап качып кетишти. Натыйжада бул аялдар колго түшүп калышты жана алар да олжо кылып алынды. Бани Мусталак казатында да душман аялдарды таштап

качканы үчүн алар сабий болуп калышты. Хайбарда болсо согушуп чептер фатх кылынды жана согушкандар менен бирге болгон аялдар сабий кылып алынды. Калган адамдарга болсо эч ким тийишпеди. Демек, бул окуялардын бардыгы Расулулла с.а.вдын согушкан адамдарды туткун (асир) кылып алганына, согушкандар менен бирге болгон аялдарды о.э. балдарды сабий кылып алганына далалат кылууда. Согушка катышпаган башка эркек жана аялдар асир да, сабий да кылып алынбайт. Бул болсо, Расулулла с.а.вдын туткундарды кул кылбаганына далалат кылат. Бул аркылуу Расулулла с.а.в туткундарга карата аяттын мантуку боюнча чара көргөнү белгилүү болот. Аяттын мантукунда болсо айрым убактарда ырайым көрсөтүү жана айрым убактарда фидя алуу көрсөтүлгөн. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз с.а.в асирлерди кул кылбады жана өлтүрбөдү, тескерисинче, аялдарды жана жаш балдарды сабий кылды о.э. белгилүү бир адамдарды алардан мусулмандарга коркунуч пайда болгону үчүн өлтүрдү.

Эми адамдар асирлер менен аралаштырып жибере турган сабийлик маселесине токтоло турган болсок, ошол замандарда адамдар согушкандар менен бирге чыга турган аялдар жана жаш балдарды олжо кылып алына турган малдар деп эсептешкен. Бул согуштагы жалпы эреже болуп, бул жаатта арабдар менен башка калктардын арасында айырма болгон эмес. Согуштагы бул жалпы коида боюнча колго түшүрүлгөн малдар жана сабийлер олжолор деп эсептелген. Пайгамбар с.а.в бул коиданы макулдады жана согушкандар менен бирге чыккан аялдар жана жаш балдарды олжо кылып алына турган малдар сыяктуу бир олжо деп эсептеди. Ошондуктан, алар кул кылынат жана аларга асирлер өкүмү эмес, ганиматтар өкүмү колдонулат. Ошондуктан, сабийлерди кул кылуу асирлерди кул кылуу болбойт. Тескерисинче, бул согуш олжолорунун бири болот. Ушул себептен улам, туткундар жөнүндөгү өкүм халифанын алар жөнүндө ырайым көрсөтүү же фидя алуудан бирин тандоосу болуп кала берет. Мындан башка өкүм болбойт. Бул өкүм кыяматка чейин түбөлүктүү калат. Ошондуктан, Исламий мамлекет өз душмандарына каршы согушса, туткундарга карата же ырайым көрсөтүү, же фидя алуу менен мамиле кылат. Ушул экөөнүн бирин тандайт. Эгер душман менен бирге аялдары да согушка чыкса, анда согуш

бүткөндөн кийин бул аялдар сабий кылып алынат жана кул кылынышат. Алар кудум олжо кылып алынган малдар сыяктуу олжо болуп калышат.

Туткундар жана сабий кылуу жөнүндөгү бул өкүм арабдардын өзүнө эле хос болбой, бардык адамдарга умумий болот. Бул жаатта арабдар менен башкалар ортосунда айырма жок. Себеби, бул жөнүндөгү аят жана хадистер умумий келген болуп, аларды арабдардан башкаларга хостоп коё турган же арабдарды мустасна кыла турган эч нерсе варид болгон эмес. Демек, бул аят жана хадистер умумий бойдон калып, арабдарды да башкаларды да өз ичине алат. Ал эми Шафиъий жана Байхакий Муаздан риваят кылган Набий с.а.вдын Хунайн күнүндө:

«لَوْ كَانَ الاِسْتِرْقَاقُ جَائِزًا عَلَى الْعَرَبِ لَكَانَ الْيَوْمَ»

**«Эгер кул кылуу арабдарга жайиз болгондо эле ушул бүгүн болот болчу»**, - деп айтканы жөнүндөгү хадиске келсек, ал заиф хадис. Себеби, анын иснадында Вакидий бар. Вакидий болсо өтө заиф киши. Бул хадисти Табароний да башка жол аркылуу риваят кылган болуп, бул риваятта Язид ибн Ияз бар. Ал болсо Вакидийден да өткөн заиф. Мындай хадис хужжат кылынбайт. Демек, анын шаръий далил болушу жайиз эмес. Ал эми Расулулла с.а.вдын араб аялдарды жана жаш балдарды кул кылып, кишилерин болсо кул кылбагандыгы жөнүндөгү риваятка келсек, ал сахих риваят. Бирок, ал араб эркектерди кул кылуу жайиз эместигине жана башкаларды кул кылуу жайиз экендигине далалат кылбайт. Тескерисинче, ал умумий болуп, арабдарды да башкаларды да өз ичине алат. Ал эми бул окуянын арабдар менен жүз бергенине келсек т.а. андай абал арабдар тараптан болгонуна келсек, бул нерсе «ушул өкүм арабдарга гана хос, алардан башкаларга тийиштүү эмес» деген маанини түшүндүрбөйт. Себеби, «себептин хостугу эмес, лафздын умумийлиги этибарга алынат» деген шаръий коида бар. Демек, бул окуя, мейли, бир адам менен же бир жамаат менен жүз берген болсо да, бирок, ал ошол адамдын же жамааттын өзүнө гана хос болбойт, анын өкүмү умумий болот. О.э. эркектерди кул кылбастык да арабдарда жүз берди. Себеби, Расулулла с.а.в арабдарга каршы согушту. Демек, өкүм алардын өзүнө эле хос болбойт, бардык адамдар үчүн умумий

болот. Дал ушул сыяктуу, мисалы, Пайгамбарыбыз с.а.в Курайш сыяктуу белгилүү бир урууга каршы согушса, өкүм алардын өзүнө гана хос болбойт эле. Бирок, мунун бардыгы т.а. асирлер жана сабийлер жөнүндөгү өкүм бардык адамдарга умумий болсо да, бирок, араб мушриктери мындан мустасна кылынат. Себеби, араб мушриктери хижраттын тогузунчу жылы зулхижжа айынын тогузунчу күнүнөн төрт айдан кийин мындан мустасна кылынган жана кыяматка чейин ушундай бойдон кала берет. Демек, араб мушриктеринен Исламга кирүү гана талап кылынат. Болбосо аларга каршы согушулат. Мындан башкасы алардан кабыл алынбайт жана алар асир да, сабий да кылып алынбайт. Ал эми мына ушул мөөнөттөн (т.а. төрт айдан) мурда бул өкүм арабдарды да өз ичине алган эле. О.э. бул өкүм яхудийлер жана насронийлерди ушул аят түшүрүлгөндөн баштап кыяматка чейин өз ичине алат. Себеби, бул аяттар араб мушриктерине жеткирилген күндөн баштап туткунга алуу жана кул кылуу жөнүндөгү өкүмдөн араб мушриктери гана мустасна кылынды. Ошол күн зулхижжанын тогузунчу күнү болуп андан кийин төрт ай өттү. Ошол тарыхтан мурда арабдардан башкалар да, мушриктер да бул мустасна кылуу астына киришпеген. Ошол тарыхтан баштап араб мушриктеринин мустасна кылынышы Куран нассы менен сабит болгон. Алла Таала айтат:

﴿سَتُدۡعَوۡنَ إِلَىٰ قَوۡمٍ أُوْلِي بَأۡسٖ شَدِيدٖ تُقَٰتِلُونَهُمۡ أَوۡ يُسۡلِمُونَۖ﴾

«***Жакында силер күч-кубат ээлери болгон бир коум*** (*менен согушуу*)***га чакырыласыңар.*** (*Ошондо же*) ***алар менен согушасыңар, же алар*** (*согушсуз*) ***Исламга киришет***» [48:16]

﴿فَإِذَا ٱنسَلَخَ ٱلۡأَشۡهُرُ ٱلۡحُرُمُ فَٱقۡتُلُواْ ٱلۡمُشۡرِكِينَ حَيۡثُ وَجَدتُّمُوهُمۡ وَخُذُوهُمۡ وَٱحۡصُرُوهُمۡ وَٱقۡعُدُواْ لَهُمۡ كُلَّ مَرۡصَدٖۚ فَإِن تَابُواْ وَأَقَامُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتَوُاْ ٱلزَّكَوٰةَ فَخَلُّواْ سَبِيلَهُمۡۚ﴾

«***Эми, качан согуш арам кылынган айлар чыкса, мушриктерди тапкан жериңерде өлтүргүлө,*** (*туткунга*) ***алгыла, курчоого алгыла жана бардык жолдордо аларды күзөтүп тургула! Эгер тообо кылышса жана намазды толук***

***аткарышып, зекетти беришсе, алардын жолдорун тоспогула!***» [9:5]

﴿فَسِيحُواْ فِى ٱلْأَرْضِ أَرْبَعَةَ أَشْهُرٍ وَٱعْلَمُوٓاْ أَنَّكُمْ غَيْرُ مُعْجِزِى ٱللَّهِ ۙ﴾

«*(Эй мушриктер)* ***төрт ай ичинде жерде саякаттап жүрө бергиле жана билип койгула, силер Алланы алсыз кылуучу эмессиңер***» [9:2]

Араб мушриктеринин мустасна кылынышы бул аяттардан ачык көрүнүп турат. Себеби, бул аяттар түшүрүлгөндөн кийин жана төрт ай мөөнөт аяктагандан кийин араб мушриктеринен Исламга кирүү гана талап кылына турган, болбосо аларга каршы согушула турган болду. Ал эми Расулулла с.а.вдын арабдардан кул кылып алганы жөнүндөгү риваятка келсек, ал ушул аяттар түшүрүлүшүнөн мурда яхудийлерден жана насронийлерден о.э. араб мушриктеринен кул кылып алуу болгон эле. Ал эми бул аяттар түшүрүлгөндөн кийин араб мушриктеринен Исламга кирүүнү талап кылды, эгер макул болушпаса, аларга каршы согушту.